**ВАХАБ–БОСТОН УМАРОВ**

*Менин акыл–эсим, омоктуу ойлорум,*
*жараткан эмгектерим Мекениме–*
*көөнө кыргыз элине арналат.*
*Автор*

0777 316285

# ТЕҢИР СӨЗ – КӨЧМӨНДӨР АКЫЛЫ

*Ала – Тоодон учканындай,*
*Айды көздөп миң аккуу*
*Теңир берген кыргызымдын*
*Төрө сөзү кубаттуу.*

ОШ–2016

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7–4
У 52

Рецензенттер: Токтосун Аширбаев, филология илимдеринин доктору, профессор.

Сүйүнбек Дүйшөналиев, педагог–акын, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты.

У 52 Умаров Вахаб–Бостон
Теңир сөз–көчмөндөр акылы: Ош 2016, 320 б,.

ISBN978–9967–604–22–3

Вахаб–Бостон окурмандарга балдар жазуучусу катары белгилүү. Бул эмгегинде ал көп жылдык турмуштук байкоолорун бир тамчыдан чогултту. Аларды жазып, ийине келтире иштеп, колуңуздагы китепке киргизди.

Жорго сөздөр менен жазылган «Теңир сөз» – тарбиянын оту өчпөгөн очогу, жүрөккө жакын, окуганыңыз эсте калат.

Окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналган бул китеп сиздердин дил шеригиңиз болот деп ниеттенебиз.

У 4702300100–13
УДК 821,51
ББК 84 Ки 7–4
ISBN 978–9967–604–22–3
© ПБ «Book-Blank»
© В.Б.Умаров,2015

# УЧКУЛ СӨЗ КУДУРЕТИ

Ар бир доор өзүнүн учкул сөздөрүн жаратат. Тактап айтканда, ар бир доор өзүнүн канаттуу учкул сөздөрүн талап кылат. Бир эсе таң кала, бир эсе кызыга колуңузга алган жыйнактагы учкул сөздөр оош–кыйышы көп, көп кырдуу турмушубуздун акыл–парасат менен аңдалып табылган жана кагаз бетине түшүрүлгөн туундусу. Мындан канча кылымдар мурда айтылган айрым асыл ой берметтеринин мазмундук өзгөчөлүгү бүгүнкү учкул сөздөрдүн мазмунуна көп жагынан дал келе бербей калды. М: (Базары жакын байыбайт). Анткени биз жашап турган коомубуз түп тамырынан бери өзгөрдү, элдин көз карашы, жашоо турмушу жаңыланып, мүдөөсү башка нукка бурулду. Кылымдар тогошкон ушул өткөөл мезгилде орошон ойлорду туундурган авторубуз адамзат турмушунда өзүнүн көөнөрбөс эмгегин жаратып, элине тартуулап туру.

Сөз кудуретин, сөздүн ыйык касиетин тереңден сезген айбарлуу жазуучу тапкан ойлорунда турмушта күбө болгон окуя–кубулуштарды акыл тереңинен өткөрүп, мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче окурмандарга жеткирүүгө далаалаттанганы сезилет.

Чымыр ойлор камтылган насыятты кыска берүү жөндөмү ага ынтызар жазуучудан терең билим менен турмуштук бай тажрыйбаны талап кылары бештен белгилүү. Ушул нар көтөргүс жоопкерчиликтүү да, сыймыктуу да милдетти калемгер абийирдүүлүк менен аткара алган десек жарашат.

Автордун ой жүгүртүүсүнүн кенендиги, айтылган ойлорунун салмактуулугу колуңуздагы китептеги «Теңир сөздү» окуганда таасын байкалат.

Ойлордун кыска, нускалыгы бул баа жеткис эмгектин баалуулугун ого бетер ашырып, жазуучуга чын пейилден ыраазы болоруң шексиз.

Замандашыбыздын асыл ойлору кыргыздын көп кырдуу, табышмактуу сырга бай турмушун гана эмес, дегеле адамзат турмушун таасын чагылдырган энциклопедия деп атоого негиз бар.

Учкул сөздөр турмуштук тажрыйбанын жыйындысы болуп саналат. Ал жашоонун түркүн жагдайларын КҮН НУРУ сыяктуу чагылдырып турат. Аны аныктоодо адамга Теңир берген тилдин күчтүү ой чалгынын тааныган адамдар гана аңдай билип, акыл–эс туундурган аруу кутуна айландырат. Азырда биз айтып турган «Теңир сөз» бир топ мезгилден кийин узак, тар, тайгак жолду басып өтүп, элдин сынына тушугуп, жылмаланып–сүрүлөр, бара–бара учкунданып андан ары арымын кере таштап, элге ак кызмат өтөй бериши толук ыктымал.

Көөнөргүс эмгекти жараткан замандашыбыз биздин терең ишенимибизде ушундай асыл сапаттарга ээ ИНСАН экендиги айныксыз. Ал Теңир ыроологон өрнөктүү өмүрүн, талант–шыгын туз буйруп, насип чакырган жерлерде кыргыз элине тартуулап жүргөн кең пейил замандашыбыз.

Учкул сөздөр өзүнүн кыскалыгы, ага батырылган ойдун көлөмүнүн масштабдуулугун жана мазмуну турмуш чындыгы менен жуурулушуп, шайкеш келгендиги, таалим–тарбиялык күчүнүн мол экендиги менен окурманды тамшандырып, көңүлүн көкөлөтөт, билимине билим кошот. Мындай канаттуу сүйлөмдөрдүн баары болбосо да басымдуу көпчүлүгү элдин наркы, түгөнгүс кенчи болуп, жүрөгүнүн тереңине жетип, кан–жанына сиңип кетерине күмөн кылууга болбос. Андан биз эстетикалык ырахат алабыз жана дүйнөбүздү байытабыз.

Адамдын акыл–эсинин кубаттуу күчүнө бирде тан берсек, бирде таң калабыз.

Элдик дидактикага бекем ширелишкен таалим–тарбиялык күчү мол таасир этүүчү жагын

биз өз турмушубузда пайдаланабыз, уул–кыздарыбызга, небере–чөбүрөлөрүбүзгө акыл–насаат катары жеткиребиз. Учкул сөздөрдүн коомдук асыл кызматы дал мына ушунда турат.

Мындай таберик сөздөр окурмандын жашын, тутунган кесибин тандабайт. Ал ар кимибизге аба менен суудай зарыл нерсе. Ошондуктан бул баалуу эмгектен Сиз өзүңүздүн рухуңуз үчүн, асыл ой азыгын таба аласыз деген ойдобуз.

Замандашыбыз Вахаб–Бостондун эмгеги окурмандардын кеңири чөйрөсүнө бап. «Теңир сөздөгү» уюткулуу кеп, уңгулуу сөздөрдү тоолук элдин адеп–ыйманынын чен–өлчөмү болуп калган накыл кептери биздин терең ишенимибизде, окурмандардын үстөл китеби болуп каларына шек саноого болбойт. Замандашыбыздын көөнөрбөс эмгеги кыргыз китепкөйлөрүн кызыктырып, кылым өрдөп кызмат кыларына үмүттөнөбүз.

*Т.А.Аширбаев,*

*Филология илимдеринин доктору, профессор.*

*С. Дүйшөналиев,*

*педагог, акын, Эл аралык хор конкурстарынын, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты.*

# АТА–ЭНЕ, АЯЛЗАТ

*Энелер бар–баары бар:*
*Кут дарыган Мекенибиз-*
*Ала-То бар, ырыс менен ынтымак бар*
*Энелер бар–маанай жаркып*
*Шаттык менен күлкү бар шаңкылдаган.*
*Күндүн жылуу илеби бар балкып турган.*
*Энелер бар–асман да ачык*
*Чалкыган көк деңиздей...*

*Вахаб–Бостон,*
*коомдук ишмер.*

Эмгегине баа жеткис,
Асылзаттын ЭНЕ деген.
Бала деп жанын тиштеп,
Балдарынын камын жеген.

* * *

Ата–медер,
Ата–акыл,
Ата–НУР!
Ата–асман,
Ата–деңиз
Чалкыганын карап тур.

* * *

Эне болуу–ыйык,
Ата–болуу сыймык.

* * *

Атасы бир–өз,
Энеси бир–сөз.

* * *

Ата– үйдүн алпы,
Анын аты үй–бүлөөгө жалпы.

* * *

Ата тарбиясы–НУР,
Эне тарбиясы–КУР.

* * *

Атасын кыйнаган –
Өлгөндө ыйлабайт.

* * *

Атанын орду–тоодой,
Эненин орду–комдой.

* * *

Атанын аты–аска,
Эненин наркы–башка.

Аялдын митайым–бакылы–ажаан,
Карөзгөй тежиги–тажаал.

* * *

Апамдын айтканы–жагымдуу,
Атамдын айтканы–жугумдуу.

* * *

Атасы бардын батасы бар.

* * *

Ата каргышынан корк,
Эне каргышы–бөрк.

* * *

Атаңды көргөнүң–ААЛАМДЫ көргөнүң.

* * *

Ата каргышынан сактан.

* * *

Үйдүн куту зайып болот,
Зайыпты кордосо айып болот.

* * *

Асылзат аялдын куралы - МЭЭРИМДҮҮЛҮК.

* * *

Сен – АДАМСЫҢ,
Сен – АСЫЛЗАТ аялсың
Аты ААЛАМ кезген.

* * *

Сен – ЭНЕСИҢ азап чеккен
Азап чегип, БАЛА тапкан
Бапестеп бала баккан, бала баккан...

* * *

Бала–үмүт,
Бала–карек көздөгү,
Бала–асел,

Бала–тилек, келечек.

* * *

Сен – мугалим–окумуштуу –
Балдарды жандай сүйүп,
Карматкан колуна ачкычын билим КЕНИН.
Сен – дарыгер энесиң –
МЭЭРИМ төгүп оорулууга
Илдет кууп, арбашкан АЖАЛ менен.

Сен жаратман ДЫЙКАНСЫҢ-
Маржан төгүм,
Жайнаткан дастарконду түркүн даамга
Сен сатуучу коммерсанттай
Сабыр кылып, соодалашкан базардагы
Тирилик деп жедеп кңнгңн...

Сен кудайдын бир ПЕНДЕСИ-
Таң калтырып,
Ташты жарып тукум алган
Бет алып өлбөстүккө
Элеси ташата калган.

* * *

Бала–толгон Айды элестеткен үмүт.

* * *

Бала–максат, эне–атага КҮБӨЛҮК.

* * *

Эрезеге жеткирген эне–атаңдын
Унутпа эмгегинин улуулугун.
Аздектеп–аспиеттеп акыл сөзүн,
Эстей бил, улуу ниет айкөлдүгүн.

* * *

Эй, жаңы муун!
Эринбе, таза жуун.
Оңой олжо деп–
Аны–муну алба,
Адал деп арамды

Оозуңа асти алба!

* * *

Кеп–сөз айтса каалабаганың–
Эне–атаңды баалабаганың.

* * *

Мээри болбой зайып жок,
Келбетинде айып жок.

* * *

Адамдын асылы–АПА,
Апасыз үй– капа.

* * *

Эне–атаңа жакшылык каалаганың–
Алардын эмгегин баалаганың.

* * *

«8–март» майрамын ким ойломок, ким тапмак,
Эгер эне болбосо…

* * *

Апаңды айыптап, жакшысын базардан сатып алалбайсың.

* * *

Агарган жака асылзаттын эмгеги,
Таза болуу аялзаттын зергери.

* * *

Чачы жок катын–
Эси жок катын.

* * *

Эне–атасын тартып, эмгекчил болгон уул–кыздар эне–ааларынын оригиналдуу балдары. Ал эми эне–атасын тартпагандары ксерокөчүр-мөдөн сапатсыз чыккан кагаз сымал балдары.

* * *

Эркекти эркелетсең–көбөт,
Аялды эркелетсең–өбөт.

* * *

Энелерге энелер гана теңдеше алат.

* * *

Катынды кара–ак дебе,
Айлам кетти, эми мени бак дебе.

* * *

Сыртын сылап сулууланып, бирок рух дүйнөсү жакырланган аялдан жүзүн бырыш баскан өзүңдүн аялың артык.

* * *

Аялынан да акчаны жакшы көргөндөр көбөйдү; мунун арты опурталдуу.

* * *

Акчаң болсо–адамсың,
Болбосо–мадамсың*.

* * *

Аялдын сергеги–эркектин бактысы,
Эркектин эрдиги–аялдын тактысы.

* * *

Аялдын көзүн таңып койсоң деле аялдын кемчилигин жаңылып–жазбай айта алат.

* * *

Айымдардын алашасы сойкуруктан ырахаттана албаганда ойношторун бири–бирине тукуруп жыргап алчу экен.

* * *

Аялды арбаганды билбеген эркек ортомчу жалдайт.

* * *

Аялдарды мырзалар ууртунан жылмаюу менен сындашат, ал эми айымдар эркектерди эрөөн–терөөн албайт деп чычалата сындашат.

* * *

Уул–кыздарынын орун–очок алып, акыл–эстүүлүк менен түтүн булатканы–эне–атанын бактысы.

* * *

Аялдын көркү–эмчек.

* * *

Бапестедиң балам деп,
Көктөн мени тапкандай.
Кийинтирдиң кийим тандап,
Тулпарга кымкап жапкандай.

* * *

Ат күлүгү караандатпайт,
Айкөл аял арам татпайт.

* * *

Асылзат аялыңды аяганың –
Өзүңө–өзүң өмүр улаганың.

* * *

Эгер аял аракка азгырылып ичип кетсе, тамеки тартса, андай аялдын жаман эркектерден айырмасы кайсы?

* * *

Тагдыр сени өгөйлөп, башыңа оор иш түшүп жан кашайып турганда акмакка көз жашыңды төкпө.

* * *

Айрым аялды эркектен айырмалаган нерсе анын буудай куурган заардуу тили.

* * *

Аял жасалгасы седепсиз болбойт,

Жол кырсыгы себепсиз болбойт.

* * *

Аял–бул эне. Анын эмгегин эстегенде энелердин эмгегине тең келчүсү жок! Ааламдын ажарын ачып, ырайына чыгарып турган асылзат АЯЛДАР экенин ким танат? «Энелердин тамана баскан жер–бейиш» деген эл накылы ошондон калган тура, көрсө.

* * *

Жашоо тирилигибизге береке–кут киргизип, кубаныч–бакыт тартуулаган өмүрү гүлдөй назик, ыйманы акактай таза аялзатына шек келтиргендердин оңбосу анык.

* * *

Асылзат бар
Баарыбыз сыйлай турган,
Эне деген улуу зат бар–
Алтынга кыйбай турган.

* * *

Асылзат аялдардын көз жашы–алардын түркөй эрлеринин жүрөгүнө кадалган ок!

* * *

Аял менен эркектин ортосундагы тээ алмустактан бери кадыресе болуп келаткан жыныстык байланышка олуттуу мамиле керек, антпесе, үй–бүлөнүн сепили урайт, а тургай орду толгус оор жоготууга тушуктурушу толук ыктымал.

* * *

Аңдабаган алдындагы аялды көрбөйт.

* * *

Аялзаты келечегине үмүт байлап, бала багып–тарбиялаган дүйнөдөгү теңдешсиз улуу зат. Ал жазатайып жаңылып, күйөөсүнүн көзүнө чөп салардан мурда ойлонуп: «Ушул ыплас иш энелер-

дин жасоочу жоругубу?» деп кабыргасы менен кеңешип көргөндө бардыгы ойдогудай болуп, акактай таза бойдон калмак, аттиң -ай!

* * *

Аздектейбиз, сыйлайбыз
Асылзат аялдарды.
Алар эгер эне деген асыл атты
Түшүнсө, сүйсө аяганды.

* * *

Оргуштаган ыр булагы чыкмакпы,
Алыкул акындын жүрөгүнөн
Эгер эне болбосо...

* * *

Ата–эне каруу күчүнүн барында балдарына жөлөк–таяк. Көздөн нур, каруудан күч кеткенде– куураган эки байтүп терекке окшоп калбаса экен.

* * *

Атаны кордогон–пастык. Ата аны кечирерине ишенем, бирок Кудайдын кечирериненкүмөнүм бар.

* * *

Ата–энең сенин көөнөрбөс дөөлөтүң. Жаныңдай көргөн ошол жакын адамыңдын көрөр күнү, ичер суусу дагы канча калганын божомолдоп болбойт. Ошондуктан алардын сөзүнө кулак төшөп, сарамжалдуу болсоң, турмушта кыйынчылык эмне экенин билбейсиң.

* * *

Аямал аял сыймыктанып кеп айтат:
«Мээнет кылдык,
Эл алдында эмгегибиз ак» дейт.
Арамза аял–уялбайт–этпейт.
Керооздоно кеп айтат:
«Эркексиңби, эсирсең чатак,
Эч нерседен кем кылба, бак»–дейт.

* * *

Көчөнүн туюгунан, жыландын уюгунан корк.

* * *

Аялдын атыр, упа –эндиги жакшы,
Мекендин жаратылыш кеңдиги жакшы.

* * *

Атасын кордогон кор болот,
Бешенеси жууса кеткис шор болот.

* * *

Ачууң келсе дилиң ылайлап, тилиң булгап
«Энеңди» деп сөкпөгүлө.
Бүтүн эл көтөргөн энелердин,
Бөөдө абийирин төкпөгүлө.

* * *

Аягыла АЯЛДАРды–
Көзүнөн жаш акпасын мончоктогон.
Аягыла АПАЛАРды,
Жакшылыкты баласындай жоктогон.

* * *

Бала эне менен атанын сүйүү мээримин
ширелиштирип, үй–бүлөдө алардын
келечегинен үмүт шаңданткан бийик аскасы.

* * *

Бай –көпөстүн короо толо малы болот,
Аймончоктой перинин оң бетинде калы болот.

* * *

Беттегенин бербеген айкөл Манас болмокпу,
Эгер эне болбосо…

* * *

Бала десе эбедейи эзилип, тээ алмустактан бери бала асырагандан тажабай тукум улап кылымдарды арытып келе жаткан эстүү эл–ЭНЕлер. Көр тириликтин оош–кыйыштарына

бардаш берген кайраттуу, сабырдуу, мээнеткеч энелерге ТААЗИМ!

* * *

«Эркек төрөбөдүң» – деп аялзатын көр жемеге алуу–эссиздик, анткени сени төрөгөн аял эркек болуп жаралганда тагдырың не кечээрине акыл калчаганыңда төрөттөн араң кутулган асылзатты өз жайына коймоксуң.

* * *

Дүйнө жүзүн кооздукка бөлөп турган энелердин гана эбегейсиз эмгеги экендигин тануугa болбос!

* * *

Дүйнөдөгү улуу асылзат АЯЛДАРды бактылуу кылууну ойлобогон эркек эркекпи? Аялзатын бактылуу кылсам, аларга акча, алтын берем деп убараланууунун зарылдыгы жок. Анткени, байлык–бакыт эмес да. Бүт дүйнө жүзүндөгү эркектер ак пейилинен аруу, чын сөзүн асылзаттардан аянбаганда, мүмкүн, аялдардын жүзүн бырыш, чачын бубак басып, эрте картайып кетпес беле деп түйшөлө берем…

* * *

Жакшы улан–кыз бакканың–
Элиңе абдан жакканың.

* * *

Жакшы адам болуш үчүн эне–атаңдын алтынга алмашкыс акыл кебин ук, бирок аларды адаш-пайт деп айткандан алысмын.

* * *

Жакшы аял эрден кетсе, эр алат,
Жакшы аялды барктабаган эрди жер алат.

* * *

Жакшы аял кой дегенде коёт,
Ажаан аял кой десең –кебин чоёт.

* * *

Жакшы аял эрден кетпейт,
Жаман аял жакшы эрге жетпейт.

* * *

Жакшы аял очокко отун калайт,
Ажаан аял от калбайт – талайт.

* * *

Жакшы кыздын жарашкан кылыгы бар,
Өрөскөөл кыздын жашырылган былыгы бар.

* * *

Жалтырак кийген кээде көрктү бузат,
Жаман аял жарамсыздыгынан көптү бузат.

* * *

Жаман дебе–
Асылзатың бар болсун,
Асылым де -
Кызга бергис жар болсун.

* * *

Баланын ыйын чемпион–мушкер да токтото албайт.

* * *

Күнүмдүгүн ойлогон күйөт,
Келечегин ойлогон–
Ушуну эсине түйөт.

* * *

Кам көрүп келечекти ойлогонуң–
Өмүр бою тойлогонуң.

* * *

Күйөөгө чыккандардын баары эле бактылуу болбойт; ошондуктан шайтанга азгырылып, шайкелең болбо.

* * *

Аял көпсө эрди кырсык чалат.

* * *

Аялга чыныңды айтсаң чурмуят, алдасаң–көнөт.

* * *

Алдаган аял эл болбойт.

* * *

Аял байыса–айныйт (жолдон чыгат).

* * *

Адамдарга изилдөө жүргүзүлгөндө күн сайын чыныгы АДАМ болгондордун саны дүйнө боюнча жүзгө жетпегени кызык.

* * *

Эне мээрими балага тартылат,
Эсиңе түй–
Мээрим артылса–
Сүйүүсү магниттей тартылат.

* * *

Бала– энесин ээрчийт,
Кар–жамгырды ээрчийт.

* * *

Асылзат аялдарды алсыз деп кемсинтпе; алардын айрымдары күйөөлөрүн сабаганды мындай–ак кой, бейажал о дүйнө сапар салдыргандарын моюнга алганыбыз калыстык болор.

* * *

Аялың менен ажырашканың–
Чыр–ташбиштен арылганың.

* * *

Эчендеген түндөрдү уйкусуз өткөрүүгө мажбурлап, сезиминди ойготуп өзүн сүйдүрүп ЭНЕ болгон, а сени АТА кылган да, адамды азапка салып АКЫН кылган да, ыйык сезиминди козгоп МЕКЕНЧИЛ кылган да асылзат АЙЫМДАР экенин кантип тануута болсун.

* * *

Жаманды жолго салып ЖАКШЫ кылган да, жакшыны азгырып ЖАМАН кылган да, биз көкөлөтө мактап келген аялуу айымдар экендиги кандай кейиштүү.

* * *

Кызынын күйөөдөн жолдуу болбогону–эне–атанын кайгы–капасы.

* * *

Сен – Кудайдын бир ПЕНДЕСИ –
Таң калтырып, ТАШТЫ жарып тукум алган
Бет алып өлбөстүккө элеси ТАШТА калган...

* * *

Жалтыраган кийим кээде көрктү бузат,
Жарамсыздыгынан жаман аял көптү бузат.

* * *

Жароокер, айкөл аялын аябагандын өз убалы өзүнө.

Кара жанын карч уруп, аялзаты эркектердин кейпин кийүүгө канчалык далбас урса да зили алар эркек боло албастыгын ойлобогондуктары куйкаңды куруштурат.

# ЭНЕЛЕР БАР...

Энелер бар–ыймандуу да,
ырыскылуу
Улуу затка–
бала деген
Мээрим төгүп,
чаң жугузбай кирпигине
Бапестеп багып келген,
багып келген.
Энелер бар–
эзелтен элибиз
Эки топко бөлүп келген:
«жакшы» деп,
«жаман» да деп,
Шек келтирген
ыйык сөзгө
«эне» деген.
Күлтүгү жок энелер
муну да
көрүп келген,
көрүп келген!
Эч нерсе болбогондой
буга да
көнүп келген,
көнүп алган.
Коку–уй! Ал энелер
өгөйлөп өз балдарын
«Ары тур!» деп итерип...
«Какмар!» деп
Кагып келген,
кагып келген.
Ошентип жок жерден
таап алган
"сүйкүмдүү"
Түгөйүнө жагып келген,
жагып келген.
Катыгү–үн! жакындары
«бала» деген

Ыйык затты
Оп–оңой таап келген,
таап келген.
Эсирген энелердин
кылмышы үчүн
Жараткан ТЕҢИРИМ жазыксыз
калтырбашын
Билип жүргүн,
билип алгын,
чачпак кылып
«Бир жериңе»
илип жүргүн,
илип алгын!

* * *

Арам акчага азгырылып, балдарынын убал–соопторун унутуп, сүйүүгө туруксуздугун көрсөткөн эрлер эки, а тургай үч–төрт аялды азгырып, үйлөнүп алгандары таң калыштуу.

* * *

Никесиз турмуш–жапайылык.

* * *

Кан сыйга тойбойт,
Катын–ыйга тойбойт.

* * *

Таарынышып чанда гана
Эр да катын урушат.
Жасаган жоругуна өкүнүшүп
Бирин–бири жал–жал карап турушат.

* * *

Эне–ата ымыркайын эрезеге жеткиргенге чейин канчалык машакаттарды башынан кечирсе, жазуучу да бир эле чыгармасын жаратууда андан кем эмес түйшүктөнгөнүн баары эле биле бербейт көрүнөт.

## АЛКЫШЫМ–АТАЛАРГА

Алкышын алсаң атаңдын,
Жетимишке жетсе–жетелетпейт.
Жетимишке жеткен атаң–
Сексенинде сенделбейт.
Токсондогу тың атаң–
Чыныгы сенин чоң атаң.
Сенделет деп ойлобо,
Сексендеги атаңды
Чүрпөлөргө чурулдашкан,
Кумдай куят жомогун.
Токсондогу атаңды
Тоголонот деп коркпо.
Жүзгө чыккан жүйрүк чал –
Жылмаюу кетпей жүзүнөн
Жүзүм жегин деп турат,
Жүзүмдөн шиңгил жегенче
Ата салттан кеп курат.

## АТАЛАРГА МҮНӨЗДӨМӨ

Кырктагы атаң–кырчын атаң,
Элүүдөгү атаң– эркин атаң.
Алтымыш ашкан атаң–алгыр атаң,
Жетимишке жеткен атаң–тетик атаң.
Сексендеги атаң–сергек атаң,
Токсондогу атаң–токпейил атаң.
Жүздөгү атаң– жүдөгөн атаң,
Жүздөн ашкан атаң–жүйөлүү адам –атаң.

* * *

Аял менен жашаганың–
Эрдик жасаганың.

* * *

Түлкүнүн айла–амалы айымдардыкынын алдында суу кечпейт.

* * *

Кыргызым кир жугузбай кирпигине
Сыйлап келет жубайын.
Мындайлардын көрөөрү анын
Уул–кыздын убайын.

* * *

Тийбесе эгер эр көмөгү асылзаттын керегине,
Андай «эрдин» аялуу аялзатка кереги не?

* * *

Перзент–эр менен аялдын ак сүйүүсүн ынтымак менен ширелиштирип түбөлүктүү кылган ыйыктардын ыйыгы. Эгер наристе болбосо, жубайлардын сүйүүсү тамыры жок дарактай.

* * *

Жакшы аялдын камы болот,
Караңгыда калтырбаган шамы болот.

* * *

Кимдин маңдайына өз энеси, а кимдин маңдайына өгөй энеси жазылган.

* * *

Акыл–карачач аталган асылзатты да акмак эсин эки кылат.

* * *

Эмгекти иш жакпаган жалко томаяктар гана жактырышпайт. Эмгексиз жашоо жок, ушуну унутпа боорум!

* * *

Мактоо сөз көптүрөт; мактаган өзүн сүйдүрүп, макталганды шар сымал шиширип өлтүрөт.

* * *

Чындыктар чымчыктардай чырылдашып жатып Акыйкат-АДИЛЕТИКЕ кошулуптур.

* * *

Акчаңды кучактап жатсаң–коркосуң,
Аялыңды кучактап жатсаң–жыргайсың…

* * *

Эрктүүлүк кылып өзүңдүн кайсыл жаман сапатты жеңе алдың.

* * *

Аялы кыз төрөсө кабагын чытып, кайдигер болгон эр, уй ургаачы тууса–сүйүнүп атат–эй. Тооббо!

* * *

Айымдарды башкалардан айырмалап турган касиети: назиктиги, сулуулугу, арнамысы менен аруулугу.

* * *

Кайдан чыкмак
Тоо булбулу Токтогул,
Сагымбай, Саякбайлар
Эгер эне болбосо…

* * *

Каза болуу ажалдан,
Жүрөк оорусу–ажаандан.

* * *

Канчалык бүйүрүң кызып, ачууң келип турса да, энеңди деп сөкпө; сени да, бүйүрүңдү кызытып сөгүүгө мажбурлаган наадандардын бүт баарын эне эрезеге жеткиргенин жерүүгө болобу?!

* * *

Кайрымдуулук сыяктуу сооптуу иштерди ыйман-ынсаптуу айкөл адамдар гана жасай алышат.

* * *

Көккө эгер жетсе башың көппөгүн,
Эсиң кетип энеңди деп сөкпөгүн.

* * *

Кызы болбой сеп болбойт,
Чийки өрүктү жеп болбойт.

* * *

Кеп–сөз айтса каалабаганың–
Эне–атаңдын эмгегин баалабаганың.

* * *

Уулуң бар, апаке,
Өмүр бою урмат кылат!
Чоочуркаба, тынчтан эми,
Жаның жай алсын.
Ажал тооруп,
Алам десе жаныңды,
Жалынып да, жалбарып да
Шум ажалга далбас уруп.
Куткарууга көз жашымды төгөйүн,
Шартыма көнбөсө эгер...
Колума курал алып,
Сес көрсөтүп,
Ажал жолун бөгөйүн.

* * *

Тирилик деп тынбаганың–
Кам көрүп үй–бүлөңдү чыңдаганың.

* * *

Суктанарлык асылзат аялдык сапаттардан өзүн ажыратып, эркектердин кейпин кийсе, аларды аял деп айтканга тилиң күрмөлбөйт экен.

* * *

Энелик мээрим төгүүнү элес албаган «көпөлөк» энелердин чабалекейлерден үйрөнчү жактары көп.

* * *

Эр жеткенде эркек балдар–
Чоң үйүң да тарыйт,
Эш туткан эне–атаң да
Санаркоодон карыйт.

* * *

Эне мээриминин илеби оттой, күндөй жарык.

* * *

Бала жакшысынан эне–атасы огожо алат,
Тентек бала–жакшы иштерден обочо калат.

* * *

Эне сүйүүсү – КҮН нурундай: үйдү жарытып да, жылытып да турууга жөндөмдүү.

* * *

Эркекке алданбаган аялзаты жокко эсе.

* * *

Ызаатап, сый көрсөтүп
Эркелеткен эне–атаңды аягын!
Жыгылса да, жыгылбаса
Колтугунан сен аларды таягын!

* * *

Уул–кыздар эне менен атанын ортосундагы санаалаштык мамилени үзүлүп кетүүсүнө бөгөт болуучу ЧЫНЖЫР.

* * *

Унутпайлы улукман энелердин улуулугун,
Баалап жүрсөк, апалардын сулуулугун.

* * *

Улуттук салты унутканың–
Баалуулуктун баарын курутканың.

* * *

Мейли, Ажал айтканыңа көнөйүн,
Тийбе апама, ордуна мен өлөйүн.

* * *

Эгер энелердин баардыгы тең Умай энедей «Энее» деген ыйык наамды так түшүрбөй урматтап алып жүргөндө, тозок деген түрү суук эмеге орун жок болучу.

* * *

Энелерге таазим эт; алар сени тогуз ай бою боюнда көтөрүп төрөп, аман–эсен жарыкка чыгарып, бапестеп–багып эрезеге жеткиргенин эч кайсы эрдик менен алмаштырууга болбойт.

* * *

Энелердин эч бир жанга сезилбеген сыйкырдуу күчү–мейли улан болобу, же кызбы, катуу корkконунда «апа–а!» деп кыйкыргандыгында.

* * *

Эне сыйлаган эсте калат,
Ата сыйлаган–алкыш алат.

* * *

Эне–атаң сага кепил болот,
Турак–жайың өзүңө сепил болот.

* * *

Этияттагын–
Төксөң–абийир жабылбайт.
Кордобогун, бир кеткен соң–
Ата–энең эч табылбайт.

* * *

Эгер жараткан Эгем бейишке баруу үчүн мага мандат берсе, аны миллиондогон нускада көбөйтүп, ЭНЕ деген наамды урматтап алып жүргөндөргө гана бөлүштүрүп бермекмин.

* * *

Энесин сыйлаган өнөт–өсөт,
Энесин кыйнаган өлөт–өчөт.

* * *

Эненин кадырына энелер гана жетет.

* * *

Эненин жек көрүүсүнөн сактанбагандар азапка кабыларын ойлоп коюшсун.

* * *

Эненин ак сүтүн актоодой чоң карызын үзбөй жүргөндөр оголе көп.

* * *

Ар бирибиздин экиден энекебиз барлыгын барк албайт экенбиз;

**биринчиси**–кадимки эле тогуз ай боюнда көтөрүп төрөп, бапестеп–багып эрезеге жеткирген;

**экинчиси**– киндик кан тамган ЭНЕ–ЖЕРИБИЗ.

* * *

Энелер эркектер менен катар аялдарды да кошо төрөп, бапестеп багат, эл катарына кошот. Алар өнүп–өсүп алгандан кийин, бири–бири менен жоолашып, а тургай согушуп, өздөрүн да, аялдарын да кыргынга учуратышат.

* * *

Эмгектенгенден эч ким өлөлек, а тургай, эмгектенип, агарып–көгөрүп бактысын тапкандар оголе көп. Жаңы конушка келин келип тилин тыйып, кайындарын ызааттаса, өмүр шеригинин жолун утурлап тосуп урматтаса, короону шыпырып–сыйырып мизилдете тазаласа, андай келинди эр эч качан сүйбөй койбойт.

* * *

Эрге жарыбаган аялдын эңсегени–эр.

* * *

Эрди эр кылып, чырайына чыгарып адам кылган, ак дилинен сүйүп, аны эрдентип–шердентип да, өзүн ойлобой эрин ойлоп, ысыгына күйүп, суугуна тоңгон да асылзат аял экенин эстей жүргөнүбүз ийги.

* * *

Өз баласын өгөйлөгөн –эне эне эмес.

* * *

Оргуштап чыккан булак соолбос,
Кадыры болбой аял болбос.

* * *

Кыз улгайса–айым болот,
Жашырган сыр дайын болот.

* * *

Жаман аял өмүр шеригине карабайт,
Бир ооз жылуу сөз айтканга жарабайт.

* * *

Ким кадырлап–кастарласа жубайын,
Көрөрү чын уул–кыздын убайын

* * *

Аялдардын сүйүүсү тилсиз, назик сүйүү. Ошондуктан алардын сүйүүсү күчтүү да, түбөлүктүү да.

* * *

Тилин тишине катканды үйрөнүп, өнөр кылып алган аялдарды бакыт байырлоосу туурулуу иш.

* * *

Жакшы ат ээсине вапа болот,
Муназага келбесе–
Аял эрге жапа болот.

* * *

Кары адамың–дары адамың.

* * *

Уул төрөгөнүң–
Үй–бүлөнү бакытка бөлөгөнүң.
Кыз төрөгөнүң–
Кылым бойлоп жөнөгөнүң.

* * *

Үйлөнгөнүң–адамдык милдетиңди туюп, турмуштун санагынан өтөйүн дегениң.

* * *

Бөпөлөп бала бакканың –
Кудайга абдан жакканың.

* * *

Ардакталчуу эне–атасы жетимишке жеткенде
Каректен нур, каруудан күч кеткенде,
«Айланып», «тегеренген» «чүрпөлөрү»
карабады,
Бир ооз жылуу сөз айтканга да жарабады.

* * *

Алысты ойлогон акылдуу айымдардын айрымдары көңүлдөш эркектер менен жакын мамиледе болуп, бирөөсүн тандап, ошого баш кошкусу келет.

* * *

Эне –атанын эмгегин баласы баалабады,
Акыл айтса мурдун чүйрүп каалабады.

* * *

Тал чыбыктай болгон эне менен бал тилдүү бала бирин–бири кыйбай кыса кучактап… биринин жытына бири тойбой өбүшүп…

Баякы бал тилдүү бала эр жетип, өзү ата болуп, эбедейи эзилип өпкөн энекесинин кыртышы сүйбөй, а түгүл каршылашканы куйканды куруш-туруп, жек көрүү сезимиңди козгойт.

* * *

Айымдардын алсыздыгынан пайдаланган көө-дөк*–шылуун эркектер алаша айымдарды оңой эле багындырып алышат.

* * *

Асылзат аялдын колу адам өмүрүнө забын болсо кейибей турган жорукпу?

* * *

Колдонулбаган билим арам өлгөн кой сымал.

* * *

Айрым ата–энелер уул–кыздарына аң–таң калышып: «Коку–уй, ой, мунун мүнөзүн көр–ой! Экөөбүздүн бирибизге да түк окшобойт»–деп наа-лып калышат. Андайлар өздөрүнүн ак сүйүүсүнө шек келтиришип, бири–биринин көзүнө чөп салган жандимилер.

* * *

Жоопкерчилик –акыл эстүүлүктүн, ар-намыс-тын айкөлдүктүн иши.

* * *

Ыймандуулукка тарбиялоо-тарбиянын тоонун аселиндей тазасы

* * *

Шорулдатып наадан тамакты кулкунга куят,

Мунусу элге оголе уят.

# КҮН БОЛУП ТӨБӨДӨН ТИЙИП ТУРСУН!

Оо асылзат апалар!
Маанай жаркып күлсөңөр,
Күнсүңөр төбөдөн тийип турган,
тийип турган.
Балам деп, бакытым деп божурап,
Көкүрөгү көмүш уңдай ийип турган,
ийип турган.
Эрезеге жеткирип уул–кызын,
Эне болуп эбиреп...
Пейилиндей ак элечек кийип турган,
кийип турган.
Энелик эрдигине сыймыктанып...
Башы көккө тийип турган,
тийип турган.
Күндөй жаркып маанайлары
апалардын,
Күн болуп түбөңдөн тийип турсун,
Бийик турсун,
Бийик болсун,
Бийик жүрсүн!

# АКЫЛ – НАСААТ

*Азгырылба акча деп,*
*Акча көптө кырсык көп.*

***А. Хосров.***

*Эл акыны болбо,*
*Эл акылы бол!*

***Вахаб–Бостон.***

* * *

Бала толгон айды элестеткен үмүт,
Бала эне-атага күбөлүк-метрика.

* * *

Адабият алпы болбой калганың-
Арман эмес.
Рух-дүйнөң болбой туруп
Жеп-ичкениң дарман эмес.

* * *

Иши жаман адамдан түңүлбөй ичи жаман адамдан түңүл.

* * *

Эл акыны болбо,
Эл акылы бол.

* * *

Чачпай-төкпөй үнөмдөсө-
Береке болот
Ээн ооз эсирсе-
Келеке болот.

* * *

Санаага батып азба,
Беймаани сөздү жазба.

* * *

Арамды жегенден түңүл,
Пайдасы бар – китепке үңүл.

* * *

Турмушта алданбаска аракеттен. Кара басып алданып калсаң- арданба, кейигенден не майнап – өмүргө зыян. Алданганыңды ашкерлегенге ашыкпа, анткени акыл-эси пас адамдар гана алданат. Сени алдаган адамыңдын абийирин төгөм деп, өзүңдүн баркыңды кетирип алышың ыктымал. Ал жанын жеп карганат, себеби анын өнөр-кесиби

ошол. Акыр–аягында андайлар өзүнүн башын өзү жеп тынышат.

* * *

Майдаланып урууга бөлүнбөгүн.
Бейажал көрүстөнгө көмүлбөгүн.

* * *

Ак дилден каалаганыңды–
Жаратмандыгым деп бил.
Ыкшоолонуп каалабаганыңды –
Жакырланганым деп бил.

* * *

Гүлдөп турган көчөттү толгобогун,
Сайрап турган кушту кордобогун.

* * *

Бош челекти калдыратпа,
Байкушту жалдыратпа.

* * *

Эс токтот, майдаланба–
Мезгил өткөөл,
Тополоңдон пайдаланба.

* * *

Жакшы баланы жүрүшүнөн бил,
Тентек баланы күлүшүнөн бил.

* * *

Түрдүү мөмө-жемиштер менен денеңди азыктандырып турбасаң мүмкүн болбогондой эле, дилиңди тазартып, рухуңду азыктандырбасаң наадан–түркөй аталып, өлүктүн тирүүсүнө айланарың анык.

* * *

Жамандыгың жазасыз калбайт.

* * *

Жакшылыты жаныөдай кнр.

* * *

Байкадыңбы, о бурадар!
Табигаттын кооздугун?
Карасаң көзүң тойбойт,
Тойбогондой курсагың
Таттуу даамга.
Бул керемет
Периштедей суп–сулуу
Кызга окшогон
Жаралганын амиринен
Жараткан Теңиримдин
Билип алгын,
Билип жүргүн,
Жип–шурудай чачпак кылып
Мойнуңа илип алгын,
Билип алгын!

* * *

Армансыз жашоого аракеттен, анткени арманга арбалсаң–оңдурбас оорууга чалдыгасың.

* * *

Эй, жаңы муун!
Эринбе, таза муун!
Оңой олжо деп–
Аны–муну албай!
Адал деп арамды
Оозуңа асти салба!

* * *

Насыя алганың–Кутулбас балээге калганың.

* * *

Акмакка теңелип акмак болбо.

* * *

Партага чийип, жонбогун,
Жаман атка конбогун.

* * *

Корксоң эгер сен Кудайдан, карандай калпты айтпагын Убадага бек болгун.

* * *

Калыстыгың карытпайт,
Керсейгениң жарытпайт.

* * *

Сөгүнсөң–койсоң өзүң бил, бирок ачууга алдырба.

* * *

Ыйык кушту атпагын,
Туш келди жерге жатпагын.

* * *

Калыс сөздү карыдан ук.

* * *

Кышка жазда камын,
Дыбырап күн жааса–
өпкө тонуң тез жамын.

* * *

Капчыгыңа карап соодалаш.

* * *

Абийириңди кетирип ачкөздүк кылба; буйруганын аласың.

* * *

Жайында тер төкпөсөң–кышында жарыбайсың.

* * *

Аялыңдын байлыгына ишенбе, карыганда көчөдө каласың.

* * *

Аялы оорукчан эрдин пешенеси шордуу.

* * *

Чындыкты издесең да таппайсың.

* * *

Жаманга жакындаба–жүрөгүңдү жаралайт.

* * *

Акылы сокур БАКЫЛДАН сактан.

* * *

Жакшы көргөн тамагыңды эрте менен (кечинде эмес!) ичип–жегенге көнүк, күн бою курсагың ток, көңүлүң шат, ишиң майнаптуу болору туурулуу иш.

* * *

Жумуртка, эт жегиң келеби? Оболу тооккана жаса, анан поок бак.

* * *

Тынч жашагың келеби, тынчтыкка салымыңды кош.

* * *

Жакын адамыңа акчаңды карызга берсең–жылуу мамилеңе жарака кетет.

* * *

Жаныңды жеп карганып беш өрдөгүңдү учура бербе; чымчыктыкындай жаныңды жей берсең, өлүп тынасың.

* * *

Күлкүң канчалык катуу чыкса, ыйың да ошончолук чыгарын эсиңен чыгарба.

* * *

Кор тутпа, ар нерсенин:
Нан, кагаз, дан, гүлдүн убалы болот.
Сен ичип, төгүп–чачкан
Суунун да сурагы болот.

* * *

Акмакка теңелип акмак болбо.

* * *

Адамдарга жасаган жакшылыгың өзүңө жасаган жакшылыгың.

* * *

Туруктуулук менен тырышчаактыгың гана максат– мүдөөңө жеткирет.

* * *

Качып, өлүмдөн кутула албастыгыңа бөркүң-дөй ишен.

* * *

Канчалык кууланбагын, ажалды арбай албай-сың.

* * *

Бассаң –турсаң ойлоп жүр, өмүр кыска. Аны өзүң үчүн гана эмес, башка адамдар үчүн да пайдалуу кылууң абзел.

* * *

– Алганың ажаан бекен?
– Ооба. Анан калса көк бет экен…
–Мм … Сага айтаарым, балам:
Кечиктирбей ушу бүгүн ажыраш!
Андай аял чекеңе чыккан чыйкан болот.
Ажырашып кутулбасаң–
Өлүп кутуласың
– Ушуну унутпа!
Унутсаң–тутуласың…

* * *

Эсен болсоң–көрөрүң анык,
Жаман болсоң–өлөөрүң анык.

* * *

Күнөө жасадыңбы–кечирим сурагаанды да, кечиргенди да бил!

* * *

Өзүңдү сыйласаң–акмакты кечире бил!

* * *

Акчаны эле ойлобой Кудайды да ойлосоң–бакыт да, байлык да келет.

* * *

Өзүң каалагандай өмүр сүр, болбойбу–эптеп жаша.

* * *

Оо, адамдар! Жол – көпүрөө оңдогондон аянбагыла, анткени ар бирибиз ошол жол–көпүрөө аркылуу ырыс–кешигибизди, байлык бактыбызды таап жатканыбыз жалганбы?

* * *

Ийри таяк таянба,
Жетим–жесирден аянба.

* * *

Кайгыдан жаа бою кач–ажал чакырат.

* * *

Урушкан жерге баспагын.

* * *

Автоунааңды октой зуулдатканың–
Боздотуп, үй–бүлөңдү чуулдатканың.

* * *

Майда иштериң–улуу иштерди жасоого чыйыр салат.

* * *

Абайлап жолдо жүргөнүң–
Узак өмүр сүргөнүң.

* * *

Өзүңө сак бол,
Эрежеге так бол!

* * *

Ылдамдыкты ашырганың–ырыс эмес,
Дүрбөтүп, кырсык чалса–дурус эмес.

* * *

Ылдамдыкты алтымыштан ашырганың-өзүңдү өзүң топуракка жашырганың

* * *

МАИ тоссо качпагын,
Ырыскыңды чачпагын.

* * *

Эрежени так сактаганың –
Төшөктө онтоп жатпаганың.

* * *

Бал тамган тилден,
Уу тамаарын унутпа.

* * *

Жаныңды жалынга түшүрүп, эпкиндүү эмгектенсең, жыргал турмушта жашооңо кепилдик бере алам.

* * *

Жакшы жашап, бактылуу болгуң келеби–эки эселенген кайрат менен белсенип иште.

* * *

Абайлагын апаңды,
Бир кетсе ал табылбайт.
Абийириңди сактагын–
Бир ачылса жабылбайт.

* * *

Ата–энеңе алайба!

* * *

Ала жипти аттаба,
Жакпаган ырды жаттаба.

* * *

Акчага ашкере азгырылба, абийириңди кетирет.

* * *

Сынайшпай туруп дос болбо,
Достошкон соң кас болбо.

* * *

Жакшы адам–
Бул–бөбөк.
Асырагын бөбөктү –
Эр жетсе ал –
Элиңе өбөк–жөлөк.

* * *

Азгырылба алтынга. Ал сени акылдуу кылбайт–анын тетирисинче акылыңды уурдайт.

* * *

Сүзгөндү билбей туруп сүзөм дебе,
Ден соолукту чыңдабай,
Насыяны үзөм дебе.

* * *

Чачып–төкпө бакалды,
Өстүрбө балам, сакалды!

* * *

Апаңдан аянган акчаң аш болбойт.

* * *

Санаага батпа–саргайтат,
Кайгыдан кач–картайтат.

* * *

Шарап ичсең ченеп ич,
Мас болосуң.
Досуң эмес, тууганыңа,
Кас болосуң.

* * *

Жакшылыгын айтканда чектен ашырба,
Кууланып, кемчил жагын жашырба.

* * *

Сага айтаарым, замандаш,
Элиң менен амандаш.

* * *

Улан–кыздар!
Ыймандай сырым–тилим ал,
Пайдасы көп, кайраттанып билим ал.

* * *

Буканы урба; кегин албай койбойт.

* * *

Жердин ыйыгынан, пенденин кыйыгынан сактан.

* * *

Алтынга алмашкыс ЖАШТЫГЫҢДЫ барктай бил, куштай зымырап учкан мезгил сенин жаштыгыңды кабырга кайыштырган карылыкка алмаштырса–оозуң Ошту карап калуусунан сактан.

* * *

Теңирим тилегиңди кабылдоосун кааласаң–эрте тур.

* * *

Чабаал досту унутсаң унуткунуң,
А бирок
Эне–атаңды унутпагын!
Унутууга акың да жок,
Унутсаң–көр болосуң...
Жалдырап балдарыңа –
Кор болосуң.

* * *

Боорум, боорум дей бербе,
Боорго тээп жүрбөсүн.
Бооруңду үзө чаап,
Келекелеп күлбөсүн.

* * *

Акты каралаба, ак бойдон кала берет.
Актыгын даңазалап, ал күүсүн чала берет.

* * *

Оош–кыйышы жок туура жолдон тайыбаганың–акылмандуулук.

* * *

Эң зарылы адамга–
Көз, мурун.

* * *

Кайраттуу бол!
Бошобосун бел–куруң.

* * *

Ачпа, боорум, акуладай араанынды,
Куса болдум көргөнгө караанынды.

* * *

Эсиңе түй, тамаша эмес адам тагдыры,
Бузулбасын атакемдин самса жапкан тандыры!

* * *

Бүйүрүңдү кызыткан акмакка атаандашпа, өмүр бою өзүңдүн кашыктап топтогон абийириңди өзүң чачасың.

* * *

Эне сүтүн актасаң–эр болосуң,
Эне жүрөгүн сыздатсаң–жер болосуң.

* * *

От менен ойнобо–күйөсүң,
Өкүнүп, өткөнгө–эсиңе түйөсүң.

* * *

Бүйүрүңдү кызытса –
Сабыр кыл, сөгүнбө,
Сөгүнсөң–кейип,
Жоругуңа өкүнбө!

* * *

Жаман сөздү айтпагын,
Жакшы сөздү катпагын.

* * *

Башыңды иштетпесең–
Жоргоң чыгат.
Жай агып бешенеңен,
Шоруң чыгат.

* * *

Урушканың–убактыңды уурдатканың.
Убактыңды уурдатканың–
Өмүрүңдү уурдатканың.

* * *

Жалгыздыктан кач–өмүрүңдү жалмайт.

* * *

Балакайдын жакшылыгы–
Эне–атанын акысы,
Жакшы бала–
Эне–атанын бактысы.

* * *

Акмактын ашын жегенче, акылдуунун мушун же.

* * *

Тынч элиңди козгобо,
Козгоп, өзүң боздобо.
Бычактагы балды жалаба.

* * *

Жайында аянбай тер төкпөсөң–кышында жарыбайсың.

* * *

Сасык дебей сарымсакты
Аз–аздан жеп көнгүн –
Сактайт сени дарт-рактан
Чайнабасаң сагызды–
Жыты аңкыйт ыраактан.

* * *

Тентекке теңелсең теңселип акмак болосуң.

* * *

Чын пейилден чыккан кеңшим ук –
Сага айтарым:
Эскирсе эгер берген карыздарың–
Доолашпа!
Дүшманың ашат–
Алар менен жоолашпа!

* * *

Жамандык жасагандан мурда ойлон. Ажал: «Тозоктун белгиси ушул» деп жаныңды кыйнап аларын унутпа.

* * *

Кышында көчкөнүң –
Эрте өчкөнүң.

* * *

Ажал айтып келбейт; кокус ага бет-маңдай келип калсаң, муңкурап-мөгдөбө, тик бак-сестенет.

* * *

Акылдуу дүлөйдүн кулагы-анын акыл-эси менен жүрөгү.

* * *

Акыйкат менен Чындык оргуштаган булакка окшош; сааты чыкканда кантип чыга келгендигин сезбей да каласың.

* * *

Айбан деп атаса, акылсыз адамдар арданбаса деле болот, анткени андай адамдардын акыл-эс туюму алардын акыл-эсинин алдында шоона эшпейт.

* * *

Акыйкат-Чындык ар кандай жамандыктар-ичтардык менен бакылдык, жалкоо-жанбактылык менен ар дайым жоолашканга даяр; анткени алардын күрөшү-адилеттик. Ак ийилет, бирок сынбайт эмеспи.

* * *

Ата салты-ыйык. Салтты сактоо парыз, ага кайдыгерлик-байыркы бабаларды жеригендик.

* * *

Адамды кайгы-капа карытат,
Кубаныч-шаттык марытат.

* * *

Акылдууга арак азык эмес.

* * *

Алдыңда болсо акыл китеп,
Чыгарсың кумардан аны тиктеп.

* * *

Баш кийимди илип кой,
Илген жериң билип кой.

* * *

Бут кийимди жерге кой,
Калыс сөздү элге кой.

* * *

Бакыт конбойт–кыйнабасаң жаныңды,
Ким талашмак иштеп тапкан наныңды.

* * *

Баштын башкаруу пульттары иштебесе, тилден ар кандай сөздөр чыгып, бейкүнөө адамдарды кейитип коюшу ыктымал.

* * *

Байдын жүрүшүнөн, айкөлдү күлүшүнөн бил.

* * *

Билими да, акыл–эси да тайкы, маданиятсыз адамдар гана орой болушат.

* * *

Бактылуу аталган байларда
Арман болот,
Бал татысаң–
Дарман болот.

* * *

Гүл тазасын аары билет,
Бал тазасын баары билбейт.

* * *

Душман өчүксө–кастык,
Кылмышка себепкер–мастык.

* * *

Жакшылык менен жамандык эриш–аркак жүрөт; ажал үйүңө баш бакканда бай болсоң–

«Байлыгыңды чачам, жок деп жармач болсоң, айыбыңды ачам» дээрин эстей жүргөнүң эп.

* * *

«Жинди суу» дебегин; аны жинди кылып колдон жасаган да, аш болорун чамалабай ичип, жинди болгон да, анан акылдуусунган да ошол адам эмеспи.

* * *

Жерге бербей, алам дегениң–келжиректик.

* * *

Жөнөкөйлүк–адамдагы асыл сапаттардын негизгиси. Адамды ар жактуу мүнөздөгөнгө ушул сапаттын өзү эле жетиштүү.

* * *

Жүрөк сүйлөбөсө да, акыл менен жасалган эмгектин натыйжасына кубана да, кайгыра да алат.

* * *

Жакшыга жанашканың–
Достошконуң,
Жамандык менен эртерээк
Коштошконуң.

* * *

Жаз–жай айларында кандай кемчиликтерди кетирилгенин терең талдоого алсаң, кышында убакыт жетиштүү. Жаңылуу, мүчүлүштүктөрдөн туура жыйынтык чыгара билсең, өмүр бою кыйынчылыктын эмне экенин билбейсиң.

* * *

Жаман– баласын мактайт,
Акылдуу–абийирин сактайт.

* * *

Жаштыгың агып жаткан ылай суудай өтүп жатканын баркалбаганыңдын белгиси–ичип да, тамеки тартып, анан калса, көчө таптап жүргөнүң.

* * *

Жаман элине батпайт,
Анан–көчөт.
Көчкөн оңобу–
Акыры өчөт.

* * *

Замандашым!
Адашпаган адам болбойт…
Коркпо!
Жаза тайып кетирген кемчиликти жашырба,
Жашырып, өзүңө–өзүң оор ташпиш ашырба.

* * *

Өзүн сыйлабаган өзүнүн абийирин өзү төгөт,
Өңгөлөрдү иренжитип, анан өзүн–өзү сөгөт.

* * *

Келечегинен үмүтсүздөнүү – өлгөнгө тете.

* * *

Көпкөнүң–ырыс–кешигиңди төккөнүң.

* * *

Келечегиңе көз чаптырып көр, алысты көрө билүү да–акылмандыктын белгиси.

* * *

Колуңда токочуң барда досторуң көп; токочуң түгөнгөндө досторуң азайып каларын эс токтотуп эртерээк ойлоп, аларга тандоо–сынак өткөрсөң, ылайыктуулары гана ылганып калат.

* * *

Кебете–кепшириң–сөөлөтүң,
Эне–атаң сенин дөөлөтүң.

* * *

Кийимдин кымбатын кийип, китеп окубаса–
шору кайнаган кайнаган шоркелтей.

* * *

Канчалык куунап–жыргасаң, ошончолук кыйналып, кайгырышыңды да ойлой жүргөнүң оң.

* * *

Күлгөн ыйлабай койбойт,
Ыйлаган сооронбой койбойт.

* * *

Меймандостук–аруулуктан азыктанган асыл сапат. Ал–айкөлдүк менен берешендиктин белгиси.

* * *

Нускалуу кеп айткандардын баары акылман эмес. Кээ бирөөлөрү аны жөн эле жаттап алып, айтып жүрүшү ыктымал.

* * *

Оболу мактангандан сактан, өзүңдү өзүң мактаган соң, көмүскөдө калтырган терс жактарың да ошончолук көп экендигин унутпа.

* * *

Өмүрүм өтөлгөлүү өтпөдү деп өкүнбө, сезилбей өтүп кеткен жаштыгыңа кейибе, антпесең– өзүңө пайдага калган өмүрүңө олуттуу зыян келтирип алышың ыктымал.

* * *

Кыз–уландар! Силерге айтам:
Оозуңарга арак–шарап албагыла!
Эне менен атаңарды бөөдө кыйнап,
Көп ташпишке салбагыла!

* * *

Өмүр–бул алтындан кымбат; анын ар бир мүнөтүн пайдалуу эмгек менен элиң эстегендей өткөр. Антпесе өмүрүңдүн калганы бекерге өткөн өмүргө бушайман болуу менен өтөт.

* * *

Пейилиң оң болсо, башыңа бак–таалай да, береке–кут да конору анык.

* * *

Сандыктагы сыр–жазыла элек чыгарма.

* * *

Сен көргөн кыйынчылык турмушта асыресе боло келген. Андан коркуп суу жүрөктүгүңдү сездирбе. Корксоң, жаман илдетке–жалкоо аталып жакырдыкка дуушар болосуң.

* * *

Пейилин оңдобосо–аялы чанат,
Сабасаң–баатыр да эстен танат.

* * *

Тагдырдын таягы сен көрүп жүргөн турмуш таягынан алда–канча катуураак. Ошол союл башыңа эртеби–кечпи тийип кетүүсүнө кам көрө жүр; антпесе ал байкоостон тийип кетип, дендароо

керек, акыл–эсинди жоготуп алапайың таппай каларың анык.

* * *

Тааныбаган эрге тийбе,
Билбеген жерге сийбе.

* * *

Тер төгүп мээнет кылсаң–
Балдарыңа аштык болот.
Аны сактай турган–
Белиңдеги баштык болот.

* * *

Убакыт тар, туугандар,
Чалгыны алып чамдагыла,
Кыш камын жеп
Тоютту мол камдагыла.

* * *

Ырыскыны эч ким сенин колуңа карматпайт. Аны өзүңдүн акыл–эсиң, баам–парасатың менен жаратып алганың абзел.

* * *

Чоң күнөөгө батканың –
Өзүңдү мээлеп атканың.

* * *

Чачпай–төкпөй үнөмдөсө –
Береке болот.
Ээн ооз эсирсе –
Келеке болот.

* * *

Ыгы келсе–
Чачпа, жыйна, бай бол.
Жиниң келсе–
Азгырылба, жай бол.

* * *

Эгин өнбөс жер болбойт,
Ашуусу болбой, бел болбойт.

* * *

Эсептеп эсиң менен иштесең,
Акчаң ашат.
Үнөмдөбөй чача берсең–
Карыз болуп...
Кайгы–мунуң ашып–ташат.

* * *

Эсиң болсо эк терек–
Терегиң элге керек.

* * *

Эр жигит элинен аянбайт–
Баарын чачат.
Караөзгөй көрө албайт–
Заарын чачат.

* * *

Эргулум, неге мына эсирдиң, көптүң
Кыз дебей, кемпирди да өптүң.
Болду эле эрмегиң, жанбирген «азарт»
Бардыгы өттү, кетти эми
Байкушум, дилиңди тазарт.

* * *

Сөзүңө ишенип, сени күткөн адамдын бир сааттык же бир күндүк өмүрү текке кеткени кандай кейиштүү. Эгер сен ушуну ойлогонуңда, балким, мындай осол ишке түк бармак эмессиң.

* * *

Эр жигит сөзүнөн кайтпайт,
Бакыл билсе да айтпайт.

* * *

Эр жигит изинен тайбайт,
Кийимин даракка жайбайт.

* * *

Элдик ишенимди эр жигит
Актай алат,
Чыдап, сабыр кылып ар–намысты
Сактай алат.

* * *

Акылдуулар керсейген, акмактар акылдуусунган кыйчалыш заманда өлкө чыныгы акылдууларга чукак.

* * *

Шык–жөндөмдүү балага колдоо көрсөткөнүң–
Келечекке жол көрсөткөнүң.

* * *

Бузуку, жамандардын ыраакы бол,
Душманым жок дебе, кыраакы бол.

* * *

Оолукма жигит абийирин төгөт,
Жароокер жигит–сүйгөнүн өбөт.

* * *

Акылмандан сурап калышат:

–Чын эле акылман болсоңуз анда неге жашооңуз өп–чап?

Акылман ыңгайсыз суроого буйдалбай жооп берген дейт:

–Эгер кээ бир байларчылап мен дагы ар–намыс менен ыйманымды жесем, мен деген андайлардын эч кимисин алдыма чыгармак эмесмин…

* * *

Акылмандан сурашыптыр:
– Сиздин да душманыңыз барбы?-деп
–Ооба, бар. Ал–оңолбогон ката.

* * *

Эң чоң кемчилик кайсы? деп акылмандан сураганда ал минтип жооп бериптир:

–Өзүн–өзү мактагандык.

* * *

Акылмандан дагы сурап калышат:
–Сиздин эң жакшы көргөнүңүз эмне?
Анда акылман мындай жооп берет:
–Чындык менен жөнөкөйлүк.

* * *

–Сиздин коркунучтуу душманыңыз барбы?-деп сурашат акылмандан.
–Бар эмей.
**Биринчиси**–жасакерденүү.
**Экинчиси**–калп айтуу.
**Үчүнчүсү**–ушак–айың.
**Төртүнчүсү**–бакылдык–дептир акылман.

* * *

Максатың канчалык бийик болсо өзүң да ошончолук бийиксиң.

* * *

Карыганда келген сүйүү–сүйүүнүн тентеги.

* * *

Шашкандык-арты өкүнүч.

* * *

Карылыктын келгени кайгы.

* * *

Карылык кубаныч алып келбесин билип турса да «Ылайым жүзгө чык» деп тилей беришет.

* * *

Азгырыктан алыс бол–өзүңө пайда,
Иштеп тер төк, азыр жай да?!

* * *

Ойлон, боорум!
Жамандык арты–абак болот.

Абак–
Жаңылып–жазгандарга сабак болот.

* * *

Сен Кудайды карагын;
Арамдыкты ойлобо–
Колуңан эгер келсе–
Жакшылык кыл АДАМГА
Уткузбайсың, утасың!..

* * *

Санааркап, сен эрте карыбагын,
Майдаланып, кызганычтан тарыбагын.

* * *

Эң зарылы адамга–
Көз, мурун.
Кайраттуу бол!
Бошобосун бел–куруң.

* * *

Жүрөгүңө жаккан кызды тандагын,
Чанба аны, түбөлүккө жандагын!

* * *

Кыйын деп иштен качпагын,
Абийирди бөөдө чачпагын.

* * *

Каяктагы бир ишке,
Кыйналып башың оорутпа.
Пайдасыз делген жумушка,
Колуңду бекер жоорутпа.

* * *

Эргул эсирип өз энесин таштады–
Каарына алып Кудайым,
Эргулдун көзүн жаштады.
* * *

Токойдо балтаң сага отун алып гана тим болбой, өзүңдү коопсуздугуңду да сактаарын унутпа.

* * *

Жакшылык кылсаң–өңүңдө эмес, түшүңдө да жамандык көрбөйсүң.

* * *

Акыл–карачач аталган асылзатты акмак эсин эки кылат.

* * *

Жакшы тойсоң–жакшы иште.

* * *

Белектин жакшысын тандаба, сөздүн асылын танда.

* * *

Бычактагы балды жалаба.

* * *

Курсагың ач туруп токмун дебе.

* * *

Жаманга жанашпа–жаман сөзгө каласың.

* * *

Күндүн нурун капка катканга болбойт.

* * *

Жаныңдай көргөн акчаңды итиң искебейт, тоогуң чокумак түгүл, карап койбойт.

* * *

Эл бузар эсерлер жер жутарын эстесин.

* * *

Ар кайсы ээн жерди баанектеген кырсык айттырбай келет, аны жолун бөгөгөнгө кыраакылыгыңды күчөт.

* * *

Элдин көзүнчө түкүрүнүп–какырынба, мындан өткөн ыпластык, пастык болбойт.

* * *

Алтын кымбат эмес, абийир кымбат.

* * *

Жаңылыктын жакшысын жаңырта айт.

* * *

Акылсызга акыл айтып СӨЗ коротпо.

* * *

Атың өчпөй узак жашагың келсе–бак тик.

* * *

Ар ким өзүнүн ичер суусу, көрөр күнү түгөнөрүн ойлонсо, өз ара чыр–чатак, араздашып–таарынуу алда–канча азаймак.

* * *

Адамдын ички дүйнөсү сыр катылган сандык сымал.

* * *

Айкөлдүгүң–адилдигиң,<br>Түркөйлүгүң–залимдигиң.

* * *

АКЫЙКАТ менен ЧЫНДЫКты туу тутуп жашаган адам кор болбойт.

* * *

Адамдын жакшы–жаманын билгиң келсе, анын максатын бил.

* * *

Адамдын байлыгы–мал,
Акылдын байлыгы–билим.

* * *

Багар–көрөрү жок ит–
Жолбун болот.
Багар–көрөрү жок кары–
Солгун болот.

* * *

Гозону баксаң–
Данеги чигит болот,
Алпечтесең–
Ымыркайың жетилип жигит болот.

* * *

Даанышман кеменгерлерге да, карөзгөй жек-сур мыкаачыларга да, томаяк кедейлерге да ак кызмат өтөгөн ЖОЛ менен КӨПҮРӨ–ыйык. Алардын бузулбашына АДАМ милдеткер.

* * *

Дарак кыйган эл болбойт,
Көчөт тиккен кем болбойт.

* * *

Даанышман–кеменгерлер сүйлөгөн сөздөрүнөн эле өздөрүнүн даанышмандыгын сездирип коюшат.

* * *

Бакпаса–
Мал–кой семирбейт.

* * *

Өзүн сыйлабаган өзүнүн абийирин өзү төгөт, өңгөлөрдү иренжитип, анан өзүн–өзү сөгөт.

* * *

Өмүр бою сага керек –

Абайлагын көзүңдү.
Элиңе пайдаң тиет–
Этияттагын өзүңдү.

* * *

Мээрими жоктун сүйүүсү жок,
Сүйүүсү жоктун күйүмү жок.

* * *

Кут даарыган жергемен –
Депутаттык мандат алып
ЭР чыкты ЭЛИМ деген.
Басса–турса ЭЛИН ойлоп,
Элинин КАМЫН жеген.

* * *

Көңүл ирээнжиткен сасык сөздү
Атаңа эмес, касыңа да айтпагын.
Ишиң бүтпөй калса–
Үйүңө кеч кайтпагын.

* * *

Көр тириликтин көзгө көрүнбөгөн көйгөйлөрүнө чарпылып жүрүп, өмүрүнүн күлгүн курагын бекерге өткөрүп жиберүү – өтө кейиштүү көрүнүш.

* * *

Күндүн чыгышын ар дайым изги тилек, аруу ниетиң менен утурлап тосуп алсаң, бири–бирине окшобогон ошо күнүң ары маңыздуу, анан да жемиштүү, кала берсе–унутулгус да болот.

* * *

Көрө албастыгың–пастыгың,
Бакылдыгың–кастыгың.

* * *

Көп окуса–пайда болот,
Билими тайкы–майда болот.

* * *

Өзүн кадыресе Адам деп эсептегендердин айрымдары өзүнүн жырткычтан да өткөн айбан экендигин сезишпейт.

* * *

Сенин айткан калпыңөзүңдүн колкоңдогу жара болорун аңдасаң, балдарыңды калптан оолак кыл.

* * *

Сөөлөтүң–дөөлөтүң. Теңирим ыроологон ошол сөөлөтүңдү башкалар үчүн да пайдалуу кыла алсаң, башыңа бак конот.

* * *

Сабыр кылып иштеген абийир табат,
Эсирген эр–уятка калат.

* * *

Эл каржалып турганда болбогон нерселерди шылтоолоп, залимдик кылып, аны кыйнаса, эртеби–кечпи өзү да эзилген элдин кейпин кийип, үй–бүлөөсү менен азап чегет; кетирген чекиликтерине бушайман болот.

* * *

Эмгекчил болсоң берекеге марыйсың,
Ыкшоолонсоң, жакырланып карыйсың.

* * *

Көңүлүң кирдесе да кирдесин, бирок жүрөгүң кирдебесин.

# ТОПУКЧУЛ БОЛ

Адам пендеси таң заардан туруп, даарат алып, арууланып, намазга жыгылып, Теңирден сурап–тилеп, күндөлүк көр тирилигине аттанат… Изги тилек менен Жаратkandан астейдил сурап–тилегендери итабар орундалып, ичинен сүйүнүп–кудуңдап Кудайга ыраазы болушат. Алар үй–бүлөсүндөгүлөрүнө, жакын санаалаштарына да, барга–жокко топук кылып, турмуштун жазылбаган мыйзамдарына кынтыксыз баш ийип, ЫЙМАНДЫ туу кылып, көтөрүп, топуктуу болууга үндөйт. Олжолуу болгон бул КҮН ыймандуу адамдардын өмүрүндөгү эң эле БАКТЫЛУУ да, унутулгус да болуп калары айдан ачык.

Адамдардын дагы бир даары көз ачып туруп, апыл–тапыл кийинип, ишине шашкан бойдон жөнөп кетет… Мындай сооп–сопкуттуу иштерден оолак жүрүп, КУДАЙГА сыйынып–сураганга мурчасы жоктордун айрымдары: Кудайга сыйынганда не, өлдүңбү, сөөгүң сөпөт болот… «Намаз окусаң пайдалуу, арууланып–тазалансаң, үйүңө береке–кут кирет» дегенинен улам намаздын жол–жоболорун өздөштүрүп, кырааты менен окууну үйрөнүп үч айдан ашыра окудум. Кудайдан астейдил сурап–тиледим, бирок шыйрак да жок деп сабыр кылып, барына топук кылууну каалабады, нааразылыгын жашырбады.

Минтип тилек–максатына оңой–олтоң жетем деп жеңил ойлогондор да болбой койбойт. Андайлар максат–тилегине жетмек түгүл, андайдын бетин салбасын, кырсык тооруп, орду толгус оор жоготууга кабылып жаткандарды өзүңүз деле көрүп да, угуп да жүрөсүз. Максатына жетпей тилеген таттуу үмүт–тилектери таш каап, көпкөндөр үчүн бул КҮН кан какшаткан каргашалуу КҮН болуп калат…

Андайлар тагдырга таарынып, баланчанын көзү ачык кетти, ойлочу, кырк жаш деген кырчын курак… дешип каңырыгы түтөп, кабыргасы

кайышып: «Карачы, тигиногу чиедей балдарын, алардын күнү не кечет?» деп Кудайга наалыгандары да аз эмес.

Ошол сен айткан КҮНДҮ«каргашалуу» кылган ким? Же ЖАРАТКАНДЫН өзүбү–ыя?!

Сенин жүрөгүңдү мыжыгып, ажалдын торуна чалынган маркум сапарга аттанып жатканда ага «Ак жол» каалап, арак–шарап ич» деп ким сунуштады эле? Антип эне–атасы да айтпайт–ко?!

Сапар, мейли, жакынбы, алыспы, айдоочу жакшылап эс алып, эч ким менен кер-мур айтышпай жаркын маанайда рулга отуруп, жол эрежелерин дайыма эске алса–Кудайдын КҮНҮ кимдир–бирөөлөр үчүн КАРГАШАЛУУ, а кимдир бирөөлөр үчүн БАКТЫЛУУ болбойт. КҮН баарыбыз үчүн бактылуу. Аны БАКТЫЛУУ кылган да, КАРГАШАЛУУ кылган да өзүбүз–ПЕНДЕЛЕР экендигибизди эстесек.

Барга–жокко да, азга–көпкө да ТОПУК кылалы, топукчул тоюнат.

* * *

Фактыларды иликтеп тактагыла,
Аздектеп бул эмгекти сактагыла.

* * *

Тамакты ысык ичем деп ичеги, карынды иритип–чиритип алуудан сак бол.

* * *

Атаандашыңдын каары келип, аюудай айкырып атса унчукпай коюу–акылмандуулук.

* * *

Барбалактап бакылга жакындаба, каралайт.

* * *

Чындык ачуу–аны айткандан сак бол.

* * *

Жамандык жасагандан сактан; билип же билбестиктен жасаган ЖАМАНДЫГЫҢ өмүр бою кашыктап жасаган ЖАКШЫЛЫГЫҢДЫ маскарапоздой кара шыбап көөлөп турганы турган.

# АЙЛЫК

*Байлык – үйүп койсоң чирип кеткен, чачып койсоң жер семирткен кык сыяктуу.*

**Вьетнам санжырасы.**

*Байлар да бармагын жалашат.*

**Вагаб–Бостон**

* * *

Адам тургай тилдердин да байы болот,
Эгиниңдин түшүм берчү айы болот.

* * *

Жайытың жайлуу болсо,
Малың майлуу болот.

* * *

Кедей–жармачтар жокчулуктун азабын тартып өлүмгө дуушар болушса, бай акелер байлыгынын азабынан каза болушат.

* * *

Байлар басмырлашат,
Кедейлер кастарлашат.

* * *

Багы ачылган бала –бай,
Суу көп жүргөн жер –сай.

* * *

Үнөмчүл киши бай болот,
Чалчык кечкен ылай болот.

* * *

Байлыгына чиренген мырзалар деле, бийлигине манчыркаган мыкчегерлер да көр тириликтин айынан ар кимден кордук–зомбулук көрүп, мүңкүрөгөн жарды–жалчылар деле адам. Көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөндө баарынын тең барар жери–мүрзө. Ошондон улам–бардар жашаган байлар улуу Рамазан айында кедей–томояктарды эстеп, орозо битир берип, алардын батасын алса, ажал алкымдап алып карайлап жантаслим болгондо ага тик багып, чын дүйнөгө дадил сапар тартып кетмек.

* * *

Калп айтпай соода кылса болот,
Ошентсе–капчыгы пулга толот.

* * *

Тирүүсүндө байдын көзү "Байлыктын баары меники"–дейт. Өлөөрүндө ал көпөс аргасыздан аялына айтат дейт. "Анын баары сеники"–деп.

* * *

Кедей да байлыкты эңсейт.

* * *

Уятты уруп ойнобой байыган бай–көпөс–ары жок, күлтүксүз бай.

* * *

Кара дөөдөй байлыгың кудум бакыл адамдын өзүндөй; мулуюп, бирде көңүлүңдү көтөрүмүш болот да, бир туруп өмүрүңө кооп туудуруп күм–жам кылат.

* * *

Акчаң көп болсо, акча чакырат.

* * *

Ар кимдин жарык берген шамы болот,
Бай–көпөстүн тынчытпаган камы болот.

* * *

Адам малды багат,
Малы элди багат.

* * *

Арифметикалык жөнөкөй сандар: 1,2,3... аз санды билдиргенине алымсынбаган ачкөз сугалак–суктар оголе көп. Эгер ошол эбегейсиз көптү самап байлыкты баарлагандар жүз, миң, миллион, миллиард, триллион сандары да жөнөкөй сандардан башталарын эске алышса, алар түк антип ойлошмок эмес.

# САГА АЙТАРЫМ, БАЛАМ!

Байлык–адамдын душманы. Ал байларды бирин–бирине кайрап эрегиштирет. Натыйжада «Бай байга, бай Кудайга жетем» дейт. Алар бири–бири менен эрегишип отуруп кудум бирөөсү экинчисинин ичине чок салгандай каршылашат. Адамдар муну билсе да билмексен болушуп, байлыкка умтулганы умтулган. Байыган соң, алардын ыйман–нысаптуусу да, кайраттуу–кайрымдуусу да, айкөл–алпейими да сыйкырланып калгансып зукум, сараң, ачкөзгө айланып калышат. Мындайлар башка бирөөлөр түгүл өз балдарына да кешик арттырышпайт. Мырзалардын байлыгына байлык кошулган сайын алардын көзүн май басып, ыйманын жеп, «беш өрдөгүн учурганга» өтүшөт.

Андай бай–көпөстөр түк бүткөн сайын калтырашып, азып–жазып томаяк–кедейлерге биртике жардам берип койчу болсо аңызга чыгарып айта беришет. Бирок бир чындыкты айтпаска болбос. Алар байлыкты жөн эле жерден сузуп алып жатышкан жери жок да. Ошол байлыкты акелер ар кандай шумпай–шумдуктарды аралаштырып, түн уйкусунан безишип таап жатышпайбы. Керек болсо бай дегендериң санаалаш жакын досу тургай, эне–атасын да мал–дүйнөгө айырбаштагандан кайра тартышпайт экен, катыгүн.

Акыл–эси жайында турган ар бир адамдын эң жакын адамы–анын эне–атасы болууга тийиш–го? Бирок ушуга да шек келтирген бай акелер бар экен, айланайын. Адамдын түкүрүгү жерге түшпөгөн кыштын кычыроон чилдесинде өзүн байлардын мыкчегери, эрлердин шери эсептеген бай–көпөстүн атасы каза болуп, анын тажиясына катышып калган жерим бар. Ой, балам, көзүң жамандыкты көрбөсүн, ылайым. Үч кабаттуу Бибихонум медресесиндей заңкайган үйгө«үй булганат» деген тейде топураган элдин бирин да киргизбей короодогу темир үстөлдөргө отургузуп,

шорпо тарттырды эле, калчылдап суукка чалынган эл тамагын да ичпей түкүрүнүп, кол шилтеп тарап кеткени эмнени баяндап туру–ыя?

Байлар кербезденип кийимдин кымбатын кийишип, автоунаалардын көз тайгылткан түрлөрүн минишип, кыйынсынышканы менен руханий жактан оголе жарды экенин аяп кетесиң кургурларды. Баарынан таңкалычтуусу–байкуштар бул жарыкта эмне үчүн, кандай максатта жашап жаткандарын да элес алышпайт көрүнөт. Оку десе октос берген байлардан эмненин жакшылыгы. Жадагалса, алардын арасында жөндөп арыз жазганды билбегендери да бар экен, кокуй. Анысын алар эрөөн–терөөн алышпайт. Анткени сокур тыйын берсе, «мен!» деген сабаттуулар заматта арызын жазып берээрин мырзалар жакшы түшүнүшөт.

Ошолордун кээ бирлери «үйдү булгайт» деген таризде чабалекейлердин уяларын буздуруп салганына не демекпиз? Ол–да оопасыз дүнүйө–ай!

Убал–сооптон коркпогон бай акелердин айрымдарынын катынпоз аталгандары да бар.

Бай өлбөйт бекен? Болор иш болуп, боёосу кангандан кийин маркумдун жесирлери байлык талашып соттошуп, ага да болбой чачташып, чиедей балдары чырылдашып...

– Мына, көрдүңбү, балам, билими тайкы, руханий жарды адамдар байлыкка жеткени менен ушундай ыплас, арты опурталдуу иштерди жасагандан кайра тартышпайт...

Азгырылбас адам болбос. Жазатайып сен дагы байлыкка бетиңен түшүп, көздөгөнүңө жетсең, ыйман деген ыйыкты Мекениңдин Желегиндей желбиретип, байлыгыңды элиңе чач, балам!

Көпчүлүктүн көңүлү менен көзүн тартып турган байлык колдун кири. Колуңда байлыгың барда билимдүү, акыл–эстүү, шык–жөндөмдүү жаштарды колдой–гөр, каралдым. Колдо барын элиңе арна. Керсейип сылаңкороздонбо. Байлыгың барда досторуң түгүл «туугандарың» да көбөйөт. Ага

манчыркаба. Колуңан байлыгың кеткенде сенин эч кимге керегиң жоктугун унутпа! Чыныгы АДАМ болом десең, арам иштерден алыс бол да, ТАЗА бол!

* * *

Байлыгың–бакыт эмес,
Таштын баары жакут эмес.

* * *

Бетиңдеги кара чекит кал болот,
Торпогуң торолсо–
Айран –сүттүү мал болот.

* * *

Байларды бай кылып кармап турган сапаттары: сараңдык менен ачкөздүк, ташбоордук менен катаалдык.

* * *

Байлык топуктуу адамды да азгырып жолдон чыгарат.

* * *

Байлыгы быкпырдай кайнап, бирок акыл–эси жетишсиз болсо, байдын шорунун кайнаганы кайнаган.

* * *

Карыз алганда көктөн издегенин жерден тапкандан бетер кудуңдап, өзүн чексиз бактылуу сезип… алганын кайтарарда көзүнүн жашын он талаа кылып өрөпкүп–өксүп Жараткандан наразы болгон адамдын кандайлыгын өзүңүз айтыңызчы?

* * *

Жуунуп таранбасаң–
Кирдейсиң да биттейсиң,
Капчыгың калыңдаса–
Ээсин капкан иттейсиң.

* * *

Байыгысы келген кемпай ден соолугун сатам деп айласын таппай жүрөт дейт.

* * *

Байды коркутсаң, кур чыкпайсың, кедейди өлтүрөм десең да майнапсыз.

* * *

Кедей байга кошуна эмес.

* * *

Акылы бар элдин жакыры бар.

* * *

Кайда барба,байга суудай акканын.
Кедей-уудай тамганын көрөсүң.

* * *

Уурдалган уйдун баркы жок.

* * *

Байлыктын көбү бактыңды байлайт.

* * *

Байлык сени кубанычка бөлөп гана тим болбой, кайгы–капага да батырып, көз жашыңды төктүрөт.

* * *

Кашыктап жыйнаган байлыгың сенин кулуң болсо, ооматтуу байсың. Эгер ошол байлыгыңдын кулу болсоң–бул сенин кайгы–капаң.

* * *

Акча күчүңө–күч, кайратыңа–кайрат кошот.

* * *

Акчаң–ар–намысың, үмүт–тилегиң, сыйынар сыймыгың.

* * *

Акча–тоонун аселиндей ширин.

* * *

Миллондогон акчаны түшүмдө көрсөм да арманым болбос эле.

* * *

Акча атаңдан барктуу.

* * *

Акчаң болсо, той да, майрам да көп.

* * *

Акча болсо–чакча болот.

* * *

Акчасы жок кор болот,
Бешенеси жууса кеткис шор болот.

* * *

Камбыл болсоң–курсагың ток, үйүң жарык,
Бакпасаң–малың түгүл жериң арык.

* * *

Эл байлыгы–түмөн,
Түркөйдүн келечеги күмөн.

* * *

Баюуну бардыгы эле самайт,
Мыйзам бузсаң–камайт.

* * *

Үнөмчүлдүн үрөйүн учурган душманы–ЫСЫРАПКОРЧУЛУК.

* * *

Үнөмчүл–сараң болот,
Сараң – үнөмчүл болот.

* * *

Жорулуу жердин тарпы болбойт,
Жакыр элдин баркы болбойт.

* * *

Байлык бактыңды байлайт.

* * *

–Байыганды каалабаган кандай немесиң ыя?

–Миллионер болуп байып, башыма балакетти үйүп не? Менин жашагым келет...

* * *

Карыз уйкуңду качырат.

* * *

Байларда баары: байлык да, душман да, кайгы–капа да көп болот.

* * *

Байлар байлыгынын азабын көп тартышат.

* * *

Акчанын көбү уйкуңду качырат.

* * *

Акчасы аздын түйшүгү аз.

* * *

Жокчулук–күлкү сүйбөйт.

* * *

Тыйын олчойгон сомдордун анабашы.

* * *

Байдын күлкүсү да кесирлүү.

* * *

Камбыл болгон муктаж болбойт.

* * *

Иши жүрүшкөндүн корозу тууйт, иши жүрүшпөгөндүн мекияны да короз сымал кыйкырат.

* * *

Мака–койго,
Кой–тойго.

* * *

Наны бардын ары бар.

* * *

Ымыркай болсо бешик табылат,
Мал болсо—аркан табылат.

* * *

Уйлардын баары бирдей шартта багылса да сүтүнүн аз–көптүгү да, майлуулугу да ар башка.

* * *

Элдин мүлкүнө тийбегенин–
Жылтырак чөпүрөк кийбегенин.

* * *

Байлыкка бет–отуң менен киришип алгандан кийин ыйык туткан ыйманыңдан ажырап, достук менен тууганДыктан кол үзөрүңдү ойлон.

* * *

Долларымды* отуз миңдей
Шылуундарга алдырдым.
Сөзүн укпай жандай көргөн түгөйүмдүн
Эс–учунан тургус кылып тандырдым.

* * *

Пулуң–кулуң.

* * *

Ак менин досум–
Көп болсо–душманым.

* * *

Пулдун кулу болгонуң–кооптуу,
Пулдун ээси болгонуң жооптуу.

* * *

Байлыкка болгон сүйүү–түбөлүктүү.

* * *

Өлүмдөн өлө коркуп, байлыгына жашынган байларды ажал батыл табаарын байлардын элес албагандары кандай кейиштүү?

* * *

Жертөлө болсо да үйүм бар. Көңүлүмдү шат кылып, улагада жадырап– жайнап, мээримин төгүп турган байбичем, эне–атам деп эбедейи эзилген элпек уул–кызым бар. Менин Ала–Тоодой байлыгым да, бакыт–таалайым да ушулар.

* * *

О, байлык! Курусун сенин шумдугуң!
«Байытам» деп ачкөздөрдү азгырасың,
Жетээринде желдей учуп,
Кедейлерин жазгырасың.

* * *

Акчаң болбосо–ый, көп болсо–чо–оң ый.

* * *

Байлыгың мал–дүнүйөң адамдагы асыл сапаттарды кароосуз эгинди мал жегендей эле мойсоп коёт тура.

* * *

Байыгың келеби–мал бак,
Үйүңдө ар дайым–ак.

* * *

Байлыкты сузуп болбойт,
Мамилени үзүп болбойт.

* * *

Жакшы акын жаман ыр жазбайт,
Кен чыкпаса–
Бекерге жерди казбайт.

* * *

Дилиңер таза болсо,
Кампаңар данга толот.

* * *

Дыйкан эртелеп эгин себет,
Семирсе– жаман ат ээсин тебет.

* * *

Байлык – бакытка алып баруучу каражат; бактынын булагы–лаззат. Ошондон жаралгандын өзү–АДАМЗАТ.

* * *

Жашоодо байлардын арманы жок,
Арабасын түрткөнгө кедейдин дарманы жок.

* * *

Жакшы адамдын балы бар,
Короо толо малы бар.

* * *

Жерге бербей алам деген – келжиректик.

* * *

Ишкерге барсаң–
Сүйлөшкөнгө чолоосу жок, иши кайнайт.
Иштен кийин баш баксаң–
Кербездене кийинип бий сыңары
Коногу менен май чайнайт.

* * *

Ишкер адам жумурткадан жөжө чыгарып, тоок кылса–жумуртка; кой–эчки айдап уй бакса–чүйгүн эт менен айран–сүт; топоз менен жылкы бакса–байлык.

* * *

Жер азыгың көп болсо–жерге төгүш.
Байлыгың көп болсо–элге бөлүш.

* * *

Алдамчылык менен тапкан байлыктын арты такыр, Мээнет менен тапкан байлык татыр.

* * *

Карыз берсең, кашайып тезирээк өнбөйт,
Ач курсак аласаны бер дейт.

* * *

Акча алган бир көөсөр кепке көнбөйт.

* * *

Күн нуру жер бетине тегиз тийбейт,
Торпогун эмизбесе, уюң ийбейт.

* * *

Мал асыраган байыйт,
Бала асыраган марыйт.

* * *

Мал баккан май жеп кекирет,
Ууру чоочуп, чок баскандай секирет.

* * *

Мал баккандын агы болот,
Мактай турган жагы болот.

* * *

Мактоо сөздүн артынан куугандар–байлыгынан ажырап куржалак каларын ойлогону оң.

* * *

Муктаждыктан улам уурулук кылганга караганда баюу максатында уурулуук жасагандар коркунучтуу.

* * *

Перзентиңиз көңүлү кушубак, мүнөзү шайыр, ден соолугу чың болуусун кааласаңыз, таң эрте заардан аны чуркатып көндүрсөңүз, кара жумуш жасатып тердетсеңиз–өзүңүздү да, балаңызды да эринчээктиктен арылткан болосуз. Турмушта мындан да өткөн жыргал болобу?

* * *

Сенин жасаган мамилеңе жараша Жер–Эне
сага канча берерин билет.

* * *

Сүт берет кунажындай апакемдин эчкиси.
Укмуш экен элеттиктин иштеринин кечкиси.

* * *

Ыгы келсе, чачпа, жыйна, сарамжал бол,
Жиниң келсе азыткыга азгырылба, жай бол.

* * *

Эчки тууса–эгизи көп,
Чочко тууса–сегизи көп.

* * *

Эгиз эчкиң пул болду,
Жумушу жок кул болду.

* * *

Кедей акылдуу боло туруп жакырланганын жөнү бар; ал байкуш байларга окшоп жанын жеп жалган айткандан коркот. Куйтуланып арын да сатпайт. Байлар акчага азгырылып, арын коюп аялын саткандан да кайра тартпайт.

* * *

Байлыктын баары байда болот,
Чайкап сатсаң–пайда болот.

* * *

Байлык муназага келбеген ар кандай катаал кишилерди да жолдон чыгарып, оп–оңой эле багындырып алууга жөндөмдүү экендигин унутпоого тийишпиз.

* * *

Бийликке байлыктын күчү менен гана эмес, акыл–эстин, кадыр–барктын, шык–жөндөм менен агаин–туугандардын күчү менен да келишет.

* * *

Бийликтин ынтымагы–эл тагдыры. Аны менен ойногонго болбойт, анткени тагдыр–тамаша эмес.

* * *

Элдин эркин майтара албайт,
Баа базарда ашкан менен.
Максатына жетпеси анык берендердин–
Байлыгы кайнап, ташкан менен.

* * *

Малдуу адам–алдуу адам.

* * *

Байды жүрүшүнөн, айкөлдү күлүшүнөн бил.

* * *

Байды эл багат,
Элди жер багат.

* * *

Сен эгер өзүңдү бай сезсең, сага кооп туудурган душмандарыңдын ичинен коркунучтуусу–бул сенин БАЙЛЫГЫҢ.

* * *

Төлдүн эгизи, жолдун тегизи жакшы.

* * *

Сараңды көптүргөн байлыгы,
Зиялинин* байлыгы–айлыгы.

* * *

Кедей отун алат,
Бай–катын алат.

* * *

Кедейдин байлыгы–отуну.

* * *

Акчанын эсебин тактабасаң жетпейт,
Аялыңды аздектесең–кетпейт.

* * *

Ары жоктун жери болбойт,
Бай катындын эри болбойт.

* * *

Жок дебей бар дегениң–
Байлыкка батканың.
Бар туруп жок дегениң–
Какырап чөлдөй катканың.

* * *

Байлык? Бул–сенин ДЕН СООЛУГУҢ, эне–атаң, тууган–туушкандарың, жаратылышы бейиштин төрүндөй болгон кооз МЕКЕНИҢ. Мындан өткөн да кайдагы байлык?

* * *

Байлык–телегейи тегиздикти жаратат; телегейи тегиз адам элден обочолонуп, адам катарынан чыгып калганын өзү да баркалбай калат.

# БАКЫТ

*Башкаларга бакыт издеген адам–*
*бакытка өзү дуушар болот.*

***Уильям Шекспир.***

*Бактылуу болууну эңсебегендер болбойт.*

***Вахаб–Бостон.***

Акылдуу болгонуң, Кудайдын сага кош колдоп ырыскы бергени деп бил; кулк–мүнөзүңдүн куп келгени, башыңа бак конгону деп бил.

* * *

Адам турмушка бактылуу өмүр сүрүү үчүн келет, бирок алардын бардыгы эле жашаганды билишпейт.

* * *

Айкөлдүк менен чынчылдык, кашкөйлүк менен чыдамкайлык– адам бактысына ортоктош.

* * *

Адамды баатыр кылган да, бактылуу кылган да, эр кылган да эл.

* * *

Адамдын өз бактысына өзү ээ болуусунда анын эрки менен эмгегинин салымы салмактуу экендигин тануугa болбойт.

* * *

Башкаларга бакыт тартуулаган адамдар дүйнөдөгү сейрек кездешүүчү бактылуулар.

* * *

Бактылуу болууну эңсегендерге бакыт өзү эле аларга барып калганын аңдабай калышат.

* * *

Бактылуу болуунун өзү бакыт.

* * *

Бактылуунун жылдызы бар,
Баарынан жарык жанар.

* * *

Баары тең бактылуу болуусун ичи таза, акылы тунук, айкөл адам гана каалайт.

* * *

Багы ачылар баланы бакыт баарлайт.

* * *

Бала бактысы–анын эне–атасы. Эне–атанын бактысы–уул–кыздары менен небере–чөбүрөлөрү.

* * *

Бакытты издегендей ал буюм эмес, аны белекке бергенге да, алганга да болбойт.

* * *

Зуулдатып машина айдагандардын баары эле бактылуу эмес.

* * *

Сапарда жүрсөң да үй–бүлөңдү, элиңди ойлоп, бейпилдигин тиле. Белек–бечкек сатып алып, аларга кубаныч тартуулоодон өткөн ырахат болобу?

* * *

Кызынын күйөөдөн жолдуу болгону–кыздын гана эмес, эне–атасынын да бактысы.

* * *

Көкүрөгүндө сүйүүсү уюп жаткан адам–бактылуу.

* * *

Убакыт–өмүр. Убакытты сарамжалдуу пайдаланган генийди көрүү бактысына туш болуу–эбегейсиз чоң бакыт.

* * *

Жалгыздык– чоң бактысыздык.

* * *

Акчасыз бакыт–кур кыял.

* * *

Оорубай жүргөнүң–бактылуу өмүр сүргөнүң.

* * *

Акча аралашпаган бакыт болбойт.

* * *

Бакыт аттуу балдардын бардыгы эле бактылуу эмес.

* * *

Төгөрөгү төп келишкен адам–бактылуу.

* * *

Турмуштун түйүндөрүн чече билген адам зээндүү да, бактылуу да.

* * *

Эмгек жамааттын баары тең бактылуу болуусун ичи таза, акылы тунук, айкөл адам гана каалайт.

* * *

Үйлөнүп, бактылуу болом десең–түгөй болчу кыздын боюн эмес, оюн сура.

* * *

Маңдай териң менен жараткан бактың гана түбөлүктүү болорун унутпаганың утук.

* * *

Элге берип, ырыс–кешик тартуулап, элин ыраазы кылган адам–бактылуулардын бактылуусу.

* * *

Ар дайым өзүн өстүрүп, айтчу сөзүн ойлоп сүйлөгөн, калыстык менен туруктуулукту пир туткан адам өзүн, үй–бүлөсүн гана ойлобостон, башкаларды да ойлоп бактылуу кылууга далаалаттанган адам–сырттан адам.

* * *

Жасалган жумуштан майнап чыкканда гана адамга кубаныч тартуулайт.

* * *

Эгер сенин денсоолугуң чың болсо–байсың. Денсоолугуң да, байлыгың да болсо–бардар–бакубатсың. Эгер башкаларды да алга сүрөп, бардар–бакубат кылсаң–БАКТЫЛУУСУҢ.

* * *

Эгер сен өмүрүңдө элиң эскерип суктангандай бир гана эмгек жарата алсаң–бактылуусуң.

* * *

БАКЫТ менен ЭМГЕК
Эгиз бир тууган,
Элимди жакырлантып
Ар кимге жалдыраткан
Жалкоо менен ырысы жок КАЛПЫЧЫНЫ
Ким жараткан, ким тууган?

* * *

Бакыт? Бул сенин эсен–соо жүргөнүң, жадырап–жайнап күлгөнүң, жан жыргаткан жагымдуу сөз укканың, гөз кычыгын кандырган жаратылыштын ченде жок кооздугун көргөнүң.

* * *

Генийге кызмат кылып, анын жүрөк толкуткан сөзүнө итабар* кубанып алигаче унута албагандыгым–БАКЫТ!

# БИЛИМ, ИЛИМ

*Дененин рахаты–ден соолук,*
*акылдын рахаты – билимдүүлүк.*

***Фалес Грек, философу.***

*Акылдуу – көп, накылдуу – аз.*

***Вахаб–Бостон.***

* * *

Мыктынын мыктысы деген чыгармаң калыс бааланбаса–кейибе, бирок, элиң «Нобель» сыйлыгын албаган гений» деген баасын алышың анык.

* * *

Фольклор–кыргыз адабиятына жылаажындай кубулжуп, дене–боюңду балкыткан мукамдуу обон болуп кызмат өтөй берет.

* * *

Турмуш–океан, билим–кеме.Билимге каныккан адам океандан жай өткөн кеме сымал.

* * *

Билимдин эски, жаңысы болбойт; экөөнүн нуру тең күн сымал сага бирдей тийип, ар кандай шартта сени кыйынчылыктан куткара аларына бөркүндөй ишене бер.

* * *

Көөнө тарыхыбыз күбө болгондой тээ алмустактан бери адамдардын жарыгы адамга тийип жатканы айныгыс чындык.

Бул салтты улантуу–бүгүнкү күндүн кечиктирилгис милдети.

* * *

Манас эпосу–кыргыз поэзиясынын анабашы.

* * *

Көп окуса –пайда.
Билими тайкы–майда.

* * *

Билими тайкы бийликке келсе–элин урууга бөлөт.

Эл бөлүнсө оңобу – өлөт.

* * *

Залкарды жараткан зар заман,
Зулумду жараткан сур заман.

* * *

Жазуучу–руханий байлык жаратып, элине тартуулаган ыйманы ысык ИНСАН.

* * *

Жакшы китеп акылга акыл кошкон мөлтүр булак.

* * *

Математика–бул жашоонун ачкычы.

* * *

Мектепти көркүнө чыгарган – балдар,
Өлкөнү көркүнө чыгарган – залкар.

* * *

Пара жыттанган билимден түңүл.

* * *

Окуучуларын мугалим өз перзенттеринен кем көрбөй окутканда гана каалагандай натыйжаларга жетиши анык.

* * *

Адамтаануу–башка илимдерге караганда алда–канча татаалдыгын моюнга алышыбыз керек.

* * *

Сын–кумдан алтынын калпып алгандай эле адабияттын данын пыр–сырлардан ылгап, авторлорго туура жол көрсөткөн кеңешчиси.

* * *

Сырткы формасы назария боюнча ийине келтире шөкөттөлүп жазылган ырдын жасалма гүлдөн айырмасы кайсы?

* * *

Ким болгондугуна карабастан адам өзүнүн маңдай теринен жаралган көөнөрбөс эмгеги аркылуу гана бааланарын элес албаган бечара жазуучу өзүнүн жазуучулугун ара тастыктаганы кандай кейиштүү.

* * *

Аска–зоо көркү – аркар,
Кеменгер–көркү залкар.

* * *

Асыл китеп–сенин жашооңдогу компас.

* * *

Аз сөзгө көп ойду батыра алган адам–чыныгы ТАЛАНТ.

* * *

Алтын өзүн–өзү тазалайт.

* * *

Турмуш акылмандын акылын тескеп, акылына–акыл кошот.

* * *

Алабарман достон, акылдуу китеп артык.

* * *

Жакшы китеп жазганың –
Алтын кенин казганың.

* * *

Көрөсөн эмгек окуганың–даанышман менен сырдашканың.

* * *

Не деген керемет бул элдик жомоктор?! Алар кудум ички дүйнөңдү аңтарып салган жандуу поэзия!

* * *

Китеп–ички сезимиңди уйгу–туйгу кылып төңкөрүш жасап, аруу тилегиңди жүзөгө ашырчу баа жеткис байлык.

* * *

Энесиз гений болбойт,
Генийсиз эл эстүү болбойт.

* * *

Генийдин жаралганы–эл бактысы.

* * *

«Эч качан жаңылбайм» деген даанышмандар да жаңылып–жазышат. Кемчилигин сезип, оңдогондору–кеменгер.

* * *

Өзүң билимге каныкпай туруп, башкаларды билимдүү кылам дегениң–куру кыял.

* * *

Сайраган куштун баары эле булбул эмес,
Ыр жазгандын баары эле Алыкул, Пушкин эмес.

* * *

Билимдүү болсоң билерсиң бакыт кушу конгонун,
Билдиң бекен билимсиздин жай чилдеси тоңгонун?

* * *

Билими күчтүү атаандашын мыш кылат.

* * *

Ыйыктардын ыйыгы–КИТЕПТЕР: алар: Кудайдын ыйык китеби–Куран, Мухаммед с. а. в. Пайгамбарыбыздын хадистери, Кабуснааме, энциклопедиялар, ар түркүн сөздүктөр, жабыркаган жан

дүйнөндү жандандырган жазуучу–акындардын көрөсөн (шедевр) эмгектери.

Ошол ыйыктарга атаандашуудан ийменип, шек келтирүүдөн сактанганың–даанышман–кемен-гер-лигиң.

* * *

Жакшы автор болуш–экмет.

* * *

Жазып жатып кыйнабасаң жаныңды,
Ким окумак эптеп жазган аныңды?

* * *

Бууктурган караңгыда жарык канчалык зарыл болсо, адамдын жашоо турмушунда БИЛИМДИН зарылдыгы андан кем болбойт.

* * *

Эсепке алгыч «статистика» илимден өткөн билимдүү эл да, алым да жок.

* * *

Мугалимдин өзүнүн сапаттуу билими болбой, окуучунун билим сапатын көтөрөм дегени куру кыял.

* * *

Китепкана–менин экинчи үйүм, аны биринчи үйүмө айландырып алуунун айласын таппай жүрөм.

* * *

Мени тамшантып, таңданткан китептин авто-рун атамдан да жакшы көрөрүмдү жашырбайм.

* * *

Адамды жаман жорук–жосундардан арылтып, анын акылына–акыл кошуп АДАМ болуусуна салым кошкон чыгарма–бардык чыгармалардын ана башы.

* * *

Достошсоң китеп менен,
Кейибейт, какпайт,
АДАМ кылат.
Барктабасаң бал китепти –
Өзөгүң өрттөп өкүндүрөт.

* * *

Билимдүү билиминен билинет,
Наадан билбестигинен кылтакка илинет.

* * *

Жоолашкан жоону билеги да, билими да күчтүү эр жеңет.

* * *

Билимге каныкпаган элчи башка өлкөдө адашып жүргөн мусапыр карыпты элестетет.

* * *

Китепкана акыл–эс каанасы.

* * *

Сынчы–бирөөнүн эмгегин сындап, көр оокатын өткөргөн көз карандысыз жазмакер.

* * *

Окурмандарда талаш–тартыш жаратпаган чыгарма–ара төрөлгөн баладай.

* * *

Окуганың – өзүңө пайда,
Окубасаң кайдагы пайда?!

* * *

Билимдүү болсоң–тереңсиң,
Билимсиз болсоң–кереңсиң.

* * *

Өлкөнүн мекенчил атуулдарын тарбиялоо даргөйүндө жүргөн айкөл адамдар–мугалимдер.

* * *

Адамдын алган билими турмушта колдоо таап, ордун тапканда гана «Билим сапаты» статусуна ээ болот.

* * *

Ар ким ээлеген кызмат абалына карабай, өзүн–өзү дарыгер болууга тийиш.

* * *

Жакшы нурун чачат,
Ачкөздөн–ырыскы качат.

* * *

Аз–аздап окуганың–акылга жем салганың,
Окубай калганың–тамакка тузду кем салганың.

* * *

Аз сандуу улут билимге умтулбай, патриоттук сезимин мокотуп, тилин да, дилин да унутса, андай улуттун келечеги жок.

* * *

Адамга тамак–аш канчалык зарыл болсо, руханий байлык да ошончолук керек. Ансыз өлкөнүн келечегин элестетүүгө мүмкүн эмес.

* * *

Акылдуу адам–акылдын оргуштаган булагы. Андай адам менен бир чай кайнам баарлашсаң–жакшы китеп окугандай делебең козголуп жеңилдене түшөсүң.

* * *

Адамдын жасаган эмгектеринен, кагазда жазып калтырган сөздөрүнөн анын кандай инсан экендигинен акыл калчап жаземдебей билип алууга болот.

* * *

Адамгерчилик–адамдагы асыл сапат. Ал адамдын мээримдүүлүгү да, акыл–эстүүлүгү да, жөнөкөй кайрымдуулугу да, көөнөрбөс билимдүүлүгү да.

* * *

Адамдын коркоктугу–анын билимсиздигинен.

* * *

Билимиң күчтүү болсо, тагдыр сени таарынтууга алсыздык кылат, некин билимиң жетишсиз болсо, кодулаганы–кодулаган.

* * *

Билимсиз адам көзү туруп көрбөгөн сокурга окшош.

* * *

Билимдүү болсоң бийиксиң.

* * *

Билимдүүлүгүң–терендигиң,
Өзүмчүлдүгүң–керендигиң.

* * *

Билимдүүлүк–адамды улуу кылат,
Адептүүлүк адамды сулуу кылат.

* * *

Билимдүүлүгүң– күчтүүлүгүң
Ал оздурат!
Ыкшоолонгонуң–алсыздыгың,
Бул–тоздурат.

* * *

Билимдүүнүн жарыгы эли менен өзүнө,
Билимсиздин өз убалы өзүнө.

* * *

Билимдүүнүн жарыгы миңге керек,
Бай–көөдөктүн байлыгы кимге керек?

* * *

Балдар адабиятына камкордук–балдарга көрүлгөн камкордуктун КҮЗГҮСҮ.

* * *

Акылдуу адамдар сабырдуу болушат.

* * *

Баланын жакшысы акыл сөз топтойт.

* * *

Макал–лакаптар менчик эмес.

* * *

Макал–лакаптардын ээси–эл.

* * *

Макалды тамшантып, көркүнө чыгарган анын тереӊ мааниси.

* * *

Китеп менен достошкондордун баары эле анын үзүрүн көрө албайт.

* * *

Сөздөрдүн баары эле макал болбойт.

* * *

Кийимдин жаңысы, китептин эскиси жакшы.

* * *

Окубаган башты дат басат.

* * *

Акылдуу болгону менен майнап жок.

* * *

Жазуучунун өзү картайганы менен жазгандары–жап–жаш бойдон.

* * *

Изденбеген чыгармачыл инсан таягын жоготкон көзү азиз адамдай.

* * *

Макал деп аталгандын баары эле макал эмес.

* * *

Айтылып турса–макал,
Айтылбаса–бакал.

* * *

Жазгандын баары акын эмес,
Жан дүйнөсү жакын эмес.

* * *

Акындын ыр дүйнөсү–сыр дүйнөсү.

* * *

Кара өзгөй бакылдар макалдан да өөн табышат.

* * *

Айлансаң аз адамдын АКЫЛЫНАН,
Адамзатты тамшандырып жараткан УКМУШТАРДЫ.

* * *

Калемгерлер өлкөбүздүн каймагы,
Гүлдөй берсин Ата–Журттун аймагы.

* * *

Туз, картөшкө, дагы эт тамакты даамдуу кылат,
Жакшы жомок баланы баамдуу кылат.

* * *

Ар элдин макалы болот,
Макал айткан чалдардын сакалы болот.

* * *

Сезимдүүсү баланын негизгисин илип алат,
Ошентип ал–көп нерсени билип алат.

* * *

Китеп–акыл азыгы,өмүрүңдүн шам чырагы.

* * *

Даанышмандык тагдырды багынтат.

* * *

Даанышмандык ар кимдин энчисине туш келе берчү байгелүү оюн эмес.

* * *

Акылмандардын башы бир казанда кайнабайт.

* * *

Кенди казган билет, илимди жазган билет.

* * *

Акылмандар да адашат.

* * *

Билбеген адам сүйлөгөндө ал жалгыз өзү адашпай, аны уккан ондогон адамдарды да адашууга мажбурлайт.

* * *

Китептин жакшысы акыл үйрөтөт,
Жаманы–жалган сүйлөтөт.

* * *

Жакшы китеп жаратып, элине пайдасын тийгизген Теңиримдин алкышына арзып, бейишке барары анык. Ал эми начар китебин элге таңуулап

таратып, тозокто топурашып сурак берээрин элес албагандардын көбөйгөнү кейиштүү.

* * *

Жаман китеп–кооптуу душмандан да бетер.

* * *

Акылмандар акыл–эсинин артыкбашын максаттуу иштете албаса–сарсаанага батырып, жашоодон түңүлтөт.

* * *

Кооздолуп–шөкөттөлгөн китеп жакшы эмес, акылдуу китеп жакшы.

* * *

Окусам–оңуп калам,
Окубасам–
Аязда адашкандай–
Тоңуп калам.

* * *

Кыргыз адабиятына кооп туудурган мите–курт түштү. Бул алааматтан кутулуунун ыңгайлуу жолу–адабий сынды бутуна тургузуу.

* * *

Билимдин турмушта канчалык зарылдыгын чыныгы билимдүүлөр гана аныктай алышат.

* * *

Билим алууга кайдыгер кароого болбойт, анткени турмушта билим аба менен суу кандай зарыл болсо, ошондой эле керек экендигин унутпа

* * *

Билим чокуларына тайманбай умтул, анткени билим сенин жашоо тирилигиңдеги түгөнгүс кенч, көөнөрбөс байлык, ырыс–кешигиң.

* * *

Билим–белекке берип да, уурдап да, сатып да болбой турган түбөлүктүү байлык.

* * *

Басса–турса байларды кыйнаганы–алардын байлыгы. Байлыкты баалай билгенге акыл–эс, көөнөрбөс БИЛИМ талап кылынат. Билимсиз байлар көөдөктөнүп, тез эле байлыгынан куржалак калышканын өздөрү да баркалбай калышат.

* * *

Билим менен канчалык жакшы куралдансаң, жашооң ошончолук көңүлдүү болот.

* * *

Билим тынымсыз бийиктеп турбаса, өлкөнүн шору кайнаганы кайнаган.

* * *

Билимдүүлөр гана тайманбайт, эч нерседен коркпойт.

* * *

Бууктурган караңгыда жарык канчалык зарыл болсо, турмушта билим ошончолук керек.

* * *

Даанышмандык–бардык байлыктардын атасы.

* * *

Жакшы адам–жакының,
Жакшы китеп–акылың.

* * *

Жакшы кабар ээсин батыл табар,
Жаман кабар–уу сымал тамчып тамар.

* * *

Жакшы ойдун өзүңдөн чыкканы–тереңдигиң,
Кепке келбей керсейгениң–керендигиң.

* * *

Жакшы китепти жан жолдош туткан адам– жакшы адам болууга далаалаттанган асыл ИНСАН.

* * *

Илимий иш жаза баштаганың–
Илим кенин каза баштаганың.

* * *

Алысты ойлосоң – ой бак,
Курсакты ойлосоң – кой бак.

* * *

Кайраттуу китепке үңүлөт,
Эрки бош жашоодон түңүлөт.

* * *

Китеп окуганга моюн толгоп, качкандар– бейиштен качканга тете.

* * *

Колуна жолдомо берип, жаштарды турмушка аттандыруучу жай– унииверситет. Агайлары– алардын алтынга алмашкыс жакын адамдары.

* * *

Кайратынан кайтып, карыса да китеп досторунан кол үзө албагандар–согушта жарадар болуп, душмандан өч алмайын согуш майданынан кетпеген жоокерге окшойт.

* * *

Китепти аздектеп–аспиеттеген адам–сооптуу иштердин флагманы.

* * *

Сөз укпаганга–билим жукпайт.

* * *

Китептин зыяндуусу–уулуу жыландан да кооптуу.

* * *

Кеменгер адам кемибейт.

* * *

Китеп–бул аккумуляторго окшош. Алсызданып калган адамдын акылына кубат берип, күчтөнтүп турат.

* * *

Китеп–бул акыл–эстин ордосу.

* * *

Көз боңп, илимге калп айтып, коррупцияга батуу–өлкөнүн өнүгүү жолун бөгөп, муунтканга барабар.

* * *

Китеп руханий кенч экендиги менен материалдык байлыктан өйдө турат, анткени курсагың ток, үстүң бүтүн болгону менен, китепсиз руханий жактан жардылансаң, жапайы адамдын кейпин кийип калмаксың.

* * *

Кеменгер адамда адилеттик болбосо, анын кеменгерлиги кайсы?

* * *

Китеп жаратуу–олуялык. Олуя болуу–ар кимдин шыбагасына туш келе бербейт.

* * *

Келечекте уландар менен кыздарга айкын келечекти ачып берүүчү жаштардын жүрөгүнө жакын жай–билим очогу–университет.

* * *

Китепке баланын кызыгуусун ойготуу–бул мектептин иши деген ата–энелердин балдарын кандай тагдыр күтүп жатканын айтпай–ак коелучу.

* * *

Китепте мындай делген деп көшөрбөй, өзүңдүн билимиңе, акыл–эсиңе, турмуштук тажрыйбаңа таянып, тыянак чыгарганың ийги.

* * *

Китепке жанашсаң–
Акылың байыйт,
Түркөй адамга жанашсаң–
Эсиң оойт.

* * *

Китеп ички дүйнөңдү тазартып, көңүлүңдү көкөлөтүп, сага баа жеткис рухний байлык, өтөлгөлүү өмүр тартуулайт.

* * *

Китеп барактасаң–
Билимдин эшиги ачылат,
Билим алсаң–
Билимдин нуру чачылат.

* * *

Кулак уккандарды түшүнүш үчүн билим талап кылынат.

Китептердин тагдыры да адамдардыкына окшош; алар баалуулугуна карай үч топко бөлүнөт:

1) эң жакшы;
2) ортозаар;
3) начар;

**Биринчи тайпага** элге аба менен суудай эң пайдалуу, кызыктуу китептер кирет. Китеп ээси ириде аларды көзүнүн карегиндей кастарлап, этият мамиле жасайт. Ал мындай китептерди жакын санаалаштарына гана окууну сунуш кылат.

**Экинчи тайпага** идеялык мааниси да, автор бутага алган проблемалары да турмушта кадыресе боло жүргөн көнүмүш окуялар. Аларды жоготконго китеп ээси батына албайт, себеби аларга аз эмес акча короткону танууга болбойт.

**Үчүнчү тайпага** кунарсыз, «кырып алганга эти жок» «петик» тер. Ойлоп олтуруп аларга кеткен кайран гана каражат деп кейийсиң. Анан тобокелге салып, соодагерлерге бирдеңкелерин ороп сатуу үчүн арзан наркта өткөрүп ийгенге мажбур болушат, убал–сооптон коркпогондору аларды ажатканага иштетип ийгендери болбойт деп кепилдик берүү мүшкүл.

* * *

Материалдык жакырчылыкка караганда рухаоний жакырчылык дүйнөнү титиреткен чагылгандай өзүнүн масштабтуулугу менен кооптуу.

* * *

«Мектеп–«Билим очогу» деген сыймыктуу атты аркалаганда гана чыныгы мектеп болуп калат.

* * *

Мүдарис шакиртине акыл айтат,
Сасык сөздү бакыл айтат.

* * *

Накыл кеп–акыл кеп.

* * *

Окуйм деп мектепке барганың–
Караңгыда өзүңө чыйыр салганың,
Шапар тээп окубай калганың–
Карайлап караңгыда калганың.

* * *

Окуганың–максатка умтулганың,
Окубаганың–турмуштан утулганың.

* * *

Оку десе октос берип, бала кезде баркалбай тентек кылып, жаштык кезде шапар тээп шалактап билим албагандын өз убалы өзүнө, залакасы коомго тиерин ойлогону оң.

* * *

Ой бермети–балдын тазасындай; ою терең, акактай тунук. Окуган сайын билимдеги кенемтең толукталып, мээңе коргошундай уюйт, маанайың жаркып, көңүлүң да сергий түшөт.

* * *

Педагогиканын негиздери–Кудайдын ыйык китебинде; аны терең өздөштүрүп изилдеп, элге жайылтуу–ар бир мусулмандын ыйык парзы.

* * *

Руханий жактан жакырдануу–коом үчүн коркунучтуу.

* * *

Руханий жактан жакырланган адам– сокурга окшош; ал бирөөнүн кайгы–кубанычын көрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган болот.

* * *

Тарых–бул ЧЫНДЫКТЫ өлкөнүн ЖЕЛЕГИНДЕЙ желбиретип, өз билгенин бербеген көкжал. Ал чындыкты бурмалабай болгонду болгондой калыс чагылдырган СҮРӨТКЕР–НУСКООЧУ.

* * *

Турмуш–бул академия, эл–анын угуучулары.

* * *

Улуу адамдар гана көрөгөч болушат.

* * *

Үйдүн ажарын көркүнө чыгарып турган сансыз эмеректердин ичинен эң баалуусу КИТЕП экендигин моюнга алсак, калыстыктан тайыбайбыз.

* * *

Ыр менен музыка–илхамды козгоочу сыйкырдуу ачкыч.

* * *

Химия– бул адам баласынын жашоо турмушунун мыйзамы. Аны билбегениң–максатсыз өмүр сүрүү.

* * *

Өзүн китепкөй көрсөтөм деп китеп сатып алып, аны окубай катып койгон адам өзүнүн руханий душманы.

* * *

Сабатсыз балдар–коомдун колкосундагы айыккыс жара.

* * *

Билимиң күчтүү болсо–сыйланасың,
Тайкы болсо–кыйналасың.

* * *

Турмуш–бул чексиз күрөш; мектеп–уландар менен кыздарды акылы тунук, кыйынчылыктардан тайманбаган кайраттуу күрөшкер кылып тарбиялоого милдеттүү.

* * *

Адамдын ички дүйнөсүн агартып–тазартууда китептен өткөн күчтүү курал жок.

* * *

Адам баласын жакшылыкка багытточу негизги курал–илим, билим, өнөр.

* * *

Китеп (гезит–журнал) окубаган жапайы айбанга окшош; айырмасы–жырткыч өмүргө коop туудурса, наадан–түркөй жан дүйнөңө коop туудурат.

* * *

Ой–чээндеги эбегейсиз чоң курал.

* * *

Ар кандай илим амалий ишсиз курулай сөз.

* * *

Билимдүү адам терең, жай аккан дайрага окшош; ою терең, сүйлөгөн сөздөрү да орундуу, ары салмактуу.

* * *

Билимдин турмушта канчалык зарылдыгын чыныгы билимдүүлөр гана аныктай алышат.

* * *

Билимдүү болгонуң–<br>Илимдүү болгонуң.

* * *

Билимсиз адам көп алданат.

* * *

Эмгек менен алган билим–карытпайт,<br>Эптеп алган билим–жарытпайт.

* * *

Адамдар картаюдан жаа бою качышат. Мезгил келсе–жасалма жол менен жашаргандарды оңой эле багынтып алат.

* * *

Элдин мүдөөсүн, анын кызыкчылыгын көздөбөгөн эч кандай илим да, билим да, маданият–искусство да, дин да болууга мүмкүн эмес.

* * *

Атак–даңкы алыстабаган алым–<br>Илимдеги илмийген залим.

* * *

Даанышмандык–бардык байлыктардын атасы.

* * *

Китеп –энчиң,
Билим – кенчиң.

* * *

Китептин асылы–сенин жашооңдогу компас.

* * *

Сабатсыз адам–сапатсыз адам.

* * *

Адамды адам кылып калыптандырган–АДАБИЯТ.

* * *

Окурмандын Кудайы–китеп.

* * *

Эң эле кыйын көп кырдуу генийлер деле көрөр күнү, ичер суусу качан түгөнөрүн билишпейт.

* * *

Класска жаңыдан кирген мугалим–окуучуларына жомоктогу сыйкырчыдай туюлат.

* * *

Китепканачы–балдарына энелик мээримин төккөндөй эле китепти жанындай сүйүп, аяр мамиле кылган мээримдүү ИНСАН.

* * *

Эстеликке калтырган сүрөтүң–сенин КҮЗГҮҢ; сенин өмүр бою жасаган иштериңдеги оош–кыйыштарыңды акыл таразасынан өткөрүүгө үндөйт; сооптуу иштериң басымдуулук кылса–«Арты кайрымдуу болсун!» деп эрксизден көзгө жаш тегеренсе–өмүрүңдүн өтөлгөлүү өткөнү. Анын тескеринче көңүл иренжитип, ыплас иштериң

басымдуулук кылса–сүрөттөгү элесиң эмне болорун элестетип бак.

* * *

Чаласабат мугалим–чабал мугалим.

* * *

Көмүр кенин шахтёр казат,
Билим кенин–мугалим казат.

* * *

Мугалимдин сабагы жакшы,
Айкөлдүн кабагы жакшы.

* * *

Укукчу болсоң–калыс бол.
Арам иштен алыс бол.

* * *

Чыныгы акын ырына калп айтмак түгүл, кулдай иштеп берет.

* * *

Өз окуучуларына МЕКЕНГЕ сүйүү сезимин ойгото алган мугалим–бактылуу.

* * *

Эл–гений. Жазуучулар анын УРПАКТАРЫ.

* * *

Окуу куралдарынан башка китеби жок мугалимдин кандай адис экендигин саймедиреп отуруунун зарылдыгы деле жоктур?

* * *

Мугалим өлкөнүн КЕЛЕЧЕК ээлерин тарбиялап жаткандыгын жүрөктүн дал өзүнө түйүп алгандай билүүгө тийиш.

* * *

Ар тараптуу камкордукка бөлөнгөн мугалимдер – өлкөнүн жөлөп–таянган бийик тоосу.

* * *

Билим берүү мекемелеринде чыныгы билимдүүлөр гана коркпой иштей алышат.

* * *

Билим саяпкери–мугалим.

* * *

Жакшы мугалим–
Жакшылыктын үрөнүн себет,
Чабал мугалим–
Ыкшоолонуп ырыскысын тебет.

* * *

Мугалим–кум арасынан алтынын калпып, илимге ачкыч жасап, шакирттерине белек деп берген улуу Инсан.

* * *

Карапайым, адеп–ахлактуу жүрүм–турумга эгедер мугалим балдарга мээримин төгүп, коркутуп–үркүтпөй жылуу–жумшак сөзү менен таалим–тарбия берсе, ал–чыныгы устат тарбиячы.

* * *

Мугалим–башкалардан өзүнүн терең билими, жогорку адеп–ахлагы менен айырмаланган, турмуштук тажрыйбага бай, балдарды жанындай сүйгөн айкөл адам.

* * *

Мугалимге өзүнүн кесибин мыкты билүү жетишсиз; аны Теңир берген чебер–чечендик шыгы болмоюн аны мыкты мугалим деп атоого мүмкүн эмес.

* * *

Сүрөтчүлөрдүн чыгармаларын мугалим окуучуларына түшүнө билүүгө үйрөтпөсө, келечектин ээлери коолдукту түшүнбөгөн чогоол*, жапайы болушпайт деп кепилдик берүү кыйын.

* * *

Окугандан эринген мугалим– өзүнүн аскердик бөлүгүнөн адашып, башка бөлүккө түшүп калган жоокердей.

* * *

Сабак–бул мугалимдин педагогикалык чыгармасы.

* * *

Жакшылыктын үрөнүн сепкен дыйкан– МУГАЛИМ.

* * *

Тынымсыз окуп, өз билимин өркүндөтүп турбаса, андай мугалимдин начар окуучудан айырмасы кайсы?

* * *

Бата алган айыгат,<br>
Ак данек өнүп жаңырат.

* * *

Дарыгер Кудай колдогон алтын колдуу асыл адам; ал адам дениндеги жан сыздаткан ооруну изилдеп–таап, айыктырган улуу Инсан.

* * *

Дарыгер адам денесинин зирек да, сергек да сакчысы.

* * *

Дарыгердин кесиби жароокер айымдай; изденип иштебеген дарыгер аялын сүйүп аздектей албаган мээримсиз атадай.

* * *

Жаш адис иштеп жүрүп такшалат, Сабыр кылса– маянаны жакшы алат.

* * *

Жакшы акын жаман ырды жазбайт,
Кен чыкпаса, кенчилер жерди казбайт.

* * *

Жакырчылык менен кедейлик, жалкоолук менен ыкшоолук бири–бирине дос, жолдош, бир трууган.

* * *

Жазуучунун жараткан эмгектери анын артында калтырган дүйүм багы.

* * *

Жазуучу–тозоку адам. Ага берилген жандын жыргалынан кууралы көп; жазат, окуйт анан сызат. Кайрадан көчүрөт, дагы окуйт, оңдойт, анан көчүрөт, кайрадан сызып, дагы жазат...

* * *

Жакшыга жанашып кошулганың–утканың.

* * *

Калп айтканың–
Ыйманыңды жутканың.

* * *

Ишкер–үй бүлөнүн өчпөс шам–чырагы.

* * *

Ишкерлер–жакырчылык менен кедейчиликтин дарыгерлери.

* * *

Илдет чалган алсыз адамдардын өмүрүн сакташ үчүн жан үрөп күрөшкөн дарыгерден ооруканааны эрте–кеч акмалаган Ажал да айбыгат.

* * *

Оорулуулар үчүн дарыгер–Кудай, ал эми мээрбан эже анын колдоочусу болуп туюлуп, үмүт байлашса–аларыңдын көңүл оорутуп, жүрөк сыздаткан оройлугу, кишини түңүлткөн түркөйлүгү ооруга кошул–ташыл болуп ырбатып, о дүйнө сапар тарттырып кетиргени кандай кейиштүү.

* * *

Сабатсыз окуучулар кайдан чыгат? деген суроого алыстан жооп издөөнүн кереги жок; алар ошол эле мектептердеги чала сабат мугалимдердин чийки мөмө–жемиши.

* * *

Чала сабат мугалимдер коом үчүн кооптуу; алар өздөрү жакшы билбеген нерселерди окуучуларына балп эттире айтып ийишип, өлкөгө жалаң «мунжу» – маңкурттарды даярдап чыгарышат.

* * *

Чыныгы дарыгер–врач–аркалаган азаптуу да, сыймыктуу да кесибин аздектеген мээримдүү, ары боорукер адам болот.

* * *

Эмгек акысын кызматкер албай туруп, анын макулдугусуз маянасына кимде–ким суук колун салса, кызматкерлердин бала–бакырасынын ырыскысын кыйган болот. Мындайлардын күнөөсү кечиримсиз.

* * *

Сабак– бул мугалимдин жүзүн көрсөтүүчү акыл эмгеги; ошондуктан ал оригиналдуу болгону кажет. Ошондо сабак окуучулар үчүн гана эмес, мугалимдин өзүүчүн да пайдалуу, ары кызыктуу болуп эле калбастан аны жаңы –жаңы ийгиликтерди жаратууга шыктандырары туурулуу иш.

* * *

Жаратылыш–береке–кут даарыган ырыс–кешиктүү мээрбан эне.

* * *

Бизди курчап турган айланадагы коздук–Теңирдин пенделерине берген белеги. Аны бүлүндүргөнүң–өз үйүңдү өзүң өрттөгөнүң.

* * *

Адамдын каары, жыландын заары жаман.

* * *

Жаратылышты жабыркатып койгонубузду баркалбайбыз да, анын аңосуз кырсыгына удаасы менен эки жолу кабылсак, оозубуздан келмебиз түшүп, капа болуп, кайгырып* отуруп калабыз.

* * *

Жаратылышты эне–атаңды сүйгөндөй сүйө бил, анткени адам баласынын жашоосу табийгатка көп жагынан көз каранды болуп жатпайбы.

* * *

Жаратылыш–март, берешен, бирок ал камкордукка муктаж деп кан какшаса, далысын салып, моюн толгогондор арабызда арбын. Ээн талаа, эрме чөлдө жол жүрүп чарчап–чаалыгып, жалгыз байтүп теректин алдында оргуштап атып чыгып жаткан мөлтүр булакты көрө коюп кубанычка батканыңды элестетип бак. Саябанда жыргап отуруп, кашкайган тунук суудан кана ичкен соң жаратылыш байлыктары камкордукка муктаж экенине ынанбай койбойсуң.

* * *

Жаратылышты сүйгөнүң –
Мекениңе күйгөнүң.

* * *

Жаманга акыл айтсаң– жакпайт,
Жылан себепсиз чакпайт.

* * *

Кар–жамгыр көп–көл көп,
Суу болбосо – чөл көп.

* * *

Үн чыгарып суунун акканы жакшы,
Айткан сөздүн элге жакканы жакшы.

* * *

Кайберенди аткан болбойт,
Мыйзамсыз куралды каткан болбойт.

* * *

Элдин чуусу жаман,
Жыландын уусу жаман.

* * *

Жамгыр суусу–суу,
Болбосо–чуу.

* * *

Коох дук ар кимди эргитет,
Таза аба көңүлдү сергитет.

* * *

Кыш узакка созулуп жан бүткөндүн баарын кыйнаса да, артыңда күлмүңдөгөн КҮНДҮН ысык ИЛЕБИ менен жарык НУРУ болорун ойлоп, үмүт оту балбылдап жанып жеңилдей түшөсүң.

* * *

Кыш–жаз, жай айларына кам көрүүнүн мезгили.

* * *

Табийгат–табышмактуу илим; аны билимдүүлөр гана окуй алышат.

* * *

Түркүн гүлдөр сатууга майда чыгат,
Сабыр кылып көп сатсаң–пайда чыгат.

* * *

Чаккандан сары аары жаман,
Кооп туудурган уулуунун баары жаман.

* * *

Бышкан ой башыңда пайда болот,
Көңүл аччу жакшы мезгил майда болот.

* * *

Мезгил–мезгили менен тоого чыгып, аны зыяраттап, жаратылыш байлыктарына кызыкпаган кыргыз–кыргыз эмес, анткени тоо да мээримдүү, берешен энеге окшош; тоо балдары энекесинин белендеп койгон түркүн мөмөлөрүнөн жеп, дары чөптөрүн алып, жанга ырахат багыштаган мүрөк суусунан ичип, чексиз ыраазы болору айныгыс чындык. Берешен энекесинин белендеген берекелүү белектерин алып гана тим болбой, анын көйгөйлөрүн көрө билип, кам көрүү–ар бир жарандын инсандык парзы.

* * *

Кээде адамдын маанайы абдан пастап, ичине таруу айланбай калганда, сөз канчалык учкул, канаттуу болбосун–суу кечпейт. Мындайда аны жаратылыш койнуна саякат жасатып, көңүлүн көтөрө билсең, тез эле жарпы жазыла түшөт.

* * *

Кыргыз жергеси дүйнө элдерин суктандырган кереметтүү бейиш.

* * *

Жаратылыш–бул АДАМЗАТ. Жаратылышты жабыркатуу– адамзатты жабыркатуу дегендик.

* * *

Талааны көркүнө чыгарган–суу.

* * *

Бөдөнө айтат дейт: «Алтын капасыңан айландым, коё берчи, көк майсага!».

* * *

Ата–энеси менен мектеп тарбиялай албаганды турмуш өзү тарбиялайт.

* * *

Ийри бутуң түз болбойт,
Жай болмоюн күз болбойт.

* * *

Жүзүмдүн дарагы көзгө комсоо: ийри–муйру—мөмөсү алтын.

* * *

Мөмөлүү дарактын терек менен бой тирешкени–отунга.

* * *

Каалайбы, каалабайбы, Кудай пенделерине карылык берет.

* * *

Тууй элек тоок катуу какылыктайт.

* * *

Уй алабы же карабы, күрөңбү же акбы, сарыбы же көкбү–сүтү–ак, майы–сары.

* * *

Канаттуулардан булбул сейрек кездешкендей эле, генийлер да сейрек кездешет.

* * *

Суу адамга өмүр берет, ошону менен катар Өмүрдү алган учурлары да аз эмес.

* * *

Карга–кузгундар турсун, курт–кумурскалар да картаят.

* * *

Бүркүт учуп айга жетпейт,
Чабдар чуркап тайга жетпейт.

* * *

Бала энесин ээрчийт,
Кар–жамгырды ээрчийт.

* * *

Жашоонун бейиши–жоомарт Эне–Жер берген мөмө–чөмөлөр менен жайнаган жер–жемиштер; каалашыңча жеп–аша, кайгы–капа билбей жаша.

* * *

Адамзатка да, жан–жаныбарларга да жылуулук берип, азыктандырып турган КүН.

* * *

Ыйык Ысык–Көл бардык көлдөрдүн бермети.

* * *

Талаа –түздү көркүнө чыгарган–суу.

* * *

Сайраган куштун баары булбул эмес,
Акындардын баары дулдул эмес.

* * *

Кар болмоюн из болбойт,
Ийри дарак түз болбойт.

* * *

Адамзат барбы–жаман да, жакшы да бар, мал–жан да, чындык да бар, өмүр бар, өлүм да бар.

* * *

Ажал адам ылгабайт; сулуубу же улуубу, байбы же кедейби, баатырбы же коркокпу, акылманбы же акмакпы–ала берет.

* * *

Кудай сүйгөн пенделерине да илдетке кошуп карылык берет.

* * *

Ит акылы аттыкынан кем эмес,
Ошентсе да ал итиң
Тайторуга тең эмес.

* * *

Ким табигатка зыян келтирсе, жаратылыш өч алмайын койбойт.

* * *

Ыйык жердин балыгы да ыйык, жесең–аш болбойт.

* * *

Жаратылышка эне–атаңа жасагандай аяр мамиле жаса; жашооң тынч, бейпил, урпактарың бейгам.

* * *

Жер бетинде жандуу организмдерден адам баласы гана болбогондо, жаратылышта эч кандай жабыркоолор болмок эмес.

* * *

Тоонун мээлүүн жели жакшы,
Сулуунун кымча бели жакшы.

* * *

Жаратылышка апакеңе жасагандай этият мамиле жаса; өмүрүң ырахатка батып, элиңдин келечеги кең, турмушу бейпил болоору анык.

* * *

Арыктын ажарын ачкан–
Аккан суу.
Аңыз болуп элиме,
Жаккан суу.

* * *

Булбул–куштардын ак таңдай акыны.

* * *

Булбул–куштардын сулуусу; үнү да, дене бою да таза.

* * *

Тамакты тыйып болбойт,
Даракты кыйып болбойт.

* * *

Апааттын жаманы–кыян,
Болбосун, болсобу–зыян!

* * *

Жаратылыш–Мекеним,
Мекеним–жаратылыш.

* * *

# МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК

*Мыйзам өкмөткө, өкмөт элге буйрук берет. Демек өкмөт тилдүү мыйзам, а мыйзам–тилсиз өкмөт, экөө тең элден чыгып, элди башкарууга тийиш.*

**Цицерон.**

*Күлтүксүз бийде көйгөй көп,*
*Уяттуу бийде мөөрөй көп.*

**Вахаб–Бостон.**

Коррупция–XXI кылымдын кара тумоосу.

* * *

Өлкөңө кайдыгерлигиң –
Өзүңө кайдыгерлигиң.

* * *

Кыргыз жергесинде жашап, жакыр жашоого кыргыздын укугу жок!

* * *

Коомдун оорусу коркунучтуу! Ал коомдун өзүнө гана эмес, бүткүл элдин тагдырына кооп туудурат.

* * *

Өлкөнүн жерин сатканың–элин сатканың.

* * *

АДИЛЕТТИКТИ чыдамсыздык менен күтүп, үмүт үзбөй аны «адилеттик үйүнөн» (соттон) таппай колуңдагы этияттаган идишиң түшүп быт–чыты чыккандай уйку бетин көрбөй сарсанаага батып, убакыт коротуп келип, көңүлүң чөгүп, жашоодон түңүлгөнүңдү билген жан барбы?

* * *

Юристтер сайдын ташындай көп өлкөдө коррупция «көз жоосун алгандай гүлдөп» атса, юристтер коррупциянын багбандыры–го деген ойго чарпылбай койбойсуң.

* * *

Суу жүрөк укукчулар гана чындыктан коркуп, мыйзамды буйтап өтүшөт.

* * *

Мамлекеттик кызматта иштегендер текеберлик менен кээде чыгармачыл инсандарга кайдыгер карашып, аларды кенебей, бучкагына теңебей калган учурлары аз эмес. Эгер алар эс токтотуп

тереӊ ойлонгондо өздөрүнүн кетирген кемчиликтерин түшүнүшүп, мамилесин кескин өзгөртүшмөк.

* * *

Мыйзамды бузуу–наадандык.

* * *

Укук коргоочулар–адилет, чындыкты колдоочулар.

* * *

Ыйыктардын ыйыгы эсептелген Мыйзамды укукчулар коргомок түгүл тебелеп–тепсеп, баркын кетирсе, андайларды Раббым Аллах да кечирбестиги ачык.

* * *

Ыйык мыйзамды бузган укук коргоочу өз үйүн өзү өрттөгөн тентекке окшойт.

* * *

Юристтер өздөрүн «тарбиячы» деген ыйык, ары жоопту милдетин унутпаганы утук.

* * *

«Элимдин укугун коргойм»–деп ак дилинен ант берип, акырындап айнып, кылмыш тобуна кошулуп, элинин укугун коргомок түгүл, аны кордогондордун жасаган кылмышын абийир соту кечирбейт.

* * *

Чындыкты чыркыратышып, адилетсиздик кылгандардын басымдуусу–укук коргоочулар.

* * *

Азыркы жашоо–тирилигибиздин деӊгээли элдин акыл–эсинин жыйындысы.

* * *

Адилеттик, тартип өкүм сүрбөсө өлкөбүздө,
Андай өлкө өнүкпөйт, кулайт жарга.

* * *

Аруу тилек менен наабай камыр жууруп, нан бышырат. Анын максаты: «Нанымды элим жыргап жеп, курсагы ток болсун, кайгы–капасы жок болсун».

Тигүүчүнүн ой–максаты да бийик: «Мен тиккен кийимдеримди элим кийип, кыштын чилдесинде суукка чалынбай жылуу–жумшак жүрсүн».

Куруучу: «Кооз үйлөр көп болсо, айылымдын ажары ачылып, элим кенен, жарык үйлөрдө куунап–жыргап жашаса» деп тилейт.

Дарыгер–фармацевттер дары чөптөрдөн ооруларга ичирип–илдет айдоонун аракетинде.

Ал эми аскердик заводдо кооз, адамды атканга ыңгайлуу тапанча–автоматтар менен ок–даарыларды, ар түрдүү жардыргыч заттарды даярдап жаткан көркоолордун максаты–жазыксыз элдин канын төгүп, ымыркай наристелердин өмүрүнө забын болуучу куралдарды жаратуубу? Алар эмне жасап жаткандарын өздөрү ойлошту бекен? Алардын мындай жосунсуз жоруктарын Теңирим кечирээр бекен? Наабайчынын даамду нанын жеп, тигүүчүнүн жылуу–жумшак кийимин кийип, куруучу–усталардын жарык, жылуу үйлөрүндө жашап, илдет чалып, сыркоологондо дарыгерлердин колунан шыпаа таап, элине жасаган жакшылыгы ушулбу, көркоолордун?! Акыл калчап ойлоп, дүйнө жүзүндөгү кесиптештерине кайрылса кантет–ыя?

* * *

Балдар –биздин келечек,
Камкордукка бөлөйлүк,
Анткорлонбой карызды–
Тезирээк үзүп төлөйлүк.

* * *

Бийлик бутактарында жердешчилик, паракордук, тууганчылык илдеттеринен арылмайын, өлкөнүн келечеги жок.

* * *

Бийликтегилерди «сен улуусуң, сага тең келер ким бар» деп жерге–сууга тийгизбей мактай берсең, калк айтса, калп айтпайт, чын эле ошондой экемин деп көбө баштайт.

* * *

Уңгусун тапкан улут уттурбайт

* * *

Улуттук салтты унутканың–
Баалуулуктун баарын курутканың.

* * *

Бабалардан накыл кептер калган экен,
Ыдыратып ынтымакты кыргыздардын
Жоо болуп бири–бирине
Жоолашканы жалган экен.

* * *

Берээни болбой эл болбойт,
Асылы болбой жер болбойт.

* * *

Мындай салт кыргыздарда болгон эмес эзели,
Көөлөшкөндө чыга калат байкалбаган кесели.

* * *

Саясат–бул сугалак сагызгандардын жемканасы эмес.

* * *

Эл дегениң–ЭЛ,
Эл толкуса–СЕЛ.

* * *

Жаман жорук–жосундары менен бийликте отургандар куйкаңды куруштурат.

* * *

Кожоюнуңдун далысынан акчаң менен таптасаң жагасың.

* * *

Каада–салт, мыйзамдардын ата–энеси, жото–жетеси.

* * *

Сот казанчыга окшош; өзү каалагандай өкүм чыгарат.

* * *

Акчаны сүйгөн сот мыйзамды буйтайт.

* * *

Кыргыздын сыймыгы–комуз.

* * *

Алгалай бер кыргыз эл, кере таштап кадамды,
Таң калтырып, тамшандырып,
Ишенбеген адамды.

* * *

Өлкөсүн сыйлаган жаран анын МАМЛЕКЕТТИК тилин да аздектеп сыйлашы абзел.

* * *

Эмгек кылып элим менин көнүккөн,
Ошондуктан өлкөм жакшы өнүккөн.

* * *

Жолу оңолбогон өлкөнүн эли оңолбойт.

* * *

Жолун оңой албаган өлкө элин оңой албайт.

* * *

Очокто казаны кайнаган кыргыз,
Багында булбулу сайраган кыргыз.
Элинин көңүлүн шат кылган кыргыз,
Дасторкону даамга жайнаган кыргыз.

* * *

Мамлекет үй–бүлөдөн түптөлөт. Үй–бүлө күтүү– мамлекеттик деңээлдеги маанилүү иш.

* * *

Мөңгүлөр–өлкөнүн баа жеткис байлыгы. Мындай байлыкка кайдыгерлик–келечек муундардын алдындагы кечиримсиз чоң күнөө.

* * *

Кыргыз болуу–мен үчүн сыйлык да, сыймык да.

* * *

Жетимдиктин азабын жетиштүү тартса да, кээ бир балдар журт башкарган кеменгер болуп чыга келишет.

* * *

Келечеги туңгуюкка батып, ооруунун айласын таппай турган коом үчүн ЫЙМАН менен ЫНТЫМАКТАН өткөн дары жок.

* * *

Эссиз хан жерин сатат,
Түркөй–нааданы–элин сатат.

* * *

Түшүндө жакындарыңа гана кезикпей дөө–шаалар менен да кезигесиң.

* * *

Мыйзам бузгандардын биринчи душманы–АДИЛЕТ–ЧЫНДЫК.

* * *

Эгер Мыйзамга тил бүтсө–арампөш–сотту боктоп, эки колун тең кесмек.

* * *

Жалгыз аялын жөндөп башкара албаган берениm эл башкарам деп өзүн да, элин да кыйнаган учурлар аз эмес.

* * *

Пейил оңолсо– эл башына бак конот:өңүрүбүз данга, өрүшүбүз малга толуп, ЖЫРГАЛ заман болору анык.

* * *

Ийгиликтин энеси–ЭМГЕК, атасы–темирдей ТАРТИП.

* * *

Хан болор баланын багыты башка.

* * *

Чыгарма, банк, театр–
Макамы–ЭЛДИК,
Элдик деген байлыкты коргогон
Эрендердин эмгеги–ЭРДИК.

* * *

Жүрөктүн үшүн алган бул окуя–
Тереңделип изилденет, такталат.
Жыйынтыгы барагында карт тарыхтын
Ыйык болуп түбөлүккө сакталат.

* * *

Кыргызыма келди ооматтын кезеги,
Укмуш экен элим жаккан тезеги.

* * *

Кыргыздар бириксе–
Туусу бийик.

Бирикпесе –
Чуусу бийик.

* * *

Тартип бардык ийгиликтерди төрөсү.

## БИЙЛИК КУМАРЫ

–Бийлегиң келеби
өз өлкөңдү
үй–бүлөң эмес,
бир өзүң каалагандай?
– Келбей анан!
Уйкум качат,
жоо качкандай
Батканымда кол жетпеген
бийликтин кумарына…
–Жетишет!
Анда ук кеңешимди
уккандай сыйкырдуу
жомогун чоң энеңдин.
«Бийлик– бул байлыгың,
кашыктап жыйнаган
өмүр бою.
А байлыгың–бул сенин
бийлигиң –
бир өзүң бийлеп жаткан
Өз өлкөңдүн
байлыгын жашырып,
жашыргандай
ички сырың», –
деп ойлосоң, эреним,
утасың, сен эгер
бийликке келгиң келсе.

* * *

Бүлүнтүп ырыскыны кыйган жаман,
Мыйзамды сыйлап туу туткан– аман.

* * *

Бабалардын каада – салттары – кыргыздарды кыргыз кылып турган негизги курал.

* * *

Дүйнөлүк цивилизациянын трагедиясы–адамзаттын жашоо тиричилигинде кесирлүү кесепеттер менен күрөшүүдөгүалсыздыгы.

* * *

Жаштардын камын көргөндөр–
Келечектин айкын жагын сезгендер.

* * *

«Жалпыбыздын үйүбүздү» жалпыбыз бекемдеп, урпактар үчүн урабай тургандай түбөлүктүү болуусуна кам көрүүбүз кажет.

* * *

Жан үрөп иштебей жан багып жаткандар коомдун колкосундагы мите–курт.

* * *

Жер соорусу– ордоолуу Ош,
Өнүксүн өлкөм десең–
Салымыңды кош.

* * *

Илим жана искусство ишмерлери, акын–жазуучулар адамзат алдында кечиримсиз кемчилигин моюндарына алуулары кажет; алар чыгармачылык илхам менен канчалык эргип чымыркана иштешпесин, өздөрүнүн күйөрмандарына жараткан чыгармаларынын сан жагынан да, сапат жагынанда сигарет тартып, анын «кайталангыс

ырахатына» баткан чегүүчүлөрдүн алдында суу кечпей калгандыгында.

* * *

Кен–Кудайдын сүйгөн элине гана чанда берилчү белеги. Арийне, ал ошол бактылуу элдин гана жыргалчылыгына кызмат кылуусу кажет.

* * *

Ким «демократия», «цивилизация» сөздөрүнүн маани–маңызын жеткиликтүү түшүнө албаса, эне–атасы эмес, эли менен кошо өзү да олуттуу зыян тартып каларын ойлогону оң.

* * *

Катуу корккондо улуулар да сатылышат.

* * *

Кара тумандай каптап келе жаткан ааламдашуу жараяны УЛУТТУН улуттугун унуткартып, маңкуртка айландыруудан да кайра тартпайт; ошондуктан ал улуттун нарк–насилин: АБИЙИРДҮҮЛҮК менен АДЕП–АХЛАККА НАМЫС менен ЫЙМАНГА так түшүрүүгө жол бербөөгө тийиш.

* * *

Канткен менен жамандыкты өз колу менен жасагандар жазасыз калбоосун ойлогону оң.

* * *

Көрөгөчтүк касиет болсо журт башыда,
Өлкөсү өнүп–өсүп гүлдөй берет.

* * *

Кыргыздарды кыргыз кылуу–бабалардын каада–салтын сактаган нарктуу кыргыздардын гана колунан келет.

* * *

Майрам болсо белек көп,
Салтанатта желек көп.

* * *

Мамлекеттик чек ара маселеси–ыйыктардын ыйыгы. Ошондуктан аны урпактардан уялбагандай деңгээлде оң чечкенге не жетсин?

* * *

Мамлекет башчысы өлкөнүн байлыгын чачып– тоносо, өз үйүн өзү тоногон аракечке окшойт. Кудайдын ыйык китебин бетине кармап ант берип, айкөл Манастын атын атап «колдой көр, Кудай» деп сыйынып кудуңдап, анан элине чыккынчылык кылса, андайды Мекени кечирбейт, Манас атанын арбагы урат.

* * *

Мамлекет–эл менен кошо сен да орун–очок алып отурган чоң кеме. Кемең болжогон жерге эсен–соо жетишин каалап, Теңирден тилегениң–мамлекет башчысына оомат каалаганың. Бейбаштанып капитан менен рулевойго асылып, кемени айдаганга бут тосуп бүйүрүн кызытсаң, кандай кырсыкка кабыларыңды элестетип бак. Өлкө башчысы менен бир максатты көздөп, ага колкабыш кылсаң–өлкөң кубаттуу, өзүң бала–бакырaң менен тынч, бардар жашооңду ойлой жүргөнүң оң.

* * *

Кыргыз жери–буталуу,
Данакер сөзү – нускалуу.

* * *

Мекенге кызмат кылуу –милдет,
Коркоктук–коркунучтуу илдет.

* * *

Журт башчынын жер сатканы–элин, өз өлкөсүн сатканы.

* * *

## МЕН УЯЛАМ...

Мен уялам...
Мен эмнеден уялам?
Ар беш жылда бир көрүнүп эл көзүнө
Элим деп эбедейи эзилип...
Арданбай эл аралап, аш–той берип
Уялбаган убадасыз депутаттан арданамын,
абдан катуу уялам...
Мен уялам...
Мен эмнеден уялам?
Кошулуп шайлоонун шайтан оюнуна
Таймашып, жоо жеңген жоокер сымал
канмайданда
"Жеңишке" жетишип,
Колуна депутаттык мандат алып
Сессияга катышканга "чолоосу жок"
Депутаттан арданамын, абдан катуу уялам...

* * *

Өлкөдө элди акча тескеп калганда адам укугу тебеленип–тепселип, укукчулардын астейдил аракети шоона эшпейт.

* * *

Өлкө башчысы–Кудайдын көлөкөсү; ага шек келтиргендик–Кудайды сыйлабагандык.

* * *

Өлкөнү акыл менен башкарат; мамлекет башкарууга акылдын чабалдык кылышы–элдин бөлүнүп–жарылып, ынтымак–ырк кетип, согуштун чыгуусуна себепчи болот.

* * *

Өндүрүштү өнүктүрүү – өлкөнү өнүктүрүү.

* * *

Өлкөнүн башына түшкөн оор кайгы–капасын өзүнүн башына түшкөн жекече кайгы–муңу деп эсептебеген жазуучуну жазуучу деп айтыш мындай

турсун, өлкөнүн катардагы жараны деп атоого да тил күрмөлбөйт.

* * *

Өлкөнүн ишин акылдашпай чечүү–кооп туудурат.

* * *

Өлкөнүн күчтүүлүгү элинин саны менен эмес, анын билимдүүлүгү, аң–сезимдүүлүгү менен өлчөнөт.

* * *

Өлкөнүн келечек тагдыры–мамлекеттин Конституциясы. Ал мамлекеттик тилде жазылбаса–толук кандуу Конституция боло албайт.

* * *

Өлкөсү жакырдын–эли бакыр.

* * *

Өлкө башчысынын көңүлүнө адилеттүүлүк менен абийирдүүлүк уяласа–эл башына бак конот.

* * *

Өлкө жылдан –жылга өнүгөт,
Эл–барга–жокко көнүгөт.

* * *

Согуш–бул дүйнөлүк жамияттын үрөйүн учурган эң коркунучтуу алаамат. Ал–элдердин кургабаган көз жашы, азап–тозогу, кара тумандай каптаган кайгы–муңу, пендезатты алсыраткан пенденин өзү ойлоп тапкан шумдугу. Согуш–акыйкатсыз, кайырсыз. Кудайдын жаратман жол–жосунун кордогон түбүнөн арам нерсе. Аны эч болтурбай коюунун айла–амалын адамзат алигече таба элек көйгөй бойдон калууда.

* * *

Теңирим элине ак кызмат өтөсүн деп, аруу тилек менен сага ченемсиз акыл–эс, шык–жөндөм берсе, сен аныңды элдин кызыкчылыгына карама–каршы коюп жүргүзгөн кесирлүү иштериң кечиримсиз.

* * *

Террорист–экстремисттердин жүзү да, дини да, мекени да жок, а түгүл, Кудайды тааныбаган, сандырак сакалчандар. Сакалын сыйлап, сөзүн уксаң– андай сакал эчкилерде дале бар–го?...

* * *

Улут деген улуу сөз, улут–элдин сыймыгы, ар–намысы. Улутта ынтымак, биримдик болмоюн ал элдин келечеги болбойт.

* * *

Эгемендүүлүгүң–эркиндигиң,
Күнкорлугуң–күңдүгүң.

* * *

Улутчул болбой мекенчил болуу – мүшкүл.

* * *

Элге массалык кыргын келтирүүчү коркунуччуу куралды башкарган башкы командирде энеден өткөн МЭЭРИМДҮҮЛҮК менен сагызгандан сак КЫРААКЫЛЫК, ЧЫДАМКАЙЛЫК менен бүркүттөй АЛГЫРЛЫК арстандай АЙБАТТУУЛУК менен ТУРУКТУУЛУК, КАТААЛДЫК мүнөздөр ширелишкен болуусу керек.

* * *

Элге рух багыштаган калемгерлер коомдогу эбегейсиз зор күч. Касиеттүү ошол ыйык адамдардын кара кылды как жарган калыстыктан тайыганы–айныганы. Аны эл эмес, Кудай да кечирбейт.

* * *

Эр жигиттин сыйлыктары жүрөгүнүн тушунда–
Ал адамдын адамдыгы ушунда.

* * *

Элине ак кызмат кылуу–эрдин иши,
Айкөлдүн ак эмгегин баалоо–элдин иши.

* * *

Эгемендүүнү эр дейт,
Күнкордукту жер дейт.

* * *

Эгемен элдин эркеги эптүү,
Кыздары–септүү.

* * *

Эгемендүүлүгүң–эркиндигиң.

* * *

Эгемен өлкө–эл бактысы.

* * *

Эгемен болсоң–токсуң,
Күнкор болсоң– жоксуң.

* * *

Элин дүрбөтүп, өлкөнүн тынчын кетирип, уялбай–этпей тили менен дили, ал тургай дини да чоочун бөтөн эл, бөтөн жерде өзүнүн жанын жыргалын көздөп жашап аткандарды кандай атуул экендигин айтпай–ак коёлучу.

* * *

«Элим менен, эл үчүн» деп ураан чакырып, элинин кашыктап жыйнаган бар байлыгын чакалап чачып, талатып–тонотуп, ырысын кыйып жакырлантып алып кедейчиликти кыскартуу максатын көздөп, элине жетик жетекчи көрүнүп, алга сүрөп, тил эмизип качып кетсе–андай ажо элинин, жери-

нин түбөлүктүү каргышына калат. Андайды касиеттүү Ала–Тоосу кечирбейт!

* * *

Эл үчүн эр жигит күчүн үрөйт,
Элим деп, элин ал алга сүрөйт.

* * *

Эр–жигиттин элге берер белеги бар,
Кыргызымдын сыймыктанар Желеги бар.

* * *

Кыргыздын уруусу көп,
Кыздарынын сулуусу көп.

* * *

Көөдөнүңдү улуттук сезим удургутуп, улут сезими козголмойун улутум дегениң курусун.

* * *

Ашыктын алчысы, таасы болот,
Ар өлкөнүн увазири, шаасы болот.

* * *

Улутун унуткан–маңкурт.

* * *

Өндүрүштү өлкөбүз өнүктүрөт,
Улан–кызды устаттары көнүктүрөт.

* * *

Көйгөй болуп тура берсе көмүр көйгөйү,
Азап чегип канча чыдайт өмүр көйгөйү?

* * *

Биримдиги жок бийликтин бийиктикке жетпеши анык.

* * *

Кыргызымды түбөлүккө даңктаймын,
Урпактарга мурас кылып
Каада–салтын сактаймын.

* * *

Ар адамдын өзүнүн бийлиги да, мыйзамы да бар; акылы–бийлиги, жүрөгү–мыйзамы, калган мүчөлөрү–аткаруу бийлиги.

* * *

Бах! Кой шорпосунун буусу ай!
Бах! Кыргызымдын желбиреген Туусу ай!

* * *

Бир эл, бир журт болуп жашап туруп, ич ара жоолашып, бири–биринин өмүрүнө забын болуу–эссиздиктин жеткен чеги.

* * *

Паракор юрист–Мыйзамды сыйлаганды билбеген, билими тайкы, түркөй наадан.

* * *

Тарыхты такташ керек,
Бурмалоодон сакташ керек!

* * *

Бийлик төбөлдөрүнүн Ак Үйдө жасап жаткан өзөк өрттөгөн кара иштери куйкаңды куруштурат.

* * *

Асманда жылдыз көрсөң,
Кыргыз деп бил.
Кыргызды жерден көрсөң –
Жылдыз деп бил!

* * *

Өз үйүнүн кожоюну боло албаган эркек жооптуу кызматка татыксыз.

* * *

–Өлкөбүз неге өнүкпөйт?
–Себебин тыкыр иликтеп,
Кемчиликтен арылсак...
Куйтуланбай ак айтып,
Агыбыздан жарылсак.

* * *

Мыйзамды сыйлаган СОТ–
Элди сыйлаган СОТ.
Мыйзамды сыйлабаганы –
Бейкүнөө күйгүзгөн от.

* * *

Өлкөнүн гүлдөп өнүгүшү үчүн темирдей тартип абадай зарыл. Ансыз «Гүлдөгөн Кыргызстан» деген кооз сөз кыял боюнча кала берет.

* * *

Өлкөнүн өнүгүүсүнүн кепилдиги–тазалык менен чынчылдык.

* * *

Адилет чындыкты бурмалап, жерге көөмп, күнөөгө эң көп баткандар – арампөш соттор.

* * *

Мамлекеттин байлыгын ар кандай жол менен тоноп байыгандар уят–ары жок уурулар.

* * *

Кыргызды кыргыз кылып турган – аскасы көк челген Ала–Тоосу менен айкөл Манасы.

* * *

Коррупционер–ырыскы кыйган эл душманы.

* * *

Бийликте туруп байыган бай–казына ууру.

* * *

Жакшы идея тапканың–
Мекениңе жаран болуп жакканың.

* * *

Дүйнөнү акча башкарса–ойрондойт,
Акыл башкарса–майрамдайт.

* * *

Өлкөнү байыткан кен,
Алжакенин акыл–эси кем.

* * *

Ынтымак менен биримдиги жок өлкөнүн келечеги да жок.

* * *

Кыргыз – улук,
Кыргыз–ыйык,
Кыргыз–бийик,
Көк тиреген аскадай.

* * *

Сен жасакерленип ода арнаган ошол хан–падышаларың деле чийки сүт эмген көрпенделер–жаңылып–жазышат. Элдин каарынан коркуп элин да, Мекенин да таштап качышат.

* * *

Өлкөбүз арампөш балиттерден тазаланды,
Өнүгүүгө жолтоо болгон мите курттар жазаланды.

* * *

Кудай эки оор кылмышты:
**Биринчиси:** бей-күнөө адамдын өмүрүнө забын болгондордун;
**Экинчиси:** өз кызыкчылыгын көздөп элин, жерин саткандардын күнөөсүн кечирбегендиги азырга чейин аңыз болуп айтылып келет.

* * *

Мамлекеттик кызмат адамдарындагы кайдыгерликтин жарасы айыккыз, карапайым адамдардын башына түшкөн чоң бактысыздык.

* * *

Күү чыкса чериңди таратат,
Өрүш алган өлкөбүз алга баратат.

* * *

Бишкек–Мекенимдин жүрөгү,
Күлүк минген–кыргызымдын чүрөгү.

* * *

Манас баатыр–кыргызымдын атасы,
Орундалсын анын берген батасы.
Ынтымакты туу тутпаса кыргыздар,
Жамы–журттун катасы.

* * *

Жол коопсуздугун көзөмөлдөгөн МАИ болот,
Жашынып, пара алчу жайы болот.

* * *

# МЕКЕН

*Мекенимдин быкшып чыккан түтүнү бал жыттанат.*

***А. С. Грибоедов.***

*Мекеним менен аманмын!*

***Вахаб–Бостон.***

# МЕКЕН деп, КЫРГЫЗ деп ЖҮРӨК КАКПАСА ...

МЕКЕН–бул сенин ЭНЕ–АТАҢ, эчендеген кылымдарды арыткан КЫРГЫЗЫҢ, үй–бүлөң.

МЕКЕН–бул сенин ЭНЕ–ТИЛИҢ, анан калса киндик каның тамган, кайгы–капа эмне экенин билбеген бактылуу балалыгың өткөн сенин ЖЕРИҢ–МИСИРИҢ.

МЕКЕН–бул сенин КЫРГЫЗ деген уюткулуу улутуң, тууган–туушкандарың, жоро–жолдошторуң, аска–чокулары көк мелжиген Алатоолоруң менен коөздугу көз арзыткан жаратылышка бай, абасы дене–бойду балкыткан мал киндиктүү жергең.

Мусапыр кейпин кийип, жер которуп, бөтөн эл, бөтөн жерди байырлап жүрсөң, өз элиңди–Атамекениңди саматып–сагынткан айыл–кыштагың. Булардын бардыгы–сенин ЫЙЫК Атажуртуң. Мындан өткөн ыйык жок, замандаш! Тагыраак айтканда МЕКЕН эненин дал өзүндөй КЫМБАТ экенин эсте. Анткени МЕКЕН дегениң энелердин да МЕКЕНИ, жөлөнүп таянар бийиги. Акыл калчап ойлоп көрсөң, АТАМЕКЕН, АТАЖУРТ деп калганы да ошондон улам.

Ким сыймыктануу менен өзүн КЫРГЫЗМЫН, КЫРГЫЗСТАНДЫКМЫН десе–ал күнөстүү өлкөбүздүн карыш жерин ыйык сезип, бейиш жыттанган кереметтүү кыргыз жергесин эне–атасын сыйлагандай кадырлап–кастарлайт. Адам баласынын дене–боюн балкыткан МЕКЕНДИН жанга жагымдуу мүрөк суусу менен көңүл сергитип, өмүргө өмүр жасаткан ТАЗА АБАСЫН булганышына жол бербейт.

МАНАС бабабыз байырлаган Ата мекенибиздин КЕЛЕЧЕГИН ойлогон, анын тагдырына кайдыгер эмес ар бир жаран КЫРГЫЗДЫН каада–салтынын эң бир асыл улуулугун ЭНЕ–АТАСЫН кастарлагандай кадырлап–кастарлайт.

МЕКЕН үчүн, анын берешен–март, жөнтөк, КЫРГЫЗ эли үчүн эмне жумуш жасадым, анын өнүгүп–өсүүсү үчүн, бак–таалайлуу жашоосу үчүн

эмне кылышым керек? деген соболду ар ким өзүнө өзү узатып, оң жооп табуусу КЫРГЫЗ жергесин мекендеген ар бир жарандан олуттуу талап кылуусу кажет. Мына ошондо гана ата–бабаларыбыз байырлап келген АТА МЕКЕНИБИЗДИН ажары ачылып, кулпуруп турмак. Аттиң–ай десең!

Кыдыр колдогон кең МЕКЕНИБИЗ кен байлыктарга бай өлкө. ТЕҢИРИМ кыргыздардын пейилин башындагы КАЛПАГЫНДАЙ ак, айкөл, каада–салтын аздектеп–аспиеттеп муундан–муунга өз жанындай сактап келген жөнтөк, берешен–жоомарт эл кылып жараткан. Сыйлуу коногу келсе, аны эне–атасынан кем көрбөй урмат–сый көрсөткөнүнөн улам аларды ЫРЫС–КЕШИККЕ карк кылып ЗОБОЛОСУН бийиктетип койгону да айныгыс чындык.

Күнөстүү КЫРГЫЗ жергесин түпкү кыргыз эли менен катар тээ алмустактан бери карай байырлап келген түрдүү улуттардын өкүлдөрү коюн–колтук алышып жашап келе жаткандыктарын айтпаса КАЛЫСТЫК болбос.

ЖЕР–ЭНЕБИЗ, анын кайталангыс кооз жаратылышы өзүнүн ченемсиз байлыктарын ЫЙЫК жергебизди мекендеген ар бир жаранга (улуту менен карманган динине, расасына, каада–салттарына карабай) МАРТТЫК менен тартуулап келгенин кантип танууга болсун?!

Күнөстүү өлкөбүздүн даам–тузун татып туруп өлкөнүн, анын ТҮПКҮ элинин абийирине шек келтирүү барып турган наадандык экендигин көп улуттуу өлкөбүздүн ар бир атуулу эстегени эп.

ТЭЭ алмустактан бери карай биздин Бакай аталардай байманалуу карыларыбыз кадырлап–кастарлап келишкен ыйык ЫНТЫМАК–ЫРАШКЕРЛИКТИ өлкөбүздүн ЖЕЛЕГИНДЕЙ желбиретип жанаша жашап, Кыргыз жыттанган, анын кең пейили менен каада–салты жыттанган, учу–кыйырына көз шаасы жетпеген кең МЕКЕНИБИЗ–Кыргызстандын арчасы менен жаңгагы, кокту–колоту менен бийик аска–зоолору Адам өмүрүнө–өмүр кошкон жанга жагымдуу мүрөк суусу менен

КЕЛЕЧЕГИНЕН үмүт байлаткан сансыз кен байлыктары жалпы КЫРГЫЗСТАНДЫКТАРГА таандык экендиктерин унутпаганыбыз утук.

Ободо сыбызгыган кыргыздын арген үндүү мунайым, ары мукам ыр–күүлөрүн жалпыбыз коштоп, МЕКЕНИБИЗДИ ак дилден сүйүү менен анын ЗОБОЛОСУН бийиктетишибиз кажет, айланайын МЕКЕНДЕШТЕРИМ!

Эгерим кимде ким жогоруда сыпатталган ЫЙЫК МЕКЕНИБИЗГЕ шек келтирсе, санына санак жеткис кылымдарды карыткан КЫРГЫЗДЫН тузу урат! Андайды кара кылды как жарган калыс КЫРГЫЗ ЭЛИ кечирбейт!

* * *

Адилеттүү, чынчыл журт башчыны эли коргоп да, колдоп да алары шексиз.

* * *

Жалаакор анткорлонуп сөздөн танат,
Эр жигит элин сүйүп күйүп жанат.

* * *

Эгемен өлкөдө БУРУЛУШ болот,
Аскасы көк тиреген КУРУЛУШ болот.

* * *

Ден соолукту чыңда, бекемдегин,
Бассаң–турсаң сүйөмүн, МЕКЕН дегин.

* * *

Башка элдин тилин, маданияты менен адабияты канчалык сүйсөң да өз тилиң алтынга алмашкыс экендигин унутпаганың утук.

* * *

Ата–Журт чеги ыраак болот,
Мекенин сүйгөн кыраакы болот.

* * *

Өнүгө бер өсө бер, эгемен элим кыргызым,
Нурун чачып жадырап турсун жылдызың.

* * *

Алатоосун мекендеп жашайт кыргыз,
Кубангандай асманда жайнайт жылдыз.

* * *

Билими күчтүүлөрдүн акылы да билегиндей күчтүү болгондо өлкөбүз жакырчылыкты эчак багынтып, өнүгүүнүн өр жолуна чыкмак.

* * *

Бийликке ыйманы, билими терең таза, эр жигиттер келсе–элдин БАКТЫСЫ.

* * *

Жоону жеңген жоокер душманды
биириндетпейт,
Дасыккан дарыгер жаратты ириңдетпейт.

* * *

Жер–Эне да энелерге окшош; март, берешен, анан-кечиримдүү. Аны аздектеп асырасаң, тойдура азыктандырсаң, мээнетиңдин акыбети беш эселеп кайтарына кепилдигим бар.

* * *

Журт башчынын сүрүнөн, сезимталдыгы менен көрөгөчтүгүнөн толкуган элдин ызы–чуусу тып басылат.

* * *

Жандай көргөн март, берешен элимди,
Жатка бербейм бир да карыш жеримди.

* * *

Жоокерде темирдей эрк менен мамыктай жумшак мээрим ширелишкенде, армия элдин

чыныгы ишенимдүү коргоочусу болуп каларына күмөн саноого болбойт.

* * *

Карааныңан кагылайын, Мекеним,
Сезбептирмин чөбүң кымбат экенин.

* * *

Күйүп–жанып, Мекеним деп
Конуп – көчүп жүрөсүң.
Мекенимдин тал–чыбыгын
Алдырбайын душманга деп
Сынагансып ууртуңан күлөсүң.

* * *

Колуна калем кармаган адабият майданынын жоокерлери–Атамекендин чыныгы патриот–жарандары. Зарыл болгондо алар буйдалбай калемин куралга алмаштырып, өздөрү ыйык деп эсептеген Атажуртту алтын топурагын коргоо үчүн токтоосуз согуш майданына аттанышат.

* * *

Күзөттө туруп–
Уйку бетин көрбөгөнүң–
Мекениңдин бир тал чөбүн
Душманга ыраа көрбөгөнүң.

* * *

Кут даарыган кыргыз жергеси бейиштин төрү сымал дүйнөдө сейрек кездешүүчү КЕРЕМЕТ дүйнө.

* * *

Кыргыздын сыйынар–сыймыгы–Алай менен,
Челектин тешигин бүтөө–калай менен.

* * *

Керсейген көркоолордун МЕКЕНИНЕ күйүмдүүлүгү быкшыган оттой.

* * *

Кыргыздын бал кымызы жайда болот,
Ичкен соң баалуу ой пайда болот.

* * *

Мамлекеттин каны да, жаны да МЫЙЗАМ.

* * *

Мекениңе күйгөнүң –
Элиңди өтө сүйгөнүң.

* * *

Мекенин, элин жериген эр–эр эмес.

* * *

Мекен–бул сенин эне–атаң, эне тилиң, көөнөрбөс тарыхы бар кыргызың.

* * *

Эр–жигиттин эрдиги түбөлүккө унутулбайт,
Өткөнгө өкүнүп ал улутунбайт.

* * *

Элим деген эр азамат
Байлыкты ойлоп, бийлик деп
Кыл чайнашып кырчылдашпайт, кармашпайт,
Ырк кетирип эрегишип таймашпайт.

* * *

Элим деп эр–азамат ыйлады,
Шондуктан эли аны сыйлады.

* * *

Минтип элди кордоп кыйнаганча туулбай туна түшсөңчү.

* * *

Жакшыбы, жаманбы ар кимдин үйү өзүнө ордо.

* * *

Айткандын баары кеп эмес,
Баш коргологон жердин баары чеп эмес.

* * *

Элди баккан айыл болот,
Жерди баккан дайын болот.

* * *

Мекенчил адам таза болот,
Мекенин чанган каза болот.

* * *

Кыргызымдын чыгаандары
Билгендерин жасап жатат,
Керооз бакылдардын иши
Аксап жатат.

* * *

Бала чактагы КУБАНЫЧ унутулгус; аларды КУБАНЫЧКА бөлөгөнгө кайдыгер болу-кылмышка тете.

* * *

МЕКЕНИМдин суусу тунук, эли–УЛУК.

* * *

Жакшылыкты Теңирим сага каалады
Эмгегиңди элиң сүйүп баалады.

* * *

Эне –атаңды ыраазы кылдың–карадың,
Ал гана эмес,
ЭМГЕГИҢ арнап элиңе
Ата–Журттун керегине жарадың.

* * *

Элим деген эр колунда барын чачат,
Көралбас бакыл–заарын чачат.

* * *

Айбарлуу атам антташкан,
Айткан сөздөн кайтпады.
Шору кайнап турса да
Жашырып сырын айтпады.

* * *

Кайраттууну кадамынан, бөтөн өлкөнү адамынан бил.

* * *

Кыйын деген кыргыздарды оңош үчүн,
Стакемдей ЭР керек.
Байыш үчүн кыргызымдын өлкөсүнө
Үзөңгү–Кууш, Каркырадай ЖЕР керек.

* * *

Кырчылдашып кыл чайнашып,
Жоолашканды жек көрөм,
Келечекке үмүт байлап,
Элдешкенди эп көрөм.

* * *

Жериңди сатканың–ЭНЕҢДИ сатканың.

* * *

Ата–бабаларың жаткан ыйык жериңди сени акмалап турган жоонун басканын Ата–Мекениң, чокусу көк тирген Ала–Тооң кечирбестигин эсте.

* * *

Мен туура бейишке барам деп эч ким айта албагандай эле чынчыл, таза, бирок капчыгы жука адам өлкө башчылыгына ат салыша албастыгы анык.

* * *

Желбиретип ЫНТЫМАКТЫ өлкөнүн Желегиндей
ТҮЙҮЛСӨК мир муштумга–
Биз, КЫРГЫЗДАР, оңолобуз.
Кырчылдашып кыл чайнашсак,
Ыдыратып ЫНТЫМАКТЫ–
Тентип биз, кыргыздар, жоголобуз!

* * *

Элим деп, эр азамат төксө терин
«Билбеген» болбойт,
Көралбастан эл уулунун эмгегин
Тилдеген болбойт.

* * *

Элин сүйгөн МЕКЕНЧИЛДЕР
Кадырланат, кастарланат корголот,
Жең ичинен жерин сатып, амал издеп
Куулангандар кордолот.

* * *

Эркиндиктин энеси–ЭРК.

* * *

Мекенчил адам таза болот,
Мекенин чанган каза болот.

* * *

Жакшылык өргө тартат,
Жамандык көргө тартат.

* * *

Тентип кетип, Мекенимдин быкшыган көк
түтүнүн
Себептирмин момпосуйдан кем эмес
шириндигин.
Суранарым силерден эй, Мекендештер!
Сактагыла ыйык туткан элимдин биримдигин.

* * *

Эр жигит бар–
Басса–турса кыргызым деп
Элинин камын жеген.
Наадандар бар–
Бийликке келип алып,
Эл байлыгын
Жеп–ичип, чачып–төгүп,
Жебедим деп жанын жеген.

* * *

Элдин мүлкүнө тийбегениң–
Жылтырак чөпүрөк кийбегениң.

* * *

Жакшыбы, жаманбы, ар кимдин үйү өзүнө сепил. Кыйынчылыктардан да, кырсыктан да коркпосоң–бакыт менен кошо атак–даңк өзү келет.

* * *

МЕКЕНИМдин суусу тунук, эли–УЛУК.

* * *

Эл камын ойлогон – адил,
Өз камын ойлогон –залим.

* * *

Элим деп өз өмүрүн сайып койгон,
Эр–жигиттин эстелигин тургузуп
Көкөлөтүп мактагыла, даңктагыла
Жылдызы жанып турсун.
Арбагы ыраазы болуп –
Моокуму канып турсун!

* * *

Мекен, эл, жер чынжырга окшош; анын бирин экинчисинен бөлүп кароого мүмкүн эмес.

* * *

Мекеним деп күйгөнүң–элим деп күйгөнүң, жерим деп күйгөнүң, Атажуртум деп күйгөнүң.

* * *

Мыктылардын мыктысы чыгаан мугалимдер. Алар өлкөнүн алтын фондусу.

* * *

Мекеним менен АМАНМЫН,
Башка өлкөдө–ЖАМАНМЫН.

* * *

Ордолуу Ош–Бейиш,
Оштон кетүү – кейиш.

* * *

Өз өлкөсүнүн элине, Мекенине кызматы сиңген адам гана эли менен Мекенинин муктаждыктарын жакшы түшүнөт.

* * *

Өзүңдүн ден соолугуңду чыңдаганың – өз Мекениңди ойлоп, аны коргоо үчүн байлыгына байлык кошконуң.

* * *

Өлкөдө өндүрүш өнүкпөй, керектөөчүлүк ролду гана аткарган мамлекетте илим да, маданият да өнүкпөйт.

* * *

Өлкө башчысынын мүнөзү шайыр, кабагы чайыттай ачык, сылык–сыпаа, ары кечиримдүү болсо – андай журт башчыда кек болбойт.

* * *

Спортту жанындай сүйгөн спортчулар–Атажурттун ишенимдүү коргоочулары.

* * *

Мекен–бул сенин эне–атаң, эне тилиң, көөнөрбөс тарыхы бар кыргызың.

* * *

Түштүк– түндүк деп
Бөлүнгөндү койсок экен,
Ынтымакты ыдыратпай
Кечеңдетпей кемчиликти жойсок экен…

* * *

Эр жигит элин баштайт,
Коркок баштабайт–таштайт.

* * *

Улуттук адабият–бул улут, анын тили жана маданияты. Адабият болмоюн маданият да, тил да жок.

* * *

Убадага бек туруу–
Эркектин иши,
Табышка кулак төшөө–
Сергектин иши.

* * *

Убадаңда турбасаң–эсиң чыгат,
Элдин каарына калсаң–песиң чыгат.

* * *

Чыгаан уулун эл тандайт,
Үмүт байлап, аны жандайт.

* * *

Чыныгы эрдик жасалганда аны жасаган жоокер муну менин ордумда болсо, ар кандай жоокер жасамак деп таң калат.

* * *

Ынтымактуу биз байыркы элбиз,
Көп улуттуу Ата–Журтка белбиз.

* * *

Эр жигит элин ойлойт,
Ар ким ооруган жерин ойлойт.

* * *

Элим деген эрдин пейили кең болот,
Теңиримдин элчиси менен тең болот.

* * *

Элин сүйгөн–эл аралайт,
Наадан–эл жүрөгүн жаралайт.

* * *

Чыныгы досту чанганың–
Ата–Журтту танганың.

* * *

Өзүн жеңе албаган жоокер–душманын жеңе албайт.

* * *

Элим деген эр азамат
Байлыкты ойлоп, бийлик деп
Кыл чайнашып кырчылдашпайт, кармашпайт,
Ырк кетирип эрегишип таймашпайт.

* * *

Эр эстүүсү элине кайрылат,
Эси жогу баарынан айрылат.

* * *

Эл камын ойлогон–
Таза болот,
Убал–сооптон коркпогон –
Каза болот.

* * *

Жеңишти кааласаң–чегинүүнү да унутпа.

* * *

Жакшылыгың эл билет,
Кайрымдуу момун деп билет.

* * *

Үмүт артып кулунуна эли карады,
Эр жигит актап ишеничти–
Элинин керегине арзып жарады.

* * *

Мекенчил болбой, тилге күйүмүң болбойт.

* * *

Эс токтотуп, акыл калча, кыргызым,
Илдет чалып, Ата журт ооруп туру...
Мезгил күтпөйт, кытмырланып куйтуланба,
Артыңда кастарың тооруп туру.

* * *

Элиңе ак кызмат кылганың–алга карай жылганың.

* * *

Кыргыздардын өнүкпөй жаткандарынын негизги себеби–алардын патриоттук сезимдеринин мокогонунун кесепети.

* * *

Эр жигит эзелтен элин багып келген,
Ошондуктан ал берен, элине жагып келген.

* * *

Бийлик таза болмоюн, коом таза болбойт.

* * *

Жанын тиштеп,
Элим деген
Эр жигитти
Эли эч качан унутпайт.
Андайларды Теңирим да эстеп турат–

Курутпайт.

* * *

# СУЛУУЛУК

*Мен билген жалгыз гана сулуулук–бул ден соолук.*

***Гейне.***

*Оорунун жакшысы болбойт.*

***Вахаб–Бостон.***

* * *

Ажал алдында баары: падышаң менен кино жылдыздарың да, чыгаан мушкерлериң менен сулуу периштелериң да – алсыз.

* * *

Ар кимдин жаны өзүнө ширин, аны эч ким, эч качан кыйнагысы келбейт.

* * *

Кимдин ден соолугу чың болсо –
Ал өзүнө тың болот.

* * *

Адамдын жашоо тиричилиги канчалык машаккаттуу болбосун, кумдуу чөл суУга тойбогондой эле, адам да жашоо кумарына тойбойт.

* * *

Азыткыдай болгон рак оорусунан оолак болууну кааласаң–эртерээк эсиңе кел; тамак–ашты ысык жеп–ичкенден сактан.

* * *

Акылман–кеменгерлер дале жаңылышат, талашат–тартышат ... ичер суусу, көрөр күнү ичер суусу түгөнгөндө бардык адамдардай эле о дүйнө сапар тартышат.

* * *

Адамга аз–аздап ажал бүркүүчү сигаретти шөкөттөп–кооздоп чыгарып, күнөөгө батканча, ишкер ошол каражатын китепке жумшаганда, руханий жардылыгынан арылып, соопко калмак.

* * *

Адамдын алтынга алмашкыс үч досу бар; ДЕН СООЛУК, ЖАШТЫК, БАЙЛЫК. Убагында досторуңду кадырлап–кастарлап аябасаң, үчөө тең сени бир эле учурда сызга отургузуп таштап кетет. Эсиңди

жыйып үчөөн тең баалап–барктай алсаң, мезгил келгенде сени жаны кыйбай жатып жаштыгың менен байлыгыңды алып кетет. Эрктүү, айтканыңдан кайтпаган көк жал болсоң–өмүрүң өткөнчө спорт менен такай шугулдансаң – ДЕН СООЛУГУҢДУ кармап калышыңа кепилдигим бар.

* * *

Бөбөгүңдүн көңүлү куунак,
Сак болсун,
Пейили кенен,
Анан дайым ак болсун.

* * *

Баа жеткис байлык–ден соолук
Тагдыры өз колуңда–
Аздектей бил жарыңдай
Үчэм берет чоң соолук.

* * *

Ден соолугуң начарласа, көңүлүң чөгүп, сарсаанага батпа; сенин курулай кайгы–капаң ооруууга кошул–ташыл болуп, ден соолукка олуттуу зыян келтирип алышың анык.

* * *

Дене тарбиясы–адамдагы органдардын дат басып иштен чыгуусуна жол бербеген көнүгүүлөрдүн жыйындысы.

* * *

Дүйнөдө эң эле бактылуу, эң бай, эң сулуу, алп адам ким деп менден сураса, ден соолугу чың адамдын атын буйдалбай шыр эле атамакмын.

* * *

Дарактан дарт айыгат; жашагың келседарак эк.

* * *

ДЕН СООЛУКТУ этияттап, кадырлап–кастарлагыла, бай болгурлар. Бир жоголсо, аны кайра калыбына келтирүү–тозоктун тозогу экендигин унутпасаңар экен, ылайым. ДЕН СООЛУК болбосо, ӨМҮРдү бир канаты кайрылган куштай элестете бериңиз. Жашоо көңүлсүз, супсак. Көңүлүңүз чөгүп, ар кандай азыткыдай жагымсыз жаман ойлор улам келе берет... акыр аягында шум ажал Сизди да кыйгап өтпөсүнө көзүңүз жетип, жашоодон түңүлүп, үмүтүңүз үзүлө жаздап чочулай бересиз... ДЕН СООЛУК болмоюн ӨМҮРдүн зарылдыгы канчалык? ӨМҮР–бул ЖАШОО, күндөлүк көр тирилигибиз.

* * *

Ден соолугуң чың болсо–байлык качып кутулбайт.

* * *

Ден соолугуң–байлыгың,<br>Тирилигиң–айлыгың.

* * *

Ден соолугу  чың болсо, ал адам дүйнөдөгү эң бай, бактылуу адам.

* * *

Ден соолугу чың, акыл–эси нормалдуу адамдар «жакырмын» деп кейисе, таң калам да, анан: –«Жалкоолукка жеңилген шордуу–го» деген бүтүмгө келем.

* * *

Ден соолук–бардык байлыктардын төрөсү.

* * *

Дене тарбия менен спортко канчалык жакын болсоң–карылык ошончолук оолактайт.

* * *

Жакшы адам–
Оорулууну сөзү менен дабалайт,
Наадан дабалабайт–
Табалайт.

* * *

Жаштар улам кийимдин жаңы түрүнө ыкташып, боёнуп–түзөнүп, өздөрүн сулуу–сымбаттуу да, мунайым–маданияттуу да, акыл–эстүү да көрсөткүлөрү келишет. Кыштын кызыл чилдесинде алар жалаңбаштанып жүргөндөн да кайра тартпаган көкжал. Аларга негизги байлык ДЕН СООЛУК абадай зарылдыгын унутпаганы утук. Түкүрүк жерге түшпөгөн ызгаардуу суукта алар өздөрүн жасалма «маданияттуу» кылып көрсөткөндөрү менен СУУКТУН иши канчалык? Минткенде аларга суук тийип, оорунун оңдурбас торуна салып бергенин «маданияттуу» берендер капарына да алышпайт. Учурда алардын жашы он сегиз болсо 25–30 га, Жараткан ТЕҢИРИМ өмүр берсе 60–70, а түгүл, 80–90го чыгаарын ойлоп жүргөнү оң.

* * *

Жеп–ичип, бала–бакыралуу болуу, анан мезгил жетип ажал алкымдап алганда, о дүйнө сапар тартууну ит–куштар дале жасап атышат, бирок адам пендеси үчүн артында эли эстей жүргөндөй жакшы нерсе калтыруусу ыйык вазийпа экендигин эстеп жүрүү парз.

* * *

Жакшылык–жакшы адамдарга окшош; жөнөкөй, карапайым, анан–кечиримдүү. Ал опурулуп–жапырылган ЖАМАНДЫККА теңелип–тирешкиси келбейт. Ушундай асыл сапаттары менен ЖАКШЫЛЫК ЖАМАНДЫКТЫ жеңет, кээде ийилет, бирок багынбайт.

* * *

Жакшылык менен жамандык эриш–аркак жүргөндөй эле ажал менен өмүр да бирин–бири көлөкөдөй ээрчип жүрөт.

* * *

Күн кургакчыл келсе,
Мал чөпкө тойбойт.
Эки оору бир келсе,
Ажал албай койбойт.

* * *

Курорт–бул оорудан жапа чеккендер мында Теңирдин түркүн касиеттүү кереметтери менен өздөрүнүн ден соолуктарын калыбына келтирүүчү Кудайдын КУТТУУ ҮЙҮ.

* * *

Карыганың–чындап эми арыганың.

* * *

Күн жерге жылуулук ыроолош үчүн жаралгандай эле адам да турмушта өтөлгөлүүөмүр сүрүш үчүн жаралат. Анын өлчөп–ченелген өмүрүн бөөдө кыйып, жашоо жыргалынан куржалак калтырууга эч кимге укук берилген эмес.

* * *

Өмүргө кооп туудурган–
Кургак учук,
Өмүрдү кулпундурган–
Казы–чучук.

* * *

Дене–бойду тап–таза жууш керек,
Түнөк бербей оорууну кууш керек.

* * *

Ден–соолугуңду жоготсоң–кооптонуп кайгырасың, сарсаанага батасың.

* * *

Ооруу— таш жарган күлкүңдү да ийинге кирүүгө аргасыз кылат.

* * *

Дарыгер–ооруунун душманы.

* * *

Ооруу жаш–карысына карабайт.

* * *

Денеге ыңгайлашып алган ооруну канчалык дарылабагын, майнапсыз.

* * *

Спирттик ичимдик акылыңды уурдайт.

* * *

Армансыз жашоого аракеттен; арманга арбалсаң–оңдурбас оорууга чалдыгасың.

* * *

Ооруунун жакшысы болбогондой эле, душмандын да жакшысы болбойт.

* * *

Дартыңа дабаа болот кашка бака,
Шыпаа болбойт ноокастасаң башка бака.

* * *

Чүнчүбө, баары болот,
Бул чөптөрдү оруп–жыйсаң–
Оңдурбас ооруларга дары болот

* * *

Ооруну аныктап дарыласа–
Шыпаа болот,
Уяң жигит уялып
Сыпаа болот.

* * *

Дене–бойду тап–таза жууш керек,
Түнөк бербей ооруну кууш керек

* * *

Ден–соолугуңду жоготсоң–кооптонуп кайгырасың, сарсаанага батасың.

* * *

Ооруунун жакшысы болбогондой эле, душмандын да жакшысы болбойт.

* * *

Ооруу сакалына карабайт.

* * *

Жүрөк сыздатпаган өлүм болбогондой эле, жүрөк оорутпаган ооруу да болбойт.

* * *

Алтынга алмашкыс ЖАШТЫГЫҢДЫ барктай бил; куштай зымырап учкан мезгил сенин жаштыгыңды кабырга кайыштырган карылыкка алмаштырса–оозуң Ошту карап калуусунан сактан.

* * *

Дарыгерге багынбаган ооруу–эмчи–домчуларга багынган учурлар да кездешет.

* * *

Ажал алам дегенин обол акылын алат.

* * *

Ажалга арга жок.

* * *

Жыл сайын жыл жаңыра берет. Буга жаш баладай кудуңдап кубанба. Сени кайгы– капага батырып, кирип келген жаңы жыл сага ооруунун жаңысын «белекке» берет. Ооруу менен алпуру–

шуп ... шайың ооп сарсаанага батканыңды ажал аңдып турганын элес албай калбагын.

* * *

Ооруунун баары жаман; адамдардан жаман көргөнүң не? десең, эч кимиси ооруунун атын атабай эле, жаман көргөн адамын, иштеген ишин, же коркунучтуу айбандын атын аташат.

* * *

Ооруунy дарысыз дарылоого да болот.

* * *

Сыркоолоп жатсам ырымдап,
Ажат ачып, алаша * аял аластады.
Ошол замат жаным жыргап алкаганча
Илдет качып алыстады.

* * *

Ачуу сарымсак жегениң–
Ракты жеңгениң.

* * *

Сарымсакты жеп көнгүн,
Сактайт сени рактан*.
Чайнабасаң сагызды,
Жыты аңкыйт ыраактан.

* * *

Картаюудан адамдар жаа бою качышат, а бирок карылык аларды кубалап убара тартпай эле багындарып алганын качкандар барк албай да калышат.

* * *

Мен билген бир гана көөнөрбөс байлык бар; ал–ден соолук.

* * *

Ооматты колдон чыгарган оңбойт,
Дени соо–суукка тоңбойт.

* * *

Отуз жыл онтоп жашаганча, он жыл ойноп жаша.

* * *

Оорулуунун абалын сурап, өзүнүн жүрөгүн тереңинде катылуу сөздөрүн чын ыкластан айтып, көңүлүн көтөрүп турса, оорулуу бат айыгат.

* * *

Өмүр–адамга бир гана жолу берилүүчү баа жеткис байлык. Анын ар бир мүнөтүн картайганда кейибегендей акыл–эстүүлүк менен өтөлгөлүү жашап өткөр.

* * *

Өмүр соолбой агып жаткан суугa окшош; өмүр өчпөй суу сымал токтоосуз агып турушу үчүн суу ага азык берип турат.

* * *

Өздүк гигиенаны так сактап, ар дайым өзүңө тың, пакиза–таза болсоң, алдыңа жин–шайтан да жолобойт.

* * *

Спорт менен достошкон–
Карыбайт.
Бөтөлкөгө жанашкан–
Жарыбайт.

* * *

Өмүр адамга жашоо үчүн гана берилет; өз өмүрүнө өзү кооп туудуруп, кыянатчылык кылгандар–наадан. Ал эми жашоо үчүн өмүрүн сайып коюп тынымсыз күрөшүп, аны аздектеп аспиет-

тегендер акылмандар экендигин эстей жүргөнүбүз эп.

Таарынып, же ачууга алдырып, ага кыянаттык кылып эрте кыюу, бейажал каза болуу–жараткан Кудай алдында кечиримсиз чоң КҮНӨӨ экендигин унутпаганыбыз утук. ӨМҮР менен ДЕН СООЛУКту бирин экинчисинен ажыратып кароого деги эле мүмкүн эместигин да акыл калчап, алдын–ала сезип–туюп турган чыгарсыз, азиз окурманым.

Адам баласынын шыбагасына бир гана жолу берилчү өнөгөлүү өмүрдү ким кандай жашайт өз эрки.

Ошентсе да бу жарыкка үмүт менен жашоо үчүн келген соң, ар бир адам баласы өзүнүн шыбагасына берилген, мейли, узунбу, кыскабы, өмүр отун өчүрбөй, а түгүл өзү үчүн да, эли, коому үчүн да пайдалуу өткөрүп, артында көөнөрбөс эмгек калтырса, мазмундуу жашаса деген гана аруу тилек.

## ДЕН СООЛУГУБУЗДУН БААСЫ БАРБЫ? ЭГЕР БАР БОЛСО, КАНЧА ТУРАТ БОЛДУ ЭКЕН?

Өтөлгөлүү өмүр сүрүш үчүн ириде адам баласына аба менен суу кандай зарыл болсо, андан кем эмес ден соолук керектиги да айныгыс чындык. Көйгөйлүү көр тирилик менен алпурушуп жүрүп бизге анчейин байкалбаган ден соолуктун баасы бар бекен? Эгер бар болсо, канча турат болду экен? деген түпөйүл суроолор баа жеткис байлыгыбыз эсептелген ден соолукту аяп, ага аяр мамиле жасап, кадырлап–кастарлаган ар бирибизди түйшөлтпөй койбойт. Алтынга алмашкыс байлыгыбыз бир эсе адамдын майтарылбас эркине көз каранды экендигин түз эле эскерте кеткенибиз жөндүү болоор.

Ар дайым ден соолугуңуз чың, көңүлүңүз кушубак болсун үчүн Сиз:

1) эркиңизди өзүңүзгө багындыра билүүңүз;

2) сигарет жана башкалардан оолак болууңуз;

3) спирт ичимдиктерин ичкенди (таштооңуз) чектөөңүз;

4) түтүн менен чаң–тозоңдон сактануунуз;

5) күн сайын эртең менен саат беште туруп, үч–төрт (көп болсо кайра жакшы) чакырым аралыкка (күн жаанчыл күндөрү бир орунда туруп) чуркооңуз;

6) чуркап келген соң, он беш жыйырма мүнөт ден соолук үчүн көнүгүүлөрдү жасооңуз;

7) ашказанга күч келбегендей деңгээлде тамактануунуз;

8) көңүлүңүз кушубак, маанайыңыз жаркып турганда күлкүңүз келсе, чын ыкластан каткырып (бул кээ бирөөлөр үчүн этиканы бузган, маданиятсыз туюлганы менен медицина колдойт) күлүүңүз кажет. Күлкү тээ алмустактан бери ден соолуктун мүлкү катары кызмат кылып келет. Каткырып катуу күлүү – олдоксон болуп көрүнгөнү менен ден соолук менен өмүргө май тамызып, өзүнүн оң таасирин берип атпайбы.

Маданияттуулуктун этика–эрежеси бузулат деп, чын эле чочуласаң, адам организминдеги гормондор кыймылга келбей түбөлүк «уйкуда» болсо – өмүргө зыян.

Мүнөзү шайыр адамдардын орточо өмүр сүрүүсү, мүнөзү түнт, күлгөндү жактырбаган адамдардыкына салыштырмалуу алда канча узак экендиги медицинада эчак эле далилденбедиби. Анын үстүнө ар дайым эле күлкү келип тура бербейт эмеспи. Сөздүн өңүтү келгенде дасыккан куудулдардын мыскыл аралаш тамашасын тамшанып көрүүнү сунуштоонун ыңгайы келип туру.

Акыл кеңештеримдин орчундуусу жогоруда белгилегендей, сизден майтарылбас ЭРКти талап этет.

Алгачкы жумада жасалган көнүгүүлөрүңүз сизге оңтойсуз да, кыйындай да туюлушу мүмкүн. Көз алдыңызга жаныңызды тиштеп, онтоп ооруп жатканыңызды элестетсеңиз–бул кыйынчылык түккө турбастыгына ынанбай койбойсуз.

Көнүгүүнүн үчүнчү, төртүнчү апталарында ден соолук жөнүндө айтылган ойдогудай өзүңүздү куштай жеңил сезип, көңүлүңүз алда–кайда чабыттап, кушубак; ырдагыңыз эле келет...

Демек, Сиз ЭРКЕКтик (адамдык) кылып, ЭРКиңизди өзүңүзгө, толук багындыра алдыңыз...

ЭРКЕК болгон соң (үй–бүлөлүү болсоңуз) кажыбас кайратыңыз, майтарылбас ЭРКиңиз аркылуу жетишкен ДЕН СООЛУКту жубайыңызга да, уул–кыздарыңызга да, келин–кесектериңизге да каалабай койбостугуңузга ыйманым кепил.

Адамга өмүр улоонун убайымдуу усулу аркылуу бүт үй–бүлөңүздү жан кейиткен оору–сыркоолордон куткарып, алардын ден соолуктарын чыңдай алсаңыз, демек, Сиз дүйнөдөгү эң бактылуу адамсыз.

Сизге каалом–ЭРКиңизди аздектеп–аспиеттесеңиз, кайгы–кападан, артыкбаш ташпиштерден арыларыңызга бөркүңүздөй ишене бериңиз.

## ДЕН СООЛУГУ ЧЫҢ БОЛСО, АЛ АДАМ–ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ БАЙ, БАКТЫЛУУ АДАМ

Күндөрдүн биринде даанышман дербишке жолугат да, анын ден соолугу, бала–бакыраларынын эсен соолугунан өйдө сурамжылап калбайбы. Даанышмандын ченде жок мээримдүүлүгү, адамгерчилигинен чексиз ыраазы болгон дербиш топук кылып, бардыгы көңүлдөгүдөй экендигин саймедирейт.

Дербиштин жообунан канагаттанган даанышман: «О, азаматым, сен дүйнөдөгү эң бай, анан да бактылуу адам турбайсыңбы»– дейт чын пейилден.

Өмүрүндө мартабалуу адамдан мактоо сөз укпаган дербиш акылмандын сөзүнө жибий түшүп, бир эсе кудуңдап ичинен купуя сүйүнсө, бир эсе үстүндөгү жамачыланган жүлдүр кийиминен арданып, даанышмандын сөзүнө бүйүрү кызый түшүп:

–Эгер сизди түшүнсөм майнеке болоюн, таксыр. Өзүңүз атыңыз аалам кезген чоң аалым

боло туруп, жүлдүр, жамачыланган, жупуну кийинген томаяк–кедейлерди кемсинткениңиз кандай?– дейт.

Күтүлбөгөн суроо оңтойсуз абалда калган даанышман бир кызарып, бир бозоруп, анан минтет:

–Оболу сендей адамды кемсинткен кемпай оңбосун деп, акылман сөзүн бүтөр–бүтпөс дербиш:

–Оболу орунсуз айткан осол сөзүм үчүн мени кечире көрүңүз, таксыр?

–Анан неге капа болдуң экен, береним?

–Таарынайын деген оюм дале жок эле. Үстүмдөгү жамачыланган жүлдүр жаман чапаным эсиме түшө калып... Чынын айтсам, айланайын, мени дүйнөдөгү байлардын бирисиң дегениңиз бүйүрүмдү кызытып, чычалатпай койгон жок. Мунумду Сизден кантип жашырайын?

–Чынын айтканда кеп чапанда эмес, чындыкта –ДЕН СООЛУКта болуп атпайбы, бай болгур?

Кебиме кулак сал, Бекбай, пайдасы тиер угуп ал, деп, – акылман кыргыздын кылым карыткан нускалуу ой берметин айтып турганы.

«Тээ илгери заманда кара кыргыз элинин чыгаан уулу жана патриоту СӨЗ багып, СӨЗдү ПИР туткан Байбото аттуу жээренче чечен жашап өткөн экен. Ал чукугандай сөз таап, ошол таамай айткан сөзү менен менмин деген эчендеген чечендерди сөзгө жыгып, таасирлүү СӨЗ куралы менен Байбото ЧЕЧЕН атыгып, атагы бүт дүйнөгө чагылгандай тез тарайт. Элибиз эл билген акимден СӨЗ билген ЧЕЧЕНди барктап, жогору баалашканы да бекеринен эмеспи деп ой чүргөбөй койбойсуң.

Ушинтип Байбото карааны калдайган калың кыргыз калкынын намысын коргоп, урмат–сыйга ээ болуп, дүйнөнү түрө кыдырып, ал тургай эл–журт башкарган санаалаш досторун табат.

Каркырадай тизилген бири экинчисине окшобогон күндөр өтө берет чубуруп, өтө берет. Айлар тогошуп, жылга айланат. Оору дегениң ондурбайт–ов. Ага баары бир: дөө–шаабы, баатыр–балбанбы, кедей–жармачпы, чычканбы, чеңгелин ныгыра

батыра, ажалга алпарат, Ажал алабы, коңбу, өзү каалагандай тескейт.

–Таксыр, Байбото чеченди айтсаңыз, анан эмине болду –я?

–Не болмок эле, байкушту оңдурбас ооруу тооруду да калды.

–Жан терге түшүп, ЧЕЧЕН онтоп жатса, досу жиберген миң дилдени ага кабарлашат. Ал кенебейт, миң дилде пулуңду бучкагына теңебейт. Оорулууну ортого алып, асырап багып жаткандар: «Дилдени өз көзү менен көрмөйүн ишенбейт, алып келип өзүнө көрсөткүлө» дешет. Ошондо Жанара деген кайраттуу катын топтон суурулуп чыгып, миң дилдени шагыратып кудум Байбото чечендин илдетин кууп, ага жан киргизип жаткандай жасакердене:

–Ай, Байбото, көзүңдү аччы, айланайын. Көрчү, муну атайын араб өлкөсүнөн досторуң сага белекке берип ийишиптир деп, шагыратты колундагы дилде акчаларды. Жаңылык Байбото чечендин кулагына жакпаса да байлыкка кыңкыстаганын коюп, көзүнүн кыры менен тигилген болот да, эчтеке болбогондой, оң капталынан сол капталына оодарылып, дагы жан кейитип онтой баштайт.

–Тигилер Байбото чечендин бул жоругуна таң калышат да, дагы бир айтып көрөлүчү пенде эмеспи, балким көңүлү көтөрүлүп, байлыкка баар алар бекен деген тейде: Карачы, айланайын, Байбото, өзүңө келчи! Бу деген байлык–го?! А байлык дегениң– бакыт эмеспи–дешип, оорулуунун тынчын кетиришкенде, ал кыңкыстап алсыз үнү менен «жо–г–о–о–л!» дегенге араң жарады.

Оорулууну үмүттүү орогондор эми биротоло түңүлүшүп, жок дегенде ат арытып, алыстан келген белекке ыраазычылыгын билдирип, жылмайып койгонго жарабады дегенчилик кылышып, баштарын чайкай тим болушту…

–Мына, көрдүңбү, Бекбай, миң дилде эмес, миллион, а түгүл дүйнөдөгү бүт байлык да ДЕН СООЛУКтун ордун баса албайт экен.

Ошондон улам ДЕН СООЛУК–башкы байлык, андан өткөн байлык да, БАКЫТ да болбостур…

* * *

Перзентиңиздин көңүлү кушубак, мүнөзү шайыр, ден–соолугу чың болуусун каалабаган адам жок чыгар. Аны таң эртеден чуркатып көндүрсөңүз, өзүңүздү да, балаңызды да бир топ машакаттардан арылткан болосуз.

* * *

Спорт майданы–ден соолуктун, сулуулуктун өмүргө өмүр улоочу жайы болуп калууга тийиш.

* * *

Спортчу жөө жүргөндөн арыбайт,
Конок киргенден үйдүн ичи тарыбайт.

* * *

Спорт–бул өмүр. Спортко кайдыгерлик кылганың–өмүргө кайдыгерлик кылганың.

* * *

Спортту ойлогонуң–
Оорууга жол койбогонуң.

* * *

Спортту сүйгөнүң –
Ден соолугуңа күйгөнүң.
Спортту сүйбөгөнүң –
Ден соолугуңа күйбөгөнүң.

* * *

Спорт менен машыкса болот,
Машыгууга бардыгы ашыкса болот.

* * *

Таштын баары сайда болот,
Чуркаганың–өзүңө пайда болот.

* * *

Токой–черде карышкыр, аюу болот,
Ден соолугуң чың болсо, баюу болот.

* * *

Шугулдансаң спорт менен
Сырдаш болуп,
Ишене бер,
Денең сенин москоол болот.
Ченебей ичип–жеп
Семиз болсоң,
Чийки этиң
Ден соолукка тоскоол болот.

* * *

Элинин саламаттыгын сактоодой жооптуу ишти аркалаган дарыгер тамеки тартып, арак–шарапка азгырылса, анын жашоодон үмүтүн үзгөн оорулуудан айырмасы кайсы?

* * *

Эч качан убактысын ал спорттон аянбаган,
Картайса да эмдигиче ал таяк таянбаган.

* * *

Ден соолугун ойлогон короо–жайын тазалайт,
Ойлобогон жандими өзүн–өзү жазалайт.

* * *

Ичинин карасы, ашказандын жарасы жаман.

* * *

Оорулуулар ооруканада онтоп жаткан себебин ой калчап ойлоп көрсө–чымын–чиркейлер адамдын коркунучтуу душмандары экендигин жаземдебей баамдашат.

* * *

Адам өмүрүнүн узун–кыска болушу кээде адамдын өзүнө гана байланыштуу болгон учурлары аз эмес.

* * *

Узак жашоону эңсегендер көп, бирок аларга спорттон кеп салсаң, далысын салышат. Көп жашагандардын аз болуп аткандыгынын негизги себеби ошол.

* * *

Балакайдын денсоолуугу чың болсо, көңүлү кушубак өзүнө камкор, тың болот.

* * *

Ден соолугу чың, акыл–эси нормалдуу «кедеймин» деп кейисе, таң калам, анан: «жалкоолукка жеңилген шордуу–го» деген бүтүмгө келем.

* * *

Чулу, чыйрак баладан алп чыгат,
Беймаани сөздөн калп чыгат.

* * *

Байысам деп ден соолугун ойлобогондун
Байыган соң ойлогону–ден соолук.

* * *

Ден соолуктан өткөн эч кандай сулуулук да, бакыт да, байлык да болбойт, болуусу мүмкүн да эмес.

* * *

Ден соолук башкы байлык болгону менен акчага күнкор.

* * *

Ден соолугунун начарлыгынан наалып, ооруусун шардана кылгандарды көп эле кезиктирдим,

бирок дене–башынын эсен–соо экендигинен ыраазы болгондорду көрмөк түгүл уга элекмин.

* * *

Спорт менен дене тарбиянын өнүгүп–өөрчүгөнү спорттун ооруга чабуулга өткөнү.

* * *

Ден соолугун аяган акчасындай этияттай албагандыктын кесепетинен дарыгерден дарыгер, табыптан табып издеп, шайы ооптур.

* * *

Тарых барактарын бай кылган–
Кылым.
Өмүрдү сапырып күл кылган–
Чылым.

* * *

Денеңди чыңдаганың –
Жүрөгүңдү тыңдаганың.

* * *

Ден соолугуң чың болсо–
Ишиң абдан тың болот.

* * *

Ыкшоолонуп иштебесең, жаның ооруйт,
Жан ооруса оңдурабы, ажал тооруйт.

## ДААНЫШМАНДЫН ЖООПТОРУ

–Адамды өмүр бою тажатпаган нерсе не?
–Эмгек.
–Байлыктын башатычы?
–Бул чымыркانган эмгек.

* * *

–Адамдын беделин кетирген сапат кайсы?
–Өзүнө–өзү канагаттанып, керсейгендик.

* * *

–Достордун кооптуусу кайсылар?

–Кооптуу достордун катарына:

1. Колунда бийлигиӊ барда коюн–колтугуӊа кирип алып, бийликтен кеткениӊде–саламдашпаганы;

2. Мулуюп жоош–момун көрүнүп кытмыр күлгөнү;

3. Карызга акча алып, «достукка» шылтап, кайра кайтарбаганы;

4. Дасторкон четинде табитиӊ тартпаганына койбой, «муну ич, тигиден же» деп ой–боюӊна койбогон достор кирет.

* * *

–Карыганда кишинин кандай болгону жакшы?

–Акыретти ойлоп, калыстыктан тайбагандар–каадалуу карылар.

* * *

–Март, берешен адамдар кандай болчу эле?

–Багар–көрөрү жок, бей–бечараларга кайрылып, байлыгынан кепсен бергендер.

* * *

–Кандай адамдар бактылуу?

–Ден соолугу чыӊ, өзүнө тыӊ адамдар.

* * *

–Жашоодо эӊ жакшы нерселер не?

–Ачык асман, акыйкат менен чындык, кайрымдуулук менен ыймандуулук, токчулук менен молчулук.

* * *

–Эӊ кымбат нерсечи?

–Ден соолук, Ата мекен.

* * *

–Кандай адам ыймандуу?

–Жолдон адашкандарды туура жолго салып, көөдөнү сокурларды беш убак намазга жыккан адам.

* * *

–Адамдын зыяндуусу да болобу?

–Болот. Өзү билбегенди билем деп, коомчулукка жалганды чындай көбүртүп–жабыртып, көкөлөтүп–көбүрткөндөрдүн пайдасы канчалык.

* * *

–Өмүрүн текке кетиргендер да болобу?

–Өзүн гана ойлоп, өзү үчүн гана жашап, «ичер суусу түгөнгөндө» өкүнүп, оо дүйнө сапар салгандардын өмүрүнүн кереги кимге.

* * *

–Эң уят иш кайсыл?

–Азбы–көппү иштеп, жасаган эмгегине сыйлык сурагандан өткөн уят иш жок.

* * *

–Катуу корккондон кийин кандай ой пайда болот?

–Корккон да жакшы нерсе, кетирген кемчиликтериңди терең талдап, алдыдагы иштерге сын көз менен карап, аяр мамиле кылууга үйрөтөт.

* * *

Эт жесең кекиртет,
Жумуртка жесең секиртет!

* * *

Спорт–бул БАЙЛЫК да, БАКЫТ да. Спорт–каардуу карылыктын элдешкис душманы.

* * *

# МЕНИ КЕЙИТИП–КЕПЧИТКЕНДЕР

Жашырбай түз эле айтайын, кээде мени акыл–эстүү делген адамдардан да түңүлүп калмайым бар, анткени алар, башкасын кой, өздөрүнүн эле тагдыр чечээр көйгөйлөрүнө кайдыгерлик кылышып, ойломок түгүл, түшүнө да кирбеген жасалма кыйынчылыктарды жасашып жаткандары зээнимди кейитпей койбойт.

Учурда дене тарбия, спорт деген укмушту укпагандар жокко эсе. Адам өмүрүнө абадай зарыл болгон ушул оюндардын жардамы менен адам баласы көңүлүн шат кылып, бардар, бактылуу өмүр сүргөндөр каалашынча. Ошентсе да, өздөрүнүн эң сонун, ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрүн акыл–эс менен пайдаланганды мындай-ак коюп, бир аз капчыгың калыңдап эле калчу болсо, долуланып, урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай калгандарга зээним кейибей койбойт. Алар спорт менен дене тарбиянын пайдасын көрүп–билип турса деле, ага далысын салып, керсейгени–керсейген. Биз эр ортону–элүү деп санаганга көнүп алган куракка жетип–жетпей кадыресе карылардай карылыкка моюн сунуп, мукурап, колуна таяк кармап, жайнап турган гүлдөй өмүр чиркинди соолутуп алып, курорт–санаториялар менен ооруканаларда көңүлсүз өткөрүп жүргөндөрдү баарыбыз эле көрүп жүргөнүбүз кашкайган ЧЫНДЫК! Алар жыргагандан ошентпегендерин Сиз, сезимтал окурманым, өзүңүз деле сезип–туюп турасыз да.

Ошол жанкечтилердин кээ бирөөлөрүнүн ооруларына «колу жеңил» дарыгерлер себепчи болуп айыгып калса, дагы бир даары ооруларына шыпаа таппай, врачтардан түңүлүп, чүнчүп, ал тургай Жараткан Кудайга шек келтиргендери да жок эмес.

Спорт–бул ден соолуктун ОРДОСУ. Дене тарбия–адам ЖЫРГАЛЧЫЛЫКТАРЫНЫН сыйкырдуу күчү. Сен дегдеп–эңсеген жыргалга жетүү үчүн бала–бакырaң менен жакындарыңдын тынчын

алып, врачтардын кабылдамасында кезек күтпөйсүң. Бош орун издеп, палаталардын эшигин жыртып, убайым чегип, убараланбайсың.

Бүт ынтааңды коюп, ДЕН СООЛУКТУ, ӨМҮРДҮ кадырлап–кастарлаган билермандардын баалуу кеп–кеңештерине кулак төшөп, айткандарын аткара алсаң–өмүр бою көңүлүн көтөрүңкү, дене боюң тың. Жараткан Кудайга да, сени ар кимге жалынтып–жалдыратпай, уул–кыздарыңды да муңкантып–муңайтпай, таман акы, маңдай тер менен тапкан тыйын–тыпырыңды бөөдө чачып–төкпөй, баа жеткис кеңештерин аянбаган устаттарыңа ыраазы болуп, алкышыңды айтасың. Кудуңдап, Кудай өлчөп–ченеп берген өмүрүңдүн ЖЫРГАЛЫН көрүп, көңүлүң шат, куунап–жыргап жүрүшүң анык.

* * *

Оюң таза болсо, дене–боюң да таза болот.

* * *

Өмүрү оорубаган жылаажындай алаша аялзатын ооруканада көрүп, көзүмө да ишенбей кеттим.

* * *

Спортчу карыбайт, уйкучу жарыбайт.

* * *

Акылманды тыңдагын,
Ден соолукту чыңдагын.

* * *

*Дос жүрөгү бир болот, бирге өнөт,*
*Жыргал менен жыласты бирге бөлөт.*

**А. С. Пушкин.**

*Чыныгы дос–атаңдан улук.*

**Вахаб–Бостон.**

* * *

Башыңа карантүн түшүп, кабырғаң кайышып, каңырыгың түтөп турганда көңүл көтөрүп койгонго бир ооз жылуу сөз айтмак түгүл, коёнчо ойт берип кеткен достун кандай дос экендигин жаземдебей билүүгө болот.

* * *

Балалык чагында китеп менен достошуп алып, карып, кайратынан кайтса да досторун кыя албагандар–согушта жаракат алып, душмандан өч алмайын согуш майданынан кетпеген жоокерге окшош.

* * *

Досуң зыкым болсо ишиң жүрүшпөйт, андай достун барынан жогу.

* * *

Досуңдун көптүгүнө ишенбе, алардын адамдык касиетине ишен.

* * *

Досуң жакшы болсо, кеселиңди дабалайт,
Жаман болсо, оңдурабы–табалайт.

* * *

Дос жакшысы–сени менен таламдаш,
Чанба аны, көргөн сайын саламдаш.

* * *

Жакын досуң сыркоолосо, токтоосуз дарылангангa көмөктөш, кокус көзү өтүп кетсе, чыгымына чыдабаган «Мен акмак» деп кейип, бүт өмүрүң өкүттө өтөт.

* * *

Жакшы ДОС-сени дагы адамга окшоп жашатат.
Жаман дос – балиттин баарын ашатат.

* * *

Жакшы дос–жамандыкта,
Жаман дос–амандыкта.

* * *

Жакшы дос – көңүлүңдү жашартат,
Жаман дос – таш атат.

* * *

Досуңан сыр катканың –
Акчыланып жаныңды жеп жатканың.

* * *

Чыныгы дос үй–бүлөң тургай, эне–атаңдан да жакын, боорукер.

* * *

Кийимдин жаңысы, достун эскиси жакшы.

* * *

Никелешкен эр, катындын денеси бир,
Ажырагыс эки достун жүрөгү бир.

* * *

Улуттар–Теңиримдин тилдик жагынан бөлөк–бөтөн, бирок пенделик жагынан санаалаш момундары. Кыргызбы же кытайбы, ингушпу же индуспу, өзбекпи же тажикпи, уйгурбу же нойгутпу, арабпы же аварбы... баары тең–Адам. Кудай аларды жаратканда акыл–эс менен кошо ынтымак–ырашкерлигин да аянбаган. Ошол улуттар аралык таберик ынтымакты доо кетирбей кадырлап–кастарлап сактап калуу – ар улуттун ыйык милдети.

* * *

Досуңдун пулун сураба, кунун сура.

* * *

Эски досуңду жаман десең–жакшы досун эч ким бербейт.

* * *

Жакшы дос ырдайт,
Жаман дос чырдайт.

* * *

Достукка кыянаттыгың–эне–атаңа, элиңе кыянаттыгың.

* * *

«Дос» деген сөздүн маанисин чемичкедей чак, анан достош.

* * *

Ыйык туткан достугуң өмүрүңө азык кошуп, дем берет.

* * *

Оттой ЫСЫК, уйкудай ШИРИН, эненин алдейиндей ЖАГЫМДУУ нерсе–булДОСТУК.

* * *

Чыныгы дос–атаңдан улук.

* * *

Дос дагы сот. Сот дагы дос болот.

* * *

Тагдыр эки досту табыштырат,
Ынтымагы жок болсо–чабыштырат.

* * *

Достун сөзү калыс болот,
Арам иштен алыс болот.

* * *

Достун асылы–таштын асылындай,
Достун жаманы – бетиңдин жарасындай.

* * *

Оттой ЫСЫК, уйкудай ШИРИН, эненин алдейиндей ЖАГЫМДУУ нерсе–бул достук.

* * *

Достугуң өмүрүңө азык кошуп, дем берет.

* * *

Достукка кыянаттыгың–эне–атаңа, элиңе кыянаттыгың.

* * *

Дос дегенди көп угасың, бирок чыныгы достуктун «жыты» жок.

* * *

Досторуңдун–душман, душмандарыңдын дос болуусунан сактан.

* * *

Арампөш адам бар арабызда,
Котур ташын койнуна катып жүргөн.
Досмун деп ылгабай досторун
Четинен жоолашканга сатып жүргөн.

* * *

Жакшы адамдардын достугунун тамыры тереңде.

* * *

Жаман дос чын сөзгө жырылдайт,
Далилдесең –ит болуп ырылдайт.

* * *

Досту тезирээк тапкан жакшы,
Абийирди эрте жапкан жакшы.

* * *

*Жарык дүйнөдө бардыгы сонун, бирок ошолорду көркүнө чыгарып турган жароокер жакшы жар болот.*

**Магомед, араб ишмери.**

*Ыймандуулугуң–сулуулугуң.*

**Вахаб–Бостон.**

* * *

... кооз, көркөм, сулуу болсо– адеми дейт,
Балакайдын жоругун адеби дейт.

* * *

Косметикалык жол менен сулууланып, бийкеч күзгүгө каранган калыбында: «Көрдүңбү, мен момундай сулуу болуум керек эле» деп, Кудайга наарazылык билдиргени–чалагайымдык.

* * *

Кийимдин да кийими бар; ар ким өзүнө жарашыктуусун тандап кийинүүсү акыл–эстүүлүктүн, маданияттуулуктун белгиси.

* * *

Карылык алкымдан алганда «арына» келген адамдар агарган чачын боётушуп, карылыктын жолун «бөгөгөнгө» далбас урушат. Бүкчөйгөн бели, бырыш баскан жүзү оозундагы төгүлгөн тиши менен иши жок. Аргасыздан күлкүң келет.

* * *

Музыкасыз өткөргөн өмүрүң–жапайычылык.

* * *

Руханий бай, ички дүйнөсү таза адамдар–эң сулуу адамдар.

* * *

Сырдашканга ар кимдин теңи жакшы,
Кыздын чырайына чыгарган меңи жакшы.

* * *

Көз жоосун ачкан суудан өткөн сулуу жок.

* * *

Элине руханий байлык жараткан инсандын делебесин козгогон сулуулук болмоюн жарытылуу эмгек жаралбайт.

* * *

Жөнөкөйлүгүң–сулуулугуң,
Билимдүүлүгүң–улуулугуң.

* * *

Жөнөкөйлүк менен карапайымдык адамдын ажарын ачып, ырайына чыгарып турган эң сонун адамдык сапат. Белгилүү көп адамдардын мындай касиеттүү асыл сапаттардан куржалак калышы өтө кейиштүү.

* * *

Сулуулукту сулуу адамдар гана жарата алышат.

* * *

Нандын даамын чыгарган камыр,
Даракты кулпундурган тамыр.

* * *

Сүйүндүрсөң–кубангандан өбөмүн,
Капалантсаң–көңүл чөүп сөгөмүн.

* * *

Сулуунун руханий дүйнөсү жарды болсо, анын сулуулугунун кереги кимге?

* * *

Сулуулук–Кудайдын сүйгөн пенделерине гана ыроологон белеги. Мындай белекке эгедер болуу ар кимдин шыбагасына туш келбейт.

* * *

Көз жоосун алган КООЗДУКтун ажарын ачып, адам баласын суктандырган СУЛУУЛУКТУ ыроологон СУУДАН өткөн ЫЙЫК жок, болуусу мүмкүн да эмес.

* * *

Адамдагы сулуулук анын руханий байлыгы менен айкалышканда гана чыныгы сулуулукка айланат.

* * *

Адамдын сырткы сулуулугу анын формалдуу физиономиялык түзүлүш келбети; ал эми чымыр денелүү, күч-кайраттуу, олбурлуу адам–чыныгы сулуу адам.

* * *

Жылт этип, айымдарда сейрек учуроочу сырткы сулуулук жасалма гүлгө окшош.

* * *

Жагымсыз, куник нерселер болбогондо сулуулук менен кооздуктун баркын сезбей да калмаксың.

* * *

Мага тааныш сулуулардын үч түрү бар:
а) табигый сулуулук,
б) мээнеттен рахат алган сулуулук,
в) косметикалык (жасалма) сулуулук.

* * *

Табигый сулуулук косметиканын мыйзамдарына баш ийбейт.

* * *

Эстетикалык тарбия–улуттук улуу таалимдер менен ширелишкенде гана жашообуздун көз тайгылткан кооздугу, керемет жыргалы боло алат, анткени, улуттук колоритсиз обондор эстетикалык сулуулуктун асыл каражатына коошпогон түркөй нерсе...

* * *

Руханий жактан бай адам–сулуу адам.
Руханий бай, адептүү адам–эң сулуу адам.

* * *

Адамдын жүзү күзгүдө, ички дүйнөсү анын сөзү менен чагылдырылат.

* * *

Өң–түстөн Жараткандын өзү бербеген соң, косметикага ык койгонуң сулуулар алдында суу кечпейт.

* * *

Сулуулукту алпечтебесең–өң–алет бузулуп, жүзүңөн жанып турган келбет кетет.

* * *

Ар нерсенин: адам менен айбандын да, канаттуу куштар менен буюм–теримдин да, азык–жемиштин да кооз–чырайы жакшы, анткени СУЛУУЛУК көз кумарыңды кандырып, жашоого ҮМҮТ байлатат.

* * *

Жылаажындай сыбызгыган музыка–делебеңди козгоп, илхамды чакырат.

* * *

Музыка–сөз ширеси, сөз–музыканын көзү, уганаак кулагы.

* * *

Жашоонун көркүнө чыгарган–сулуулук,
Адамды көркүнө чыгарган–улуулук.

* * *

Сулууну көп караба, керегине жара.

* * *

Таза болмоюн сулуулук жок,
Сулуулук болмоюн тазалык жок.

* * *

Өң–алеттин сулуулугу–жалган сулуулук.

* * *

Сулуулук өң–түс менен өлчөнбөйт; өңү–түсү келишимдүү болуп, рух дүйнөсү жакыр болсо–кемпай сулуу.

* * *

Сулуулукту сага, бийкеч,
Жараткан Кудай ыроолоптур.
Жакындатпай жамандыкты жылоолоптур.

* * *

Гүл адамга аруулук менен сулуулук, рахат менен кубаныч тартуулаган ыйык да, назик да, анан калса–сыйкырдуу өсүмдүк. Ээликме кемпайларга бөөдө тебеленип–тепселип кордолгондон коркот. Ашынган акмактар аларга кооп туудурганда жоонун бети–башын, колу–бутун тытып салганга тиш салып, тикенектерин саят.

Гүл–адамды тазалыкка, сулуулукка үндөгөн касиеттүү өсүмдүк.

* * *

Сулууга кийим жарашат, күлүккө жарданып карашат.

* * *

Жарашыктуу кийим адамдын ажарын ачат,
Урушсаң – үйдөн береке–кут качат.

* * *

Тоонун мөлтүр булагындай табигый сулуулукка азгырылып, делебең козголуп, көңүлүң көкөлөп, эсиң кетип, кантип багынып билгениңди өзүң да баркалбай каласың.

* * *

Айерим–буйерим ооруйт деген сулуу–чийки сулуу. Спорт менен айкалышкан сулуулук–чыныгы СУЛУУЛУК.

* * *

Чырайына чыккан кызга көз тойбойт,
Тиктебесең–элирген жүрөк койбойт.

* * *

Ыймандуулугуң–сулуулугуң.

* * *

Сулуулук адамды суктандырып гана тим болбой аны сулуулукту баалоого тарбиялайт.

* * *

Сулуулук СУЛУУЛУКТУ, а сулуулук–УЛУУЛУКТУ жаратат.

* * *

Өзүң сулуу болбосоң болбо, бирок жандүйнөң сулуу да, бай да болсо сен сулуулардын төрөсүсүң.

* * *

Адамдын жан дүйнөсүнүн сулуулугу дүйнөдөгү сулуулуктардын төрөсү.

* * *

Аракка азгырылган айымдар сулуулугунан ажырап, косметикага чуркаганы күлкүңдү келтирет.

* * *

Уяттуулугуң–сулуулугуң.

* * *

Коздук ар кимди эргитет,
Таза аба көңүлдү сергитет.

* * *

Ак көңүл, шайыр адам–сулуулардын төрөсү.

* * *

Каап десең! Сулуулук базарда сатылбаптыр да, сатылгандабы...

* * *

Эл умсунган, маралдай суйкайган сулуу кыздарды кедеринен кетирген ары жок, алдамчы жигиттерди Кудай уруп, мандем болоору анык.

*Сүйүү – акмакты адам, жаманды жакшы, бактысызды бактылуу кылат.*

***Л. Толстой.***

*Сүйүүсүз жашоо–кунарсыз.*

***Вахаб–Бостон.***

* * *

Эненин сүйүүсү кудум эле Күн нурундай, үйдү жылытып да, жарытып да турганга жөндөмдүү.

* * *

Эскирген кийим кийилбейт,
Сүйбөгөн минтип тигилбейт.

* * *

Чыныгы сүйүү куучуйган адамды да берешен, март кылып тарбиялоого жөндөмдүү.

* * *

Тоонун мөлтүр булагындай кыргыз кыздарын кастарлап, аздектеп сүй, алар өздөрүнүн өңүндөй өлкөбүздүн кайталангыс кооз жаратылышын түбөлүк сактап калууга жөндөмдүү.

* * *

Менин жүрөгүм бирөө. Махабатым да бирөө эле. Асылкечим–жанбиргем да бирөө. Зили эки болбойт, болуусу мүмкүн да эмес.

* * *

Сүйүүсү жок эки бутунан тең ажыраган мунжу–майыпка окшойт.

* * *

Адам пендесине келген ооруу–дарттардын ичинен сүйүүнүн дарты гана кооп туудурбайт–жукпайт.

* * *

Тарбиясыз улан–кызды баштабайт,
Сүйүү болбой–кыз уланды–
Улан–кызды таштабайт.

* * *

Эркектердин сүйүүсү алабарман: Ошондуктан алардын сүйүүсү көбүнесе курулай сөз боюнча

калып, асылзат аялдардын акактай таза, тунук сүйүүсүнүн алдында шоона эшпейт.

* * *

Аялдардын сүйүүсү – назик. Ошондуктан алардын сүйүүсү күчтүү да, түбөлүктүү да.

* * *

Сүйүүнү соолуткан–тил,
Муну аңдап өзүң бил.

* * *

Сүйүү түбөлүктүү. Жашоо түгөнгөндө сүйүү да кошо түгөнөт.

* * *

Сүйүү канчалык жалындап–жалбырттап турбасын, ал АКЫЛГА багынат.

* * *

Сүйүп, сүйүүнүн азап–тозогун жон териси менен сезбеген адам сүйүү жөнүндө жазыш мындай турсун, сөз кылууга акысы жок.

* * *

Адам жашоого, байлыкка тойбогондой эле сүйүүгө да тойбойт.

* * *

Сүйүү жүрөктүн тереңинде түбөлүккө жашай берет.

* * *

Сүйүүнүн карылыкка багынганы–адамдын өлгөнүнө барабар.

* * *

Эгер сен сүйбөсөң–өлүксүң.
Жашоодон четтеген,
Акыркы бөлүксүң.

* * *

Адилеттик адамга болгон сүйүүдөн жаралат.

* * *

Алган жарың наадан болсо, –
Адамга окшоп сүйө албайт.
Осол ишти жасагандан,
Кайра тартпайт, уялбайт.

* * *

Ар кимдин өзүнө таандык,
Кайталангыс МЕНи болот.
Чер жазып сырдашканга,
Өзүнүн ТЕҢи болот.

* * *

Адамдагы сулуулук анын руханий байлыгы менен айкалышканда гана чыныгы сулуулукка айланат.

* * *

Максат–мүдөөсүнө жетпеген соң, сүйүүнүн азабын тарткандан не майнап?

* * *

Өрттөй жалындап–жалбырттаган сүйүүңдү «уялып» өз убагында сүйгөн кызыңа (жигитиңе) айтпасаң, кийинки быкшыган тезектей сүйүүңдөн майнап чыгаары күмөн.

* * *

Түйшүксүз сүйүү–максатсыз сүйүү.

* * *

Эне–атаңдын бары жакшы,
Ар кимдин сүйүп алган жары жакшы.

* * *

Сүйүү– эң ыйык, тоонун аселиндей таза сезим. Мындай сүйүүнү барктагандар–акыл–эси тунук даанышмандар.

* * *

Эки жүрөктүн ымалалашуусу ой–пикирлердин дал келишүүсүнөн улам.

* * *

Сүйалбаган сүйүүнү сатып алалбайт.

* * *

Сүйүү–сенин келечегиңе үмүт байлатып, көңүлүңдү көкөлөтөт.

* * *

Чыныгы сүйүү – чоң бакыт!

* * *

Чыныгы акактай таза, күчтүү сүйүү–төгөрөгү төп келишкен адамдарда гана болору анык.

* * *

Сүйүү чексиздиги менен күчтүү да, түбөлүктүү да.

* * *

Атанын олутуу да, адилетүү да сүйүүсү жемишин берди; акылдуу атанын уул–кыздары коомдо өз орундарын тапкан кашкөй инсандар болуп чыга келишти.

* * *

Атанын сүйүүсү–СҮЙҮҮ,
Эненин сүйүүсү–КҮЙҮҮ.

* * *

Сүйүүгө баары эле кабылат: даанышмандар да, акмактар да, а тургай айбандар да.

* * *

Сүйүп жүрүп сүйгөнүнө жетпей калуу–
Чоң арман.
Калыс колдоп сүйүүнү,
Демөөр болуу–чоң дарман.

* * *

СҮЙҮҮ менен СЕЗИМ ширелишип, МЭЭРИМге айланат. МЭЭРИМ КӨҢҮЛ менен ширелишкенде ТАЗА СҮЙҮҮ пайда болуп, сүйүшкөндөрдүн эсин оодарат, сүйүүнү жеңишке жеткирет.

* * *

Ак дилден сүйгөнүң –СҮЙҮҮ,
Махабатка азгырылганың–
Өз башыңа капа үйүү.

* * *

Асылым, Айкан сүттөйсүң,
Кармалып калсам аз эле
Кербездене күтпөйсүң.

* * *

Байлыкка багынбаган, мансапка көз карандысыз чын ыкластан чыккан сүйүү–бул сууда чөкпөс, отто күйбөс, көө жукпас алтындай таза сүйүү.

* * *

Байлыкка багынган сүйүү–үлпүлдөк.

* * *

Бул жашоодо үч гана сүйүүнү жакшы билем:

1) жашоого болгон сүйүүнү;

2) эне менен атанын перзентине, баланын эне–атасына болгон чын ыкластан болгон сүйүүсүн;

3) сүйүп, арзып алган өз жарына болгон акактай тунук сүйүүсүн.

* * *

Жан бүткөндүн баары сүйүүгө кабылбай койбойт.

* * *

Жан кыйнабай курсагың тойбойт; мындайда сүйгөнүңө жетпесиң анык.

* * *

Таза сүйүү болмоюн көңүлдүн музу да, кири да кетпейт.

* * *

Жазгы жамгыр токтоосуз куят,
Зирек кыз сезимди туят.

* * *

Жаш жубайлардын жылуу сезимдери көңүлдө уяласа, аздектеп абайлап, аны өнүп–өрчүшүнө кам көрүлбөсө, сүйүүнүн учкундары тез эле өчүп калат.

* * *

Кызгануу–чыныгы таза сүйүүгө чалдыккан адамдарда гана кездешүүчү терс сапат. Мындай сапаттан улуу адамдар да куржалак калган эмес.

* * *

Машакатсыз сүйүү–бул жалган сүйүү. Мындай сүйүүдөн жаралаган бала кандай болорун айтпаса да түшүнүктүү.

* * *

Намыстуу жигит,
Бийиктикти багындырат.
Наздуу кыз,
Сүйгөн жарын сагындырат.

* * *

Сүйүү канчалык күчтүү болбосун, аны аяп–аздектебесе, кастарлап–карабаса, суу куюлган оттой тез эле балп этип өчүп калат.

* * *

Сүйүү эки жактуу болгондо гана бакыт–таалайга жеткирет.

* * *

Сүйүүгө акча аралашса да, сүйүү бактылуу болушу мүмкүн.

* * *

Сүйүүгө кабылбаган жан болбойт.

* * *

Сүйүү деген акактай таза нерсени барктай билбегендердин бешенеси шор болот, өзү кор болот.

* * *

Сүйүүгө сүйүү гана тең келе алат.

* * *

Сүйүү каарына алганда эч кимди аябайт.

* * *

Таза сүйүү–бул жалындап–жалбырттап, ээ–жаа бербеген өрт сымал.

* * *

Жашоонун жыргалынан кууралы көп болгондой эле, сүйүү сени ээликтирип кайгы—капага батырат, колуңа калем, кагаз карматып, түйшүккө салат, өң алеттен аздырып, махабат баянын жазууга аргасыз кылат.

* * *

Туюп турдум, бийкеч, ичиң тар экен,
Аңдап билдим, бактым менин бар экен.

* * *

Сүйүү–сезимдердин эң эле ыйыгы.Ошондуктан ал бардык сезимдерди аруу, кристаллдай таза болуусун шарттайт.

* * *

Көкүрөгүндө сүйүүсү уюп жаткан адам–бактылуу.

* * *

Сүйүү түбөлүктүүлүгү менен күчтүү да, түбөлүктүү да.

* * *

Сүйө билбеген адамдын эң жакын кишисине да күйүмдүүлүгү болбойт.

* * *

Сүйүү канчалык күчтүү болбосун, аны жалп эттирип өчүргөн да, жалбырттатып жалындаткан да сөз.

* * *

Сүйүү жашка карабайт,
Таз башты адам тарабайт.

* * *

Сүйгөнүң–бирөө үчүн күйгөнүң.

* * *

Сүйгөн жигит кубангандан көппөйт,
Сүйгөн кызын күчкө салып өппөйт.

* * *

Сүйүү–аруу,
Сүйүү– сыймык,
Сүйүү– ыйык!.
Сүйчү болсоң –чын ыкластан сүй!
Сүйүү жолу– машакаттуу –
Муну эске түй!

* * *

Сүйүүгө калп айтуу–келечек өмүргө бүлүк салуу.

* * *

Ыйыктардын ыйыгы–сезим,
Күлгүн курак–жаштык кезим.

* * *

Жашоонун жыргалынан куурады көп болгондой эле, СҮЙҮҮ сени ээликтирип, көз жашыңды төктүрөт, кайгы–капага батырат, эрксизден колуңа

калем–кагаз карматып, түйшөккө салат, өңалеттен азгырып, махабат баянын жазууга аргасыз кылат.

* * *

Таза сүйүүдөн өткөн баалуулук жок.

* * *

Сүйүү–бул жөргөмүштүн желесине окшош; кылтакка илингендерин кулга айландырып, табасы канганча кыйнай берет.

* * *

Күйгөнүм–сүйгөнүм,
Сүйгөнүм–артыңдан калбай жүргөнүм.

* * *

Жигиттин (кыздын) жалындаган сүйүүсү суу кечпейт; ошол сүйүү чындап жалындаса, жигиттин (кыздын) ышкысын козгоп, СҮЙҮҮСҮН жалындата алса, мындай сүйүү түбөлүктүү болоору чын.

* * *

Таза сезим үлпүлдөгөн жансыз сүйүүнү козгоп жалындатат.

* * *

Чыныгы сүйүү акмакты адам кылат.
Жалган сүйүү адамды тамам кылат.

* * *

Чыныгы сүйүү кечигибирээк келет; ашыкпай күтө турсаң, бактыңды таппай койбойсуң.

* * *

Чыныгы сүйүү ар кандай кыйын–кысталыштарда кыйынчылыктардан коркпойт да, майтарылбайт да.

* * *

Чыныгы сүйүү–өмүрдүн соңку көз ирмемдерине чейин ажырабай чогуу жүрөт.

* * *

Чын ыкластан адамдарга болгон сүйүү – ЖАКШЫЛЫК.

* * *

Эки жаш кол кармашып, баш кошсок деп аруу тилектери менен түтүн булатууга чын ыкластан киришсе, Кудайдын кулагы сүйүнөт.

* * *

Жанын жалынга түшүрө сүйүп, жүрөгү менен азап чекмейин эч кимге ыйык сүйүү жөнүндө сүйлөөгө да, жазууга да укук берилген жок!

* * *

Сүйүүдөн өткөн күч жок; ал каарына алганда тоону томкоруп, ташын талкан кылат.

* * *

Сүйүү жалындап–жалбырттаган өрт сымал; аны убагында баамдаган улан (кыз) гана өчүрө алат.

* * *

Сүйүүгө кайдыгер болуп, аны колдон чыгарып жиберген кыздар кубулжуп–кулпурушуп ойсеке* атыгышат.

* * *

Достук менен сүйүү сезимдердин эгизи; достук болмойун сүйүү, сүйүү болмоюн достук жок.

* * *

Максатына жеткен сүйүү–тоонун аселиндей таза; таттуу да, даамдуу да.

* * *

Сүйүү жардамга муктаж эмес.

* * *

Мен сүйүүдөн күйгөндөрдү көп эле уктум, бирок өмүрүмдө сүйүүдөн күйүп мертингендерди көрмөк түгүл уга элекмин.

* * *

Сүйүүнү Президент Указы менен да өзгөртө албайт.

* * *

Сүйүүдө да бакыт бар; сүйүүнү аздектеп бактыңарды тапкыла.

* * *

Сүйүү–тамаша эмес; ага кайдыгерлик кылып, калп аралаштырсаң–опурталдуу. Мындай сүйүүнүн арты трагедиялуу болуусу толук ыктымал.

* * *

# ТАРБИЯ БЕРҮҮ

*Тарбия берүү – улуу иш; ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет.*

***В. Г. Белинский.***

*Тарбияга аяр мамиле керек–адамды калыптандырат.*

***Вахаб–Бостон.***

1. Билип-билбей кетирген каталыктарың сенин кооптуу душманың; өзүңдү кейитип өкүндүрөт азапка салып алсыратып өлүмгө дуушар кылуудан да кайра тартпайт.

2. Байдын байлыгы кожоюндун кандай адам экендигин ачыктап турат.

Асыл адам мыш болбойт,
Экватордо кыш болбойт.

* * *

Адамдын байлыгы менен бийлигине карата баалоо чектелгенде гана АКЫЙКАТ–ЧЫНДЫКтын жолу бөгөлбөйт.

* * *

Адамды кемсинтип басмырлаганды мезгил – убакыт жеткенде өзүн басынтат.

* * *

Адамды кордоого эч кимдин акысы жок; кордоп жаткан киши өзүнүн кордолуп жаткан адамга окшогон адамдыгын сезе билгенде, ал бул жоругунан батыл кайтмак.

* * *

Чектен чыккан мээримдүүлүк–балага морал-дык жактан да, психологиялык жактан да чоң зыян келтирет.

* * *

Адашкан адам жети өлчөп бир кесет.

* * *

Адам карыса да анын таланты улам ташкын-дап, келечегине олуттуу кароого мажбурлайт.

* * *

Адамдагы бардык асыл–сапаттардын үрөнү – акыл–эс.

* * *

Жаман жорук жолдо калат,
Жакшы жорук колдоо табат.

* * *

Акмак «акыл» айтат,
Акылман накыл айтат.

* * *

Барды бар кылган–береке,
Барды жок кылган–келеке.

* * *

Көрсүн деп көкүрөк киндигин ачып коюп,
Ой жемин акылман айкөлдөргө чачып коюп,
Кыз жүрсө, келин жүрсө, анан дагы–
Алтымыштан эчак ашкан асылзат аял жүрсө
Шым кийип…аялуу асылзат аялдыгын унутуп…
Боёп чачын түркүн түскө эркектин кейпин кийип,
Шек келтирсе атына АСЫЛЗАТтын
ТЕҢИРИМ кечирмекпи, эй бурадар,
Калыс карап айтчы АКЫЛ?..

* * *

Эрке бала энесине даттанат,
Жакшы бала алыска сапар аттанат.

* * *

Жасакерленип жагынган кошоматчы–тыңчы.

* * *

Жаңжалдуу үйгө бакыт конбойт.

* * *

Көзүңдүн тирүүсүндө тууган эмес–
Балдарың да баркыңа жетпейт экен.
Жан кейиткен жаман жорук–жосундары
Унутулбай түк эсиңен кетпейт экен.

* * *

Эзмеден сөз да качып кутулбайт.

* * *

Адаты бар, абдан жаман;
«Акчам кетти, акчам кетти» дей берет.
Чынын айтсам ал соргок–
Ылгабайт, берсе болду–жей берет.

* * *

Оройлук–баам–парасат менен акыл–эстин жетишсиздигинин туундусу.

* * *

Ар тараптан такшалганың–
Алкышты жакшы алганың.

* * *

Алыс сапарда адам менен сырдаш болсоң–анын ким экендигин билесиң.

* * *

Көп сүйлөгөн жаңылат,
Ага айып тагылат.

* * *

Таттуу тамда жок,
Акмак санда жок.

* * *

Арак ичкен адамдын биринчи душманы–өзү.

* * *

Жакшылыктын душманы–жалкоолук.

* * *

Өлбөсөң–карыздан качып кутуласың.

* * *

Жетим жетилет, жээк кетилет.

* * *

Сени картайткан жашаган жашың эмес, ой–санааң, кайгы–капаң.

* * *

Кудайдан айлап, жылдап–торпок сурансаң да, коюң козу туулт.

* * *

Карыз алуу–өнөкөт ооруу.

* * *

Акмакта акча болбойт,
Суранганын түк эле койбойт.

* * *

Наадандын наркы болбойт,
Болсо да–
Эл ичинде баркы болбойт.

* * *

Жокчулук ойго салып, акылга акыл кошот.

* * *

Маңдай териң менен тапкан акчаң таттуу.

* * *

Арактын айынан капчыкка доо кетет.

* * *

Аялыңдын хансарайында жашаганча, өзүңдүн алачыгыңда жашаганың артык.

* * *

Сулууларга сылыктык жетишпегени куйкаңды кууштурат

* * *

Сөгүнүү ачууланыунун башталышы. Сабыр кылсаң–ачууң өтөт да кетет.

* * *

Алган алкыштарың аргымак болбойт.

* * *

Алкыш алганың–
Алтын алганың.

* * *

Балаң акмак болсо, алкыш албайсың.

* * *

Жамандыгыңды алтындын суусун жалатканың-майнапсыз; сасыгы чыга берет.

* * *

Арак сен ардактаган алпты да көтөрө чабат.

* * *

Кимге– ыр, кимге –чыр.

* * *

Өлүм эртеби–кечпи келери анык болсо да, эч ким ага даярдык көргүсү келбейт.

* * *

Акмактар актанышат,
Алжакелер мактанышат.

* * *

Өзүн жылдыз деп атагандарды жылдыз эмес, ырчы дегенге да оозуң барбайт.

* * *

Укканыңдын баары көңүлүңдү көкөлөтүп көтөрбөйт.

* * *

Ыр болгондо чыр да болот.

* * *

Келечегин көрө албагандар эскини эңсешет.

* * *

Сарандан жакшы сөз чыкпайт;алар сөзгө да сараң болушат.

* * *

Ушак сөздү укканың–
Билбей ууну жутканың.

* * *

Маңдай териң менен тапкан тамагың таттуу.

* * *

Кыйынчылык болбой жашоо болбойт.

* * *

Эркиндиктин энеси–ЭРК.

* * *

Кемчилигин мойнуна алган адам–акыл–эстүү.
Кечирим сураганы–АКЫЛМАН.

* * *

Адамзаттын эң асылы–
Тоо суусундай тазасы да БАЛАЛЫК.
Көңүлдөрдү бул жалганда ирээнжитпей
Түбөлүккө АДАМ болуп калалык.

* * *

Кудайды ойлогон адам гана калыс, чынчыл болот.

* * *

Сезимдүүсү баланын негизгисин илип алат,
Ошентип ал–көп нерсени билип алат.

* * *

Жакшылыкта да, жамандыкта да сабырдуулук керек.

* * *

Эне–атанын сокур сүйүүсү уул–кыздарынын тарбиясын бузуп, эбедейи эзилген "тарбиячылардын" башына сокку болуп уруларын элес албаганы кандай кейиштүү?

* * *

Жаз–жайы камдаган азыгың–ачарчылыктын элдешкис душманы.

* * *

Бирөөнүн кайгысына кубанган–Кайгыдан өлөт.

* * *

Акыл–эси бар туруп жамандык жасагандан түңүл.

* * *

Эне–атасынын каруу күчүн кетирип, аларга ныпым пайдасын тийгизбеген балдар–жандимилер.

* * *

Алты саны аман туруп иштебегендердин өз убалы өзүнө.

* * *

Жасаган тоодой жакшылыгыңдын элиңе жакканы жаңгактай болсо атың өчпөстүгүнө кепилдигим бар.

* * *

Кылмыштын тамырын кыркмайын өнүп–өсө берет.

* * *

Жамандык жасаган–жамандыктан каза болот.

* * *

Ой–акылдын гимнастикасы.

* * *

Өзү акылдуу болуп, кийими начар болсо–сөзү шоона эшпейт.

* * *

«Адал иштеп жасаган ак эмгегимди, эч ким баалабайт» деп бүтүм чыгарганга ашыкпа; элиңе жасаган эмгектериңдин акыбети кайтып, эртеби–кечпи, башыңа бак конорун унутпаганың утук.

* * *

Жакшы адам алтынга окшойт;аны канчалык будуң–чаңга булап көөлөсөң да баякысындай мээримин төгүп, ЖАКШЫЛЫКТЫН жарыгын күн сыңары чачып тура берет.

* * *

Тийбесе эгер эр көмөгү асылзаттын керегине,
Андай «эрдин» аялуу аялзатка кереги не?

* * *

Ынтымак утат,
Чыр–чатак жутат.

* * *

Катаалдык кимдир–бирөөлөрдүн бүйүрүн кызытып, жакпаганы айныгыс чындык, анткени ал ыкшоолук менен жалкоолуктун элдешкис душманы экени анык.

* * *

Карыз алганда көктөн издегенин жерден тапкандан бетер кудуңдап, өзүн чексиз бактылуу сезип… алганын кайтрарда көзүнүн жашын он талаа кылып өрөпкүп–өксүп Жараткандан наарзы болгон адамдын кандайлыгын өзүңүз айтыңызчы?

* * *

Жакшы адам элден чыкпайт, бөлүнбөйт,
Андайлардын чуусу чыкпайт, көрүнбөйт.

* * *

Жосунсуз жорук-жосундарды жашырганың –
Элиңе оор ташпиш ашырганың.

* * *

Акылдуу адамдар сабырдуу болушат.

* * *

Акчаң болбосо-ый, көп болсо-чо-оң ый.

* * *

Бакылдын былыгы бар,
Наздуунун кылыгы бар.

* * *

Арканды кыскартканың –
Өмүрдү кыскартканың.

* * *

Ачкөздүк киши жегич сыяктуу эле өнөкөт ооруу.

* * *

Ынтымагың жоготоконуң-
Ырыскыңды жоготконуң.

* * *

Алыс сапарда адам менен сырдаш болсоң-анын ким экендигин билесиң.

* * *

Карыз болгонуң–
Мите–куртка жем болгонуң.

* * *

Аялы кыз төрөсө сөгүнгөн эр, ую ургаачы тууса сүйүнүп атат, –эй тооб–боо!

* * *

Адамдагы асылдыктын салмагы–
Адам болуп ТҮБӨЛҮККӨ калмагы.

* * *

Кырчылдашып кыл чайнашып,
Жоолашканды жек көрөм,
Келечекке үмүт байлап,
Элдешкенди эп көрөм.

* * *

Мама–Жериңди энекеңдей сүй– сени багат.

* * *

Эт жесең кекиртет,
Жумуртка жесең – секиртет.

* * *

Жүрөк сыздатпаган өлүм болбогондой эле, жүрөк оорутпаган оору болбойт.

* * *

Жаштыгыңды барктай бил; куштай зымыраган МЕЗГИЛ сенин ЖАШТЫГЫНДЫ кабырга кайыштырган карылыкка алмаштырып ийсе–оозуң Ошту* карап калуусунан сактан.

* * *

Жаштыгың–бул сенин кош КАНАТЫҢ. ЖАШТЫГЫҢАН ажыраганың–КАНАТЫҢАН ажыраганың.

* * *

Кылгылыкты кылып коюп,
Кыл жип менен бууп коюп
Көлдөтүп митайым көз жашын төгөт.
Боор толгоп эгер аны колдоп койсо –
Калгандардын абийрин айрандай төгөт.

* * *

Кыштын оңдурбаган каарына кабылып, алапайың таппай турганда ой калчасаң– мээ кайнаткан аптапта эмне жумуш менен алектенериңди беш колдой билериңе күмөн санабайм.

* * *

Ким АДАМ деген ыйык атын «душманым» деген сөзгө алмаштырса–бул анын башына түшкөн жеке кайгысы.

* * *

Кайгы–капа бырыштырат,
Сараңдык– тырыштырат.

* * *

Топуктуу болсоң– токсуң,
Бейтакаат**болсоң–жоксуң.

* * *

Өлүмдөн өткөн оор жоготуу болбойт; ар кандай ишиңди токтотуп, маркумга топурак салуудай пенделик карызыңдан кутулууну унутпаганың утук.

* * *

Ачуу сарымсак жегениң–
Ракты жеңгениң.

* * *

Жуунуп таранбасаң–
Кирдейсиң да биттейсиң,
Капчыгың калыңдаса–
Ээсин капкан иттейсиң.

* * *

Досуңдун пулун сураба, кунун сура.

* * *

Карысаң да улакка чапкан аттайсың,
Сандырактап өз үйүңө батпайсың.

* * *

Көп сүйлөгөн жаңылат,
Ага айып тагылат.

* * *

Айбандардын өңү–түсү ар түрдүү;сагызгандын баары эле: сугалактыгы да, өңү–түсү да бирдей.

* * *

Тешик шарга жел кирбегендей эле, акмакка акыл кирбейт.

* * *

Кечиримдүү болсоң кагаздай бол;ага не деген гана сөздөр жазылбайт.

* * *

Ымыркай болсо бешик табылат,
Мал болсо—аркан табылат.

* * *

Тоодой тоскоолдуктар менен тикенек шиберүү кыйынчылыктарды жеңбей ийгилик жараткан деген кур дүрмөт.

* * *

Кыргыздын сыймыгы–комуз.

* * *

Жакшы адам жаман ишке жакындабайт,
Жаман адам жаман иштен алыстабайт.

* * *

Колу–буту мунжу болсо–бул тагдырдын "тамашасы". Эгер акыл –эси мунжу болсо, жырткычтан да кооптуу.

* * *

Мукурап, кайгы–капага батып турганда көңүл улаган адам–акылман.

* * *

Бала чактагы КУБАНЫЧ унутулгус; аларды КУБАНЫЧКА бөлөгөнгө кайдыгер болуу кылмышка тете.

* * *

Артыкча сөзүң–өзүңө душман.

* * *

Жакшылыктын душманы–жалкоолук.

* * *

Жамандык айттырбайт – өзү келет.

* * *

Жалган кууланып калпычыны сыйлайт,
Кейин калпычы алданганына ыйлайт.

* * *

Үйдү көркүнө чыгарган ээси; ал болмоюн үйдө береке–кут болбойт.

* * *

Апасынан да акчасын жакшы көргөндүктөн каза болуптур.

* * *

Күнөөлөш оңой; күнөөнү аныктап, моюнга коюу–тозоктун тозогу.

* * *

Жалынып –жалбарсаң да жакшы болалбайсың.

* * *

Ата–энеси менен мектеп тарбиялай албаганды турмуш өзү  тарбиялайт.

* * *

Адамдын көзүнө эмес, ишине кара.

* * *

Сени картайткан жашаган жашың эмес, ой–санааң, кайгы–капаң.

* * *

Алдагандын арты –ал ж??????????????????????

* * *

Кордук–зомбулук–наадан–түркөйлөрдүн  гана колунан келчү  осол иш.

* * *

Ыйманы жоктын ары да намысы да жок

* * *

Аңыз кылып айтканга –
Асылдыктан бирөө жок.

* * *

Талап–тартиптин катуулугу–
Жашоо–турмуштун таттуулугу.

* * *

Ушак узатпайт.

* * *

Каада–салт– мыйзамдардын ата–энеси, жото–жетеси.

* * *

Карыз уйкуңду качырат.

* * *

Минтип элди кордоп кыйнаганча туулбай туна түшсөңчү.

* * *

Байларда баары:байлык да, душман да, кайгы–капа да көп болот.

* * *

Жакшылыкты көп ойло да көп жаса–жамандыктан оолак болосуң.

* * *

Жалганга алтындын суусун жалатсаң да чындыкка жалгашпайт.

* * *

Элиңдин алдында жүзүм жарык болсун десең–осол ишке барба; ушуну ким көрмөк эле деп арзыбаган нерсени ала койгонуңду душмандарың пилдей көрсөтүп, көө жабарын унутпаганың утук.

* * *

Баланы чоң энеси менен калтырганың–алтын капаска камаганың, өз апасы менен калтырганың–жайлоонун төрүн жайлатканың.

* * *

Окубаган башты дат басат.

* * *

Карыз алганды өнөр кылып алгандардын эки аты болот; **биринчиси**–молдого азан айттырып койдурган өз аты; **экинчиси**–карыз берип өндүрө албай азаптанып аргасыздан коюлган аты.

* * *

Акчыланып душмандын түбүнө жеткен жаман,

* * *

Эл алдында уялып, абийириңдин кеткени жаман.

* * *

Бакытты беш жыл эңсесең да басып келбейт.

* * *

Өмүр болсо–өлүм да болот.

* * *

Жезит деген жаман сөз,
Асыл деген аман сөз.

* * *

Аялыңдын хансарайында жашаганча, өзүңдүн алачыгыңда жашаганың артык.

* * *

Жалкоо– жакыр адамдар кайдан чыгат? деген суроо салышса, жообум белен: «Спортко маани бербеген, өз тагдырына кайдыгер караган жалкоо–жалчылардан».

* * *

Сөгүнүү ачуулануунун башталышы.Сабыр кылсаң–ачууң өтөт да кетет.

* * *

Алжекени шиши толгон–
Эл бузарлар тукурган.
Ошондуктан ал көөсөр–
Иттен бетер кутурган.

* * *

Жол эрежесин сактаганың–
Адам өмүрүн барктаганың.

* * *

Кудайды карап «орозону» ойлогонуң-
Сайрандап бейишке жойлогонуң

* * *

Ченде жок сулуу ДЕН СООЛУК,
Кучактап, булл перини –жыргап –өп,
Аздектеп сүйгөн андан көп.

* * *

Чындыкты ачуу –чычалатат, бирок мөмөсү тоонун аселиндей.

* * *

Булбул үнү менен,
Кой жүнү менен.

* * *

Үнү –булбулдун көрөсөң эмгеги.

* * *

Сөздөр көп сүйлөнөт, тилекке каршы алардын баары эле максаттуу эмес.

* * *

Уурдаганга да акыл–эс керек.

* * *

Ар кандай нерсенин алдын алуу адам өмүрүн сактаган эрдикке тете.

* * *

Жокчулук жашаганды үйрөтөт,
Байгерчилик жинди кылып сүйлөтөт.

* * *

Жокчулук ойго салып, акылга акыл кошот.

* * *

Жалаакордун домааты бар,
Эр жигиттин ооматы бар.

* * *

Жашоонун формуласы–ЧЫНДЫК менен КАЛЫСТЫК.

* * *

Арактын айынан капчыкка доо кетет,
Ыйман качып жоо келет.

* * *

Ысык суудан буу чыгат,
Кыңыр иштен чуу чыгат.

* * *

Сага, мага кооп туудурган жырткыч–каман,
Айла–амал иштетпесең–ахвалың жаман.

* * *

Калп айткан –жакыр,
Жакшылыкты көрбөгөн–сокур.

* * *

Көрөр күнүң, ичер сууң качан түгөнөөрүн билбеген соң, эртеби–кечпи сени да ажал арбап кетээрин эсиңен чыгарбаганың эп.

* * *

Үйүңөн чыгып баратып Кудайга тообо келтирип, үйүңө эсен–соо кайрылып келериңди ойлоп жүр, ойлобогондор ойрондолуп, кырсыкка кабылып о дүйнө сапар салып кетип жатышканын өзүң дале көрүп да, угуп да жүрбөйсүңбү.

* * *

Ал өзүн элге кеменгер кылып көрсөтүүгө далбас урду. Муну сунан майнапы чыкпаган соң, супсуну сууп шылкыйды.

* * *

КАРЫЛЫК –бул тагдырдын башка салган сыноолоруна бардаш берип, бардык АСЫЛДЫКТАРДЫ дене–боюна сиңирип, келечек муундарга өткөрүп берчү жетилген курак.

* * *

Арактын арты–армандуу:
Билип койгун,
Эсиң болсо, эсиңе түйүп койгун:
Буту күйгөн тooктой жорголотот.
Каткан шоруң бар болсо–
Терге кошуп шорголотот.

* * *

Түшүмдү сакташ үчүн кампа керек,
Отун–сууну камдаганга жампа керек.

* * *

Көп алкасаң, мактаган адамдын да, кооз сөздүн да баркы кетет.

* * *

Эрдигиңди жоготконуң –өмүрүңдү жоготконуң.

* * *

Өзүңдүн акыл–эсиң, жүрөгүң туруп, бирөөнүн акыл–эси менен болуу– түркөйлүк.

* * *

Жамандык–адамдын көөдөнүн мите курттай өйүп отуруп өмүргө олуттуу кооп туудурарын элес алганда пендезаты жамандыктан оолак болмок.

* * *

Жашоо – бул өмүр бою аракеттенүү.

* * *

Адеп–ахлак тарбиясы–бул бардык тарбиянын ЭНЕСИ, анткени ал адамды калыптандырат.

* * *

Ак дилден каалаганыңды,
Жаратмандыгым деп бил.
Ыкшоолонуп каалабаганыңды–
Жакырланганым деп бил.

* * *

Бечаранын кейпин кийип,
Жоого башты ийген жаман.
Көрк берип көз жоосун алган
Гүлчарбактын ичине сийген жаман.

* * *

Жакшыга жакындап жанашкан жакшы,
Жамандан алыстап адашкан жакшы.

* * *

Ачкан курсак тынч алып жатканга койбойт,
Жан кыйнабай курсагың тойбойт.

* * *

Адамдын чабалы жаман,
Амалкөйдүн абалы жаман.

* * *

Кодулаганың–амалыңдын кеткени,
Касың айтарын тиксе–ажалыңдын жеткени.

* * *

Күлкүнүн да тоо аселиндей тазасы болот. Ал күлкү пейили ак адамдан гана чыгып, өмүргө өмүр кошот.

* * *

Жаныңды жалынга салып жаткан сенин аракетиң КЕЛЕЧЕГИҢДИ түптөөгө далалаттанганың экенин унутпаганың утук.

* * *

Үйдүн куту карыя болот,
Жаман ишиң жашырсаң да жарыя болот.

* * *

Шапар тээп убакытты бошко кетирүү оор жоготууга барабар.

* * *

Олдоксон болсо да оюмду айтайын. Көбүнесе, жайында эл кыжы–кужу кайнаган дайранын боюнда ырахаттана тамактанып отурсаң, аталар менен улгайган асылзат апалар какырынып кашкайган дайрага түкүрүнүшөт, атүгүл мурдун да таштап ийишет. Анан аппетит кан буугандай буулуп

«көргүлүктү бир көрөсүң. Алардын баам-парасатынын, туюм-сезиминин жоктугуна кейип ордуңан тура жөнөйсүң. Мындай баам-парасатсыз адам пенделери мүмкүн, бири олдоксон ойдон бүтүм чыгарып алышса ажеп эмес.

* * *

Аксымданып жашырбагын дартыңды,
Билип жүргүн кадырыңды –баркыңды.

* * *

Алтын убакытты баалай албаганың –
Өмүрүңдүн жакшы болуусун каалабаганың.

* * *

Эшикти кулачтабайт, теппейт,
Үрөндү ылгамайын сеппейт.

* * *

Азилиң адил болсун,
Айтканга далил болсун.

* * *

Эң көп алданган адам–өзүн–өзү алдаган адам.

* * *

Жандай көрөм март, берешен элимди,
Жатка бербейм, бир да карыш жеримди.

* * *

Айкөл аял марытат,
Ажаан аял карытат.

* * *

Байлыгына чиренген бай мырзалар деле, бийлигине манчыркаган бийлик төбөлдөрү дале, ар кимден кордук–зомбулук көргөн жарды–жалчылар деле адам. Көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөндө баарынын барар жери–мүрзө.

Ошондуктан бардар жашаган байлар улуу Рамазан айында томаяк–кедейлерди эстеп, орозо

битир берип, алкышын алса, ажал алкымдап алганда ага тик багып чын дүйнөгө дадил кетмек.

* * *

Элин сүйгөн журт башыны эли ардактап, ак-батасын берип, алкышын айтат.

* * *

Байлыктын күчү–билим деңгээли төмөн, акыл–эси да анчейин адамды майлуу орунга отургузуп, сый–урматка бөлөп койгондугунда.

* * *

Жырткычтардай түп көтөрө өкүрүп–бакырып, атаандашынын ден соолугуна путур жеткирип, айланасындагылардын өмүрүнө да олуттуу зыян келтиргендерди түшүнүп болбойт, ажаандардын айкырыгы жүрөк оорутууга өбөлгө түзүп жаткандыгын алар ойлой жүргөнү оң.

* * *

Кылгылыкты кылган соң, кейигенде не пайда.

* * *

Оңой иштерден оолак бол; оокаттуу, бардар жашайын десең–оор иштерди гана жаса; денеңди чыныктырат, эркиңди бекемдеп, майтарылбас, өзүңдү тайманбас, эр жүрөк болууңду шарттайт.

* * *

Талантты баалап–барктаган адам–такыбаа.

* * *

Акылдуу адамдардын оюнун орошондугу, сөзүнүн салмактуулугу жагынан башкалардыкынан аттын кашкасындай айырмаланып турат.

* * *

Жакшынын атагы чыгат,
Жамандын чатагы чыгат.

* * *

Шык–жөндөмдүү баланын
Келечеги кең болот,
Орундуу айткан ойлору
Кеменгерге тең болот.

* * *

Малың тургай короо–жайың сатылат,
Жыйнаган байлык катылат.

* * *

Ынтымагы бар элдин –
Булгаары болот күрмөсү,
Ынтымагы жок элдин –
Толуп турат түрмөсү (абагы).

* * *

Жашоонун кууралы болбой, жыргалы болбойт.

* * *

Чоюлуп жай чилдеси жаткан болбойт,
Жайында жырткычтарды аткан болбойт.

* * *

Саламдан жаңылба жакыныңа,
Таазим эт сүйүктүү акыныңа.

* * *

Ыплас колуң казынага салбагын,
Уруксатсыз элдин мүлкүн албагын.

* * *

Бирөөнүн мүлкүн алган болбойт,
Элден бөлүнүп калган болбойт.

* * *

Жалкоолук–жакырчылыктын атасы. Аны менен аёосуз күрөшүү–ар бир акыл–эстүү адамдын ыйык милдети.

* * *

Эркелик–сырты алтындын суусуна сугарылган тикенекти элестет.

* * *

Аталардан акча албай алкыш ал.

* * *

Көзөмөл көзгө сайса пара болбойт,
Ак ишти бурмаласаң– кара болбойт.

* * *

Курулай керилгениң–
Бекерликке берилгениң.

* * *

Жарыбаган жанкечтини сүйгөнүң–
Өзүңө–өзүң кайгы–капа үйгөнүң.

* * *

Жаманга жакшы жанашпайт,
Аялзатка эркектин шымы жарашпайт.

* * *

Бир максатты көздөп бириксе–Уюм болот,
Каалап алган жакшы нерсең–Буюм болот.

* * *

Адамдын адамдыгы анын байлыгы менен бааланбайт; элине сиңирген эмгеги менен гана анын кандай адамдыгын аныктай аласың.

* * *

Абийирди табуу кыйын, жоготуу–оңой.

* * *

Жакшыга жанашканың–
Жамандыктан качканың,
Жаманга жанашканың–
Абийириңди ачканың.

* * *

Адамдын мүчөсүндөгү тубаса кемчилигин бетке айтпа. Ансыз да ал байкуш ошол мүчөсүнүн азабын тартып, ичинен сыздап кан–какшап атса, кудум ошол кемчилигин ал сезбей аткансып сен бетке чаап атсаң, бечаранын алы не кечерин элестетип бак.

* * *

Адамча тирилигин өткөрүш үчүн жокчулуктун айынан айылдаштарыңан аны–муну сурайсың. Сураган да чоң күнөө экенин элес алганыңда суранбай эле калмаксың.

* * *

Акылмандын жалгыз өзү акылман болгону жетишсиз; калгандарын да акылдуу кыла алса, ал чыныгы акылман.

* * *

Акылдуулар акмактын сөзүн унчугушпай тыңдап отура беришсе, акмак өзүн акылдуу сезет.

* * *

Акмактардын арасында сенин акылдуулугуң кумга жазылган жазуудай.

* * *

Акмактар да кээде акыл айтышат.

* * *

Акчаны карызга берип жатып, аны кайтарып алууңду ойлогонуң олжо.

* * *

Акыйкат, чындык достошот,
Тууган болуп агалашат.
Жалган, ушак касташат,
Душман болуп жакалашат.

* * *

Акмактар гана абийирдүү адамдын абийирин ачууга далбас урушат.

* * *

Алсызданып жан кейисе–
Баландан жакшы балдагың.
Көңүлдөн чыккан жакшы сөз –
Ширин сөзүң балдыгың.

* * *

Алган карызыңды тууганыңа токтоосуз бер, анткени анын өзү тууган болсо да, акчасы тууган эместигин унутпа.

* * *

Алган тарбиясына таянган бала тагдырына таарынбайт, турмуш сынагынан таяк жебей таасын өтөт.

* * *

Асыл адам оолукпайт, көппөйт,
Айкөл адам тигилет – сөкпөйт.

* * *

Акылмандар да азып–жазып жаңылышат, анткени алар да адам. Кыйынсынып, алардын жаңылганын бетке кармап мажестик кылуу–осол иш.

* * *

Зулумдун кабагы ачылбайт,
Бакылдын багы ачылбайт.

* * *

Артыкбаш, баш ооруткан ташпиштерден оолак болуп, ар дайым көңүлүң шат, маанайыңдын жаркын болушун кааласаң, амалдуу адамдардан ат чабым алыс бол.

* * *

Ар кандай нерсенин агы жакшы,
Саймедиреп айтканга дагы жакшы.

* * *

Адеп–ахлак кимдин ким экендигин көрсөтүүчү түбөлүк эскирбеген КҮЗГҮ.

* * *

Адеп–ахлак тарбиясы–бул бардык тарбиянын ЭНЕси, анткени ал адамды калыптандырат.

* * *

Атуулдук (патриоттук) тарбия–жарандарга эне–атасы менен тууган–туушкандарын, эл–жерин чын ыкластан сүйүү сезимин ойготкон тарбиялардын ичинен эң сүйкүмдүүсү.

* * *

Асыл таш эскирбейт,
Окубаса –
Адамзатка эс кирбейт.

* * *

Акылдуу айныса,
Жаманга тең болот,
Бала идиректүү болсо–
Келечеги кең болот.

* * *

Асал жеп, кымыз ичсең,
Ооруу–дартка эм болот.
Сөз укпай тентек кылып окубасаң–
Акыл –эсиң кем болот.

* * *

Арам тамак аш болбойт,
Эс кирбеген баш болбойт.

* * *

Арак–ажалдын ашынасы. Аны үгүттөп–рекламалоо–ажалды үгүттөө дегендик.

* * *

Алдына айкын максат коюу–ЖАКШЫЛЫК. Ошол максатына жетсем деп дегдеп, белсенип киришүү–АКЫЛ–ЭСТҮҮЛҮК. Жасаган аракетинин алгачкы жемишин көрүү–ДААНЫШМАНДЫК. Айкын максатына жарым–жартылай жетишип, эмгегинин үзүрүн көрүү– ОЛУЯЛЫК.

* * *

Аракка абдан тойгонуң,
Жакшылыкка чекит койгонуң.

* * *

Акмактын ары болбойт,
Күйө турган жары болбойт.

* * *

Эркектин адаты бар энеден сөккөн,
Убал болот тепсендиге айран–сүт төккөн.

* * *

Акыл–эстүү кишинин,
Майнабы чыгат ишинин.

* * *

Алты доочу бир келсе,
Амалыңдын кеткени.
Душманың айдарын тиксе,
Ажалыңдын жеткени.

* * *

Адамдарды алдап бейбаштануу–бардык жамандыктардын башаты.

* * *

Айылга барсаң иш кайнайт,
Көчөсүндө гүл жайнайт.

* * *

Акылдууга арак – азык эмес.

* * *

Берешен адамда береке–кут,
Алгыр–сукта –жут.

* * *

Пейилиң жакшы–
Карга окшоп ак деймин,
Ак өтөп кызматыңды–
Түпкү элиңе жак деймин.

* * *

Бакылдан жакшы сөз күтпө,
Адамдыгың эмитен түптө.

* * *

Билсем деймин көп сырларды Айдагы,
Сөз деп айтпа сандырактты кайдагы.

* * *

Башкаларды урматтаганың–улуулугуң. Мындай урматка жетүү баарынын шыбагасына берилбеген.

* * *

Балага үй–бүлөдө берилген таасын тарбия гана анын адам болуусуна өбөлгө түзөт.

* * *

Балада атуулдук сезим калыптанмайын, жоокер болууга мүмкүн эмес.

* * *

Балдар биздин келечегибиз болсо, алардын тарбиясы тамаша эмес; баарыдан мурда тандаган

тарбиячыңдын кимдигин таасын билгенден кийин гана, баланды окутуп– тарбиялоого тапшырганың божомолдоп тобокелеге салганга караганда он эсе пайдалуураак.

* * *

Барбалактаган бакырчаак душманга караганда, түнт жүрүп, кытмыр күлгөн душман кооптуу.

* * *

Бакылдыгыңан бирөөгө жамандык кылууга камынып жатып оболу ошол осол ишиңден не майнап чыгарын тереңирээк ойлосоң, эч кандай жамандыкка барбайсың. Жүзүң да жарык, көңүлүң да шат, үй–бүлөң да тынч.

* * *

Наадан досу менен коштошот,
Кээ бир айбан адам менен достошот.

* * *

Бата алганың–амандыгың,
Бата албаганың–жамандыгың.

* * *

Башыңа оор күлпөт түшүп, канчалык кыйнаса да, үмүтүңдү үзбө, анткени үмүт оту өчкөнү – өмүрүңдүн өчкөнү.

* * *

Бейкүнөө бирөөнү капа кылганың–мүрзөңө батыл жылганың.

* * *

Боюңдун кыскалыгына намыстанбай, оюңдун кыскалыгына намыстан.

* * *

Бир максатты көздөп бириккениң–
Буудан сымал озгонуң,
Муназага келбей бөлүнгөнүң–
Будуң–чаңдай тозгонуң.

* * *

Бирөөнүн абийирин ачкан адам өзүн эч качан акмак деп ойлобойт.

* * *

Билбейт деп алганың–ошол да сенин жалганың.

* * *

Билерман билип сүйлөйт,
Чагымчыл илип сүйлөйт.

* * *

Болгонду болгондой айтууга батына албай, адам калыстыктан тайыса, андайлардын сөзү–сылык, ичи былык.

* * *

Бакыл оңолбойт,
Жакшылык – жоголбойт.

* * *

Душманың сага бакылдык кылып бут тоссо, сабыр кыл, чыда, күч иштетүүгө ашыкпа, эс токтотуп акыл–эсиң, көөнөрбөс билимиң менен чымырканып иштей бер. Ошондо атаандашың «жеңилдим» деп айтпаса да, мурдакыдай сени менен эрегишпей калат. Анын жеңилгени ошол.

* * *

Душманымдын табалоосуна калбайын десең, өзүңө тың бол; чынчыл, берешен, мээримдүү, айкөл болсоң, душманың табаламак турсун, күйөт. Күйүт адамды соолутат.

* * *

Дыйкандын генийлиги–жер жүзүндөгү кыбыраган жандын бүт баарын кабагым–кашым дебей тең баккандыгында.

* * *

Дасторконду тегерете отуруп тамакты чогуу жеп–ичип, батаны да чогуу–чаран кылса, ынтымак да береке –кут да болору бышык.

* * *

Дасторконуң жайнаган тамак–аш, Ынтымагы жок болсо–Ар кимдин кармангany таяк менен таш.

* * *

Жакшы адамды мактасаң, манчыркабайт,
Жамандасаң–жабыкпайт.

* * *

Жакырчылыкты ит да жактырбайт.

* * *

Жакшы адамды «жакшы» дегениң менен ал өзгөрүлүп калбайт, а көрөкчө ага келген жөнүңдү айт.

* * *

Жалкоо болсоң–жакырсың,
Кара өзгөй болсоң–бакылсың.

* * *

Жакшы ит үй коногун сезеби–каппайт,
Жакшы бала эшикти тээп жаппайт (ачпайт).

* * *

Жаманды адам карабайт,
Киши ордуна санабайт.

* * *

Жакшы нерсе аз болот,
Жашаганга саз болот.

* * *

Жакшы адамдар жаңылышат, акмактар гана «жаңылышпайт». Муну алардын өздөрүнүн сөзү эле тастыктап турат.

* * *

Жакырчылыкка жакын жолосоң–жаныңды жейт.

* * *

Кежир адатын койбойт.
Ачкөз дүнүйөгө тойбойт.

* * *

Ынтымак болбосо –
Жыйын маселе чечпейт.
Муназага келбесе –
Айткан сөзүң суу кечпейт.

* * *

Жалаа жапкан жаман. Сен жапкан ошол жалган жалааны бирөө сага жабаарын ойлосоң, үрөйүң учуп, жамандыгыңа тообо келтирериңе кепилдик бере алам.

* * *

Жан бүткөндүн баары тең адам пендеси. Эгер алар бир максатта аракеттенсе, жыргал заман эчак эле келмек.

* * *

Жамандык менен жакшылык эгиз бир туугандай биринен бири карыш калбай жүргөнүн

билген соң, эртеби, кечпи, ошол жамандык сага да башбагарын ойлосоң, пейилиң өзгөрүлбөй койбостугуна кепилдигим бар.

* * *

Жамандыктан жаа бою качканың ийги, анткени жамандыктын жалаасы кылмыштан да оор. Аныңды Кудай эмес, сени «карегим» деп кадырлаган калкың да кечирбейт.

* * *

Жакырчылыкты жаныңа жолотпо, жакындаса– жаныңды жейт.

* * *

Жаш кезинен уул–кыздарга улууга –урмат, кичүүгө ызаат, мекениңдин асыл адамдарына сүйүү сезимин козгоо аздык кылат; ошондой эле аларды караөзгөй бакыл–мыкаачыларга, жоолашкан душмандарга жек көрүү сезимин ойготпосоң, кийинчерээк алар жоо менен беттешпейт деп эч ким кепилдик бере албайт.

* * *

Жол–бул сенин келечегиң, ырыс–кешигиң, бакыт–таалайың, кайгы–капаң.

* * *

Жалтыраган кийимге караганда жарашыктуу кийим алда канча баалуу.

* * *

Жасаган жакшылыктарыңды айтпай жүргөнүң акыл–эстүүлүгүңдүн белгиси; касыңа кылган жакшылыгыңды байкоостон оозуңан чыгып кетиши; –**биринчиден**, сооптуу ишиңдин жуулуп талаага бекер кеткени; **экинчиден**, жосунсуз бул жоругуң менен өзүңдүн акылыңдын тайкылыгын илгиртпей далилдеп койгонуңду баркалбай калганың.

* * *

Жөтөлүп–бышкыргың келгенин жалгыз өзүң билип турасың; бетаарчыңды камдап, сүйлөшүп аткан адамдардан обочолонуп алып, каалашыңча жөтөл, бышкыр.

* * *

Ирденип торпогуң торолсо–тырандайт.
Жетимиң оңолуп жетилсе– кызаңдайт.

* * *

Жакшы келин керилбейт, иштейт,
Жаман келин керилет, катылганды тиштейт.

* * *

Жакшы адамдын жакшылык касиети– жагымсыз жаман сөздү да сылыктап, майин айта билгендигинде.

* * *

Жакшы– биреөнүн кийимин кийбейт,
Кутурса– жакшы ит ээсине тийбейт.

* * *

Жакшы сөз уксаң–чериң жазылат,
Бакылдык кылсаң–көрүң казылат.

* * *

Жакшы бала ага–буга көз артпайт, тийбейт,
Сабак окуйт, эринбейт, партага да чийбейт.

* * *

Жамандык ак ишти каралайт,
Жашырсаң–жүрөктү жаралайт.

* * *

Жакшы үйдөн чыкса, чыйтайбайт,
Санаалаш жоро–жолдошун жоктойт.
Чыргайчыл ылгабайт, киши көрсө токтойт,
Чырдашып, көрүнгөндү боктойт.

* * *

Жакшы досун таштабайт,
Таштап, жаман жорук баштабайт.

* * *

Жакшы бала – энеге күйөт,
Акыл айтсаң – эсине түйөт.

* * *

Жаманга жакшы сөз айтсаң–жакпайт,
Жылан жөндөн–жөн эч кимди чакпайт.

* * *

Жалгыз адам эл болбойт,
Жамгыр болбой сел болбойт.

* * *

Жакшы десең өзүңдү,
Жаманга жакындаба–
Жакшыга балээ жармашат...
Көөлөп, анан сени кармашат.

* * *

Жалгыз өтмөй жок дүйнөдөн,
Өзүңө жар тандагын.
Антташып аны алган соң–
Бир өмүргө чанбагын.

* * *

Жакшы адам рахмат айтат,
Жаман сөздү ахмак айтат.

* * *

Жакшы айдоочу ылдамдыкты ашырбайт,
Жакшы адам кемчиликти жашырбайт.

* * *

Ичпейм десе коногу сунулган шарапты,
Ичип койчу, акетай ак болсун деп өтүнүшөт.
Аткарып өтүнүчүн коногу аюу болуп айкырса
«Ка–ап, аттиң–ай, билгенде...» деп өкүнүшөт.

* * *

Иштин көлөмүнө көбүрөөк көңүл бөлөм деп, анын сапат жагын аксатып алба.

* * *

Ишеничти актаганың–абийириңди сактаганың.

* * *

Шарап ичкениңди койбогонуң–
Акыл–насаатка тойбогонуң.

* * *

Ишенимдин акталганы–каада–салттын сакталганы.

* * *

Каерде болбосун, адам өзүндөгү асыл сапатты алып жүргөнү абзел.

* * *

Кайгы картайтат, санаа саргайтат.

* * *

Элден чыккан эр– азамат –
Элин калкалайт.
Байдан чыккан эр–
Барын талкалайт.

* * *

Кагазды туш келди жерге таштап убалына калба, анткени ыйык «Куран–и–Карим» да ушундай эле кагазга жазылган. А түгүл, аны колго даарат-сыз кармоого мүмкүн эмес.

* * *

Кайраттууну кайгы баспайт.

* * *

Калыс болсоң Күндөй бол. Ал баарына тең бирдей жарык да, жылуулук да берет.

* * *

Какшык сөздөн чочуркаба, кемчилигиң болсо, оңдогонго оңой.

* * *

Караңгыда ак нерсе–
Кара болуп көрүнөт.
Бойдок жүрсөң–
Куник кыздар, чүрөк болуп көрүнөт.

* * *

Керсейгениң–кастыгың,
Көпкөндүгүң–пастыгың.

* * *

Картаюуга каршы күрөшүүнүн бирден-бир каражаты–спорт.

* * *

Көңүлүң кушубак, маанайың жаркын болушун кааласаң–айтчу сөзүңдү, карыз алардан мурда (берээрде) жети өлчөп бир кесип, анан айт.

* * *

Керсейген керooз, текебер адамдар каза болгондо, жүрөгүндө карасы жок карапайым, ак ниет, айкөл адамдар көмүлгөн көрүстөнгө коюлуп, алар менен жанаша жатаарын унутпаса утушат.

* * *

Көз тайгылткан кооз, назик гүлдөрдү эң жакын адамыңа көңүлүн көтөрүп, кубаныч–шаттык тартуулап, белекке бергениңди түшүнүп турам. Бир аздан кийин ошол бажырайып, көз жоосун алып кулпурган гүлдөрүң чачылып, ар кайсы жерде тебеленип–тепселип жатканына зээним кейип: «Бейиштин гүлүндөй гүлдөрдүн убал–сообун ойлобогон адам кейпин кийген бул кандай айбандар»–деп, кейиштүү көрүнүшкө күбө болгонума бушайман болом.

* * *

Каяша айтууну каалабаган момун, акыл–эстүү адамдардын алдында макоо өзүн даанышман сезет.

* * *

Кымбат убактыңды бошко кетирбей, өтөлгөлүү өмүр сүрүүнү кааласаң,–пайдасыз майда–барат иш-терден оолак бол.

* * *

Кедеймин деп кейибе, баймын деп маалкатпа, сабыр кылсаң, башыңа бак, байлыгыңа кут конот.

* * *

Керсейүү да–наадандыктын бир түрү.

* * *

Китебиң таза бойдон турса, жакшы урунганынан го деп тыянак чыгарганга шашпа, жакпаганынан го деп ойлогонуң оң.

* * *

Колунан иш келбеген алаңгазар адам гана керсейет.

* * *

Коомдо канатташ жашап туруп бирин–бири көзүн боңгондук–барып турган пастык.

* * *

Көйгөйлүү маселени чечүү канчалык кыйын болбосун, баамдап таразалап, акыл–эстүүлүк менен чечүүгө болот, антпесе бүйүр кызытып, айгай салып айкырып, чатакташып, эч нерсени оң чечүүгө мүмкүн эмес.

* * *

Көңүл чөктүрүп жүрөк сыздаткандан сак бол; антпесең, көз жаш мончоктоп куюлуп, көздү соолутуп коюу коркунучу туулат.

* * *

Кунт–ар кандай жакшы иштин башталышы.

* * *

Кудайды ойлоп, ибадат кылсаң –дилиң таза, тилегиң изги, көңүлүң көтөрүңкү, маанайың жаркын болору шексиз.

* * *

Кээ бирөөлөр ачууга алдырып, адамды «айбан» деп да аташат. Акаарат келтирген ошол адамдын акыл–эси жайында болсо, түк антип айтмак эмес, балким ал айбандын адамга өтөгөн эбегейсиз зор кызматы менен катар ага эт, май, сүт, жүн,ө кымыз да бергенин эстебеген чыгар.

* * *

Көп сөз–көбүк сөз. Картайып, каруудан күч, көздөн нур кетпесин, белим бүкчөйүп, кунигим чыкпасын десең, кайнатылган сууну гана ич.

* * *

Калп айтуу–коомго кооп туудурган аферист деген илдетке чыйыр салуу.

* * *

Кээ бир адамдар элге жакшылык кылып, сооп алгылары келип турганы менен, чамалары чакталуу. Андайлар эч кимге жамандык кылбаса, улуу иш жасаганга тете.

* * *

Кийимди сөлбүрөтүп ашкере узун, же балтырын жаппаган кыска кийингендерге Кудайдын каары келерин ойлой жүрсөк.

* * *

Касташкандан көрө касыңдан озунуп кечирим сурап, элдешкениң сага алда–канча көп пайда келтирерин ойлогонуң оң.

* * *

Кимдир бирөөгө жамандык кылып жатып эртеби, кечпи, сен дагы өзүң жасап жаткан жамандыкка кабыларыңды–өлөрүңдү ойлосоң, бакылдыгыңан батыл арыларыңа бөркүңдөй ишене бер.

* * *

Күнүңдүн эптеп эле өткөнүнө сүйүнбө; (иттин күнү да өтөт) күнүңдүн өткөнү–өмүрүңдүн өткөнү. Өткөн өмүрүңө кийинчерээк кейибесең, өмүрүңдүн өтөлгөлүүөткөнү.

* * *

Келечегинен үмүтсүздөнүү–өлгөнгө тете.

* * *

Кытмыр адамда кытыгы болбойт.

* * *

Кереметтин баардыгы ылайда болот,
Окуганың өзүңө пайда болот.

* * *

Көп уктасаң–ыксырап жумушуңдан кечигесиң
Кашыктап топтогон абийириңди кетиресиң.
Аз уктап, тыным албай көп иштесең –
Чыңалып, абийир таап жетилесиң.

* * *

Кайырчы алмайын кетпейт,
Буга тентектин акылы жетпейт.

* * *

Кыпчып алып салааңа сигаретти,
Түтөтүп, муну оозуңа албагын.
Желесине илинип жамандыктын,
«Аттиң–ай!» деп тилиң тиштеп калбагын.

* * *

Кайдыгерлик–адамдагы айыккыс дарт. Бул ооруугa чалдыккандар жетекчи кызматтарда иштеп калса, элдин шору.

* * *

Күлкү–өмүрдүн дарысы. Күлөм деп бейжайлык кылып, адамдык беделиңе бекеринен доо кетирип алба.

* * *

Коомдук жайларда какырынып–түкүрүнгөн адамдардан пас маданияттуулук болбойт.

* * *

Иштин пайдалуулугуна көзүң жетсе, анын көлөмүнөн да, кыйынчылыгынан да коркпо.

* * *

Март болсоң, суудай бол: жакшы менен жаманга да, айкөл менен бакылга да, досуң менен касыңа да ал бирдей кызмат өтөйт–өмүр тартуулайт.

* * *

Машинага отуруп, рулду кармаганыңда өзүңдүн келечек тагдырыңа кошо башкалардын тагдырын да кармаганыңды көз алдыңа элестетсең, кырсыктан оолак болосуң.

* * *

Мечит –бул Кудайдын үйү. Ошондуктан мында келгендер бүйүр кызыткан ар кандай сасык сөздөрдөн сактанууга тийиш.

* * *

Мээрими жок, боору таштан бүткөндүн көзүн жаштаса–бир гана пияз (тууруса) жаштайт.

* * *

Мактануу–адамдагы терс сапаттардын бири. Мактангандык–өзүнө–өзү канагаттандык. Өзүнө–өзү канагаттанган адам жакшы адам эмес.

* * *

Мода –бай –көпөстөргө гана төп келет,
Томаяк кедейлерге табылганы эле эп келет.

* * *

Мыкты тамагыңды өзүң жебе –душманыңа–бер; сени тың жашайт экен деп, өз көзү менен көрүп –ынанып, ого бетер күйүп, тан берүүгө аргасыз болот.

* * *

Мүнөздү тарбиялоого мүмкүн эмес деп олуялык кылгандар жыл бою түркүн түстөгү гүлдөрдү өстүрүп, эмгегинен майнап чыгарса, мүнөзү алда–канча өзгөрүлө түшкөнүн өзү сезип, таңданбай койбостугуна ыйманым кепил.

* * *

Жакшы адамдын баркы бар,
Баалай турган наркы бар.

* * *

Суу ичкен кудугуна түкүргөн адамдын кандай экендигин саймедиреп отуруунун зарылдыгы канчалык?

* * *

Наада нды эч ким самабайт,
Ууруну жөн камабайт.

* * *

Накыл кеп,
-Тулку боюңа сиңип өстүрөт,
Сасык кеп,
–Ичиңдеги илдетиңди козгоп өлтүрөт.

* * *

Намыскөй адам кеп–сөзгө калбайт,
Берсе да напсисин агызып албайт.

* * *

Никесиз төрөлгөн бала бактысыз; анын эне–атасы да, мекени да жок. Ымыркайды минтип жазалаган ыймансыз ата–энесин алдыда кандай каардуу жаза күтүп турганын капарына алышпаганы өкүнүчтүү.

* * *

Окубаганың–Кудай берген ырыскыңды чокубаганың.

* * *

Оңой олжого тунам деп,
Башыңды балээге тыкпагын,
Мөөрөй алам деп,
Эр азамат балбанды чалып жыкпагын.

* * *

Сотко түшкөнүң–отко түшкөнүң.

* * *

Оңолбосоң түшөрсүң отко,
Ууру кылсаң–түшөрсүң сотко.

* * *

Осол иш олжо алып келбейт.

* * *

Оку десе октос берип, бала кезде баркалбай тентек кылып, жаштык кезде шапар тээп шалактап, билим албагандын убалы өзүнө, залакасы коомго тиерин ойлогону оң.

* * *

Ооз көптүрүп, жаттап алган жакшылыкты бетке кармап айта бербе; жакшылыкты көлөкөдөй ээрчип алган жамандыкты да айта жүр; антпесең,

сени тыңдап отурган улуу–кичүүлөргө бу жарыкта көңүл куунаткан жакшылыктан башка эч нерсе жоктой туюлушу этимал. Көңүл чөктүргөн азыноолак окуяны сөзүңө кыстара жүрсөң, отургандар каалասак–каалабасак да эртедир–кечтир келчү жамандыктын мизин кайтарууга камдана жүрүшмөк.

* * *

Өрөскөөл бала тил албайт,
Оюңдагыны биле албайт.

* * *

Өлкөдө жыныстык тарбияга жетээрлик маани берилгенде өзөк өрттөгөн өксүк да, ат башындай арман да болмок эмес.

* * *

Өзүн ойлобогон өзгөнү ойлойбу,
Бакылдык кылып … байкушка
Жамандык кылбай, жөн эле койбойбу.

* * *

Өзүнүн өмүрүндө өзүнө–өзү «Мен элим үчүн эмне иш жасадым?» деген суроону берип, ага канаттандырарлык жооп алса, өмүр өтөлгөлүү өтүптүр деген тыянак чыгарса болот.

* * *

Өстүрбөгүн сакал менен мурутту,
Айлабызды тентек бала курутту.

* * *

Өмүрүңдүн эң кубанычтуу ирмемдери–бала багып тарбиялоо. Бул–коомдук мааниси бар эбегейсиз зор иш.

* * *

Өң–түстөн Жараткандын өзү бербеген соң, косметикага ык койгонуң сулуулар алдында суу кечпейт.

* * *

Өзүң күйбөй, жанбай туруп, бирөөнү эч качан күйдүрө да, жандыра да албайсың.

* * *

Өз өлкөңдү таанып –билбегениң–
Эне –атаңдын сөзүнө кирбегениң.

* * *

Өз абийирине кул боло албаган адам боорукер, мээримдүү, айкөл адам боло албайт.

* * *

Өз балдарына абийир–лаззат тарбиясын берүү–караңгыда алыска чейин көрсөтүп турган шоолага барабар. Адам көңүл рухун тазалагандан кийин гана жакшылык жасоого дилгирленет.

* * *

Өзүңчө тыңсынып, тымпыйып эч ким көрмөк түгүл, сезбеди деп осол ишке барба; ошол «көрбөгөн»; «сезбеген» эч ким сенин осол ишке кандайча кол урмакчы болуп тыңсынып турганыңды сенден мурдараак сезип, жосунсуз жоругуңа уялып, пастыгыңа кейип отурганын өзүң сезбей атпайсыңбы.

* * *

Өгөйлөсө–
Өз балдарың өзүңө кол көтөрөт,
Акыл айтсаң–
Кенебейт, бой көтөрөт.

* * *

Пакизалигиң–ырыскы–насибиңе ортоктош, шумдук–куулугу жок айкөл пенделерине Теңирим ырыскы кешигин аянбайт.

* * *

Сабырдуулугуң–салтанатың; анын акыр–түбү береке–кут, жан жыргаткан жакшылык.

* * *

Сага пайдасы жок болсо–ал кандай болсо да ишке кол урбаганың макул.

* * *

Сактыгың–ишиңе тактыгың.

* * *

Сөз менен иштин биримдиги болбосо, андай сөздүн зыяндан башка пайдасы жок.

* * *

Сапарлашың менен жакшы мамиле түзүүгө умтул, бирок сыр төгүүгө шашпа.

* * *

Сапарга чыгып баратып үйдөгүлөр менен жарык маанайда жаркылдап күлүп коштошсоң, көңүлүң кушубак, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр, сапарың байсалдуу болот.

* * *

Сигареттин жакшы–жаманы болбойт; баардыгы түтөп, өмүргө аз–аздан ажал бүркөт.

* * *

Сен баскан жолдон ааламды тамшанткан дөө–шаалар менен томаяк–кедейлер да, даанышман–кеменгерлер менен мыкаачы–кылмышкерлер да, ууру–кескилер менен хан падышалар да басып өтүшкөн. Сен ичкен мөлтүр булактан суу ичишип, мээримдүүлүк менен сага төгүлүп турган күн нурунан наптанишкан.

* * *

Сигарет тартып, ичимдик ичип, өпкө менен жүрөктү не жазыгы үчүн жазалагандарды түк түшүнө албайм.

* * *

Сөз жүзүндө бүткөрүлгөн иштен амалда башталган иш алда–канча артык.

* * *

Сурасаң «сооп болор» деп бере коюшса, берет экен деп үмүттөнүп, адамдык ариетиңе доо кетирип алгандан сак бол.

* * *

Сөөлөтүң–дөөлөтүң. Теңирим ыроологон ошол сөөлөтүңдү башкалар үчүн да пайдалуу кыла алсаң, башыңа бак конот.

* * *

Сыр сактаганың–абийир сактаганың,
Сырыңды айтканың–абийириңди ачканың.

* * *

Сылык сөзүң–адамдыгың,
Бакылдыгың–арамдыгың.

* * *

Талантың, шык–жөндөмүң. Теңиримдин сүйгөн пендесине ыроологон баалуу белеги: учурунда аны талпынтып–таптабасаң, кастарлап–карабасаң, соолгон булакка окшоп калары шексиз.

* * *

Тамакты шалпылдатпай майда чайнап жеп–ичүү– адептүүлүктүн белгиси.

* * *

Текебердигиң–өзүңдүн башыңа көрүнчү өзүңдүн залимдигиң.

* * *

Тууганлардын ортосундагы тууганлык мамилеге доо кетип, ич ара араздашса, бул барып

турган пастык. Мындан да өткөн жоболоңдуу жаман жорук жок.

* * *

Тамеки–арактыташтаганың–
Акыл–эстүү турмуш баштаганың.

* * *

Тамактанып отуруп аны–муну сүйлөшкөнгө болбойт–зыян; **биринчиси**, ашказан оорусуна чалдыктырат; **экинчиси**, сөз ырбап, ушак–чагым козголуп, чыр–чатак чыкпайт деп ким кепилдик бере алат?

* * *

Тандап бутубузга өлчөп–ченеп, бут кийимдин мыктысын кийебиз, себеби бутубуз эсен–соо болмоюн, каалаган жакка баса албастыгыбыз бештен белгилүү. Душманыбыз да бизди караганда алгач көзүнүн карегин бутубузга кадаганын унутпай жүргөнүбүз утук.

* * *

Тапканыңды кумурскадай үйүңө ташынганың–
Кар–жамгырдан баанектеп эртерээк жашынганың.

* * *

Тарбия ишинде сөздөн өткөн күчтүү курал жок; кээ бир мугалимдер өздөрүн ачууга алдырып, жеке амбициянын айынан опсуз кыйкырышып, ыйык Ала Тоонун мөлтүр булагындай тунук наристелерге колу жүгүрүп кеткендерин такыр түшүнүп болбойт.

* * *

Тарбиясы тайкы бала–кылжың,
Билими тайкы бала–мылжың.

* * *

Тамак даярдоонун калыбы болбойт; даярдалган тамак даамдуу болбой калса, көңүлүн ооруtуп, айымды айыптаганга шашпа.

* * *

Текебер мамчиновниктер кээде чыгармачыл инсандарга кайдыгер карашып, аларды кенебей, бучкагына теңебей калышат. Эгер алар эс токтотуп терең ойлогондо өздөрүнүн кетирген чекилигин түшүнүшмөк.

* * *

Тубаса талант–шык менен катар терең билим болбой, колуңа калем–кагаз алып, өзүңдү да, өзгөнү да кыйнабаганың оң.

* * *

Турмуш дегениң–бул каруу күчтөн сырткары билим да, акыл–эс да турмуштук тажрыйба да иштөөчү айыгышкан чоң күрөш. Турмушта жолуң болбой, ишиңдин жүрүш-пөгөнүн, өзүңдүн чабалдыгың деп бил.

* * *

Тыңшаганга чечендин сөзү укмуш,
Баарлашып–сырдашканга өзү да укмуш.

* * *

Турмуштан өткөн мыкты тарбиячы жок.

* * *

Тынч, жылуу–жумшак төшөгүндө жатып, мыйзам да бузбай, кылмыш кылбай ак иштеп, ак жашаганды баары эле билет, балакеттин баары напсиси тыйылбай, эрки боштугунда болуп атпайбы.

* * *

Тарбиясы тайкы адам–ийри өскөн дарактай; аны тарбиялап жолго салам деп убара тарткан адам –жансыз денеге жан киргизем деген тентекке окшойт.

* * *

Денесин рекламалоо максатында мода кууп, даки сымал үлпүлдөк кездемеден кийим кийген айымдар жаңылышканын элес алышпаганы өкүнүчтүү; сиздин киндигиңиз ачылып жүргөн келбетиңизди көргөндөр иренжишет, анткени дене боюңузду көрүп, токпейил тартып кайдыгер карашат. Анын тетирисинче дене–боюңузду ороп–чулгасаңыз, жүзүңүздү гана көрүп: «Жүз–келбети, мынчалык, тулку–бою канчалык?» деп тамшанып, сизге магниттей тартылганын өзү да элес албайт, жал–жал карап, сөз айткысы келет, бирок сүрүңүздөн айбыгат. Дагы тигилет... Анысын туюп турган соң, сиз аны оңой эле кайырмакка илинтип алышыңыз туурулуу иш.

* * *

Тааныбаган эрге тийбе,
Билбеген жерге сийбе.

* * *

Туулган күнүң–бактылуу үнүң.

* * *

Топукчул кейибейт,
Иштесе эч бир жери кемибейт.

* * *

Тамакты даамдуу кылган–туз,
Үйгө кут киргизген –кыз.

* * *

Таза адам арам акчаны албайт,
Арам деп аны капчыгына салбайт.

* * *

Убактылуу гана «жакшы адам» деген атка конуу ар кимдин колунан келчү иш, а бирок түбөлүктүү жакшы болуу оңой–олтоң иш эмес.

* * *

Урук болбойт жерге түшсө өнбөгөн,
Пенде болбойт дил сөз айтса көнбөгөн.

* * *

Укук тааныганың–эл керегине жараганың.

* * *

Улуулукка умтулгандар көп; алардын ою оңунан чыкпасын деги эле ойлошпойт, чыныгы улуулар умтулбай–этпей кадыресе, улуу болуп чыга келишет.

* * *

Улгайган адамдарды урматтоону үйрөнбөгөн кыз турмушка чыкса, кайындарын сыйлап жарытпайт.

* * *

Унчукпоонун мааниси терең; ал инсанды ар тараптан мүнөздөгөн адамдагы жакшы сапаттардын бири.

* * *

Үйүңө конок келсе, магнитофон–телевизоруңдун үнүн демейгидей көтөрүп угууга болбойт; антпесе анын көңүлүн көтөрөм деп, иренжитип алышың этимал.

* * *

Үйдүн кызы жакшы болсо,
Короодо түркүн гүл ачылат,
Жаман болсо–күл чачылат.

* * *

Чыгармачылыктын машакаттуу азап–тозогунан өтпөй туруп, анын ырахатын көрөм дегениң кур кыял.

* * *

Чектен чыккан мээримдүүлүк–балага моралдык, психологиялык жактан да чоң зыян келтирет.

* * *

Чынчыл адамдын жүрөгү ак, өзү сагызгандан сак.

* * *

Чын сөздү шыбырап айткандан түңүл.

* * *

Чындыкты айтканың–күнөөңдөн арылганың,
Сүйгөн элиңе агыңдан жарылганың.

* * *

Чындыктын агы көп,
Колдой турган жагы көп.

* * *

Шайтан–жиндер, ыплас–балит адамдарды дос–тууган жолдош тутунуп, тентек көөдөктөрдүн коюн–колтугуна кирип алышып, аларды кооп туудурган коркунучтуу иштерди жасоого тукурушат; жуулбаган идиш–табактарды, ыпырынды–таштандыларды паанектеп алышып, ар кандай ооруилдеттерди таркатышат, элге бүлүк салышат.

* * *

Шампан–шарап ден соолугуңа олуттуу зыян алып келерин унутпа, а тургай, сен ичип–жеген ар кандай тамак–аш да, мөмө–чөмө да, жашылча–жемиш да ашказаныңа күч келтирбегендей болуусу абзел. Демек, сен ичмекчи болгон арак–шарабың чен–өлчөмдөн ашпоосу керек.

* * *

Шапар тээп, убакытты бошко кетирүү–оор жоготууга барабар, анткени убакыт дегениң бул–өмүр.

* * *

Шүмшүктү бирөө сагынбайт,
Жаманга жакшы жалынбайт.

* * *

Ымыркай жарык дүйнөгө келип жашай баштагандан тартып ага айып тагып: "Көзү бүйтүгүй, мурду барбагай, бир буту кыска" деп күнөөлөбөй, түйүлдүк пайда болбой туруп тамеки тартпай, ичкилик ичпей, энесин каалагандай тоюндуруп, наристенин келечегин ойлогондо абал мындан башкача болмок. Ка-сен! Десең.

* * *

Ыкшоолук менен жалкоолук–жакырчылыктын жугуштуу вирустары.

* * *

Ызаттап, сый көрсөтүп,
Эркелеткен эне–атаңды аягын!
Жыгылса да, жыгылбаса –
Колтугунан таягын!

* * *

Ынтымактуу–озот,
Ынтымак–ырксыз–тозот.

* * *

Элдин баары тең бал жыйнаган аарылардай ички тартипти чыңдашып, ынтымактуулукту өлкөнүн желегиндей желбиретип иштесе, өз ара таарыныч да, жакырчылык да болмок эмес.

* * *

Эркек болуу оңой эмес; Ата Мекениңе ак кызмат өтөп, эрдиктин мектебинен өтсөң–мүнөзүң

эр Манастын мүнөзүнө ширелишип, өткөн күнүңө өкүнбөйсүң, барга–жокко топук кылган эр–азамат болуп чыга келериң анык.

* * *

Эстүү кыз кашын тербейт,
Зулум сурасаң да бербейт.

* * *

Эккен көчөтүң–келечегиң,
Ак жоолугуң–элечегиң.

* * *

Эне–атасы теске сала албаган тентегин турмуш «лапбай, аке» дедиртип молдо кылат.

* * *

Эгер адамды боюнун узун–кыскалыгына, өңү–түсүнүн ак–каралыгына карап баалаганда, кодолор азып–тозгон акмак, каралар карөзгөй болуп чыга келишмек.

* * *

Ишенимди эр жигит актай алат,
Сабыр кылса–
Ар– намысты сактай алат.

* * *

Ыкшоолонуп жалкоонун жатканы
Жокчулуктун жанына батканы.

* * *

Тамеки–нашаа тартканың
Азапка абдан батканың.

* * *

Укканыңдын баары жалган,
Жалган айтуу–эзелтен калган.

* * *

Көчөт отургузганың–
Өзүңө–өзүң эстелик тургузганың.

* * *

Жаш баланы аттабайт,
Таарынса–тууган каттабайт.

* * *

Артында эли эскерчү эмгеги жок адам–согончогу канабаган аялга окшош.

* * *

Адам пендеси эң оболу өзүн–өзү башкара билбегендиктин кесепетинен ал ар кандай жийиркеничтүү жоруктарды жасайт.

* * *

Өзүнүн келечегин ар ким өз колу менен жасай алса, ал түбөлүктүү болору туурулуу иш.

* * *

Нан күкүмүн таштасаң–
Убал болот,
Кыш кынасаң–
Үйүңө дубал болот.

* * *

Майда мүдөөлүү өз камын жейт,
Эр жигит–эл камын жейт.

* * *

Жылмыштатып андай–мындай деген болбойт,
Сугунуп, арам ашты жеген болбойт.

* * *

Аягы жок кеп болбойт,
Божомолдоп–
Алда нерсе деп болбойт.

* * *

Ыйлаган бала ток болот,
Ток болсо бала шок болот.
Билимдүү бала баш болот,
Болбогону карыса да жаш болот.

* * *

Элине бел болор эр– милдетин сезет,
Болбогону–мыш болуп элинен безет.

* * *

Адамды адам кылган–ТАМАК,
Абийирди жапкан –ЖАМАК.

* * *

Асыл адам жаман ишке барбайт,
Барса–күнөөсүн мойнуна алат.
«Ийилген башты кылыч кеспейт» деп
Батыл кечирим сурайт.
Жаман–күнөөсүн мойнуна албайт,
Башын ийип, эч кимге барбайт.

* * *

Коногуң шектүү болсо–кондурба,
Көзүң жетсе жайлап сал да оңдурба.

* * *

Ооруга шыпаа болот кийик эти,
Уялбас калың экен кыздын бети.

* * *

Ойлонбой иш жасаган башын кашыйт,
Өзүмчүл эл байлыгын үйүнө ташыйт.

* * *

Эстүү адам унутканды эске салат,
Тентектерди эстүүлөр теске салат.

* * *

Чекиликти Баялы байкап турат,
Тигини теше тиктеп–
Ал башын чайкап турат.

* * *

Кут конгон үй кубанычка бөлөнөт,
Карыз болсо–аста–секин төлөнөт.

* * *

Кулак сал айткан кебиме,
Сүйүнбө эптеп күнүң өткөнүнө.
Кейибе, жаштыгың чанып кеткенине.

* * *

Ар элдин АЛПЫ болот,
Кептин калпы болот.

* * *

Кабанаак итти байлагыла,
Бут кийимди күн сайын майлагыла.

* * *

Коррупция–бул адамзаттын бардык катмарларына кирип барууга оңой жол тапкан өнөкөт оору; ага каршы күрөшүү–бүткүл элдик иш.

* * *

Өмүрү өрнөк адам жамандыктын элдешкис душманы.

* * *

Урсаң–бала коркок болот,
Эркелетсең–чоркок болот.

* * *

Издегенди тапкан жакшы,
Эшикти жапкан жакшы.

* * *

Түшүмдү коромжусуз жыйса болот,
Кепти чойбой тилди да тыйса болот.

* * *

Муктаждарга жөлөк пулу берилет,
Арам акча жегендер–
Адалсынып керилет.

* * *

Адамды жаратып жатып КУДАЙ не себептен анын айрым мүчөлөрүн бирден, айрымдарын экиден жасаганын элес албагандар оюна келгенди оттоп, биринин көңүлүн бири калтырып, жүрөгүн ооруткандар оңбойт, тилеги орундалбайт.

* * *

Адилет–чындыктан оолак жүргөн адам гана чын сөзгө чычалайт.

* * *

Акылдуусунган адамдан акыл чыкпайт,
Эрдемсинген эрден эрдик чыкпайт.

* * *

Манчыркап–
Ийнедей ийгиликке «МЕН!» дебегин,
Улуулугун унутуп,
Улууну «СЕН!» дебегин.

* * *

Тентек бала үйдө барын түгөтөт,
Кыйнап, эне–атасын жүдөтөт.

* * *

Окубаган шоркелтей жашаганды билбейт,
Чапан–тонун айтпайын–
Баш кийимин илбейт.

* * *

Ким көп китеп окуса–
Жашоодо ага дем болот.
Окубаган шоркелтейдин,
Акыл–эси кем болот.

* * *

Жакалашкан жаш эмес,
Бири–бирине кас эмес.

* * *

Касыңа ишиң түшкөнү–багынганың.

* * *

Кайраттуунун тынчы кеткени–аялы кеткенден да оор.

* * *

Убакыт сени күтпөйт,
Элим деген элине түтпөйт.

* * *

Этиятта:
Ар кимге түш жорутпа,
Эшегиңди жоорутпа.

* * *

Алдына ачык–айкын максат коюп, ага жетүүгө белсенип киришкендерди Теңирим колдойт; андайлар максатына жетпей койбойт.

* * *

Тентек кылгандар кырсыкка кабылып, ажалды өздөрү издеп табышкан учурлары аз эмес.

* * *

Татыксыз чыгарманы көкөлөтө мактагандын зыяндан башка пайдасы жок.

* * *

Суу–байлыктардын төрөсү, бирок байлыктардын ичинен суудай төгүлүп–чачылганын көрө элекмин.

* * *

Жаңырган ар бир күн өзүңдүн жазыла элек алтын барагың. Анын маани–маңыздуу болушу өзүңө көз каранды.

* * *

Чочкого тукабадан кымкап жапсаң да баткакка умтулганы-умтулган.

* * *

Акыл–эси жетик болсо –
Карыса да тетик болот.

* * *

Акылдуу адам даны толгон эгиндин башындай.

* * *

Журт баласы майдаланат,
Душман андан пайдаланат.

* * *

Окубагандардын көбөйгөнү – акмак–наадандардын көбөйгөнү. Акмак–наадандар көбөйсө өлкөдө эмне болорун саймедирештин зарылдыгы канчалык?

* * *

Ырыскыны кыйган жаман,
Тилди тыйган–аман.

* * *

Эшикти кулачтабайт, теппейт,
Үрөндү иргемейин сеппейт.

* * *

Алтын убакытты баалай албаганың–
Кудай берген өмүрүңдү баалай албаганың.

* * *

Көңүл бөлүп жакшы карабайт дегениң–
Алган жарың токолдукка жарабайт дегениң.

* * *

Бачики торолуп түлкү болот,
Ойлобой иш жасаган күлкү болот.

* * *

Өзүнүн өмүрүнө өзү кайдыгер карап, ден соолугуна олуттуу коркунуч туудуруучу зыяндуу (сигарет, насыбай, баңгизат, спирттик ичимдик) заттарды ченемсиз пайдаланган адамдын душманы өзү экендигин байкабагандыгы кандай кейиштүү.

* * *

Кыймылдасаң–жашоодо жылыш болот,
Ыкшоолонсоң–бети–башың бырыш болот.

* * *

Унутчаактыгың бушайманга салып сени уят кылат. Акылыңды пештесең–жүзүң жарык: унутпайсың да, уялбайсың да.

* * *

Аз–аздан окуганың–
Акылга жем салганың,
Окубай калганың–
Тамакка тузду кем салганың.

* * *

Оолуккандын абийири кетет,
Катташкан досу түбүнө жетет.

* * *

Суу–бардык байлыктардын төрөсү. Ичсең–азык, жуусаң–дене–боюңду балкытып көңүлүңдү сергитет. Адам баласы ыңаалап ааламга жар салып жарык дүйнөгө келгенден тартып ага АК КЫЗМАТ кылып тазартат. Мезгил жетип, анын ичээр суусу, көрөр күнү түгөнгөндө да аны жууп–тарап, акыркы сапарга узатат. А тургай, айбандар менен куштарга да андан кем эмес КЫЗМАТ өтөгөнүн ким танат? Адам баласын курчап турган айлана–чөйрөгө кымкап жапкансып ырайына чыгарып турган да энедей мээримдүү СУУ эмеспи! Ошондон улам, элде «Суунун да сурагы болот» деген накыл суудан сарамжалдуу пайдалан, аны кор тутпа деген орошон ойду дүйнө жүзүнө ишараттайт. Ошончолук нар көтөргүс АК ЭМГЕК өтөгөн СУУГА акыр–чикир таштап, булгап, эсирген эселектердин сурагы алыс эместигин ойлой жүргөнү оң.

* * *

Мактанып, өзүн жакшы көрсөтөм дегендер көбүнесе «мактанчаак» атыгып, жаман болуп калгандарын өздөрү да элес албай калышат.

* * *

Тарбияга аяр мамиле керек-ал адамды калыптандырат.

* * *

Жакшы уул–
Эне–атасын тындырат,
Жаман бала–
Эне–атасын сындырат.

* * *

Каада–салтын сактаган кыргыз көрсөм–

Толкуп кетем, толкуп кетем.
Пейили бузук кыргыз көрсөм–
«Болк!» дей түшүп жүрөгүм,
Коркуп кетем, коркуп кетем.

* * *

Эрдин эмгектенгени –эрдик жасаганы,
Шапар тепкени–суукка тоңуп катканы.

* * *

Эр жигиттин жетээрлик өнөрү бар,
Көрөгөчтүн келечектен көрөрү бар.

* * *

Хандын же көзүн май баскан байдын кемчилигин билсе аялдары гана билишет. Хан–бийлигине, дөөрсүгөн дөөпөрөс бай–байлыгына чиренип, кол астындагыларды каалагандай тескеп, аларга кордук–зомбулук көрсөтүп, жүрөгүн үшүн алганын аялдары аңдап, бейчеки кордолгон байкуштардын ЭРКЕКтигин эске алып, аларды тымызын эркелетип жүрүшкөнүн тигилердин ойлоп да коюшпаганы куйканды куруштурат.

* * *

Сууну жөн төкпө –
Бирөөнү бөөдө сөкпө.

* * *

Эл камын ойлогону –
Өлкөнсүн ойлогону.
Өз камын ойлогону–
Өзүмчүл баласын ойлогону.

* * *

Эгер убада буюм сымал акчага сатылганда, тил эмизип, кайра–кайра убада берип, убайымга салгандарды түндөсү эмес, күндүзү да сыймалап таппай калмаксың.

* * *

Эсиргендик–эси жогун аныктайт.

* * *

Берешендигиң–марттыгың,
Сараңдыгың–карттыгың.

* * *

Катаалдык кимдир бирөөлөрдүн бүйүрүн кызытып, жакпаганы айныгыс чындык, анткени ал ыкшоолук менен жалкоолуктун элдешкис душманы.

* * *

Туугандан күчүк, жоро–жолдоштордон мышык алба; өмүр бою иттей ырылдашып, мышыктай тытышып эсиң кетет.

* * *

Катаалдык–каар эмес,
Ачуунун бары заар эмес.

* * *

Жакырчылык жанга батат,
Байгерчилик бардарга багат.

* * *

Жакшыны бал сөз ээрчийт,
Жаманды жал сөз ээрчийт.

* * *

Пейил жазылбаган актай кагазга окшош;аны бузган да, таза бойдон так түшүрбөй сактаган да коомдогу тарбиянын таасири.

* * *

Кайырчылык–кедейлик менен жакырчылыктын туундусу.

* * *

Ар кандай изилдөө өз жемишин бергенде гана ал жөнүндө сөз кылууга татыктуу.

* * *

Баланын ою менен болуп, бөпөлөп, аны менен ашкере алектенүү–бала тарбиясына теср таасирин тийгизээрин ойлогонубуз оң.

* * *

Жаштар айтса ачык айтат,
Ишиңдин кемчил жагын ачып айтат.

* * *

Акмакка акыл айтуунун өзү акмактык.

* * *

Убадага курсак тойбойт.

* * *

Кудай берген акыл–эсти үрөй учурган ыплас иштерге жумшалып жатканы зээниңди кейитет.

* * *

Адамдын жаман жорук–жосунун өзгөртө албаган тарбиянын барынан жогу.

* * *

Чындыкты кедей–кембагалдар гана издешет, себеби кордук–зомбулукка кабылгандар ошолор.

* * *

Кемчилигимди бурмалабай адилеттүү сын айтса–ЫРААЗЫ болуп, алкышымды айтмакмын.

* * *

Чындыгы жоктун ачуусу чукул.

* * *

Сараң байыбайт.

* * *

Акыл топтогонго кызыкпай акча топтогонго кызыккандардын арты опурталдуу.

* * *

Мээнет кылбай жеп–ичүү–арамдык.

* * *

Арам акча оолуктурат.

* * *

Калыс болгонуң–
Чыр –чатактан алыс болгонуң.

* * *

Адамды тазарткан–
Суу менен самын.
Сөз бердиңби,
Жолго эртерээк камын.

* * *

Кыш кынасаң–дубал,
Нан күкүмү–убал.

* * *

Отунду бекерге калаган болбойт,
Сугунуп казанды жалаган болбойт.

* * *

Ар кимге сактык керек,
Эсепте тактык керек.

* * *

Аракты адам жутат,
акыл–эсти Арак жутат.
Ким ушуну унутпаса,
Алар дайым утат.

* * *

Жокчулук, анан түркөйлүк менен коркоктук, кайдыгерлик Кудайдын туура жолунан адаштырып,

алдаганга жол ачат; ойдо жок жагымсыз жагдайларды жаратып, максат–мүдөөсүнө жеткендерди Теңирим кечирбейт, андайларга далысын салып, суроо–талабын орундатуудан караманча баш тартат.

* * *

Көргөндүн көз жоосун алдырып, суктандырган сулуулукту жараткан Теңиримдин өзү бербеген соң түрдүү түскө боенгонуң курусун.

* * *

Кудай көздү жаратып жатып, адамзаттын акыл–эсинен жаралган КЕРЕМЕТ дүйнөнү, жер жүзүндөгү бардык сонундар менен ЖАКШЫЛЫКТАРДЫ көрсүн, ошолорго шыктансын, дүйнө жүзүн ого бетер коздукка бөлөгөнгө өзү да салымын кошсун деген. Ошол укмуштуудай кооздукту көрсүн, көңүлү көтөрүлүп, сыймыктансын, эргип ЖАШООГО болгон сүйүүсү артсын, өзүн да, башкаларды да БАКТЫЛУУ кылууга дилгирленип, жашоого тойбосун деген.

Кулакты Кудай пендесине берип жатып АДАМЗАТ жараткан КЕРЕМЕТ дүйнөнү көрүп да, угуп да жүрөккө маалымдап турсун дегенин **би–ир** деп тур.

**Экинчиден**, адам көңүлүн көтөрчү «айланайын, аман бол!», «садагаң болоюн», «сага алкыш, сага урмат, сага сый, болом десең жакшы адам, жаштайыңдан тилиң тый», «өркөнүң өссүн, бактылуу бол», «максат–мүдөөңө жет, кагылайын», «өнүп–өс, каралдым, көшөгөңөр көгөрсүн, кармашкан колуңар ажырабасын!», «зоболоң бийиктесин, элиңдин керегине жараган эрдин бири бол, тегеренип кетейин, кулунум!», «тоонун аселиндей болгон уул–кыздарыңдын убайын көр!» ж.б. у. с. тээ жүрөктүн тереңинде катылып жаткан ой берметтерин угуш үчүн ушул кулакты жаратып, Кудай момундарын кубанткан экен.

* * *

Калпычы менен дос болсоң–
Сызга олтургузат,
Жакшы менен дос болсоң–
Сыйга олтургузат.

* * *

Акча тактыкты талап кылат,
Арам оюң аралаштырсаң–
Досуң менен чабыштырат.

* * *

Адамдар алгач таанышып баштаганда бири–бирине сылык–сыпаа мамиледе болушат да, кийинчерээк ымалалаш болуп алган соң, ажаан аялдардай мамилеге доо кетирип, кырчылдашып кыл чайнашканы кандай?!

* * *

Жылуу мамилеге доо кетиргениң–жоо келтиргениң.

* * *

Канчалык боёнуп–түзөнүп «жашарсаң» да карылыктан качып кутула албашыңа кепилдик бере алам.

* * *

Убадага бек туруу–адамдык,
Сөзүндө турбастык–чабалдык.

* * *

Чечкиндүүлүгүң–ар кандай ийгиликтин төрөсү. Жыртылганды жамаса, үзүлгөндү улап, үнөмчүл болсо–сараң эмес.

* * *

Аялзатын сыйлай билген эркектер гана алар менен оңой эле тил табыша алышат.

* * *

Окуганың–озгонуң,
Окубаганың–тозгонуң.

* * *

Кыш камын көргөн адам–акылдуу адам,
Жаз камын көргөнү – акылман.

* * *

Кесипти туура тандаганың–тагдырыңды жандаганың.

* * *

Кыздардын көзүнө жигиттерден башкасы көрүнбөй калганы кандай?

* * *

Санаалашың сени такыр унутпайт,
Таарынса да мамилесин суутпайт.

* * *

Наадан–түркөйлөр элдин арасында өскөн отоо чөп сымал.

* * *

Жакырлар жалдырашып, жалданышат,
Билип туруп, бай–көпөскө алданышат.

* * *

Сойку менен жатканың–
Кайгы–муңга батканың.

* * *

Тайманбас баладан эр чыгат,
Уяң баладан тер чыгат.

* * *

Жети атаңды билбегениң–аталардын арбагын көзүңө илбегениң.

* * *

Баланы күнөөлөп урбайт,
Урса–ал үйдө турбайт.

* * *

Мээримдүү эне баланын башын сылайт,
Дыйкан өндүрмөккө үрөнүн суугa чылайт.

* * *

Эр жетилтип элге кошкон ЭНЕМСИЗ,
Өмүр бою аздектеймин, кадырыңыз ченемсиз.

* * *

Өзүмчүл өзүн мактайт,
Айкөл абийирин сакайт.

* * *

Сарамжалдуу болгонуң–
Күч–кубатка толгонуң.

* * *

Адамдардын айбандардан үйрөнчү жагы арбын.

* * *

Ажан аялды жаагын жапкылуунун жолу оңой; колу–бутун тең байлап, оозуна чүпүрөк тык!

* * *

Убада дегениң–убара дегениң.

* * *

Ажалды арбап болбогондой эле–акылманды да алдап болбойт.

* * *

Чындык ачуу болсо да, айымдан артык экендиги айныгыс чындык.

* * *

Өлүмдөн качып кутула албасыңа бөркүңдөй ишен.

* * *

Эрк–эрдиктин энеси.

* * *

Ар кандай нерсенин алдын алуу–адам өмүрүн сактаган эрдикке тете.

* * *

Бириккен эл эңилбес,
Жоо качырса жеңилбес.

* * *

Ага (эже) болуу сыймык; бирок жоопкерчилиги нар көтөргүс, айтаар сөзүнө, жүрүм–турумуна акыл–эстүүлүк менен көз салууң кажет, анткени иниң (сиңдиң) сага карап түздөнүп жатканын унутпаганың утук.

* * *

Көңүлдү ирээнжитсең,
Зээниң кейийт.
Жээн аяк бербесең,
Жээниң кейийт.

* * *

Чаккандан аары жаман,
Ичкендин баары жаман.

* * *

Жойпуланып адыраңдаган–эси жогун аныктайт.

* * *

Акылмандан кагуу жегениң–түздөнгөнүң,
Акмактан кагуу жегениң–жинденгениң.

* * *

Көпкөнүн–чөккөнүн.

* * *

Таяк менен тап бербе
Ажырайсың таяктан.
Жоготкон соң жалдырап,
Аны издейсиң каяктан?

* * *

Эрке кызың эпсиз,
Бой жеткенде сепсиз.

* * *

Долларың аргасыздан паракорду каратты,
Берген пулуң жемкорлорду каматты.

* * *

Убада курсак тойгузбайт.

* * *

Билген байкап сүйлөйт,
Билбеген чайкап сүйлөйт.

* * *

Баланы ар дайым байкаш керек,
Бети–колун ар дайым чайкаш керек.

* * *

Эстүү бала таарынбайт,
Намыскөй бала жалынбайт.

* * *

Карызыңды төлөгөнүн–
Үй–бүлөңдү кубанычка бөлөгөнүн.

* * *

Убакытты баалаган–бактылуу.

* * *

Адам алты саны аман турганда Кудайды ойлогонго мурчасы болбой, а түгүл, бей–бечараларга кордук, зомбулук көрсөтүп жүрдү эле. Пейилине жараша Жараткандан жазасын алып, ордунан жылбай «аа» дээрге алы калбай калганда Кудайга жалынып–жалбарып айтып жатканы бул:

«Эй, кудуреттүү Жараткан Кудай! Ооруну бергенде илдеттин шыпаасын кошо берет дечү эле. Боор толгоп, айыгып кеткенге көмөк көрсөтө көр!».

* * *

Көр пенде көр тирилиги менен алпурушуп жүргөнүнө кейип:

–Бул мезгил дегениң зымырап учат эле учат, дей берчү.

Шайтандын тилине кирип, кримдүйнөгө аралашып, абакта айтканы бул:

«Ой тообо, убакыт дегениң байлап койгон бейм, дегеле ордунан жылбайт, күн да кечкирбейт».

* * *

Оор күнөөнү кечирүү да эрдик.

* * *

Жалган жалаа–уудан бетер.

* * *

Элге кебин айткан эр–элдин уулу,
Элден кебин жашырган–жеткен ууру.

* * *

Кынтыгы жок кийиминин өңүрүндө,
Жасабаган ал жакшылык өмүрүндө.

* * *

Акылдуусу адамдын долу болбойт,
Сөз укпаган кежирдин жолу болбойт.

* * *

Эгер мен адам болсом–мени колдоп жаткандарга караганда көралбастыктан мага бут тосуп кыйнаган адамдарга чексиз ыраазылыгымды жашыра албайм, анткени алар мага туура жолду тандашыма кошкон салымдары салмактуурак экендигин айтпасам калыстык болбойт.

* * *

Түркөйлүк–бул өнөкөт оору.

* * *

Жалаа–жабыктырат,
Калп камыктырат.

* * *

Балам десең–сүйдүрөсүң өзүңдү,
Өгөйлөсөң–күйдүрөсүң өзүңдү.

* * *

«Куп» деген жөнөкөй сөз ар кандай жагымсыз нерселерден арачалай алат.

* * *

Коммерсанттар–аламандын чак түшүндө элдин чөнтөгүнө кол салган уруулар.

* * *

Алмончоктой кыздарды тез карытып, кунигин чыгарган ары жок эркектер.

* * *

Адамдын асылы, тоонун асели жакшы.

* * *

Аз болсо да кары–картаңдарга кайрымдуу бол, антпесең–картайганда жосунсуз жоруктарыңа өкүнүп өтөсүң.

* * *

Тагдырың мамилеңе көз каранды.

* * *

Пландуу адамдын ыры бар,
Планы жоктун чыры бар.

* * *

Капа кылса сен боздоп ыйлабагын,
Кечирим сурабаса–
Кек санаба,
Бирок аны сен сыйлабагын!

* * *

# ТИЛИМ

*Тилим барда улутмун,*
*Тилим менен улукмун.*

***К. Бобулов.***

*Улутчул десе арданбаймын, коркпоймун,*
*Улутумдун ыйык тилин коргоймун.*

***Вахаб –Бостон***

* * *

Мамлекеттик тилде сүйлөгөнүң–сулуулугуң,
Мамлекеттик тилди урматтаганың улуулугуң.

* * *

Эне тилим ардагым,
Колго конгон бакыт кушу–чардагым.

* * *

Эне тилге кайдыгерлик болбойсун,
Эгер болсо–андай адам оңбосун.

* * *

Эне тилим– бийик АСКАМ.

* * *

Сүйлөгөнгө да, сүйрөгөнгө да тил керек.

* * *

Тилиңе күйгөнүң–дилиңе күйгөнүң.

* * *

Акылдын тайкылыгы тилге сөз тийгизет. Мындайда «тилиңди кесем» дебей «акылыңды ачыган айрандай төгөм» десе болчудай.

* * *

Кыргыз тили–Мекен тили, улуттун жүрөгү, сыйынар–сыймыгы.

* * *

Байды керооздонтуп эмне десе дегизген–байлыгы, Жарды–жармачтарга эмне кааласа жегизген– тили.

* * *

Адамды адамга кошкон сөз,
Акылга азык берип колдогон–көз.

* * *

Адамзаттын жыргалы да, кууралы да–тилден.

* * *

Аркан малды, сөз–адамды байлайт.

* * *

Айбандын алпы–пил,
Акыл ачкычы–тил.

* * *

Тамактын даамын сездирген–тил,
Тилек–максатыңа жеткирген тил экенин бил.

* * *

Тилдин ээси–ЭЛ.

* * *

Бөтөн тилде сүйлөгөнүң–
Эне тилди сүйбөгөнүң.

* * *

Билими терең бул чеченди
Тилчи дейт,
Чечениң жаагын жанып,
Өз тилиңди билчи дейт.

* * *

Дүйнөгө «Манас»ты берген кыргыз тили эң эле бай, кубаттуу тилдердин бири.

* * *

Эне тилибиз кыргыздын руху менен дартына дабаа болчу бал, кымыз жыттанат.

* * *

Досту тапкан да,  жоготуп жалгызсыраткан да тил.

* * *

Калыс сөз–кыска,
Накыл сөз– нуска.

* * *

Кайгы–санаа аздырат,
Тил билбеген жаздырат.

* * *

Кыргыз сөздөрү ширелүү; бал жыттанат.

* * *

Кыргыз тили–жүрөгүндө карасы жок досторго наристени алдейлеген ийкемдүү, ары мукамдуу, ал эми жоолашкан жоого октой таамай тийген кубаттуу тил.

* * *

Кыргыз тили–кылымдарды чаалыктырган МЕКЕН тили. Атам–айкөл КЫРГЫЗ эли. ЭНЕМ–эгемендүү Кыргызстан. Эне тилим–ак пейил КЫРГЫЗ жыттанган Ата-Журт тили. Кыргыз тилин чанганың–ЭНЕ–АТАҢДАН танганың. Мунуңду кыргыз бардa кара кылды как жарган ЭЛИМ кечирбестигин эстей жүр, боорум!

* * *

Кыргыз тилинен кылымдарды карыткан олуя Бакай атабыз менен Манас бабабыздын Ала Тоодой орошон ойлорун камтыган ыйык осуят жыттанат, береке кут тамат.

* * *

Кыргыз тили–элдин кан–жанына сиңген ыйык, агымы селдей кубаттуу тил.

* * *

Мактоо сөз көптүрөт,
Жаман сөз – өлтүрөт.

* * *

Мамлекеттин өзөгүн түзгөн сыйынар–сыймыгы–тил. Тил өлгөндө эл да, анын маданияты да кошо өлөт.

* * *

Кыргыз сөзү ширелүү даамдай,
Төгүлгөнү нөшөрлөгөн жаандай.

* * *

Тилиңе күйгөнүң–дилиңе күйгөнүң.

* * *

Накыл кеп–кепти жандуу кылат,
Чыгарманы толук кандуу кылат.

* * *

Накыл кептин ордосу–
Айыл болот,
Аны окуган жаңы муун,
Бабаларга кайыл болот.

* * *

Накыл кеп –сөз АТАСЫ.

* * *

Ойлосоң да накыл кеп такыр келбейт,
Келсе да, омоктуу ойлору жакын келбейт.

* * *

Ой–тилдин алтын ОРДОСУ.

* * *

Нускалуу сөздөн ыр чыгат,
Сасык сөздөн чыр чыгат.

* * *

Сөздүн кунун өчүргөнүң–
Элдин кунун өчүргөнүң.
(Сөздүн куну өчкөнчө элдин куну өчсүн)

* * *

Белек кымбат эмес–сөз кымбат...

* * *

Белектин кымбатын тандаба, сөздүн асылын танда.

* * *

Жалкы сөз макал болбойт.

* * *

—Тил,–дейт Баш,–митайымдыгыңды бил, сенин азабыңды мен тарттым.

* * *

Сөз— кылычтан курч.

* * *

Сөздүн азы–бөздүн көбү жакшы.

* * *

Улуу сөз–түгөнгүс кенч.

* * *

Жезит деген жаман сөз,
Асыл деген аман сөз.

* * *

Уңгусун тапкан улут уттурбайт.

* * *

Тил–жүрөктүн кыйышпас жанбиргеси.

* * *

Жаман сөз оңдурбас ооруудан бетер.

* * *

Тилди өзүнө дос кылган да, кас кылган да адамдын акыл –эси.

* * *

Болуп жаткан курмандыктардын себепчиси тил экенин кантип тануута болсун?

* * *

Чырдын башталышы–тилден.

* * *

Тилиңдин тыйылганы–жаныңдын ыраахатка батканы.

* * *

Шакаба аралашкан сөз, ары кызыктуу, ары жандуу болот.

* * *

Тилден бал тамдырган да, уу тамдырган да акыл–эс.

* * *

Мамлекеттик тилди билбей туруп өлкөнүн жараны болуу–түркөйлүк.

## КУДУРЕТТҮҮ КҮЧҮҢӨН КАГЫЛАЙЫН…

О, эне тил!
Кудуреттүү күчүңөн кагылайын…
Кара түндө
Отуң болуп жагылайын.
О, эне тил!
Оргуштаган жүрөктөгү каным белең?
Анда эмесе -
Дене бойду балкыткан жаным белең.

* * *

Эне тилим–акыл–эсим, ак таңым, кубатым
Сендей тилди дүйнө кезип таппадым!..
О, эне тил!
Ыраак жүрүп Мекенимден
Сүйлөбөсөм же укпасам сөзүңдү
Акылыман адашкандай карбаластап
Кеңгиреп кер боломун, жоготомун өзүмдү.

* * *

О, эне тил!
Куран сымал «Манас»ымдай кеңдикти
жаратkансың.
Бүт дүйнөнү тамшантып, таң калтырып
Бир өзүңө, бир өзүңө караткансың.
Кудуреттүү күчүңөн кагылайын…
Караңгыда шамың болуп жагылайын…
О, эне тил!
Оргуштаган жүрөктөгү канымсың!
О, эне тил!
Дене–бойду балкыткан ширин жанымсың!
Кара түндө жалындаган отумсуң!

* * *

Өлкөдө жашап туруп анын тили менен каада–салтына, адабияты менен маданиятына кайдыгерлик кылуу– ЖАПАЙЫЧЫЛЫК.

* * *

Сөз–кубаттуу курал, андан акыл–эстүүлүк менен пайдалан; дартты дабалаган да, душман болуп табалаган да, көңүл көтөрүп өстүргөн да, жүрөк оорутуп өлтүргөн да–сөз.

* * *

Тилди барктабагандык–бүтүн элди, анын үрп–адатын, каада–салтын, маданиятын сыйлабагандык. Улут үчүн мындан өткөн кордук жок.

* * *

Тилге күйгөнүң–элге күйгөнүң,
Тилге күйбөгөнүң–Мекениңди сүйбөгөнүң.

* * *

Улуттун уютку азыгы анын тили, каада–салты. Аны баалабаса–Мекениңди ким сүйөт?

* * *

Улутту улут кылган анын тили болбосо, ал улуттун нарк–насили кайсы?

* * *

Сөз кээде көптүрөт, кээде–санаалашын өлтүрөт.

* * *

Мактоо сөздү таамай айтпаса–сөздүн шору.

* * *

Дал бутага тийген сөз акмактын да уйкусун качырат.

* * *

Эне тилин жеригендер–ЭНЕСИН, анын ЫЙЫК, ак сүтүн жериген касамкорлор.

* * *

Эне тилим ардагым–
Эркин жүргөн аймагым.

* * *

Сөздүн наркы, адамдын баркы кетпесин.

* * *

Сөз кудуретин туя албаганың–
Керооздонуп тилиңди тыя албаганың.

* * *

Кыргыз тили–энелердин касиеттүү ак сүтү аркылуу кыргыздын кан–жанына жуурулушкан ЫЙЫК тил. Кыргыз барда тил өрчүп–өнүгө берет. Күн чыккандай калктын жүзү көрүнө берет.

* * *

Дүйнө жүзүндө болуп жаткан жакшылык–жамандыктын себепчиси – тил.

* * *

Жакшы ат мүдүрүлүп жыгылбайт,

Чечен тил күрмөлбөйт да, сыгылбайт.

* * *

Жакшы кыздын жарашкан кылыгы бар,
Тилинин жан эргиткен сылыгы бар.

* * *

Жашоонун шан–шөкөтү тил деймин,
Мындан өткөн курч куралды билбеймин.

* * *

Тилине күйүмү жоктун үй–бүлөсү түгүл, Мекенине да күйүмү болбойт.

* * *

Жашоонун жыргалы–тил,
Акчыланба, муну жакшы бил!

* * *

Мамлекеттик тилди баалаганың–
Өлкөнүн өнүгүүсүн каалаганың.

* * *

Сөздү далилдүү сүйлөгөн киши сөзгө жыгылбайт, тайманбас, чечкиндүү болору бышык.

* * *

## ЭНЕСИН АЗДЕКТЕП СҮЙӨ АЛБАСА…

Эне тилин аздектеп биле албаган
Өз энесин ардактап сүйө алабы?
Энесине боор ачып күйбөгөн соң
Мекенине чындап ал күйө алабы?

* * *

Мекеним деп күйбөгөн ал шоркелтей,
Боор толгоп элине тартылабы?
Эбедейи эзилип эл үчүн күйө албаган,
Ал адамдын журтуна баркы барбы?

* * *

Адамды адамга кошкон–СӨЗ,
Акылга азык берип колдогон–КӨЗ,

* * *

Тил издегениң–дил издегениң.

* * *

Эр жигиттин жетээрлик өнөрү бар,
Көрөгөчтүн келечектен көрөрү бар.

* * *

Эне тилим–ЭЛИМ,
Күч–кубатым ашуу БЕЛИМ.

* * *

Эне тилди чанганың –
Мекениңди танганың.
Эне тилде сүйлөгөнүң–
Мекениңди сүйгөнүң.

* * *

Эне тилибиз менен кыргыздын руху терең. Көз тайгылткан кооз табияты, кыргыздын мукамдуу, ары ийкемдүү тили менен аскасы көк тиреген касиеттүү Ала–Тоо кенен.

* * *

Эл – тилди көз карегиндей аздектеп–аспиеттеп тарбиялаган эне–атасы.

* * *

Эне тилин барктабаган– өлкөнүн өгөй баласы.

* * *

Эне тилибиз – кыргыздын руху менен дартына шыпаа жыттанат.

* * *

Эл айткан сөз–эп,
Бириндеп айтылган сөз–кеп.

* * *

Эне тилим жалтанбай келе жатат,
Кылымдарды арытып.
Көп улуттуу    өлкөбүзгө,
Нурун чачып жарытып.

* * *

Көрөйүн десең урмат–сый,
Жаштайыңан тилиң тый.

* * *

Мекенимдин касиеттүү Ала–Тоосу да кыргыздын тили жыттанат.

* * *

Кереги не жашоонун,
Манас ата урпагына,
Эгер тили болбосо...

* * *

Мамлекеттик тил–бул бүткүл элдик тил.

* * *

Тилибиз–бул Кыргыз Мамлекети. Мамлекет–бул биздин эне тилибиз. Эл–бул Мамлекеттин бапестеп баккан балдары.

* * *

Айла–амал менен коолдолуп, шөкөттөлгөн сөз–уктап жатканында коюнуңа кирип келген жыландай.

* * *

Көйгөйлөрдүн негизгиси тил дейбиз,
Кыргыз туруп тилдин баркын билбейбиз.

* * *

Чын пейилден чыккан сөз жүрөккө жетет,
Жүрөктөн чыккан сөз ааламга кетет.

* * *

Улуттун ар–намысы, сыйынаар сыймыгы–тил.

* * *

Эне тилге эркелеп сүйүп келем,
Эне тил деп эзелтен күйүп келем.
Эне тилди бурмалап бузгандарды,
Элимдин элегине салып келем.

* * *

Тил–мамлекеттин тумары.

* * *

Мамлекеттик тилди билбеген кыргыз, кыргыздын тилин жарды дейт. Кыргыз тилин КЫРГЫЗ жыттанган кыргыз гана барктап, ага күйүмдүү болот.

* * *

Элин сүйгөн –
Улутту улут кылат.
Тилин чанган –
Улутту курут кылат.

* * *

Тилин тыйып, унчукпай коюу–жакшы сапат, бирок ченден ашсаң–куржалак калышыңды унутпа.

* * *

Таамай сөз–таамай айтылса–ок!

* * *

Жүрөктөн чыккан сөз–
Жүрөккө жетет.

* * *

Тилине кайдыгер хан–
Элине кайдыгер хан.

# ТҮРКҮН ОЙЛОР

*Түркүн ойлор көңүлүңдү кулпундурат.*
***Вахаб–Бостон.***

* * *

Жакшыбы же жаманбы–
Иш болбойт билинбеген.

* * *

Балыктын жаны – суу.

* * *

Бактылуу болгондордун бардыгынын эле пайдасы элине тие бербестиги анык.

* * *

Бүтпөй калган иш болбойт,
Оорубаган тиш болбойт.

* * *

Жарыктын төлөмү, иштин көлөмү болот.

* * *

Ар кимдин эстен кеткис жаштыгы болот,
Ар кишинин буюм салчу баштыгы болот.

* * *

Алданбаган адам–асыл жан. Акыл–эси менен атайылап алданган адам–АКЫЛМАН.

* * *

Кулак төбө чачты тик тургузган кепти угуп жүрөккө узатат…

* * *

Жакшы бала эпчил-Жаман бала кекчил болот.

* * *

Катаалдык каар эмес,
Ачуунун баары заар эмес.

* * *

ДААНЫШМАНДЫН айтканы–аңыз,
Жаңгак бышса–маңыз.

* * *

Коомдук өнүгүү процесстеринен четте калган улуттук искусство менен адабияттын тагдыры опурталдуу.

* * *

Ажал арбаганда андан кутулуунун айла–амалы бирөө–жан соогалап багынып берүү.

* * *

Адамзатка да, жан–жаныбарларга да жылуулук берип, азыктандырып турган КҮН.

* * *

Ит акылы аттыкынан кем эмес,
Ошентсе да ал итиң
Тайторуга тең эмес.

* * *

Ордо оюнун ойногондор–
Ата салтын колдогондор.

* * *

Түшкү тамакты ичесиңби, ичпейсиңби, түштөнүү убагы деп атала берет.

* * *

Карышкыр койду жеп, койчуга алкыш айтпайт.

* * *

Ыйлабаган бала болбойт,
Дыйкандын иши чала болбойт.

* * *

Кар болмойун из болбойт,
Ийри дарак түз болбойт.

* * *

Чоң атам тургай бабаларым да бала болгон.

* * *

Өрдөктүн тукумунан бүркүт чыкпайт.

* * *

Чындыкты базардан сатып алууга болбойт.

* * *

Балаары балды кайдан алаарын эч кимден сурабайт.

* * *

Дарыгер же ырчы, айдоочу же мугалим болуп алууга болот, бирок жинди же наадан болуп алууга деги эле мүмкүн эмес.

* * *

Базарга барсаң аздектеген адамыңдан башканын баары бар.

* * *

Жалтырактын баары алтын эмес.

* * *

Тешик–чычкан менен жыланга эшик.

* * *

Иңир болдубу, жарык да болот.

* * *

Каерде тешик болсо–
Чычканга эшик болот.

* * *

## БӨРҮ ЗАМАН

Казино, кафе сатылат,
Пулу туруп–
Албаган бай атылат.

* * *

Жашоонун формуласы–ЧЫНДЫК менен КАЛЫСТЫК.

* * *

Төрөлдү дегениң–азбы, көпбү өмүр сүрүп, өлдү дегендик.

* * *

Арактын айынан капчыкка доо кетиптир.

* * *

Түшүңдө жакындарыңа гана кезикпей үрөй учурган диназаврга да кезигесиң.

* * *

Мына бейиштей болгон базар,
Табарың чын, мындан чериңди жазар.

* * *

Тагдырга таарынбайт.

* * *

Үмүтүң келечектеги жашооңо шык жөндөм да, кайрат да берет.

* * *

Жашоодо тыным болбойт.

* * *

Эт жесең кекиртет,
Жумуртка жесең – секиртет.

* * *

Карга–кузгундар турсун, курт–кумурскалар да картаят.

* * *

Кимге– ыр, кимге –чыр.

* * *

Иши жүрүшкөндүн корозу тууйт, иши жүрүшпөгөндүн мекияны да короз сымал кыйкырат.

* * *

Мака–койго,
Кой–тойго.

* * *

Тирүүлөр түйшүктү гана кеп кылышат.

* * *

Таттуу тамда жок,
Акмак санда жок.

* * *

Айтылып турса–макал,
Айтылбаса–бакал.

* * *

Укканыңдын баары көңүлүңдү кушбак кылып көкөлөтүп көтөрбөйт.

* * *

Жазгандын баары акын эмес,
Ыр дүйнөсү жакын эмес.

* * *

Айткандын баары кеп эмес, Баш коргологен жердин баары чеп эмес.

* * *

Бүркүт учуп айга жетпейт,
Чабдар чуркап тайга жетпейт.

* * *

Жебеген соң көргөнүңдөн не пайда?

* * *

Ыр болгондо чыр да болот.

* * *

Ырдашкан (айтышкан) акындар–
Сырдашкан акындар.

* * *

Жетим жетилет, жээк кетилет.

* * *

Акылы бар элдин жакыры бар.

* * *

Олжолуу ууру–март.

* * *

Айлансаң аз адамдын АКЫЛЫНАН,
Адамзатты тамшандырып
Жараткан УКМУШТАРДЫ.

* * *

Уурдалган уйдун баркы жок.

* * *

Көрүстөндөн тирүүлөр гана коркушат; эч кимдин өлгүсү келбегени ошондон улам.

* * *

Жүзүмдүн дарагы көзгө комсоо: ийри–муйру; мөмөсү – алтын.

* * *

Маегиң майдай жагымдуу болсо да курсак тойгузбайт.

* * *

Эрдиктен ажал айбыгат.

* * *

Мөмөлүү дарактын терек менен бой тирешкени–отунга.

* * *

Акылдуу болгону менен майнап жок.

* * *

Акчасы аздын түйшүгү аз.

* * *

Карыз алуу–өнөкөт ооруу.

* * *

Уурунун үйүнө да ууру түшөт.

* * *

Акмакта акча болбойт,
Бергенин купулуна толбойт.

* * *

Жокчулук–айт–майрамды да, дем алыш күндү да билбейт.

* * *

Аялы оорукчан эрдин бешенеси шордуу.

* * *

Тууй элек тоок катуу какылыктайт.

* * *

Жакшыбы же жаманбы ар кимдин үйү өзүнө ордо.

* * *

Убара–убайым жеп канчалык азап–тозок менен тапкан ЧЫНДЫКТЫ эч ким жебейт.

* * *

Тагдыр татаал, оңойлук менен багынбайт.

* * *

Жалкоо жатканы, соодагер сатканы ашыгышат.

* * *

Жокчулук куудулду сүйбөйт.

* * *

Жокчулук ойлондурат, акылга акыл кошот.

* * *

Чайдын даамын ким сезмек,
Эгер чайнек болбосо?
Тагдырыбыз не кечмек
Эгер айнек болбосо?

* * *

Жокчулук–күлкү сүйбөйт.

* * *

Тапкан баалуулуктарын өмүр бою үнөмдөп отуруп, сараң алтынга алмашкыс ӨМҮРҮН үнөмдөй албагандыгы кандай кейиштүү?

* * *

Террорчулук–рак оорусуна окшош; бир тобун жок кылсаң–улам дагы башка тобу баш көтөрүп чыга келет.

* * *

Койду бордоп бакканга мака жакшы,
Ак дилден сырдашканга ака жакшы.

* * *

Чыгарманын ээси болбо–мээси бол.

* * *

Мээрими болбой ынак болбойт,
Чындыгы болбой сынак болбойт.

* * *

Келжирек кебин чоёт,
Акылман чекит коёт.

* * *

Айыл жергесиндеги жападан жалгыз маданият очогу–элет МЕКТЕБИ.

* * *

Ар кандай психологиялык маанайдагы түшүнүү кыйынга турган татаал чыгармалар алаканга салгандай жөнөкөйлөштүрүлүп берилгенде гана чыгарма бышып жетилген мөмөдөй адамга ырахат багыштайт.

* * *

Кара тумандай каптап келе жаткан ааламдашуу глоболизация адамзаттын улут турмушун маңкуртка айландырып баратат. Ошонун ойрону болуп: ыйман–асыретти талкалап жатканына чыдоого мүмкүн эмес.

* * *

Үмүтүңдү үзгөнүң –
Өлүмгө өбөлгө түзгөнүң.

* * *

АДАМ зилинде ДАНАКЕР болсо–аны эч кандай СӨЗ да, БАЙЛЫК менен БИЙЛИК да азгыра албастыгы анык.

* * *

Аялдан залкар чыкса, көз алдыңа аскадагы аркарды элестете бер.

* * *

Адамдын өңү–түсүнө карап баалагандар көп жаңылышат.

* * *

Адам баласы унутпас бир гана нерсе болот: ал курсагынын ачканын айттырбай билгени.

* * *

Атагы аалам кезген чоң мушкер да ажалга «лапбай» деп багынууга мажбур болот.

* * *

Адамды адам кылып калыптандырган курал–бул АДАБИЯТ менен ИСКУССТВО.

* * *

АДАМДАГЫ асыл, эң бийик САПАТ–бул анын АР–НАМЫСЫ. Ага шек келтиргендик–өлгөнгө тете.

* * *

Азыркы ээлеп турган кызмат ордуңа желип–чуркап жүрүп, атаандаштырыңды жеңиш сен үчүн жеңил болбогондугун, анан калса, бийликтеги төбөлдөрдүн сынынан алардын көзүнүн агы менен тең тегеренип атып келгениңди ойлосоң– кызмат ордуңду мынчалык себепсиз бош калтырып, шапар тээп жүрмөк эмессиң...

* * *

Акыл–эс менен жүрөк–дүлөйдүн уганаак кулагы.

* * *

Акыл–эс акчага сатылбайт.

* * *

Адам туулат–
Туулса–кубанычтан өбүшөт,
Адам ЖАШАЙТ, анан–өлөт.
Өлсө–ыйлап,
Кейип–кепчип көмүшөт.

* * *

Абак–тирүүлөрдүн тозогу экендигин ойлонгондо, эч ким Мыйзам бузуп, кылмышка бармак эмес.

* * *

Адам өмүрүнө кооп туудурган оозго алгыс ыплас наркозат, ичимдиктер менен чылым–сигареттин тийгизген эбегейсиз зор таасирин көрүп–билип туруп, азгырыкка азгырылган дарыгерлер менен окумуштуулар, мугалимдер менен спортчулар, коом-

дук ишмерлер менен чыгаан инсандардын жоболоңдуу жоруктарына деги эле түшүнүп болбойт.

* * *

Күн нуру жер бетине тегиз тийбейт,
Жайында чал да тонун кийбейт.

* * *

Билесиң–койду бекерге сойбойт,
Аныңды жеп, арампөш дегеле тойбойт.

* * *

Айнек чирибейт,
Бышкан сүт ирибейт.

* * *

Акчаң жок ар кимге жалдырайсың, акыясың,
Акчаң болсо, көңүлүң шат,
Өөдө ыргыткан такыясың.

* * *

Акмак өзүн жаман дебейт,
Өзүнүкүн ырастап
Бирөөнүн камын жебейт.

* * *

Ак эмгектин алкай турган наркы бар,
Жакшы адамдын кадыры да, баркы бар.

* * *

Акмак адам гана өз ыктыяры менен аракка тоюп, өзүнүн абийирин өзү кетирет.

* * *

Жүрөк үшүн алган каргашалуу окуялардын болуп жатышы УЛУТТУК руханий дүйнөбүздүн жардылыгынан бекен.

* * *

Доогер– каралайт.
Айыпкер– паралайт.

* * *

Жалындап жээкте жанган оттон деңиздин суусу жылыбайт.

* * *

Жырткычтар да достошот.

* * *

Тамактын даамын таткан билет,
Акчанын баркын тапкан билет.

* * *

Адилет, чынчыл адамдын душманы досторунан эки эсеге көп.

* * *

Ар кандай иште жигердүү аракет, жалындаган кайрат, демилгелүү дем болбосо, көзүнөн нур, каруусунан күч кеткен карынын ишиндей натыйжасыз болору анык.

* * *

Алжыш–тантыш–карыштан,
Утук мөөрөй–жарыштан.

* * *

Арын саткан–баарын сатат.

* * *

Ар нерсенин: мөмө–жемиш,
Мейли кийим, же асылташ–
Алтынбы–тазасы жакшы.
Заң бузган көркоонун–
Кылмышы үчүн
Адилет алган жазасы жакшы.

* * *

Акылы болбой эр болбойт,
Акыны болбой эл болбойт.

* * *

Аптекте түркүн даары болот,
Базарда издегендин баары болот.

* * *

Баатыр тапса, баары жейт,
Сараң тапса, кайын деген журту жейт.

* * *

Дептердин сызыгы көп,
Жомоктун кызыгы көп.

* * *

Шыктуулугуң–мыктылыгың.

* * *

Бекерчини ит кабат.

* * *

Бекерчиликтен улам жаман жорук–жосундардын баары: уурулук менен аракечтик да, зөөкүрлүк менен мыкаачылык… дагы толгон–токой чыр чыгат.

* * *

Барына топук кылгандар – токпейил адамдар.

* * *

Берээни болбой эл болбойт,
Асылы болбой жер болбойт.

* * *

Жөнөкөй, алпейим киши болсо–
Сөзү жүда майин болот.
Жемиштүү кылган иши
Элине тез тайин болот.

* * *

Жаңылуу–өмүргө олуттуу зыян келтирет; ички дүйнөңдү эңшерилтип, жүрөгүңдү туйлатат, кудум жакының каза болгондой кейип–кепчийсиң…

Өмүр бою канча жолу жаңылып–адашып, өзүңөбү, же элиңе канча зыян келтиргениңди эстеп, өзүңдү–өзүң калыс таразалап көрсөң–кандай адам экендигиңди билип алышың кыйынга турбайт.

* * *

Шыктуулугуң–мыктылыгың.

* * *

Бирин–бири кыргыздар колдой жүрсүн,
Эч кимиси жашоого жолтоо болбой жүрсүн.

* * *

Биз, адам пенделери, баарыбыз үчүн баа жеткис байлыкты унутуп, ал кымбат, мунусу оголе кымбат деп шашкалактап, бүтүм чыгарганга жедеп көнүп алганбыз. Чындыгында НЕГИЗГИ байлык «байкалбаган» УБАКЫТ экенин баркалбаганыбыз кандай кейиштүү?

* * *

Бөбөгүң балдан таттуу,
Тиштериң таштан катуу.

* * *

Бутунан мүдүрүлгөндөрдүн оорусу айыгат, некин башынан мүдүрүлгөндүкү асти айыкпайт.

* * *

Даамдуу наның– дары,
Кейикчил жигит – кары.

* * *

Депутат болсом деп эл аралап, эбедейи эзилип «Эми жыргатам» демиш болуп, эл ишенимине арзып, элин көкүткөн ЫЛАА.

* * *

Жакшы таанybaган адамдар менен олтурганда бийлигиңе манчыркап мактанып олуялык кылба;

алардын ичинен сенден да өткөн олуя чыкса, жети өмүрүң жерге кире жаздайт.

* * *

Жалгыздык да жаман, ал адамды жалтактат.

* * *

Жапканга капкак керек,
Түлкүгө капкан керек.

* * *

Жаңы тамактын буусу–эскисинин уусу болот.

* * *

Жууган кийим илинет,
Кыңыр иш тез билинет.

* * *

Жалуусу болбой ЭЛ болбойт,
Талуусу болбой жан болбойт.

* * *

Жакшыга алкыш айтсаң–жакшылык,
Чала–моңолдун болжогону–бакшылык.

* * *

Жакшы ат мүдүрүлүп жыгылбайт,
Эрки күчтүү мөгдөп–мүңкүп сыгылбайт.

* * *

Жергебизде жетиштүү кокту –колот,
Кыргыздын жер соорусу малга толот.

* * *

Жыл жаңырган сайын адамдын ой–максаты да үмүт–тилеги да жаңыланып турат.

* * *

Жасалмалуулуктан жаа бою кач;–арты жаман; жасалма сөз менен жасалма күлкү, жасалма гүл

менен жасакерденүүнүн зыяндан башка пайдасы жок.

* * *

Жер бекерге казылбайт,
Накыл кеп жөн жазылбайт.

* * *

Жашоо–бул өмүр бою аракеттенүү. Кыймыл токтогондо жашоо да токтойт.

* * *

Жаман кеп жебейт,
Жакшы ага тең келбейт.

* * *

Жалаакор анткорлонуп сөздөн танат,
Эр жигит–эли үчүн күйүп жанат.

* * *

Бакыл оңолбойт,

* * *

Изги тилек сапарды байсалдуу кылат.

* * *

Кыянат арты–кыямат.

* * *

Калыс болчу, кагылайын;
Жерин сатып,
Жер которгон кандай элет?

* * *

Заң бузган акмактардын сазайын бер,
Андайларды келекелеп жазайын чер.

* * *

Зарыл болгондо жаныңды да кыйнап, терең ойлоп акылыңды иштетип түйшөлсөң, кийинчерээк көңүлүң көтөрүңкү, маанайың жаркын болот.

* * *

Зордукчул–көркоо зулум болот,
Сүймөнчүк бала –
Эли сүйгөн кулун болот.

* * *

Ичинде бакылдык былжып–ирип жатса, сыртынын жалтыраганы–алтындын суусу жалатылган буюмга окшош.

* * *

Калың карды кечеңдетпей күрөгүн,
Чындык үчүн бар күчүңдү үрөгүн.

* * *

Иштелген жумуштан майнап чыкканда адамга кубаныч тартуулайт.

* * *

Иш билген–озот,
Бекерпоз–тозот.

* * *

Иштегенге айбандын колу болбойт,
Бакыл болсо,
Жашоодо анын жолу болбойт.

* * *

Кыйынчылыкты жон териси менен тартпаган адам сулуу, бирок өтө назик аялга окшош.

* * *

Кара күч толуп–ташып, сени канчалык карк кылбасын, аныңды иштеткенди билбесең, маңызы жок жаңгактай.

* * *

Кыйынчылыктардын баары турмуштун кайрагы. Азап–тозокту көп тарткан адам–турмуштун кайрагынан телчигип, чыңалган болот.

* * *

Катуу дарак сынбайт,
Мээнеткеч адам тынбайт.

* * *

Кайрымдуулук жашигине акча салып, алкыш ал.

* * *

Күлкү тээ жүрөктүн тереңинде бугуп жатат. Аны күчкө салып келтиргенге да, жолун тосуп, чыгарбай койгонго да болбойт. Жүрөк толкуп кубанганда ал ар кандай тоскоолдуктарга карабай чагылгандай тездик менен катуу келип, адамга КУБАНЫЧ, ӨМҮР тартуулайт.

* * *

Кайраттуудан душман тургай, ажал да жалтанат.

* * *

Кылмыштуулук–ичи тардыктын кесепети.

* * *

Кечээки күнүң – эртеңки үнүң.

* * *

Кежир киши адамга окшоп муюбайт,
Ириген сүт айран болуп уюбайт.

* * *

Кабагың ачык болсо–
Ылым санап ыкташат.

* * *

Каш менен кабактын ортосун паанектеген кырсык айттырбай келет; анын жолун бөгөгөнгө КЫРААКЫЛЫК күзөтчүдөй сак болуусу керек.

* * *

Күйүт–адамды соолутат.

* * *

Кайгырууну билбеген жүрөк–мөңгүнүн музу.

* * *

Комуз–улуттук аспап, аны колуңа алдыңбы, толуп турган кубанычың менен кайгы–муңуңду чыгара черт, жарпы жазыла түшсүн.

* * *

Кулак уккандардын баарын кеч болсо да көз көрөт.

* * *

Келечегиңе кең карап, үмүттүү жашасаң, максаттарың ишке ашуусуна катуу ишенсең, көздөгөн максатыңа жетпей койбойсуң.

* * *

Күргүштөп суунун акканы бар,
Өлкөдө эптеп жанын бакканы бар.

* * *

Коёндун шырп эткен шарпасынан корккон суу жүрөк өмүр бою коркуп жүрүп, ичер суусу түгөнгөндө, өлүмдөн да коркот.

* * *

Карөзгөй кекчил–тукурат,
Акылсыз куйту кутурат.

* * *

Кымыз көңүл кушун эргитет,
Мүрөк суусу көңүлүңдү сергитет.

* * *

Кедей корс болбойт,
Түлкү дос болбойт.

* * *

Күнөөкөр өзүндөгү олчойгон күнөөсүн байкамаксан болуп каяша айтса, ажаан–митайым атыгат.

* * *

Кептин негизи, жолдун тегизи жакшы.

* * *

Кол менен буттун командири–баш.

* * *

Кеңкелес– керең сөз укпайт,
Өрдөк– казга суу жукпайт.

* * *

Кыйч–куйч этип араң жүрөт араба,
Бооруң ачып аны сен көп караба.

* * *

Курсак ач болсо, күлкү келбейт,
Тайган бар жерге түлкү келбейт.

* * *

Кыргыздар кең пейилдүүлүгү менен кадырлуу.

* * *

Күлкүнүн да тоонун аселиндай тазасы болот; мындай күлкү пейили кагаздай ак адамдардан гана чыгып, боорду эзип, кулакка жагымдуу келип, өмүргө өмүр кошот.

* * *

Көмүр менен камсыз болгонуң –
Өмүр менен камсыз болгонуң.

* * *

Кыргыз жергесинде кыргыздын жакыр жашоого УКУГУ жок!

* * *

Майда иш жасап көнгөн адам чоң иш жасагандан чоочуркайт.

* * *

Маалымат так болсо, көңүлүң шат болот.

* * *

Мүнөз акылга–баш ийбейт.

* * *

Мал семирсе–элге,
Адам семирсе–жерге.

* * *

Менин кандай ИНСАН экендигимди чагылдыруучу КҮЗГҮ–менин эмгектерим, сүйлөгөн сөздөрүм, жорук–жосундарым.

* * *

Дарак гүлүнүн касиеттүүсү – жийде,
Бийкечтин көөнү–бийде.

* * *

Ойдогуну жашырбай айтчу кез келди,
Бул мезгил жүда тез келди.

* * *

Аферисттер дале сиз менен бизге окшогон адамдар. Айырмасы–алар жалганга жакын болушат. Уят эмне экенин элес алышпайт. Беш өрдөгүн тең учурганда тилинен бал тамат. Ошондо эрксизден эрип, багынып бергенибизди билбей калабыз.

* * *

Өзүнүн жекече пикирине ээ боло албаган адам–акыл–эстүү адамдардын көлөкөсүнө окшойт.

* * *

Өлүш оңой, артынан атын калтыруу–тозоктун тозогу.

* * *

Өрдөк– каздын кулагы жок
Кеп айтсаң угат,
Ит–мышыкка сөз айтсаң–жугат.
Адамдын кулагы бар–
Сөз укпайт,

Сөз айтсаң–кенебейт, бучкагына теңебейт.

* * *

«Өлүмдөн коркпойм» деп суу жүрөк адамдар гана айта алышат, ажал алкымдан алганда алар жоошуп, аргасыз муңайып карашат.

* * *

Өзүнүн жүзүн акыл күзгүсүнөн көрө албагандар өздөрүн жөн күзгүдөн гана көрө алышат.

* * *

Өзгөнү ойлобой, өзүнүн гана керт башынын кызыкчылыгы менен жашаган адам– өлгөндөрдүн тирүүсү.

* * *

Өз ЭРКИНди өзүңө багындыра алгандыгың–сырттандыгың.

* * *

Ичкенге памил чай жакшы,
Жатканга жумшак жай жакшы.

* * *

Руханий жактан жакырдануу–орду толгус оор жоготууга тете.

* * *

Сөз укпаган кайсар акыры катаалдыкка багынып, көктүгүнө кейийт.

* * *

Сен жасаган мамилеңе жараша ЖЕР сага канча берерин билет.

* * *

Суулар кошулуп дарыя болот,
Жашырсаң да жаман ишиң жарыя болот.

* * *

Сүт айныса, айран болбойт,
Шан–шөкөтсүз майрам болбойт.

* * *

Сырдашыңа барсаң, короодо килейген дөбөт жүрөт. Сенин үнүңөн улам, үй ээси: «Каппайт, келе бер», –десе түк ишенбе. Кимди кабар–каппасын ит билет. Ит иттигин кылбаса, ит болобу?

* * *

Сыналгы–бул адам баласында адамдык асылдык канчалык көп болсо ал дагы көптү билүүгө ынтызарланса, анын үмүт–тилегин «үзүп», «ыкшоолонтуп» аң–сезимине бүлүк түшүргөн замандын негизги каражаттарынын бири.

* * *

Ынтымагы бар балдар–
Бири–бирине эш болот.
Окуганы майнаптуу
Баалары жалаң «беш» болот.

* * *

Түз жолдо баратып чени менен тайраңда. Кадамыңды абайлап таштабасаң, мүдүрүлөсүң, жыгылышың толук ыктымал.

* * *

Үйүбүз – куттуу бешигибиз,
Ынтымак–ырыс кешигибиз.

* * *

Таза асел айныбайт,
Акылдуу чал найныбайт.

* * *

Турмуш–бул кеме. Анын капитаны–ЭНЕ. Ата–кемени башкарган рулевой. Матростор–уул–кыздары, небере–чөбүрөлөрү.

* * *

Уз колдуу уста узанып элек кылат,
Эселик эр электи түгөйүнө белек кылат.

* * *

Улуулукка умтулбаган адам болбойт. Ошолордун ичинен адам пендесине сезилбеген касиетке ээ болгондору гана баарыбызды таңдантып–тамшантып улуулуктун чокусун багындырып алышат.

* * *

Уй казыкка байланат,
Конок жылуу–жумшак үйгө жайланат.

* * *

Чыпалак, бармакты керсең– карыш,
Мөөрөй болсо–жарыш.

* * *

Бойдок жүрсөң болбойт экен–
Тобокелге деп салып алган Жарың, купулуңа толбойт экен.

* * *

Үрүп чыгар ити жок–«бай» дейт,
Сакалы чыккан кишини «тай» дейт.

* * *

Үй–бүлөгө жаңыдан мүчө болуп кошулган ымыркайбы же келинби, же жаңыдан сатып алган уйбу, же кой–эчкиби, үй–бүлөнүн өнтөлөгөн каржысын көтөрүүгө өбөлгө.

* * *

Сынчы сын такпайт,
Чычалаткан чын сөз–
Жазмакерге жакпайт.

* * *

Сынчы болсоң–сын жаз,
Айла–амалга азгырылба–чын жаз.

* * *

Тайлакты таптасаң–буура болот,
Ойлоп айткан сөз–туура болот.

* * *

Таазим эт акындын энесине,
Доо кетпесин эч кимдин денесине.

* * *

Жайлоонун чөбү чыктуу,
Кыргыздын улан–кызы шыктуу.

* * *

Жайкысын үйдө меш жагылбайт,
Жооптуу иш ар кимге тагылбайт.

* * *

Жин–шайтандар айкөлдү да азгырып арбайт экен,
Азгырып арбаса да,
Айкөл адам азгырыкка барбайт экен.

* * *

Чиркейдин көзү жок, чакканы оо–ой!
Шайтандын өзү жок, жасаганы боо–ой!

* * *

Чийки мөмө катуу болот,
Таңкы уйку таттуу болот.

* * *

Чыгырмачыл адамдар караңгыда ийне издеп түйшүктөнгөндөр; издегенин тапкандары–ДААНЫШМАНДАР.

* * *

Чымын–чиркейлер да адамга олуттуу зыян келтирүүнү көздөйт; аны көлөкөдөй ээрчип, ичкен тамагына конот, уйкусун бузуп, тынчын алат. Өздүк гигиенаны сактасаң, эч кандай кооп–коркунуч жок.

* * *

Чымыркана күрөшсөң–
Чоң өрт дагы өчөт экен.
Кысталышта мүлкүн таштап–
Бай көпөстөр көчөт экен.

* * *

Шашмалык адамды айнытат.

* * *

Ырчы кыздын жылаажындай үнү бар,
Кайгырбаган карынын көрөөр күнү дагы бар.

* * *

Эрсиз келин–элкин,
Кой дер кожосу жок–эркин.

* * *

Эркектер–эркектерге мүнөздүү жоруктарын жасабаса, алардын эркектиги кайсы.

* * *

Эптеп жеп дыйкандардын эгинин,
Келемиш–чычкан семирди.
Ким семирмек сугунуп,
Алюминий, жез, темирди?

* * *

Эрке бала–эселек,
Элеси эстен кетелек.

* * *

Эшек чуркап аттан озбойт.

* * *

Базарга барсаң элек көп,
Майрам күнгө белек көп.

* * *

Өз эрки өзүндө болбосо, адам капастагы кушка окшойт.

* * *

Кызы болбой сеп болбойт,
Чийки өрүктү жеп болбойт.

* * *

Кыз–келинге тарак керек,
Алкаштарга арак керек.

* * *

Уяң жигит сыпаа болот,
Дары жакса–шыпаа болот.

* * *

Эр жигит элин ойлойт,
Оорулуу ооруган жерин ойлойт.

* * *

Жылдык баа сага «төрт» чыгат,
От менен ойнобо–өрт чыгат.

* * *

Жаман иштин кесири болот,
Шордуунун жесири болот.

* * *

Сезимди жүрөк туюп турат,
Окуганын мээге куюп турат.

* * *

Жамандын каары жыландын уусундай.

* * *

Оймоктой оозго–тоодой азык.

* * *

Баланын тили келегей,
Дыйкандын иши телегей.

* * *

Жалкоонун эрмеги–чөнтөк,
Эптүү бала–жөнтөк*.

* * *

Уйку балдан таттуу.

* * *

Ыйлаак балага караганда көңүлү чөккөн адамды жубатуу алда-канча машакаттуу.

* * *

Жаштык кайтып келбейт,
Кырсык айтып келбейт.

* * *

Жаш кезинде көп жаңылган картайганда жаңылууга жол бербейт.

* * *

Күн-адамдар менен айбандардын да, канаттуу куштар менен эгин-тигиндерге мээримин төккөн боорукер ЭНЕСИ.

* * *

Чарчап-чаалыкканда уйку таттуу,
Өлөр кезде-өмүр таттуу.

* * *

Даанышмандын айтканы аңыз болот.

* * *

Ажал арбаганда андан кутулуунун айла-амалы бирөө гана-жан соогалап багынып берүү.

* * *

Кайраттууну кайгы баспайт.

* * *

Өзүнүн гана керт башынын кызыкчылыгын ойлогон өзүмчүл коркунучтуу жоого барабар.

* * *

Жакшы нурун чачат,
Ыймансыздан ырыскы качат.

* * *

Жаш баланы алдабайт,
Акмакты ишке жалдабайт.

* * *

Малчы короодо кыштайт,
Тамеки өпкөнү ыштайт.

* * *

Уурдалган нерсе катылат,
Анан – тымызын сатылат.

* * *

Көп алданган адам эч кимге–атасына да ишенбейт.

* * *

Эң көп алданган адам – өзүн–өзү алдаган адам.

* * *

Калыстыктан тайыган сын–өз баласын өгөйлөгөн атадай.

* * *

Мээрими болбой ынак болбойт,
Чындыгы болбой сынак болбойт.

* * *

Кут конгон үй кубанычка бөлөнөт.

* * *

Көздүн сүзүлгөнү–үмүттүн үзүлгөнү жаман.

* * *

Жашоодо көсөө кылсам билегимди,
Теңирим берээр бекен тилегимди.

* * *

Алганды кесип кылып алгандар–сараң адамдар.

* * *

Өмүрдөн өткөн бакыт, өлүмдөн өткөн кайгы жок.

* * *

Адабиятсыз маданият–буту–колу жок адамсымал.

* * *

Улуттук адабиятыңды унутканың–
Улуттук маданиятыңды курутканың.

* * *

Жолу оңолбогондун иши оңолбойт.

* * *

Адам көңүлүн шат кылган бардык ийгиликтердин негизи–ЖООПКЕРЧИЛИК.

* * *

Адам пендесинин жашоо тирилигинде жоопкерчиликсиз нерсе болбойт; ополтоодой ошол ЖООПКЕРЧИЛИКТИ жон–териси менен сезип, ишке аяр мамиле жасаган адам–сырттан адам.

* * *

Ойноп, бала оюнга тойбойт,
Билгенин көшөрүп айтсаң да койбойт.

* * *

Берсем дегениң –бейишке барсам дегениң,
Акыретти ойлоп, эмитен камыңды жегениң.

* * *

Напсиңди агызганың–уятты ойлобогунуң,
Акыретти ойлоп, болжобогонуң.

* * *

Бүлүк салып беймаалда бакырганың–
Ажалды бөөдө чакырганың.

* * *

Акылдуу айтса эп болот,
Кемпай айтса кеп болот.

* * *

Бакыл–баланы сүйбөйт,
Өгөй – балага күйбөйт.

* * *

Жакшы адам үйдүн камын ойлойт,
Жаман адам ойлобойт–тойлойт.

* * *

Адам–акын ой сүрөт,
А итиң борс–борс үрөт.

* * *

Элди тукурганың–
Көөдөктөнүп–көөп кутурганың.

* * *

Кыңыр ишиң–жазага,
Көпкөндүгүң–казага.

* * *

Тапканыңды үнөмдөсөң–
Береке болот.
Пейилин оңдобогон–
Келеке болот.

* * *

Шерменделик адам–пендесинин адамдык абийирине шек келтирген сандырактык. Таза жүрсөң–көңүлүң куунак; сага эч кандай жалаа жармашпайт, ШЕРМЕНДЕЛИКТЕН оолак болосуң.

* * *

Кырсык болсо көбүнесе жолдо болот,
Акчаң болсо бардыгы колдо болот.

* * *

Эр жигит жолдон чыкса–баңги болот,
Ээликме эшек аңги болот.

* * *

Жакшы адам салам жолдойт,
Жаман адам тоону колдойт.

* * *

Эр жигит элдин жүгүн аркалайт,
Көөдөктүн иши оңолсо чалкалайт.

* * *

Абийириң бийиктетет,
Бакылдыгың түбүңө жетет.

* * *

Жарышта мөөрөй алып чыгасың–
Жоону чаап жыгасың.

* * *

Убадага турган ишенимди актайт,
Элинин ар–намысын сактайт.

* * *

Кеп көтөргөн–кеменгер.

* * *

Кыянат арты–кыямат.

* * *

Замандашым, калыс бол!
Жерин сатып, жер которгон кандай эл?

* * *

Кайрылып калкым сага айтам,
Сага айтпаганда кимге айтам?
Урууга бөлүнгөнүң –
Бейажал жерге көмүлгөнүң.

* * *

Изи болбой, жандык болбойт,

Мизи болбой, бычак болбойт.

* * *

Ачууңдун келгени–
Акыл–эсинин өлгөнү.

* * *

Бал аары гүлгө консо бал болот,
Бетиңдеги кара чекит кал болот.

* * *

Жашоо–бул өмүр бою аракеттенүү. Кыймыл токтогондо жашоо да токтойт.

* * *

Кара күч толуп–ташып сени канчалык карк кылбасын, аныңды иштеткенди билбесең, маңызы жок жаңгактай.

* * *

Кыйынчылыктардын баары турмуштун кайрагы. Азап–тозокту көп тарткан адам–турмуштун кайрагынан телчигип, чыңалган.

* * *

Эс токтотот, бүрадар, майдаланба,
Мезгил өткөөл тополоңдон пайдаланба.

* * *

Турмуш–бул жаратылыш жараткан чоң сахна. Эл андагы оң, терс образдарды жараткан залкар искусство чеберлери.

* * *

Аз да болсо үйүңдө даныңдын бары жакшы,
Ноокастап жатканыңда ичкенге дары жакшы.

* * *

Кымыз көңүл кушун кытыгылап эргитет,
Мүрөк суусу көңүлүңдү сергитет.

* * *

Улуу адамдардын урпактарга өрнөк болчу өмүрү, алардын жараткан залкар эмгектерине таазим этесиң да, бул жарыкта сен не жашап, не жумуш бүтүргөнүңдү өзүңөн өзүң кайра–кайра сурагың келе берет.

* * *

Жазуучунун ар бир чыгармасы эскирбеген ЭСТЕЛИК. Эгер чыгарма элге кызмат өтөсө, чыгарма да, анын автору да бактылуу. Эгер анысы колдоо таппай унутта калса–өлүк туулган баладай, автору – тирүүлөрдүн өлүгү.

* * *

Өз эрки өзүндө болбосо, адам капастагы кушка окшойт.

* * *

Жеке кызыкчылыгынын гана кулу болуп, пенделик милдетин унуткан адамдын кандайлыгын саймедиреп отуруштун зарылдыгы канчалык.

* * *

Ашыңдын жоктугуна эмес, башыңдын жоктугуна кейип турам.

* * *

Ааламга ырыс чачып, КУТ чачып,
Күлмүңдөгөн КҮН чыкты.
Жакшылыкты жарыялап элге–журтка
Торгойлордон безеленген ҮН чыкты.

* * *

Энелер ымыркайларына Теңирден өмүр тилегенчелик тилеп, жараткан чыгармаларын жазуучулар да өмүрлүү кыла алышпаса, андай жазуучулардын чыгармалары мөмө болуу укугунан ажыратылып, элге кубаныч тартуулай албай жерде күбүлүп жаткан чийки мөмөлөргө окшош.

* * *

Жардам–жалкы,
Ийгилик–жалпы.

* * *

Соргок тамакка тойбойт–
Кедей–жамакка тойбойт.

* * *

Эл–гений. Даанышмандар алардын урпактары.

* * *

Канчалык куунап–жыргасаң, ошончолук кыйналып–кайгырышыңды да ойлой жүргөнүң оң.

* * *

Абада суунун буулганары–чын,
Эски тамактан адамдын ууланары чын.

* * *

Бирөөнүн кайгысын өзүмдүкүнөн да оор кабылдайм.

* * *

Кесипкөй таш кесет,
Зулум баш кесет.

* * *

Карыз карытат.

* * *

Каргыштын каары жаман,
Оорунун баары жаман.

* * *

Кечиримдүүлүк адамды бактылуу кылаарын барк албаганыбыз чекилик.

* * *

Биримдиги жок бирикпейт.

* * *

Мамлекеттик тилге кайдыгерлигиң–Мекениңе, кыргыз элине кайдыгерлигиң.

* * *

Адамдын кадыр–баркы анын элге айткан акыл сөзүндө эмес, убадасында бекем турганында.

* * *

Кыргызстан мен үчүн эне–атамдан да кымбат; тили касиеттүү да, ыйык да.

* * *

Чоң күнөөнү кечирүү – элге чоң бакыт алып келери анык.

* * *

Жапакеч ишкер жол издейт,
Сараң, жалкоо шылтоо издейт.

* * *

Сенин эч кимге керегиң жоктугун сезип–аңдаганың–сенин жекече кайгы–капаң.

* * *

Дарак бүчүрсүз болбойт,
Каратма сөз – үтүрсүз болбойт.

* * *

Азыр айлана турган эмес, ойлоно турган кез.

* * *

Суу артка акпайт,
Турмуш артка кайтпайт.

* * *

Береке көктө эмес, көптө.

* * *

Киши болоор кишини ымыркайынан тааны.

* * *

Көргөнүң өзүңдүкү, укканың бирөөнүкү.

* * *

Технология канчалык өнүкпөсүн, адамды алмаштыра албайт.

* * *

Кыял максатка жетелейт. Кыялданганың–максатка умтулганың.

* * *

Убакыт–бул өмүр. Аны акчаңды аягандай Үнөмдөсөң–утасың.

* * *

Арык суусу менен,
Шорпо буусу менен.

* * *

Кудуреттүү КҮНҮМ, АЙЫМ,
Түбөлүк турсун дайым!

* * *

Касиеттүү жарык НУР,
Өтүнөмүн, түбөлүк тур!

* * *

Кара түндүн агарган таңы болот,
Эскирсе – кийген кийим жаңы болот.

* * *

Ар кимдин үлгү болоор жагы болот,
Үй–бүлөнүн алма–жүзүм багы болот.

* * *

Куру сөзгө курсак тойбойт.

* * *

Ордо оюну аталардан калган салт,
Калайык–калк, кантип сага айтам калп!

* * *

Чечендин теңи жок,
Кемселдин жеңи жок.

* * *

Кенди чыккан жерден каз,
Арызды уккан жерге жаз.

* * *

Накыл кептин калпы жок,
Лилипуттун алпы жок.

* * *

Сыйлыктын жалпысы болбойт,
Сыймыктын жалкысы болбойт.

* * *

Ар кимдин өзүнүн теңи болот,
Тириликтин бүтпөгөн кеми болот.

* * *

Дайранын суусу токтобойт,
Куралды бекер октобойт.

* * *

Айтылган кепти калп дейсиң,
Бергенин алып март дейсиң.

* * *

Жан кашайып турганда күлкү келбейт.
Генийлер да карыз алышат.

* * *

Оорулуунун өлгөн менен иши жок,
Эт чайнаарга карылардын тиши жок.

* * *

Келечектүү иш адилет болот,
Кесирлүү иш капилет болот.

* * *

Карыз берсең өнбөй койбойт,
Генийлер да өлбөй койбойт.

* * *

Маанисиз ойдун бермети болбойт,
Даамы жок мөмөнүн шербети болбойт.

* * *

Жөндөн–жөн жер которуп көчкөн болбойт,
Жаш туруп абийир төгүп өчкөн болбойт.

* * *

Токсондогу ток пейил чалдын: «Токсонду томкордум, Жаратканга ыраазымын, али жүрөгүм жаш» дегени эсимден кетпейт.

* * *

Өзүн–өзү жеңген эр–эрки күчтүү алптардан.

* * *

Ааламды сел каптаса да камырыбаган камы жоктор–акыл – эси жок кемпайлар.

* * *

Адамдардын баары тең адам, бирок алардын баары бирдей ойлошпойт.

* * *

Электр энергиясын сыпаттап кереги жок; ансыз деле ал караңгыны качырып элге жарык берери анык.

* * *

Кептин негизи жакшы.

* * *

Ит–мышыкка алтындын кереги болбогондой эле, акмакка акылдын кереги жок.

* * *

Адамдардын дээрлик баардыгы акылга муктаж, тилекке каршы алар акыл топтоого көңүл-дөнүшпөйт.

* * *

Акыл топтогонго кызыкпай акча топтогонго кызыккандардын арты опурталдуу.

* * *

# ЫЙМАН

Эл үчүн адамгерчилик оттон да, суудан да зарыл нерсе. Адамдын от менен суудан өлгөнүн көрдүм, зили адамгерчиликтен өлгөнүн көрбөдүм.

*Конфуций.*

Жакшы адамдан–жакшы сөз.

*Вахаб–Бостон.*

* * *

Ыйман деген ыйык тоо,
Бийигине чыга бил!
Ыймансыздар–кыргын жоо,
Жоого каршы тура бил.
Ыйман жашайт дилиңде –
Жүрөгүңдүн түбүндө...
Азык кошуп дем берет,
Жашаган ар күнүңдө.
Жашаган өмүрүңдө,
Жашаган өмүрүңдө.

* * *

Бирөөгө кошоаматчылык кылам деп чындыкты чыркыратуунун сурагы болорун унутпаганың утук.

* * *

Ооруганда дарыгерге бар деп кесе айталбайм, анткени ажал менен арбашканга алардын баары эле жөндөмдүү эместиги айныгыс чындык.

* * *

Жакшы табыштырат,
Жаман–кабыштырат.

* * *

Эки жакшынын бириккени–
Көңүлүңдү көтөрөт.
Эки жамандын бириккени–
Көңүлүңдү чөгөрөт.

* * *

Ыйманың таза болсо–ажал айбыгат.

* * *

Көзүңдүн тирүүсүндө кереметтүү сөздүн же укмуштай иштин «автору» болууга ашык.

* * *

Эки жакшы баш кошсо–
Түбөлүк сыйлуу.
Эки жаман баш кошсо–
Түбөлүк чырлуу.

* * *

Кудайдын каарына калаарын калыстыктан тайыган карылар унутпаса экен.

* * *

Ынтымак ырыскы чакырат,
Күлтүксүз ырысын качырат.

* * *

Акылмандын айтканы иши менен төп келет,
Нукура талант акылманга көп келет.

* * *

Теңирим өзүнүн сүйгөн пенделеринин зоболосун бийиктетип, аларга өзгөчө шык–жөндөм, акыл–эс, талант берген, а көрпенделер калыстыктан тайы, керооздоно–керсейишет, Кудайдын берген таберик касиеттерин ыймансыз иштерге багытташат. Андайлардын күнөөсүн жараткан Эгем кечирбестигин эстей жүргөндөрү эп.

* * *

АКЫЙКАТ–ЧЫНДЫКТЫН жолу машакаттуу, ага жетүүүчүн адам баласы күндөп–түндөп уйку бетин көрбөй азап чегип, өмүрүнө кооп туудурган коркунучтан коркпой чытырман токойдун бутак–шактарына бети–башын тилдирип, ашмалтайы чыккан чокоюнан канталаган буттары сороюп турганына карабай келечегине оттуу көздөрү менен үмүттүү карап, улам өрлөп отуруп дат баспаган алтындай жаркырап–жанып турган АКЫЙКАТ–ЧЫНДЫККА жеткен адам–сырттан АДАМ.

* * *

Адам напсиси акылга багынбаганда ар кандай адамды азгырып, кырсыкка кабылтат.

* * *

Асыл адам аяр болот,
Ишке дайым даяр болот.

* * *

Кудайдан корккон–ыймандуу.

* * *

Ыйык Куранды жатка билбей туруп өзүмдү мусулман деп атаганга арданам.

* * *

Боору таштан бүткөн ата үйүн таштап кетти,
Үй–бүлөнүн көзүн бөөдө жаштап кетти.

* * *

Жалгыз жүрсө ал көөсөр
Көрүнгөндү көөлөйт,
Эл көп жерде ал көөсөр–
Жолукканды жөөлөйт.

* * *

Арканды кыскартканың–
Өмүрдү кыскартканың

* * *

Ачкөздүк киши жегич сыяктуу эле өнөкөт ооруу.

* * *

Ынтымагың жоготконуң–
Ырыскыңды жоготконуң.

* * *

Кайрымдуулуктун сообу болот,
Суректын жообу болот.

* * *

Тешик шарга жел кирбегендей эле, акмакка акыл кирбейт.

* * *

Калп адамды каралайт,
Жүрөгүн батыл жаралайт.

* * *

Жамандык айттырбайт–өзү келет.

* * *

Жалган кууланып калпычыны сыйлайт,
Бушайман болуп–
Калпычы алданганына ыйлайт.

* * *

Соодагерлердин калп айтпаганы жокко эсе.

* * *

Жалынып–жалбарсаң да жакшы адам болалбайсың.

* * *

Олжолуу ууру–март.

* * *

Жакшылыгын–ашка,
Жамандыгың –башка (балээ).

* * *

Жакшылыкты көп ойло да, көп жаса–жамандыктан оолак болосуң.

* * *

Жалганга алтындын суусун жалатсаң да чындыкка жалгашпайт.

* * *

Элиңдин алдында жүзүм жарык болсун десең–осол ишке барба;ушуну ким көрмөк эле деп арзыбаган нерсени ала койгонуңду душмандарың пилдей көрсөтүп, көө жабарын унутпаганың утук.

* * *

Жакшы адамдан–жакшы сөз.

* * *

Карыз алганды өнөр кылып алгандардын эки аты болот; **биринчиси**–молдого азан айттырып койдурган өзүнүн аты; **экинчиси**–карыз берип өндүрө албай азаптанып аргасыздан койгон ат.

* * *

Жакшылыгы жок–тирүүлөрдүн өлүгү.

* * *

Жалаакордун домааты бар,
Эр жигиттин ооматы бар.

* * *

Өмүр болсо–өлүм да болот.

* * *

Адамзат барбы–жаман да, жакшы да бар, мал–жан да, чындык да бар, өмүр бар, өлүм да бар.

* * *

Ажал адам ылгабайт;сулуубу же улуубу, байбы же кедейби, баатырбы же коркокпу, акылманбы же акмакпы–ала берет.

* * *

Жалганчы жакырчылыктын жан жолдошу.

* * *

Молдонун алганы–алган,
Жалганы алда–качан калган.

* * *

Колу булганган ЧЫНДЫКТАН коркот.

* * *

Жакшы ат камчы салдырбайт,
Жакшы адам уятка калтырбайт.

* * *

Ысык суудан буу чыгат,
Кыңыр иштен чуу чыгат.

* * *

Жалган жаны–бериңде (айлананда) каалашыңча.

* * *

Акча сүйлөгөндө адамдын сөзү суу кечпейт.

* * *

Убара–убайым жеп канчалык азап–тозок менен тапкан ЧЫНДЫКТЫ эч ким жебейт.

* * *

Ары бардын акыйкат–чындыгы бар.

* * *

Дүйнөнүн байлыгын жыйсаң да бейишке барбашыңды ойлонбогонуң кандай кейиштүү.

* * *

Байларчылап дүйнө жыйнап байышым күмөн, бирок жакшылап тоюунуп алышым анык.

* * *

Ким, эмне ойлоп, эмне жасап жатканын көрүп, билип ага кандай жаза берээрин билсе жалгыз Кудай билет.

* * *

Согушта убал–соопту ойлошпойт.

* * *

Уккандарыңдын чынынан калпы, жакшысынан жаманы көп.

* * *

Чындык өтө ачуу болсо да, ажаан аялымдан жакшыраак.

* * *

Жамандык жасаганың–батмандап батыл кайтат.

* * *

Жакшылык жасаганың–
Береке–кут чакырганың,
Жамандык жасаганың–
Береке–кутту качырганың.

* * *

Жамандык жасабаганың–
Жакшылыгымды унутпаганың.

* * *

Байлыкка бет–отуң менен киришип алгандан кийин ыйык туткан ыйманыңдан ажырап, достук менен туугандыктан кол үзөрүңдү ойлон.

* * *

Жакшылыгы жоктун мээрими жок.

* * *

Кудайды ойлобогон калыстыктан тайыйт.

* * *

Ар–намысы бардын чындыгы да, ыйманы да бар.

* * *

Жакшылык кылсаң–өңүңдө эмес, түшүңдө да жамандык көрбөйсүң.

* * *

Жалган калпычыны жалгайт.

* * *

Балдагым жараганга балдарым жарабайт.

* * *

Кимдин бешенесине бакыт, а кимдин бешенесине кайгы–муң жазарын Кудай эч кимден сурабайт.

* * *

Молдокең тирүүлөрдөн айтпасаң да алат, өлсө да алганын кантесиң?

* * *

Жамандыктын жолу көп, жакшылыктын жолу –бирөө гана.

* * *

Жакшылык дегендин өзү жакшы.

* * *

Жакшылыкты билбегениң–Жамандыктан арылбаганың.

* * *

Жакшылыкты айбан да сезип–туят.

* * *

Жакшы сөз укканың–
Жакшы тамакка тунганың.

* * *

Карыз болгонуң–
Мите–куртка жем болгонуң.

* * *

Жакшылык–ачууну таттуу, катууну жумшак кылат.

* * *

Ары жокто баары: уят да, намыс да жок.

* * *

Өмүр ЖАКШЫЛЫК жасоого берилсе да жамандык жасагандардын саны азайбай келет.

* * *

Калптын да чен–өлчөмү болот;алдай берсең абийириң күзгү жалбырактай төгүлөт.

* * *

Ар кайсы молдо өзү билгенин айтат.

* * *

Жакшылык өргө тартат,
Жамандык көргө тартат.

* * *

Мукурап, кайгы–капага батып турганда көңүл улаган адам–акылман.

* * *

Ынтымак— ыймандын иниси.

* * *

Жалаакор төлөй албай карызын.
Чубуртат уктабай жазган арызын.

* * *

Кордук–зомбулук–наадан–түркөйлөрдүн гана колунан келчү осол иш.

* * *

Адилеттиктин формуласы–ЫЙМАН.

* * *

Ыйманы бардын ар намысы да, чындыгы да бар.

* * *

Каалайбы, каалабайбы, Кудай пенделерине карылык берет.

* * *

Ит иттигин кылбаса–
Ачка болот.
Адам туруп адамдыгын кылбаса–

Сандырактап санда жок
Акмак болот.

* * *

Көздүн ыйлаганына караганда жүрөктүн ыйлаганы кооптуу.

* * *

Пейил оңолсо– эл башына бак конот:өңүрүбүз данга, өрүшүбүз малга толуп ЖЫРГАЛ заман болору анык.

* * *

Камкор адам очокко отун калайт,
Эргежээл эрээн тоюп алып–
Көрүнгөндү иттей талайт.

* * *

Бал айныбайт,
Жакшы чал найныбайт.

* * *

Жакшыда жамандык жок.

* * *

Бирөөнү бактылуу кылууга ниеттенип, ага ЖАКШЫЛЫК кылганың–АДАМ болууга чыйыр салганың.

* * *

Каардуу адам– эки буттуу жырткычтын кооптуусу.

* * *

Жан дүйнөсү таза киши гана алкыш айтат.

* * *

Ислам дини миллиондогон мусулмандардын башын бириктире алгандыгы менен баалуу да, нарктуу да.

* * *

Бирөөнүн акысын жебеген адамдын олбурлуу колу миллиондогон колдордун тазасы.

* * *

Адамдын жүрөгү таш эмес, кечирбесе эзилет.

* * *

Ач көз болуу– абийирсиз болуу.

* * *

Алакчы *арамдын кетти кедери*,
Шондуктан бел болбоду анын медери.

* * *

Убакытты уурдаганың– өмүрдү уурдаганың.

* * *

Жаман адам жаманга жакын.

* * *

Акмак айыптайт.

* * *

Наадан наалыйт.

* * *

Түркөй түртүнөт.

* * *

Карылардын калыстыктан тайып, жорук–жосундарынын бузулушу– кыяматтын бир белгиси.

* * *

Ким АДАМ деген ыйык атын «душманым» деген сөзгө алмаштырса–бул анын башына түшкөн жеке кайгысы.

* * *

Өлүмдөн өткөн оор жоготуу болбойт; ар кандай ишиңди токтотуп, маркумга топурак салу-

дай пенделик карызыңдан кутулууну унутпаганың утук.

* * *

Жаман, а тургай «жырткычтан да бетер» делген адамдын да асыл сапаты болот. Учкундай болгон ошол асылдыкты көрө билген адам–көсөм.

* * *

Жакшы китеп жаратып, элине пайдасын тийгизген Теңиримдин алкышына арзып бейишке – начар китебин элге таратып, тозокто топурашып сурак берээрин элес албагандардын көбөйгөнү кейиштүү.

* * *

Канчалык куулланбагын,
АЖАЛДЫ арбай албайсың.

* * *

АДИЛЕТТИГИҢ сенин адамдык ар–намысың, ыйман–ырысың.

* * *

Кудайды ойлобогон адамда калыстык да, чындык да болбойт.

* * *

Адамдагы асылдыктын салмагы–
Адам болуп ТҮБӨЛҮККӨ калмагы.

* * *

Пейилин оңобогондун көз жашы кургабайт.

* * *

Колунан келип турган жакшылыгын жасагандан аянган–адамдын бакыл–түркөйү.

* * *

Эрте турган аялды Теңирим жалгайт.

* * *

Жамандыктан качканың–
Теңиримдин ыйык жолун басканың.

* * *

Эгер болсоң сен сабырдуу–
Уул–кыздын убайын көрөрүң анык,
Жамандыгың койбосоң–
Эртеби–кеч өлөрүң анык.

* * *

Алдамчыга алкыш айтпайт.

* * *

Алдаба! Алдагандан алыс бол!

* * *

Алдай берсе калаарыө Кудайдын каргышына.

* * *

Акмактын эөсегени – АКШ
Акыл –эстүүнүн эңсегени АЛКЫШ.
Акылмандын акылын дат баспайт-алтынга сугарылган.

* * *

Жалкоолук – ооруунун ДОСу.

* * *

Илим, билим өнүкпөгөн өлкө-чөлдөгү чөптү элестетет.

* * *

Мактагандан майнап чыкпайт, а көрөкчө шымааланып, кату иште; майнап чыкпаса –мен кепил.

* * *

Мүмкүнчүлүгүңө карап элиңе жакшылык кылуудан тажабаганың–ийги. Сенин жасаган сооп–сопкуттуу иш–аракеттериң текке кетпегенин көзүңдүн тирүүсүндө көргөнүңө күмөнүм жок.

* * *

Байлыгы кайнап быкпырдай
Жерге–сууга батпай барат,
Ошондуктан ал сараң–
Өз элине жакпай барат.

* * *

Кудайдан корккон–ыймандуу.

* * *

Ыйык Куранды жатка билбей туруп, өзүмдү мусулман деп атаганга арданам.

* * *

Боору таштан бүткөн ата үйүн таштап кетти,
Үй–бүлөнүн көзүн бөөдө ал жаштап кетти.

* * *

Ушак–узатпайт.

* * *

Ары бардын акыйкат–чындыгы бар.

* * *

Уккандарыңдын чынынан калпы, жакшысынан жаманы көп.

* * *

Жакшыдан жаман көп,
Жамандан саман көп.

* * *

Жакшы аялдын камы болот,
Караңгыда калтырбаган шамы болот.

* * *

Жакшы адам камбыл* болот,
Айткан сөзү жамбы*болот.

* * *

Ар тараптан такшалганың–
АДАМ болуп бышканың.

* * *

Ачкөздүк киши жегич сыяктуу эле өнөкөт ооруу.

* * *

Алыс сапарда адам менен сырдаш болсоңанын ким экендигин билесиң.

* * *

Жакшылыктын эки түрүн билем: **биринчиси**–жакшылыктын шордуусу, анткени аны элдин баары билет.

**Экинчиси**–жакшылыкты жасаган киши менин ордумда ар ким ушинтмек деп, жасаган сооптуу ишине анчейин маани бербеген жакшылык. Бул–жакшылыктын эң баалуусу. Мындай жакшылыктын сообу эбегейсиз зор экенин эстей жүр.

* * *

«Мен туура бейишке барам» деп эч ким айта албагандай эле таза, чынчыл, бирок капчыгы жука адам өлкө башчылыгына ат салыша албастыгы анык.

* * *

Качып өлүмдөн кутула албастыгыңа бөркүңдөй ишен.

* * *

АДИЛЕТТИГИҢ сенин адамдык ар–намысың, ыйман–ырысың.

* * *

Өзүн жылдыз деп атагандарды жылдыз эмес, ырчы дегенге да тилиң күрмөлбөйт.

* * *

Калптын да чен–өлчөмү болот;алдай берсең абийириң күзгү жалбырактай төгүлөт.

* * *

Арак ичкен адамдын биринчи душманы–өзү.

* * *

Өлбөсөң–карыздан качып кутуласың.

* * *

Кожоюнуңдун далысынан акчаң менен таптасаң жагасың.

* * *

Эч ким ишенбесе дале ишендирүүгө далбас урган калпычы–кооптуу.

* * *

Адамды ырахатка бөлөгөн–ЭМГЕК.

* * *

Адамдын үмүтүн үздүргөн да, үшүтүп–тоңдурган да, коркуткан да, ыйлаткан да–жалкоо–жалганчы.

* * *

Жакшы адамдан–жакшы сөз.

* * *

Калп сүйлөгөн жакыр болот,
Жакшылыкты билбеген сокур болот.

* * *

Адилеттиктин формуласы–ЫЙМАН.

* * *

Төрөлдү дегениң–азбы – көпбү өмүр сүрүп, өлдү дегендик.

* * *

Ыйманы бардын ар–намысы да, чындыгы да бар.

* * *

Маңдай териң менен тапкан акчаң таттуу.

* * *

—Тил, –дейт Баш, –митайымдыгыңды бил, сенин азабыңды мен тарттым.

* * *

Жазуучунун өзү картайганы менен, жазгандары–жап–жаш бойдон.

* * *

Чындыкты базардан сатып алууга болбойт.

* * *

Жалган жаны–бериңде (айлананда) каалашыңча.

* * *

Акча сүйлөгөндө адамдын сөзү суу кечпейт.

* * *

Партага чийип, жонбогун,
Жаман атка конбогун.

* * *

Көздүн ыйлаганына караганда жүрөктүн ыйлаганы кооптуу.

* * *

Эгер сен корксоң Кудайдан,
Карандай калпты айтпагын –
Убадага бек болгун.

* * *

Издөө салса кылмышкер тез табылат,
Акчасын алса сот–арампөш–
Кылмышы батыл жабылат.

* * *

Жамандыгың жазасыз калбайт.

* * *

Камкор адам очокко отун калайт,

Эргежээл эрээн тоюп алып–
Көрүнгөндү иттей талайт.

* * *

Жакшылыкты ойлобогон адам–жакшылык жасабайт.

* * *

Теңирим сага ЖАКШЫЛЫКТЫ каалады,
Эмгегиңди элиң сүйүп баалады.

* * *

Карөзгөй бакылдар макалдын да өөнүн издешет.

* * *

Адилеттик менен АЙКӨЛДҮК жылдын кайсы мезгили болбосун, жылуу илебин КҮН нурундай чачып тура берет.

* * *

Абийири жок адилетсиз пенденин жолу болбойт, иши дайым чала.

* * *

Жексур–түркөйлөргө жакшы сөз айтып жакпайсың.

* * *

Баталуу эр барбыз дейт,
Батасыз эр зарбыз дейт.

* * *

Баталуу эр карыбайт,
Батасыз эр жарыбайт.

* * *

Баталуу эр– бактылуу.

* * *

Жайды жайлата тер төгүп, кышында аркыраган аязды тоотпой жан үрөп элге аш–той берип, элдин батасын алууга үмүт байлап, түркүн даамга жайнатып дасторкон жайса, убал–сооптон коркпогондор жеп–ичип, изги тилектерин айтуунун ордуна кайдыгер гана бата кылмыш этишкендерди Жараткан Теңирим кечирбейт.

* * *

АДАМДЫ алдап кутулдуң.
Берениm, эми канттиң,
Кудайга чындап тутулдуң.

* * *

Түркөйлүкпү, ким билсин:
Наадандарың акыл айтсаң каалабайт.
Жан кыйнаган эмгегиңди баалабайт.

* * *

Калыстыгың– карытпайт, Керсейгениң – жарытпайт.

* * *

Жалаакар жазам дейт,
Сага орду өзүм эле казам дейт.

* * *

Жакшылык жөнүндө ойлорду баалаган адам гана ЖАКШЫЛЫК жасай алат.

* * *

Жакшыбы же жаманбы окуянын күбөсү болуп туруп КАЛЫСТЫКТАН тайыса андайдын күнөөсү кечирилбейт.

* * *

Жүрүм–туруму үлгүлүү пенделерин Кудай жалгап, ырыс–кешиктүү кылуу менен береке–кут даарыйт.

* * *

Түлкү тоокко жакшылык кылбагандай эле бакылдар да адамга зили жакшылык кылбайт.

* * *

Абийирдүү оболу карызын үзөт,
Күлтүгү жок дубалды сүзөт.

* * *

Адам деген улуу зат; ал өзүнүн улуулугун сезгенде эч кандай осол иштерге бармак эмес.

* * *

Адамдын адамдыгын аныктаган асыл сапат.
Кербезденип керсейүү–адамдагы кесир сапат.

* * *

Ар бир адам дене–боюна такай көз салып, туура тарбиялоо–ымыркайды бапестеп багып эрезеге жеткиргенге тете.

* * *

Адамга тамак–аштын зарылдыгы канчалык болсо, руханий азыктын зарылдыгы да андан алда канча көп экендигин моюнга алганыбыз оң.

* * *

Көз карегиндей аздектесин үчүн Теңирим асылзаттардын түбөлүк бактылуулугун шарттаган кыздык белгини белекке берген. Буга кыздардын кайдыгер карагандыгы–чоң БАКТЫСЫЗДЫК.

* * *

Жаратсын деп ЖАКШЫЛЫКТЫ–
Пендезаты жаралган.
Анын иши ыйык китеп
Куранда накыз каралган.

* * *

Адеп–ахлактын бузулушунан бүтүндөй улуттун күм–жам болуш коркунучу туулгандыгын түз эле айтканыбыз калыстык болор.

* * *

Жүрөк үшүн алган табигый кырсыктын болуп жаткандыгы–улуттан ЫЙМАН НЫСАП кетип. КУДАЙДЫ ойлобогондуктун каары бекен...

* * *

Жакшынын жарыгы элге,
Эмгеги – жерге.
Жамандын жарыгы болбойт,
Жоругу купулга толбойт.

* * *

Жакшы бала эне–атасы барында акыл топтойт,
Кийин – асыл катары аларды жоктойт.

* * *

Жумуштан качкан болбойт,
Ырыскыны чачкан болбойт.

* * *

Aруулук–тазалайт,
Aрамдык– жазалайт.

* * *

Адамды басмырлаган адам өзү басынганын сезбей да калат.

* * *

AКЫЙКАТ–адилет–чындыктын атасы.

* * *

ЫНТЫМАК менен БИРИМДИК – жашообуздун ГИМНИ.

* * *

Өзүн кайрымдуу, боорукер көрсөтүмүш болгон, жасаган «жакшылыгын» далилдөөгө умтулгандар оголе көп. Чыныгы жакшылар томаяк – жарды жармачтар менен кендирди кескен көйгөйлөрдү чогуу–чаран чечип жаткандар.

* * *

Тоюнбай ач жүргөнгө мүмкүн болбогондой эле алда–кимдин камын жебей жүрүү–деги эле мүмкүн эмес.

* * *

Адамды айбандан айырмалап турган касиет–анын адамдарга жасаган пенделик мамилеси.

* * *

Адам тамакка тоёт, а бирок анын байлыкка–тоёр түрү жок.

* * *

Адам дегениң өтө эле көп болгону менен чыныгы АДАМ деген асыл атка арзыгандары аз болуп атпайбы.

* * *

Адам боло туруп, адамга кордук–зомбулук көрсөтүү–көркоолук;

кордоочу өзүнүн адам экендигин бир паска "унутуп" жырткычтын кейпин кийип алып, бечараны табасы канганча кордойт.

* * *

Адамды адам кылган да, айбан кылган да – адам.

* * *

Адилеттүүлүк менен чындыктын чыркыраганынан бери мезгил зуулдап кырк жыл же кырк кылым өтсө деле, адилет кашкайып, алтындай жалтырап турат, ал эми чындыкка чаң жукпай жашап келет.

* * *

Адилеттүүлүк менен чындыктын айбаттуу сүрүнөн, анын адилеттигинен корккондор акыйкат менен чындыкты аксатууга барышат.

* * *

Адилеттикти адамдар гана эмес, ит–куштар да жактырышат.

* * *

Акчага ашкере азгырылып, соопчулук менен адамгерчиликти унутуп коюуга кантип болсун.

* * *

Бата алган айыгат,
Бата албаган камыгат.

* * *

Ар кимдин өз тили, дили болгондой эле ата–бабалардын шүүдүрүмдүн тамчысындай таза дини да болот; өз дининен ажырагандык–ата–бабаларынан ажыраганга тете.

* * *

Акылман акмактардын арасында акылын жоготот.

* * *

Акыл–эс акчага сатылбайт,
Адам жүзү чүмбөттө катылбайт.

* * *

Акылмандын – сөзү жакшы,
Сулуунун күлмүңдөгөн – көзү жакшы.

* * *

Асыл адам жагынбайт,
Бала жаман атасын сагынбайт.

* * *

Асылдыгың–балдыгың,
Урпактарың–калдыгың.

* * *

Ак эмгек менен жашаган адамдар гана жан бергенде эч нерседен кооптонбой ажалга тик карап, камаарып да коюшпайт.

* * *

Алыс–жакын сапарга аттанганда Теңирге тообо келтир; жолдун кайыр–садагасын берсең, жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болот.

* * *

Айкөлдүк белгиси –ак сөз,
Келжиректин белгиси–көп сөз.

* * *

Айлакер адам адилет жазадан эч качан качып кутула албастыгын ойлогондо, ал ошол осол ишке түк бармак эмес.

* * *

Алып көнгөн кол карайт,
Куса болгон жол карайт.

* * *

Ажыга барып, эл көзүнө сопусунуп, өзүнчө ит жасабаган былжыган былыктарды жасаган жандимилердин күнөөсү кечиримсиз экендигин элес алышпаганы өкүнүчтүү.

* * *

Арыкта көрк берип суу акса жакшы,
Малды да бапестеп бакса жакшы.

* * *

Алганың пара болсо–
Ишиң кара болот.

* * *

Аксакал–бул тээ алмустактан бери байманалуу карылардан калган кыргыздын кылымдарды чаалыктырган арыткан каада–салттарын муундан–муунга жеткирип келе жаткан бардык баалуу-

луктарды өзүнө ширелиштире алган ыймандуу ИНСАН. «Аксакал» деген ыйык атка өзүнүн абийирине так түшүрүп, калыстыктан тайыса- андай ыймансыз карыларды бабалардын арбагы уруп, Теңирим кечирбестигин унутпаганы утук.

* * *

Балаң ариетчил болсо–
Ишеничиңди актайт,
Намыскөй болсо–
Абийирин сактайт.

* * *

Адам оор кылмыш жасап жатып: «Адам өлтүрүү–менин ишимби?» деп жүрөгү менен кеңешкенде ал бул пейлинен батыл кайтмак.

* * *

Ажал акчага ашкере азгырылгандарды тооруп жүргөнүн элес алса, бул пейлинен кайтып, ток пейил тартып калмак.

* * *

Айтаңдуу аялдын нуру бар,
Ажаан аялдын чуусу бар.

* * *

Абак–тирүүлөрдүн тозогу экендигин ойлонгондо, эч ким мыйзам бузуп, кылмышка бармак эмес.

* * *

Акылдуу алданбайт,
Акмак жалданбайт.

* * *

АКЫЙКАТ, ЧЫНДЫК адам баласын айкын максаты менен үмүт–тилегине жеткирсем деп жетелеген ичинде карасы жок, аруу тилек БУГУ–ЭНЕСИ.

* * *

Айла-амалды канчалык чеберчилик менен иштетпегин, анын сага атак-даңк алып келбестигин ойлой жүргөнүң оң.

* * *

Айлам кетти деп,
Үмүтсүздөнгөнүң–чабалдыгың.
Көөдөнүң таза болуп,
Бирөөгө кара санабаганың–адалдыгың.

* * *

Аңкоо-алаңгазар бала деле ата уулу болушу мүмкүн, бирок элдин уулу болуш-эр жигиттин гана колунан келчү сыймыктуу иш.

* * *

Арааныңды аябай ачканың–
Ырыскыңды бекерге чачканың.

* * *

Ар-намысы жок адамдын айбандан айырмасы кайсы?

* * *

Ар кандай нерсенин чеги болгондой эле карапайымдык менен жөнөкөйлүктүн да чеги болот.

* * *

Ар дайым соода-сатык менен анын оош-кыйыштарына бардаш берип, тажабай такай алектенген адам гана эч кандай муктаждыкка жол бербейт.

* * *

Ар кандай нерсени карызга берип жатып, аны кайтарып алууну ойлобогон инсан-Кудайдын сүйгөн момуну.

* * *

Арсыз адамдар гана акмак болушат.

* * *

Ата–энең сенин көөнөрбөс дөөлөтүң. Жанындай көргөн ошол жакын адамыңдын көрөр күнү, ичер суусу дагы канча калганын божомолдогонго болбойт. Ошондуктан алардын сөзүнө кулак төшөп, сарамжалдуу болсоң, турмушта кыйынчылык эмне экенин билбейсиң.

* * *

Аттын жаманын жал басат,
Адамдын тажаалын кал басат.

* * *

Атанын каарына калуу–
Кудайдын каарына калуу.

* * *

Ашкана–бул тайраңдап жеп–ичип, керооздонуп, оюна келгенди оттоп, тамекини тумандата тартып сайрандоочу жай эмес. Бул, асыресе, өзүнүн адеп–ахлагын жүрүш–туруш маданият чен өлчөмдөрүнүн көрөңгөсүн көрсөтүүчү коомдук жай экендигин унутпоого тийишпиз.

* * *

Адамзаттын жашоо турмушунда азап– тозокко кабылып, бейкүнөө кордук–зомбулукка тушукса да чыдап, сабыр кылып, кабагым– кашым дебей КҮНДӨЙ күлмүңдөгөн чаң жукпас, отко күйбөс, сууга чөкпөс АДИЛЕТ–ЧЫНДЫКтай жаркыраган
нерсе болбос.

* * *

Алаңгазар адам–
Чындыктан алыс болот,
Акыл–эстүү адам–
Калыс болот.

* * *

Алганың меймандос болсо даам сыздырат,

Чыргыйчыл болсо, бүйүр кыздырат.

* * *

Арууланып, тазаланган–жолдуу болот,
Тили тескелбеген–киши колдуу болот.

* * *

Акылдуу ойлонот, ойлосо–утат,
Акмак ойлонбойт, ыйманын жутат.

* * *

Айкөлдүн үмүт–тилеги акталат,
Адилетсиздик–кектүү күнгө алпарат.

* * *

Арак–адамды азыткыдай азгырган, адамзат өмүрүнө кыянаттык кылууда «кызматы сиңген» ичимдик. Жүлүнүң боштук кылып, чен өлчөмдөн аз эле ашырып ичип койсоң, ошол замат арамдыгын карматып, акыл–эсиңди уурдайт, абийириңди кетирет, шердентип, тилиңди булдуруктатып, дос–душмандарыңа шылдың кылат.

Эңөкүнүчтүүсү–ден соолугуңа олуттуу зыян келтирип тим болбой, өмүрүңдөгү аруу тилек, асыл ой–максаттарыңды өзүңө тебелетип–тепсетип, өзгө бирөөнүн өмүрүнө, а түгүл өз өмүрүңө да балта чаптыруудан кайра тартпайт.

* * *

Айкөл – эмгекти ак кылат,
Көрөгөч – айылды бак кылат.

* * *

Айкөл адам көздөгөн максатына жетет.

* * *

Аракетчил Адам,
Кырды ашсам деп кыбырайт.
Азыткы–шайтан азгырып,
Анын кулагына шыбырайт:
«Жолуңан кайт, айланайын,

Кыйнабачы, өзүңдү.
Сыздатпа жүрөгүмдү,
Укчу менин сөзүмдү».
Шайтан: «Күнөөгө абдан батыпсың,
Кудай жаныңды алат»...
Periште: «Сыйынсаң чын ыкластан Теңириңе
Жаның өзүңө калат».

* * *

Адилет, чынчыл досун аяйт–
Аны кыйбайт.
Ажаан аял баарын кыйнайт–
Тилин тыйбайт.

* * *

Арыктагы агын суу адамдын өмүрүнөөмүр улаганын унутпай анын булганышына жол койбосок, АДАМДЫК ыйык парзыбызды аткарган болобуз.

* * *

Топукчул болгонуң–ыймандуу болгонуң.

* * *

Акыр заман жакындаганда дүнүйө тарып, жаштар китепке үңүлгөндү коюп, күзгүгө түңүлүп калышат.

* * *

Аялын башкара албаган айылын башкара албайт.

* * *

Ар кимдин жарык берген шамы болот,
Бай–көпөстүн тынчытпаган камы болот.

* * *

Аракка абдан тойгонуң,
Жакшылыкка чекит койгонуң.

* * *

Акылдуу салыкчы качкандардан
Салыкты оңой эле өндүрөт.
Аласасын акылдашып көндүрөт.

* * *

Адилет казы азбайт,
Топукчул казы тозбойт.

* * *

Акмактын ары болбойт,
Күйө турган жары болбойт.

* * *

Акылдуу айныса, жаманга тең болор,
Эсине келбесе, ажалга жем болор.

* * *

Бакылдан бата алба–
Арык аттап суу кечпейт.

* * *

Бакылдыгың–илдетиң,
Адамдыгың–милдетиң.

* * *

Баары тең бактылуу болуусун ичи да, пейили да ак айкөл адам гана каалайт.

* * *

Бакырчаак баатыр болбойт,
Чынчыл бакыл болбойт.

* * *

Башка бирөөнүн кайгысына ортоктош адам–чыныгы адам.

* * *

Бизге белгилүү болгон чыныгы билимдүүлөр Кудай жана анын элчиси Мухаммед алейхис салам. Билим берүү түйшүгүн аркалагандар өздөрүн ушул

өңүттөн алып караганда, билим берүүдө калпыстыктарга жол берилмек эмес.

* * *

Бай менен каразгөй бакылга да, дос менен душманга да, томаяк–кедей менен жалчы жармачка да Күн бирдей тиет. Күндүн улуулугу ушунда.

* * *

Балдардын баардыгы балалыгын коргоого шайы жетпегендиктен, аны улуулар коргоого умтулушат.

* * *

Бакыл адам байыбайт,
Адамга окшоп карыбайт.

* * *

Бата албаса – жолу болбойт,
Асыл адам – долу болбойт.

* * *

**Бу жарыкта эки нерсе:** бир ЖАМАНДЫК, бир ЖАКШЫЛЫК өмүр бою унутулбайт. Жамандыкты унутуп, жакшылыкты унутпаган адам–сырттан адам.

* * *

Бай мырзанын баласы сөз укпай, тайраңдап кетсе, анын бактылуу болушу мындай турсун, этеги узарбайт.

* * *

Бар туруп жок дегениң–
Ыйманыңды жегениң.

* * *

Береке–кут миңде эмес, бирде.

* * *

Берешендик менен жоомарттыкты күндөн, кечиримдүүлүк менен айкөлдүктү жаратылыштан, аруулук менен тазалыкты суудан, сабырдуулук менен токтоолукту тоолордон үйрөнсөңүз жаңылышпайсыз.

* * *

Калптын бир гана жакшы жагын жашыра албайм; оорулуунун илдетин көрүп–билип туруп, дарыгер анын кийинки өмүрүнө үмүт байлатыш максатында аргасыз айтылган калпты жаман деп айтууга көңүлүм чаппайт.

* * *

Бирөөнүн ишин жасасаң да өзүңдүн ишиңди жасагандай бүт ынтааңды коюп чын ыкластан жаса. Себеби үй ээси сага алкышын айтып жатпайбы. Антпесе алкышын айтып, бушайман болбогондой болсун.

* * *

Билбейт деп бирөөнүн акына кыянаттык кылуу–наадандык.

* * *

Боорукерлик – жакшылыктын жыртылбас тону.

* * *

Бутунан аксагандарга караганда акылынан аксагандар кооптуураак

* * *

Билим алсаң жаш кезиңде,
Келечегиң кең болот.
Караңгыны жарыткан,
Күнгө өмүрүң тең болот.

* * *

БАЙЛЫГЫНА чиренген бай–мырзалар деле, бийлигине манчыркаган алаңгазар айрым бийлик

төбөлдөрү деле, көр тириликтин айынан ар кимден кордук көрүп, мүңкүрөгөн жарды-жалчылар деле адам. Көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөндө, баарынын барар жери-көрүстөн. Ошондуктан бардар жашаган байлар улуу Рамазан айында кедей-жалчыларды эстеп, орозо битир берип, алардын батасын алса, ажал алкымдан алып карайлап турганда ажалга тик багып, чын дүйнөгө дадил кетмек.

* * *

Боорукер-адам аянат.

* * *

Душмандын кеги болот,
Кектин дагы чеги болот.

* * *

Жакшылык-жакшы адамдарга окшош; жөнөкөй, карапайым, анан-кечиримдүү. Ал опурулуп-жапырылган ЖАМАНДЫКка теңелип-тирешкиси келбейт. Ушундай асыл сапаттары менен ЖАКШЫЛЫК ЖАМАНДЫКты жеңет. Кээде ийилет, бирок сынбайт.

* * *

Жакшылык жөнүндө ойлонгон адам гана-жакшылык жасай алат.

* * *

Жакшы үйдөн ыр чыгат,
Жаман үйдөн чыр чыгат.

* * *

Жакшы бала-эпчил,
Жаман бала-кекчил.

* * *

Жакшы бала устатынын ишеничин актайт.
Жаман бала атанын капчыгын кактайт.

* * *

Жакшы кыз өтүмдүү асыл нерсеге окшош; «кудалашсам» дегендер эне–атасын көңүлүн алсак деп, эрте–кеч эшигин кагышат.

* * *

Жакшылык түбү – ЖАКШЫЛЫК

* * *

Жакшыга жанашып,
Кошулганың–утканың.
Ынтымакка келбей ыдыратканың–
Ыйманыңды жутканың.

* * *

Жакшы адамда издегендин баары бар,
Жалакайдын безилдеткен каары бар.

* * *

Жакырчылык менен кедейлик, жалкоолук менен ыкшоолук бири–бирине дос, жолдош жана бир тууган.

* * *

Жакшылык кыл жакырга–сооп болот.
Сообуң чын дүйнөдө (суракта) жооп болот.

* * *

Жаңжалдуу үйгө бакыт конбойт.

* * *

Жакшы дыйкан–жердин көркү,
Айкөл адам–элдин көркү.

* * *

Жаратkандан жалтанбай ээн–ээркин сүйлөгөн керооздор Кудайдын өгөй пенделери.

* * *

Жасакерленип жагынган –
Кошоматчы–тыңчы.

* * *

Жаш–жалаңдардан ызаат–урматтын, кары–картаңдардан калыстыктын кеткени–кыяматтын жакындагандыгынын белгиси.

* * *

Кыздык ыйбаа–адебиңди сактаганга эркиң боштук кылып кийин сайрандап жүрүп, өткөн өмүрүңө өкүнөсүң.

* * *

Жүрөктүн тилмечи–кулак.

* * *

Жүрөк үшүн алган кепти кулак угуп, жүрөккө узатат...

* * *

Жамандыкты карөзгөй, ниети бузук, арампөш бакыл адамдар гана жасай алышат, анткени, алардын басса–турса ойлогону ушул–жамандык.

* * *

Жаман адамды «жаман» деп абийир таппайсың, тескерисинче, өзүңө дагы бир душман ашырасың.

* * *

Жамандык жасагандан коркпогон адамдын өз убалы өзүнө.

* * *

Жамандык көөдөндү мите–курттай өйүп олтуруп, өмүргө кооп туудурарын элес алганда эч ким жамандык кылбай эле калмак.

* * *

Жерди казса–суу чыгат,
Талдап көрсөң–
Гүлдөн дагы уу чыгат.

* * *

Жууса–кара казан таза болот,
Маңыроо жүргөн каза болот.

* * *

Жакшы нурун чачат,
Тентек нурдан качат.

* * *

Жакшылык кыл, жакырга–сооп болот,
Чын дүйнөдө сообуң жооп болот.

* * *

Кыштын кайталангыс – жазы болот,
Бийдин көркү таажы болот.

* * *

Жүк көп болсо–бажыга,
Жакшылыгы–ажыга.

* * *

Жетекчинин элге жасаган жекече сылык–сыпаа мамилеси–анын жогорку интеллектуалдык көрөңгөсүн көрсөтөт.

* * *

Кээ бир жетекчилерде билим түгүл адамгерчилик сапаттын жетишсиздиги куйкаңды куруштурат.

* * *

Адамгерчиликтин алиппесин өздөштүрбөгөн жетекчи жоого куралсыз чыкканга окшойт.

* * *

Жүрөгүндө карасы жок адамдар гана билим берүү тармагында иштөөгө акылуу; оболу алар тарбиялануучулардын убал–сообун ойлонуп, андан корккондор гана иштесе болот.

* * *

Жакшы аял жаман эрди эр кылат,
Жаман аял жакшы эрди жер кылат.

* * *

Жакшылыкка караганда жамандыктын басымдуулук кылышынын башкы себеби–жамандыктын жасалышына ыңгайлуу шарттын молдугу.

* * *

Жаман аял эрин алдайт,
Жакшы аял–
Байын аял–жумушчу жалдайт.

* * *

Жакшы – жатпайт, жүрүп өлөт,
Жаман – ит сымал каңгыйт, «үрүп» өлөт.

* * *

Аялдын жаманы жууркан–төшөгүн жыйбайт,
Ажаан аял сөз укпайт,
Чаңырып, айылга сыйбайт.

* * *

Жакшы адам калыс болот,
Жаманы иштен алыс болот.

* * *

Жакшы адамдын белгиси–АЙКӨЛДҮК.

* * *

Жаман – жоругун койбойт,
Ач көз – байлыкка тойбойт.

* * *

Жаман жосундагы адамдардын жийиркеничтүү жоруктарын көрүп–билип туруп жашырсаң–элдин каргышына калып, сокур болушуң ыктымал.

* * *

Жетим багып, жесир багып иним келет,

Сооп ишке ким барбаса–жиним келет.

* * *

Жылтырата кийинип, ичинде бакылдык былжыган адам, сырты жалтыраган буюмга окшош.

* * *

Ит арка болуп, ич ара ырылдашып, ынтымакты ыдыратып алгандар менден «Эми канткенде ынтымагыбызды түптөй алабыз?» деп сураса, мен аларга токтоосуз бал жыйнаган аарыларды көрсөтмөкмүн.

* * *

Ишеним – бул адамды жактырып, сүйүп, ага карата оң мамиле түзүп, таттуу кыялдан улам пайда болгон ыйык сезим.

* * *

Иштеп, ишинен майнап чыгарып маңдай тер төккөн адам тамак–ашка тойбогондой эле, ишке да тойбойт.

* * *

Ичинде ит өлгөн бакылдар гана калыстыктан тайышат.

* * *

Ичтардык менен бакылчылык–адамдагы бардык жаман илдеттердин башаты.

* * *

Иш берсе–жумуштан качкан болбойт,
Ырыскыны бекерге чачкан оңбойт.

* * *

Ислам–сенин динин–дининен адашпаганың утук.

* * *

Ичинде карасы жок, дене–башы соо, таза адам гана ыймандуу боло алат.

* * *

Изги тилек сапарды байсалдуу кылат.

* * *

Ишеничти актаганың–абийириңди сактаганың.

* * *

Ичкениңди койбогонуң–
Акыл–насаатка тойбогонуң.

* * *

Замандашың каза болуп, акыр сапар тартып атса, сенден ага бир ууч топурак буюрбаса, бул күнөөңдү элиң эмес, Кудай да кечириши күмөн.

* * *

Кайырчыга кайыр берсең–
Жолуң шыдыр болот,
Жандаган жанжолдошуң
Жөн эмес, кыдыр болот.

* * *

Калп менен ынакташып алган адам–эне атасын да алдайт.

* * *

Калп–береке –кут, ырыс–кешиктин элдешкис душманы.

* * *

Кубат болот бабалардын батасы,
Анда болбойт айткан сөздүн катасы.

* * *

Калп айтуу–Кудайдын жек көргөн пенделеринин кыйын–кысталыштан оңой кутулуунун айла – амалы.

* * *

Калыс болгонуң–
Арам иштен алыс болгонуң.

* * *

Карызы жоктун кайгысы жок.

* * *

Кан какшап калп айтып, бирөөнүн акысын ап эттирип көнгөндөр акырында ыйманын жегенге өтүшөт.

* * *

Кайгырууну билбеген жүрөк–муз жүрөк.

* * *

Кайдыгерлик–адамдагы айыккыс дарт. Мындай ооруга чалдыккандар жетекчи кызматтарда–иштеп калса, элдин шору.

* * *

Калыс болсоң–калптан алыс бол.

* * *

Күлмүңдөгөн күн нурун ААЛАМГА эч кайсы өлкөнү алактабай тегиз чачып турганда–түндө жарык берген лампочка КҮН НУРУ менен атаандашкансып алигече өчпөй калганын кантип түшүнсө болот.

* * *

Намаз–аруулануунун ыйык жолу.

* * *

Өзүн АДАММЫН дегендердин баардыгы адамдык милдетти аткарууга алсыздык кылышат.

* * *

Кеңпейил адам ак дейт,
Ажаан аял бак дейт.

* * *

Керсейген адам–акыл эсинин жетишсиздигин өз ыктыяры менен даңазалаган байкуш.

* * *

Кемчиликти кетирип, аны мойнуна албагандык–наадандык.

* * *

Кесирлүү адам–жайдын кызыл чилдесиндеги жаанга окшош.

* * *

Кесирлүү адам кеп айтат:
«Болбойсуңбу, бол тезирээк»– деп демитет–
Акылыңан адаштырып–
Ырыскыңды кемитет.

* * *

Напсин тыя албаган адамдар инфарк–миокард (жүрөк) ооруусунан жапа чеккени–чеккен.

* * *

Көзү азиздерди айтпаса да түшүнүктүү, бирок баарынан көзү туруп жүрөгү сокурлардын азабы өттү.

* * *

Көйрөңдүгүң–осол кылат,
Көпкөндүгүң–ойрон кылат.

* * *

Кудайды карап сүйлөгөн
Калыс болот,
Керооз, курчирендер калыстыктан
Алыс болот.

* * *

Кудайды ойлобогон–
Кара такты ак дейт,
Иңир кирбей –

Жарыкты тез жак дейт.

* * *

Кудайга да, анын момун пенделерине да жагынып, эл суктанган абийирдүү, таза болуп көрүнүүгө далбас урунасың. Анан акыр–чикирди, балит ыпыр–сыпырыңды сууга агызып жатканыңды кантип эле эч ким көрбөй–сезбей калсын, же Жараткан Кудай сен үчүн эч ким эмеспи?

* * *

«Куран–и–Каримди» сыйлаганың –
Кудайды сыйлаганың.

* * *

Кудайга канчалык сыйынып–чокунса да бакыл адам аруулана албайт, анткени «бакылдын багы көгөрбөйт».

* * *

Кыргыздын пейили ак,
Ою терең, тили так.

* * *

Кээде адамдын маанайы абдан пастап, ичине таруу айланбай калганда, сөз канчалык учкул, канаттуу болбосун – баары бир суу кечпейт. Мындай учурда андай адамды жаратылыш койнуна саякат жасатып, көңүлүн көтөрө билсең, тез эле жарпы жазыла түшөт.

* * *

Күндүн калыстыгы менен улуулугу кедей–жармач менен ханга да, ууру–кески менен оор кылмышкерге да, айкөл кеменгер менен дарыгерге да тегиз тийип тургандыгында.

* * *

"Куран–и–Каримдин" идеяларына сугарылып алдына айкын максат койгондорго жин–шайтандар да, албарсты–ажындар да жолобойт.

* * *

"Куран–и–Карим"–дүйнөдөгү бардык баалуулуктардын уюткусу.

* * *

Көрө албагандык–ичтардыктын иниси. Бул илдетке чалдыккандардын акыр түбү бардык жыргалчылыктардан куржалак калышат.

* * *

Ким болбосун, көрүп көрбөдүм, угуп–укпадым, билсе да билбедим десе –чын эле, Кудай аны акылынан ажыратып укпаган дүлөй, көрбөгөн сокурга айлантып коёру айдан ачык.

* * *

Көп уктасаң–ыксырап жумушуңдан кечигесиң,
Кашыктап топтогон абийириңди кетиресиң.
Аз уктап тыным албай көп иштесең –
Чыңалып, абийир таап жетилесиң.

* * *

Камкор камын жейт,
Арсыз жанын жейт.

* * *

Кайнабаса калптын кара казаны,
Кимге берет калпычы алчу жазаны.

* * *

Кайраттуу кашабаң да карыйт,
Күлтүксүз соодагер акчага марыйт.

* * *

Калп айтпай соода кылса да болот,
Ошентсе – капчыгы акчага толот.

* * *

Кудайдан корккондор соодага чыкпайт.

* * *

Каргышка калба–оңдурбайт,
Болжогон ишиң болтурбайт.

* * *

Калптын кайнабаган казанын кайнаткан, калпычылар базарда
каалашыңча.

* * *

«Ка–ап! Аттиң–ай!» дегениң–
Арман сөз,
«Бали!, Чамда, азамат!» дегениң–
Дарман сөз.

* * *

Баланын энеге күйүмдүүсүнүн тили «апа» деп чыгат, Атага күйүмдүүсүнүн тили «ата» деп чыгат. Эне–атага тең күйүмдүүсүнүн тили, ата–апа деп тең чыгат.

* * *

Кышында элдин баары үйдө болот,
Өгөйлөп, үйдөн качкан–Чүйдө болот.

* * *

Колкондогу жарадай жашоодо боло келген саран адамдар дене–боюнду балкыткан, жүрөк жыргаткан сөзгө да сараңдык кылышат.

* * *

Казынын оозун кылмышкер жабат,
Бузукулук кылган–пейилинен табат.

* * *

Мусулман пендесине бейиш керек,
Талдап көрүп кетирген күнөөлөрдү
Сыйынып, Кудайыңа кейиш керек.

* * *

Мүнөзү токтоо, сабырдуу кишилердин жазып–жаңылып уттурганынан утугу алда канча көп.

* * *

Мээримдүүлүк менен абийирдүүлүк, ыймандуулук менен сылыктык адамга олчойгон пайда келтирбегени менен, береке–кут, бак–таалай тартууларын эч ким таңазар албайт.

* * *

Мээрим абийир, ыйман, сылык мамилени адамга берип, жылдыздай жанып түбөлүккө жашайт.

* * *

Мансап–байлыкка азгырылбаган адам–чыныгы АДАМ.

* * *

Мээнеткеч адам эринбейт,
Эмгектенип, элине жагат.
Андайды эли сыйлайт,
Төшүнө төш белги тагат.

* * *

Митайым адамда уят да,
Ыйман да жок, боздойт,
Ынтымак бар жерде
Эл бардар жашайт, тозбойт.

* * *

Мээримдүү адам –
Кедейге тууганадай карайт.
Жат дебей, тууган дебей,
Элинин керегине жарайт.

* * *

МАКСАТ–бул ҮМҮТ менен ТИЛЕКке шерелишкен адамдын жашоо тирилигиндеги ниет–каалосу. Максаттын жолу тар да, тайгак да, анан калса–кооптуу. Ал сенден болоттой эрк менен сабырдуулукту, чыдамкайлык менен акыл–эстүүлүктү, билим менен кажыбас кайратты талап кылуучу

татаал жараян (процесс). Ал өзүнүн опурталдуу да, кооптуу да жолунда сага дем–күч берип, чекеңди ташка урат, мүдүрүлтүп жыгат, анан өзүнүн артынан ээрчитип отурат...

Бийик максатыңа жетүүүчүн турмуштук тажрыйбаңа, алган билимиңе, акыл–эсиңе таянсаң, көздөгөн максатыңа жетериң анык.

Талап кылынган жогорудагы сапаттарды өзүңө сиңирүүгө сарандык кылып, тагдырыңа кайдыгер карасаң–алдыдагы асыл максаттарыңдын таш–талканы чыгып, кур–кыял боюнча калат.

* * *

Мезгил келсе, эл кадырлаган акылман да карыйт,
Кичи пейил ишкер–байлыкка марыйт.

* * *

Намыскөй адам кеп–сөзгө калбайт,
Напсисин агызып, берсе да албайт.

* * *

Намыскөйгө сөз жармашат,
Туурага балээ жармашат.

* * *

Нандын күкүмүнүн убалы канчалык болсо, кагаз калдыктарынын убалы да андан кем эмес экендигин унутпа.

* * *

Нысапсыз чайкап сатат,
Уяттуу байкап сатат.

* * *

Нысап–насилдүү адамдар гана барга–жокко топук кылган топуктуу адамдар боло алышат.

* * *

Оңой олжого тунганың–
Балээге колуңду сунганың.

* * *

Орозо кармаганың–арууланып тазаланганың,
Орозо кармабай камаарабаганың–жазаланганың.

* * *

Орозо күндөрү алган сообуң–
Куп деп Кудайга берген жообуң.

* * *

Орозо күндөрү жаман сөз айтканың–күнөөгө абдан батканың.

* * *

Орозону ойлогонуң–
Жакшылыкты тойлогонуң.

* * *

Орозо кармаганың–
Осол ишке барбаганың.

* * *

Орозо кармоо–ашказанга жылына бир жолу берилүүчү дем алыш–өргүү.

* * *

Ордо оюнун ойногонуң–
Каада–салтты жоголушуна
Жол койбогонуң.

* * *

Ордо оюну–бабалардын оюну.

* * *

Ордо оюнун ойлогонуң–
Каада–салтты ойлогонуң.

* * *

Онтоп жаткан ооруугa колун сунуу–
Адамдыктын белгиси.
Эл ичине бүлүк салып адамдарды көкүтүү–

Арамдыктын белгиси.

* * *

Отунду очокко жөндөн-жөн жаккан болбойт,
Кешикке курсакты баккан болбойт.

* * *

Оорулуу адамды дарылаганга караганда акыл оорусуна чалдыккандарды дарылоо алда канча кыйыныраак.

* * *

Ооруу-сыркоонун, өлүм-житимдин көбөйгөнү-жакшылыктын жышааны эмес. Бул Кудайды карап, алды-артыңды ойлоп иш жаса деген аян эмеспи.

* * *

Чекилик кетсе-күйүнөт,
Иши оңолсо-сүйүнөт.

* * *

Өзүңө өзүң калыс болсоң-абийириң таза.

* * *

Өзү кедей болгону менен тили буудай куурат.

* * *

Өзүн сыйлабаган өзүнүн абийирин өзү төгөт,
Өңгөлөрдү иренжитип, анан өзүн-өзү сөгөт.

* * *

Өзүнүн башындагы олчойгон кемчиликтерин сезбей бирөөгө сын тагып, кордоп-кемсинткен адам-акмактардын кооптуусу.

* * *

Өзүңөн өзөк өрттөп жат чыкса,
Элиңдин каары келет.
Жакының каза таап кайгырсаң –
Элиңдин баары келет.

* * *

Өзгөнү ойлобой, өзүнүн гана керт башынын кызыкчылыгы менен жашаган адам–өлгөндөрдүн тирүүсү.

* * *

Өгөйлөсө, өз балдарың –
Өзүңө кол көтөрөт,
Дилден айткан ак кебиңди
Кенебей бой көтөрөт.

* * *

Өзүң ыраазы болуп, берчү ар кандай нерсе чын көңүлдөн чыкпаса–арам.

* * *

Өзүмчүл өкүттөн өлөт,
Кекчил–кырсыктан.

* * *

Өз баласын баккандан коёнчо ойт берип, изин жашырган аталар «ата» деген сыймыктуу аттан айлансын.

* * *

Өзүмчүл өзүн кыйнабайт,
Өзгөнү өлсө да сыйлабайт.

* * *

Өзүмчүл билгенин койбойт,
Ачкөздүн көзү тойбойт.

* * *

Өз кадыр–баркыңды бил–
Мылжың болбо,
Мыш болуп өз элиңе
Шылдың болбо.

* * *

Паракордук менен ачкөздүк тилдин эркиндигин чектеп коёт.

* * *

Рак оорусуна чалдыкандар дарыгерлердин колунан шыпаа табары талашсыз, ал эми кайдыгерлик илдетине чалдыккандарды эч кандай дарыгер дартына дабаа таппасы анык.

* * *

Руханий жакырчылыгына кабылуу–оор жоготууга тете.

* * *

Сөзүңө ишенип, сени күткөн адамдын бир саатык же бир күндүк өмүрү текке кеткени кандай кейиштүү. Эгер сен ушуну ойлогонуңда, балким, мындай осол ишке түк бармак эмессиң.

* * *

Сен алган ак баталарың–
Ак эмгегиң үчүн алган баалар ың.

* * *

Сен өзүңдүн идеал туткан адамыңа акча берип, алып же берип мамиле жасасаң, анын адамдык сапаты канчалык деңгээлде экендигин билип алууң анчейин кыйынга турбайт.

* * *

Сылык–сыпаалык Кудайдын сүйгөн ыйман–нысаптуу айкөл пенделерине берилүүчү таңкыс белек.

* * *

Сооп кылсаң–барар жериң бейиш болот,
Кетирген чекилигиң кейиш болот.

* * *

Сага жамандык жасагандарга жакшылык жасасаң, бейиштин жолуна түшкөнүң.

* * *

Суунун да сурагы болот; сая чачып–төгүлгөн суу сая өткөн өмүргө барабар.

* * *

Сооп иш кылган кем болбойт,
Иштебесе– дем болбойт.

* * *

Сигаретти канчалык кооздоп–шөкөттөп рекламаласаң да никотин–уусу жоголбойт, чеккендерге найза болуп кадалганы–кадалган.

* * *

Сенин айткан калпың өзүңдүн колкоңдогу жара болорун аңдасаң, балдарыңды калптан оолак кыл.

* * *

Сөз укпаган кайсар акыры катаалдыкка багынып, көктүгүнө кейийт.

* * *

Тазалыгың–ичиңдин кеңдиги,
Бакылдыгың–ичиңдин көңдүгү.
Туура жолдон тайыгандар–
Калыс эмес,

* * *

Андайлардын күнү бүткөн–
Өлөр күнү алыс эмес.

* * *

Тууган менен жаттын арасы болот,
Ичи көңдөй карасы болот.

* * *

Томаяк–кедейлерге, жетим–жесирлерге кайыр –садага чабуу–бай–көпөстөрдүн дилин тазартып, зоболосун ашырарын баары эле бarкталбайт окшойт.

* * *

Туулган күн жылына бир жолу белгиленүүчү адам өмүрүндөгү эң эле бактылуу күн. Юбилярдын көңүлүндөгү сөздөрдү чукугандай таап, майрамды жаркын маанайда өткөрүү–анын зоболосун ашырып, өмүрүнө өмүр улайт.

* * *

Тамеки, арак, насыбайды таштаганың –
Акыл–эстүү жаңы турмуш баштаганың.

* * *

Томаяк–бакырларды боор ачып аягандарды мээримин төгүп, Кудай аяп, бооруна аларына бөркүңдөй ишене бер.

* * *

ТИЛЕК –бул жашоодо адам баласын таттуу кыялга батырып, тез аракеттенүүгө түрткөн ички туюму. Адам улам кыялданып, келечегине үмүт байлап: «Эми антсем», анан өмүр жолундагы азыноолак ийгилигине шыктанып: «дагы тигинтсем», дедиртип, аны улам таттуу кыялга батырат, жашоо кумарын арттырат.

Акырындап отуруп адам таттуу кыялдарын «ТИЛЕК»ке айлантат.

«Үмүт–тилегим орундалса экен» деп, Теңирге жалынып–жалбарганы да ошондон уламбы, деген ойго чарпылбай койбойсуң.

* * *

Эскирген кийим кийилбейт,
Тентек бала ийилбейт.

* * *

Жалаң касиеттүү жакшы сөздөрдү ылгап, аларды куулук–шумдукка аралаштырып кыянаттык максатта пайдаланса, анын акыр–аягы жакшылыкка алып келбейт.

* * *

Жалган айткан жарыбайт,
Жалкоонун иши арыбайт.

* * *

Чаң менен түтүн адам өмүрүнө забын болуучу коркунучтуу душман экендигин билип туруп, үйдү тозута чаңдаткандар менен сигаретти буркурата чегип түтөткөндөрдү түк түшүнө албайм.

* * *

Чындык менен акыйкаттын, адилеттик менен тууралыктын жолун эстегенде, көз алдыңа чытырман токойдогу саздуу жол тартылат.

* * *

Чыныгы адам гана топук кыла алат.

* * *

Чындык менен адилеттүүлүк жылдын төрт мезгилинде да жылуу илебин чачкан КҮН нурундай жаркырап тура берет.

* * *

Чөнтөгүң жука болсо өзүңө кыйын болот.
Эл чогулса–маанилүү жыйын болот.

* * *

Чагымдан оолак бол, анткени ал заарын чачуу үчүн сойлоп бараткан уулуу жыланга окшош.

* * *

Чынчыл адам туура жолдон тайыбайт,
Ошон үчүн андай адам байыбайт.

* * *

Ынтымак ыроологон үйгө кут кирет,
Ынтымагы ыдыраган үйгө жут кирет.

* * *

Ынтымак–ырктын кеткени,

Береке –куттун кеткени.

* * *

Ыйманы таза адам гана ачуу чындыкка кылчактабай тик карайт.

* * *

Ынтымак бар жерде,
Ыр бар, ырыскы бар.
Ынтымак жок жерде чыр бар,
Бугуп жаткан сыр бар.

* * *

Ызааттап чакырылган конок–султан,
Чакырылбай өзү басып келген конок–ултан.

* * *

Ысык–Көл кышта тоңбойт,
Эсирген адам эзели оңбойт.

* * *

Ынтызар балдар–сабакта,
Жалкоонун көзү–табакта.

* * *

Ыйлаактын жашы тыйылбайт,
Кылтыксыз–КУДАЙга сыйынбайт.

* * *

Ушактан алыс жүргөн утат,
Жакындаган кан жутат.

* * *

Улуттан уят кетсе энеден туума элге айланат; бул– айбанчылыктын жеткен чеги.

* * *

Укукчулар калыстыктан тайыганы–
Акты кара, караны ак деп айныганы.

* * *

Убакыт дегениң–сен алдап көнгөн адам эмес; күндөр чубап айга айланып, айлар тогошуп жылга, жылдар кылым болуп өтө берет, өтө берет. Сен убакытты эмес, убакыт өзүңдү кантип алдап койгонун элес албай каласың.

* * *

Убал сооптон коркпогондордон түңүл.

* * *

Уяттуулук–улуулуктун иниси. Уятсыз адам улуу боло албайт.

* * *

Эптүү жыртылганды жамайт,
Мыйзам бузганды–камайт.

* * *

Убал–сооп, ариет–намыс, мээримдүүлүк–кайрымдуулук, ыймандуулук, уят сөздөрүн сөз жүзүндө гана эмес, иш жүзүндө көп колдонгондор–чыныгы ыймандуулар.

* * *

Убал–соопту ойлобогон карөзгөй, бакыл кээ бир аткаминерлер чындыкты чыркыратып, аны улам кодулай берип асманга учуп кетүүгө аргасыз кылышыптыр. Жашоодон түңүлүп, үмүтсүздөнгөн карайлаган калк: «Сен издеген ЧЫНДЫК, АКЫЙКАТ асмандын жетинчи кабатында. Элин ойлобогон, өзүн гана ойлогон көркоолор эл алдында–Кудайдын АДИЛЕТ сотунда жооп берерин ойлобоптур...»

* * *

ҮМҮТ–бул адамды тереӊ ойлоого шыктантып, турмушка олуттуу кароого дем берген бүдөмүк келечегиңен ЖАКШЫЛЫКты гана тилөөгө үндөгөн таттуу кыял.

* * *

Эстүү бала эшекти эмес, итти теппейт,

Ата айткан накыл эсинен кетпейт.

* * *

Эр элин ойлойт,
Бай-мырза тойлойт..

* * *

Эр жигит элинин керегине жарады,
Жакшы кабар жерге жатабы –
Бүт дүйнөгө чагылгандай тарады.

* * *

Элинин камын ойлогон-жакшы,
Чала-моңол билген – бакшы.

* * *

Элин ойлобогон кызматынан кетет,
Бакыл адам түбүңө жетет.

* * *

Эркек сөрөй болсо-аялы өктөм,
Эгин айдасаң –жайкалган көктөм.

* * *

Ээнбаш билгенин койбойт,
Сараңдын көзү тойбойт.

* * *

Эмгектенсе –алкыш алат, зор болот,
Жалкоолонсо-жакырланып, кор болот.

* * *

Элден ынтымак качса, ышпалдасы чыгып ырыскысы чачылат. Өзү дайынсыз жок болот.

* * *

Эгер убада буюм сымал акчага сатылганда, тил эмизип, кайра-кайра убада берип, убайымга салгандарды түндөсү эмес, күндүзү да сыймалап таппай калмаксың..

* * *

Эч кимге жана эч нерсеге зыяны тийбеген адам–Жараткан Кудайдын чыныгы момуну. Андайлардын күнөөсүн кечирет.

* * *

Эр азамат элге берген сөзүн ойлойт,
Өзүмчүл адам өзүн гана ойлойт.

* * *

Эр жигит эл камын жейт,
Майда мүдөөлүү –өз камын жейт.

* * *

Эсиргендик эси жогун аныктайт.

* * *

Эрке бала энесине даттанат,
Жакшы бала–алыска сапар аттанат.

* * *

Эки аялдуугa байлык да, бийлик да табыларына ишенем, бирок абийир табыларына күмөнүм бар.

* * *

Эс тартып, ак караны ажырата баштагандан окугандарымдын ичинен көңүлүмдөн түнөк таап, коргошундай уюп, бассам–турсам мени тындырып–тынчытпаган нар көтөргүс орошон ойду сиздерге айтып коюуну өзүмдүн пенделик милдетим деп эсептейм.

Мен бул үзүндүнү «Теңир сөзгө» бекеринен кошкон жерим жок. Аны Кудайды карап, убал–сооптон корккон, акыретти (өлүмдү) ойлогон окурмандарыма сабак болор деген тейде кошуп коюуну эп көрдүм:

«...Үч түрдүү адам бар: Кудай акыр кыяматта мындайлар менен сүйлөшпөйт жана ыраазычылыгын айтпайт да, аларга карап койбойт, күнөө-

лөрүн да кечирбейт. Атүгүл, аларды катуу азапка салат:

**Биринчиси**–өзү карыя болуп туруп, арамдык (күнөөлүү В–Б) иштерден кайтпаган пенде;

**Экинчиси**–убадасында турбаган падыша (президент В–Б);

**Үчүнчүсү**–калп айткан адам менен мактанчаак кембагал.

* * *

Аманатты сактап өз убагында кайтаруу–адамдын ырыскысын арттырат. Ал эми аманатка кыянаттык кылуу – береке–кутту качырып, жакырчылыкты алып келет.

* * *

Бу дүйнөдө адамдарды катуу азап тарттырган кишилерди Кудай акыр кыяматта катуу жазалайт».

Кудайдын каарын келтиргендерге төмөнкүлөр кирет:

Кудайдын жана Расулунун чакырыгына жай–шашпай, шайтандын буйругуна бачым жүгүргөн-дөр.

1. Акысы жок болсо да касам (ант В–Б) менен дүйнөдөн аны талап кылуучулар.

2. Бир адамды экинчи бирөөгө кайраштырган чагымчылар.

3. Досторду (жубайларды В–Б) бири–биринен ажыратууга аракеттенгендер.

4. Күнөөсүз ак адамдарга жок жеринен жалаа жапкандар.

Өзүнүн колунан келбейт да, бирөөнүн ийгилигин көрө албаган бакылдар.

# «АДАМ БОЛУУ АЗАППЫ?»

Биз, адам пендеси, кызыкпыз, кыйынсынабыз. Дүйнөдөгү эң улуу зат АДАМ экендигибизди унутуп, көөп, айланабыздагыларды кенебей керсейебиз. Неге? десең, жарытылуу жооп жок. Ал гана турсун, собол салган адамды жаман көзүбүз менен теше тиктеп олурайып коймойубуз да бар. Айтор, жыргатып койгонсуп тыңсынганыбызды кантейин, ботом.

Ач бөрүдөй таңдайыбызды такылдатып арамбы, адалбы, берсе–ылгабайбыз, ала беребиз. Берсе эле болду. Алсак, жулсак деп эле турабыз. Өзүбүз «Алгандын бермейи бар» дегенди билсек да ойлоп да койбойбуз. (Чыгашанын бети курусун!).

Маараке–тойго барып калсакпы, аш болорун ойлобой (дасторконду дүйүм тамакка жайнатып салса, ойлогонго чамаң келеби десең!) ичип–жей беребиз, себеби мында жөн эле келген жокпуз–чакырылганбыз. Ичип–жегенге укугубуз бар. Демек ичип–жеш керек... Ким канчалык «иштеп» жатканын үй ээси көз кыйыгын салып баамдап, чакырганына да бушайман тартканы менен кандай жумушубуз бар. (Мыйзамдуу конокпуз дебедимби, атүгүл, чакырылганыбызды күбөлөндүрүүчү «Чакыруу кагазыбыз» да чөнтөктө катылуу).

Сигаретпи, наркозатпы, же насыбайбы, өмүргө зыяндуулугун билсек да билмексен болуп андан да баш тартпайбыз. Үйдү тумандата түтүнгө толтуруп тилибиздин тагина салган сасык насыбайыбызды «ырахатына» баткан соң «балч» эттире түкүрүп салганыбызды баркалбай калабыз. Бул жоругбузду астыртан байкап отургандарга кандай таасир калтырганына маани бергиң келеби «эркектик» милдетти аткарып атпайбызбы, тыңсынып.

Кээде ойго келгенди айтып, бүйүр кызытып алмайыбызды кантип танайын. Акыйлашкан атаандашың өзбү, жатпы, баары бир. Ал капа болобу, жокпу, же жүрөк оорусу кармап өлөбү, аёо

жок. Эптеп аны «жайлап», экинчи кыңк эткис кылып сазайын бериш керек...

Айтор, бизди АДАМДЫК деңгээлге жеткиргенге жолтоо болгон бөксөлүктөр толтура. Анан неге кыйынсынып керсейебиз? Жарытылуу иш жасабай (ага моюн жар бербейт) көөп, тыңсынабыз. Адалдык менен арамдыктын айырмасын аңдабай жеп–ичип коёбуз. Адам деп сый көрсөтсө, анан неге ашказанды аябай кусканча сугунуп алып ден соолугубузга зыян келтиребиз? Адам туруп АДАМДЫК нарк–насилибизди баалай албай мажирөөлүк кылабыз? Акыл калчап ойлоп көрсөк, бизди АДАМ болуубузга бөгөт болгон терс сапаттар бир топ. Кудай бизди антип жараткан жок да. Алардын баардыгын эс тартып АДАМ болордон мурда өзүбүз «жасап», өзүбүзгө өмүрлүк «жан жолдош» кылып алганыбызды танбаспыз.

Жараткан бизди кандай жаратса, КУДАЙГА "оңдоо" киргизбей ошол боюнча калганыбызда мүмкүн, минтип азап тартпай эле АДАМ деген асыл зат боюнча калмакпыз, аттиң–ай десең!

* * *

Эң жаманы –адамды адам алдаганы,
Кантип болсун адамды адам
Эшек сымал жалдаганы.

* * *

«Кыргыздарда ынтымак ыдырайт деп кеп кетет,
Байлыгын басып алып бөтөн элдер жеп кетет».
Деген кепке калбайлы,
Эл байлыгын дипломатка салбайлы.

* * *

Калыстыктан тайыганың–өз баласын өгөйлөгөн атадай.

* * *

Кыргыздардын түпкүлүктүү эл экендиги–алардын пейилинде.

* * *

Ыймандуу адам таза болот,
Өмүр түгөнсө хан дагы каза болот.

* * *

Пейилдин агы да, карасы болот,
Соргокто ашказандын жарасы болот.

* * *

Кунарлуу киши көрсөк–
Кубанабыз.
Жакшылар көбөйөт деп,
Жубанабыз.

* * *

Тоонун мээлүн жели жакшы,
Кыргыздардын мейман дос эли жакшы.

* * *

Өндүрүштө өнүм болот,
Ажал арбаса – өлүм болот.

* * *

Соопчулук иштен сен аянбагын,
Артыңа кайтып жер таянбагын.

* * *

Ынтымакка биз качан көнүгөбүз,
Ыдыратсак ынтымакты,
Качан биз өнүгөбүз?

* * *

ЫНТЫМАК– улуттун улуулугун өлчөөчү чен–өлчөм.

* * *

Кесир сүйлөп көңүл оорутуу–адамга ажал чакырганга тете.

* * *

Турмуштун өзү тозок; мында тирүүлөр жыргап жатышкансып о дүйнөнүн тозогун да кошумчалашып, алардын кулагына кумдай куюшат. Адам баласы көзүнүн тирүүсүндө кордук–зомбулук көрсө, каза болгондо дагы эле ошону көрсө, анда «Биз бу жарыкка жаңылышып келип калганга окшойбуз» деген ойго чарпылбай койбойт.

* * *

Адамдагы асыл сапаттардын бардыгы бири–бири менен айкалышканда гана ЖАКШЫЛЫК жаралат.

* * *

Ак иштеп өз энчисин алгысы бар,
Түбөлүккө эл эсинде калгысы бар.

* * *

Сабырдуулук ЧЫНДЫКТЫ ээрчитип барып, АКЫЙКАТ менен достоштуруптур.

* * *

Жетим–жесирди кубанычка бөлөгөнүң–
Адам бол деп аларды жөлөгөнүң.

* * *

Өгөйлөбөй бала бакканың–
Кудайга абдан жакканың.

* * *

Калыстыктан тайыганды Кудай урат,
Жан билбеди дебегин,
Аныңды Теңирим туюп турат.

* * *

Кары–картаңдардын ичкени уят!
Амалкөй «түлкүлөр»–
Ичкенин жашырып, чайнектен куят.

* * *

Майда мүдөлүү адам сараң болот,
Иштебей жеген тамак–арам болот.

* * *

Сооптуу жакшы иштерди жасоо ар кимдин эле колунан келчү иш, бирок андай ишти жасоодон караманча качып, криминалдык оор кылмыштарга кол ургандарды түк эле түшүнүп болбойт.

* * *

Кошоматчы ханга адамды ажалга кошуп арбаган ыйык пенде туюлуп, ал чыкыйга чыккан чыйкан экенине да кайыл болуптур.

* * *

Сугунуп алакан ачканың–
Ырыскыңды бөөдө чачканың.

* * *

Ынтымагың–ырыскың.

* * *

Обу жок көпкөн болбойт,
Асылзатын күчкө салып өпкөн болбойт.

* * *

Ынтымагыңдын кеткени–
Жин–шайтандын түбүңө жеткени.

* * *

Ызааттап конокту сыйлаган жакшы,
Эскерип маркумду ыйлаган жакшы.

* * *

Ыймансыздын нысабы жок,
Ыймандуунун көңүлү ток.

* * *

Өрдөк–казга суу жукпайт,
Кесир адам кеп укпайт.

* * *

Ыймандуу адам–айкөл.

* * *

Орозо кармаганың–
Кудайды жандаганың.

* * *

Карылар калыстыктан тайыса–
Шоруңдун катканы
Кордук–зомбулуктун жаныңа батканы.

* * *

Өзүңө өзүң калыс болсоң–абийириң таза.

* * *

Ажал акчага ашкере азгырылгандарды тооруп жүргөнүн элес алса, адамдар бул пейилинен кайтып, ток пейил тартып калмак.

* * *

Даарат алып, арууланган,
Жолдуу болот.
Шордуунун тили тыйылбаса,
Киши колдуу болот.

* * *

Жакшы сөз–сөз ургаалы, жан жыргалы.

* * *

Жамандык ак ишти каралайт,
Жашырсаң – жүрөктү жаралайт.

* * *

Сага жамандык жасагандарга жакшылык жасасаң, бейиштин жолуна түшкөнүң.

* * *

Жамандык жасагандан коркпогон адамдын өз убалы өзүнө.

* * *

Томаяк–кедейлерге, жетим–жесирлерге кайыр –садага чабуу бай–көпөстөрдүн дилин тазартып, зоболосун ашырганын бардык байлар эле билбейт көрүнөт.

* * *

Тамакты үн чыгарбай майда чайнап жеп–ичүү–адептүүлүктүн белгиси.

* * *

Кийимди сөлбүрөтүп ашкере узун, же балтырын жаппаган кыска кийгендерге Кудайдын каары келерин ойлой жүрсөк.

* * *

Элимдин укугун коргойм деп, ак дилинен ант ичип, акырындап кылмыш тобуна кошулуп, элинин укугун коргомок түгүл аны кордогондордун жасаган кылмышын абийир соту кечирбейт.

* * *

Убадага турсаң утасың,
Турбасаң–ыйманыңды жутасың.

* * *

Улууну улуулар барктайт,
Эл уулун–сулуулар барктайт.

* * *

Көбүнесе кодо адамдар майда мүдөөлүү болушат. Кээ бирлеринин ойлогон оюу да, жасаган иши да майда. Алардын жашоосу эркисизден чабак балыкты элестетет.

* * *

Калп айткан абийирсиз пенде болсо,
Жүрүшпөйт анын иши дайым чала.

* * *

Конок келсе–сыйлаган жакшы,

Тууганың каза болсо–
Өкүрбөй ыйлаган жакшы.

* * *

Ынтымак уяласа–ырыскың чачылбайт,
Эсиң менен болсоң–абийириң ачылбайт.

* * *

Досуң көрөгөч, зирек болсо–максатыңа жеткениң,
Кerooз, мажес болсо–түбөлүккө уйкуга кеткениң.

* * *

Сабырдуулук–адамдык асыл сапат. Мындай сапатка ээ болгон жаштар ойлоп иш жасаса–максат–мүдөөсүнө тез жетээрин эскерткенибиз эп.

* * *

Жаштыгың–бул сенин баа жеткис эбегейсиз чоң байлыгың экендигин баалабаганың–сенин ойлонбой иш жасап, орду толгус оор жоготууга дуушар болгонуң.

* * *

Акчанын кулу болгон көркоолор керек болгондо МЕКЕНИН саткандан да кайра тартышпайт.

* * *

Арамдыктан алыс жүргөн адамдар–акпейил, айкөл адамдар.

* * *

Өмүрүндө калп айтпаган адам болбойт.

* * *

ЫНТЫМАК кетип, эли мөгдөп турса, өлкөдөн гений да, баатыр да чыкпайт.

* * *

Айкөл адам жакшылыктын үрөнүн сепкен ДЫЙКАНГА окшойт.

* * *

Бардык ЖАКШЫЛЫКТАРДЫН эне–атасы–айкөл адамдар.

* * *

Ыйман–ынтымакты туу тутканың–
Утканың,
Арамдыкка аралашканың–
ЫЙМАНЫҢДЫ жутканың.

* * *

Жакшы адамдар аз, анткени жакшы болуш кыйын; акыл–насааттарды кулакка куйганы менен эркинин боштугунан улам, максатына жетпейт. Жакшы адамдардын санынынөспөй жаткандыгы ошондон.

* * *

... уурдап, уурулуктан ууру марыбайт,
Иштеп, мээнеттен ишкер карыбайт.

* * *

Күлтүгү жоктун күйүмү болбойт,
Көтөрүп барар түйүнү болбойт.

* * *

Өмүрдүн ашчу белеси бар,
Маркумдун эстен кеткис элеси бар.

* * *

Жарашыктуу кийинген адам–АДАМ. Кээ бир адамдар кийимдин мыктысын тандап, канчалык кооз кийинбесин, ал айбан боюнча кала берет.

* * *

Тишиңди кычыратып, кабагыңды чытыгандан уткандан уткузарың көп. Мындан сен адамдык асыл

сапаттарыңа доо кетирип алгандан башка пайда таппасыңа кепилдикке өтө алам.

* * *

Адамдык абийирди аруулантып ак кылган да, көө шыбап булгаган да кол.

* * *

Алганды эле эмес, бергенди да ойлогон адам– акылдуулардын төрөсү.

* * *

Напсисин көңүлүн калтырбайын деп кол булганыптыр.

* * *

Өзүң болбосоң да, нускалуу сөзүң болсун.

* * *

Өзүнүн керт башын гана ойлоп, максатына жетүүүчүн белсенип киришкен адам жеке өзүнүн келечегин көрө албаган майда мүдөлүү пас адам.

* * *

АКЫЙКАТ менен ЧЫНДЫККА жеткен адам– бул ыйык эки нерсени аздектеп–аспиеттеп, өзү эңсеп жеткен буюмдай чаң жугузбай таза бойдон калтырууга жан үрөп, башкаларды да ушуга үндөйт.

* * *

Өзүмчүл, сараң, зыкым адамдар басса–турса мал–дүйнө жыйнап, байлыгынан башканы ойлобогондой эле эр жигиттин да эңсегени болот; ал– КАЙРЫМДУУЛУК, ЧЫНДЫК, ТАЗАЛЫК.

* * *

Атактуу адамдар да керсейишет, анткени алар да адам.

* * *

Калп айткан өспөйт–өнбөйт,

Акыл айтсаң көнбөйт.

* * *

Өзүнүн колунан келбеген, некин өзгөлөрдүн ийгилигин көралбаган карөзгөй бакылдар гана көөлөгөнгө маш болушат.

* * *

Шуруга тизилген ой–берметтерин берген даанышманды «душманым» дегендер да жок эмес.

* * *

Шарт–жагдайга жараша «Максатыбыз бийик–мыкты адистерди даярдап чыгарып, жумуш менен камсыз кылабыз» деп убада берип, сөз өтөөсүнө чыкпай наразылык туудурса элдин убал–сообу кимге?

* * *

Шүмшүктү бирөө сагынбайт,
Жаманга жакшы жалынбайт.

* * *

Ичкилик ичкен адам–акчасына кайгы–муң сатып алган акмак.

* * *

Адамдын беделин кетирип, ага кооп туудурган коркунучтуу душман–анын напсиси.

* * *

Напсисин тыя билген адам–сырттан адам.

* * *

Олжого көзү кызарган ач карышкырдай сараң адамдан сен тургай өз баласына да кешик артпастыгын аңдабаптырсың.

* * *

Эр жигит эмгегинен баар табат,
Күлтүгү жок –

Жок жерден шылтак табат.

* * *

Бардык жамандыктын башаты–бакылдык.

* * *

Көз көрбөгөндү жүрөк көрөт.

* * *

Адамдын жараткан эмгегине карабай анын өңү–түсүнө, капчыгына карап баалагандык–көзү туруп көрбөгөн наадандык.

* * *

Кемчилик кетирбеген адам болбойт, ошондуктан сен бирөөнү көөлөп–шыбаганга ашыкпа, акыл калчап ойлоп көрсөң, көөлөмөкчү болгон адамыңдан сенин ашып кеткен жериң деле байкалбайт. Калыс талдап көрсөң, мүмкүн атаандашыңдын да, өзүңдүн да АБИЙИРИҢ төгүлбөй кала бермек.

* * *

Акылдуу унутканды эске салат,
Жакшылар тентектерди теске салат.

* * *

Ар кимге түш жорутпа,
Майнапсыз ишке баш оорутпа.

* * *

Карылар калыстыктан тайыса–шоруңдун катканы.

* * *

Кеп көтөргөн–кеменгер.

* * *

Бакыл бүлдүрөт,
Куудул күлдүрөт.

* * *

Айтылган сөз иш эмес,
Арын саткан киши эмес.

* * *

Адамдын жаманы болбойт, некин жаман тарбия болоруна кепилдик бере алам.

* * *

Өзүнүн жорук–жосундарын акыл таразасынан кылдат өткөрүп, жасаган жамандыктарына жаны кейип, эми кайталабас үчүн өзүнө–өзү ант берген адам акылдуу.

* * *

Батакөйдүн батасы,
Болбойт тура катасы.

* * *

Аруулук адамды тазалайт,
Арамдык адамды жазалайт.

* * *

Бирөөнү ишендирип, ага убада берип сөз өтөөсүнө чыкпай калуу адам пендеси эмес, КУДАЙ да кечирбей турган чоң күнөө экендигин эстей жүргөнүбүз эп.

* * *

Калпты чындай айткан жаман,
Сөз берип убададан кайткан жаман.

* * *

Текебердигиң–өзүңдүн башыңа көрүнчү өзүңдүн залимдигиң.

* * *

Кылмыштуулук–ич тардыктын кесепети.

* * *

Көралбагандык–ичтардыктын иниси. Бул илдетке чалдыккандардын акыр–түбү бардык жыргалчылыктардан ажыратып, куржалак калтырат.

* * *

Ай баткандай болуп* кайгы–капага батып турганда кайгыңды чын пейилинен тең бөлүшкөн адам–боорукер атаңдай.

* * *

Кылмышкерлер кутулуп, күнөөсүздөрдү жазага кириптер кылган укук коргоочулар (кордоочулар) дын сазайын жаратылыш берип жатканы эмнени каңкуулайт?

* * *

Акыл топтоого караганда акча топтоону мыкты өздөштүрүп алгандардын арбып баратқандыгы–кооп туудурбай койбойт.

* * *

Адамдагы эң чоң кемчилдик–акылга өтө муктаж болуп тургандыгына карабастан анын бул ишке кайдыгерлиги.

* * *

Адамдын адамдыгын аныктаган асыл сапат,
Кербезденип керсейүү–
Адамдагы кесир сапат.

* * *

Наадан алган жарын сүйө албайт,
Осол ишти жасагандан уялбайт.

* * *

Эмгекчил – берешен– адам,
Сугалак – карөзгөй–арам.

* * *

Кылгылыкты кылган соң,
Кейигенден не пайда.

* * *

Камкор камын жейт,
Арсыз жанын жейт.

* * *

Намаз–аруулануунун ыйык жолу.

* * *

Намазга жыгылганың–
Бейишке жол салганың.

* * *

Болчу ишти болтурбаганың–
Көңүлүңдү сооп ишке толтурбаганың.

* * *

Ыймандуу – дубалайт,
Ыймансыз кубалайт.

* * *

Эрдин элине караганы–
Элинин керегине жараганы.

* * *

Терини билген аштайт,
Эрди (өдөмү жок) катыны баштайт.

* * *

Айкөлдүн үмүт – тилеги акталат,
Адилетсиздик кек болуп сакталат.

* * *

Адеп–ахлак кимдин ким экендигин көрсөтүүчү түбөлүк эскирбеген КҮЗГҮ.

* * *

Урук болбойт өнбөгөн,
Пенде болбойт көнбөгөн.

* * *

Кайырчылык–кедейлик менен жакырчылыктын туундусу.

* * *

Өзү булганган адам башкалардан таза болууну талап кылганы куйкаңды куруштуруп, күлкүңдү келтирет.

* * *

Салт бузган санааркайт,
Калп айткан кайгырат.

* * *

Адамды адам кылып турган анын ыйманы. Адамдан ыйман кетсе, ал эки буттуу айбанга айланат.

* * *

Ыйман кеткенде адамдагы асыл сапаттардын баары: акыл–эс менен боорукердик да, кечиримдүүлүк менен кайрымдуулук да, мээримдүүлүк менен ынтымактуулук да кошо кетет.

* * *

Өзүңдүн көңүлүң самап, сүйгөн нерсеңди бирөөгө ыраа көрбөгөнүң–бул сенин көркоолугуң, түркөй бакылдыгың.

* * *

Өмүр өлчөлүү; жыл жаңырган сайын келечегиңе ишенимдүү карап, аруу тилек менен катуу иштесең–максат–мүдөөңө батыл жетесиң.

* * *

Чырдуу үйгө бакыт конбойт,
Акылдуу кемчилдигин оңдойт.

* * *

Кекчил кеп жебейт,
Жакшыга тең келбейт.

* * *

Өзүмчүл өкүттөн өлөт,
Кекчил–кырсыктан.

* * *

Кежир адам адамга окшоп муюбайт,
Ириген сүт айран болуп уюбайт.

* * *

Жалганчы адам – жалаакор.

* * *

Өзүмчүл билгенин койбойт,
Ачкөз деги эле тойбойт.

* * *

Жолболдунун жазыгы жок кымындай,
Камап салды... көрбөй аны чымындай.

* * *

Малдар түркүн түстө болгону менен сүтү–ак; адамдар да ар кандай, бирок баарынын тең пейили ак эместиги акыл–эстүү адамдарды түйшөлтпөй койбойт.

* * *

Келжирек майнапсыз кебин чоёт,
Акылдуу майнапсыз ишке чекит коёт.

* * *

Кыргыздарды кыргыз кылуу–бабалардын каада–салтын сактаган нарктуу кыргыздардын гана колунан келет.

* * *

Уюшкан кылмышка баруу утук алып келбейт, а көрөкчө жүрөк титиреткен кылмышты жасаганга короткон акыл–эсти пайдалуу ишке жумшаганда жагымдуу жаркын маанай пайда болуп, мынчалык чоң кайгы–капа да, азап–тозок да болмок эмес.

* * *

Эр жигит элин ойлойт,
Алжеке өз камын ойлойт.

* * *

Эки трууган сыйлашса, түбөлүк сыйлуу,
Сыйлашпаган тууган – түбөлүк чырлуу.

* * *

Эр элим десе–жеңилбейт,
Жеңилсе–душманына эңилбейт.

* * *

Акылдуу акыл айтып,
Өз элине баш болот.
Муназага келбеген чыргыйчылдын,
Жеген ашы таш болот.

* * *

Айкөл адам ала жипти аттабайт,
Чыргыйчыл тууганына каттабайт.

* * *

Адамдын аянычтуу абалын көрүп, анын суроо–талаптарын канааттандыруу – адамкерчиликтин туу чокусу.

* * *

Адамдын абийири менен пейилиби, жүрөгү менен ниетиби, айтор анын эмнеси таза, ак болсо акча заматта көөлөп салганга маш.

* * *

Душмандын кеги болот,
Кектин чеги болот.

* * *

Жакшы адамда издегендин баары бар,
Жалакайдын жаа башында таары бар.

* * *

Ыймандуу болууну каалабагандар динди ашкерелөөгө далбас урушат.

* * *

Жакшылыкты каалабаган адам–жакшы нерсени көргүсү келбейт.

* * *

Алдоо–түзүлгөн кырдаалдан оңой–олтоң чыгып кетүүнүн айла–амалы.

* * *

Кайыр берген карыбайт.

* * *

Эгер сен ЖАКШЫЛЫК жасасаң жообун күтпөй жаса; жасаган жакшылыгың башка бирөөдөн же Кудайдан кайтарына бөркүндөй ишене бер.

* * *

Уят–намыстуу адам өлөт, бирок анын уят–намысы өлбөйт.

* * *

Адилетсиз сын чычалатат.

* * *

Ичинде карасы жок адамдар гана адилетүү сын айта алышат.

* * *

Акын бар жерде–ыр,
Бакыл бар жерде–чыр.

* * *

Бабалардын дубасы жакшы,
Ишкерлердин унаасы жакшы.

* * *

Жин–шайтан айкөлдү да,
Азгырып–арбайт экен.

Азгырып–арбаса да
Айкөл адам азгырыкка барбайт экен.

* * *

Адамдын жакшы жактарын көралбаган Кудайды тааныбайт.

* * *

Адам дагы жакшы сапаттарды гана көрүп, жамандыктарын жашырган адам–сырттан адам.

* * *

Айлана–чөйрөңдө жамандар көп болсо да алардын эч кимиси бирин–бири жамандабайт, бирок макташы толук ыктымал.

* * *

## ЫЙМАНДУУ БАЛА

Бакыраң көз балакайга Бакай ата акыл айтат:
(Баба айтса жөн айтпайт, Накыл айтат).
–Ыймандуу бала болсоң–
Береке–кут өзү келет...
–Мейли, баба, айтканыңа көнөйүн,
Кечириңиз, тентек кылсам–
Сөзүңүздү бөлөйүн:
–Айтыңызчы, ыйман деген не өзү?
...Тунжурап Бакай ата ойго батты,
Бакыраң көз балакайга
Көзүн сүзүп муну айтты:
«–Ыйман деген ыйык тоо
Бийигине чыга бил.
Ыймансыздар кыргын жоо
Жоого каршы тура бил.
Ыйман жашайт дилиңде
Жүрөгүңдүн түбүндө
Азык кошуп дем берет
Жашаган ар күнүңдө,
Жашаган өмүрүңдө,
Жашаган өмүрүңдө».

* * *

Эгер сен ЫЙМАНЫҢДЫ ыйык тоодой санап, байлыгыңды кастарлап сактагандай сактай алсаң–эки дүйнөң кем болбостугуна кепилдик бере алам.

* * *

Сенин бейиштин шыдыр жолуңа түшүүңө залакасын тийгизип, абийириңди кетирчү кооптуу душманың–өзүңдүн напсиң.

* * *

Айкөл адам кең болот,
Пайгамбарга тең болот.

* * *

Айкөл болгонуң–
Айбарлуу адам болгонуң.

* * *

Гүлдү тебелеп–тепсегениң–тазалыкты, ыйыкты кордогонуң.

* * *

Тазалык–эбегейсиз чоң эмгектин үзүрү.

* * *

Колу булгангандын баары: аты, заты да, жан дүйнөсү менен оозу да булганат.

* * *

Жаратканды эстебеген,
Акыл–эсин тескебеген.

* * *

Таза болсоң–эс–акылың тунук болот,
Атың өчпөйт–улук болот.

* * *

Ак–Буурага таштандыны таштаба–
Көр болосуң.
Жалдырап жетелетип ар кимге,
Кор болосуң.

* * *

Өзүнүн опол тоодой күнөөсүн сезбей, бирөөгө айып тагып, жалаа жапкан–Кудай каргаган көрпенде.

* * *

Элесиң чыгат сүрөттөн,
А дил сөзүң–жүрөктөн.

* * *

Осол иш жасап жаткан адам–өзүнүн душманы, өзү экенин аңдабаган түркөй наадан.

* * *

Көйкөлүп турат чоң атамдын чарбагы,
Колдоп турат карыянын арбагы.

* * *

Кудайды таанызбаган кургурду,
Кырсык чалган,
Кудайды ойлойм дегени–
Кызылдай жалган.

* * *

Напсиңди тыйса болот, курсакты кантип тыят?

* * *

Жакшы адамдын хоббиси–тазалык.

* * *

Көзү ачыктар Кудайды карабай динди да, дилди да бузган, Теңирдин жолунан тайыган каапырлашкан макулуктар.

* * *

Сулуулардын жан азыгы–тазалык.

* * *

Рух дүйнөсү таза адамдар–бейиштин сыйлуу коноктору.

* * *

Жакшы сөз–Алланын алкышы.
Жаман сөз–Жаратканын каргышы.

* * *

Бирөөнүн тагдырына кайдыгерлик кылган адам–өзүнүн өмүрүнө да кайдыгерлик кылып, кулпурган гүлдөй өмүрдүн эрте өтүшүнө себепчи болот.

* * *

Сиз жиниңизден жаман көргөн икир–чикир таштандылар сизди көлөкөдөй ээрчип жүргөнү анык. Ошол ыплас нерселерден оолак болуп, өзүнө тың жүргөндүн өмүрү өрнөк болчу жакшы адамдар.

* * *

Таза болсоң–көңүлүң шат,
Балиттик–адамзатка жат.

* * *

Таза адамдынн уйкусу таттуу, күлүкүсү катуу.

* * *

Ою тазанын дене–бою да таза.

* * *

Төрөт ыйындырат,
Диниң (ислам) сыйындырат.

* * *

Ар кимге керек тазалык,
Чайга кел, көңүл черин жазалык.

* * *

Акылманга собол узатыптыр:
–Бул жалганда түбөлүктүү не?
Даанышман тунжурап туроуп анан унчукту:
–Түбөлүктүү эки гана нерсе болот:
Биринчиси–төрөлүү, экинчиси–өлүү!.

* * *

Ажал арсыз: жаныңды алгысы келсе ханбы, же томаяк кедейби, карабайт, мезгили да кызыктырбайт: бороон улуп–уңшуган кышпы, же мээ кайнаткан жай чилдесиби–алып тынат.

* * *

Тазалык–бул сулуулук.
Сулуулук –бул тазалык.

* * *

Тазалык–бул өмүр.
Өмүр–бул тазалык.

* * *

Тазалык–бул өмүрдүн гүлү; сени жашоого үмүттөндүрүп, өмүрдү маралдай кулпундуруп турганы–турган.

* * *

Мейли аба кийимби, же азык,
Тазасы жакшы.
Тазалыкка доо кетирген арампөштүн,
Адилет алган жазасы жакшы.

* * *

Ары жок акмак кубалайт,
Ыймандуу адам дубалайт.

* * *

Текебердик жана кайдыгерлик инфекциялык жугуштуу оорулардын катарына кирбегени менен, арты опурталдуу болоорун унутпаганың утук.

* * *

Жөнөкөйлүгүң–бул улуулугуң.
Улуулугуң–бул кеменгерлигиң.

* * *

Жаман чал карыса да каргаганын койбойт,
Жакшысы – алкайт, жакшылыкка тойбойт.

* * *

Жаман адам түшүндө да жакшылык кылбайт.

* * *

Адам өмүрү өткөнчө жетишпеген эки нерсе бар: **биринчиси**–убакыт, **экинчиси**–акча.

* * *

Пландуу адам–акылдуу адам.

* * *

Арааныңды ачканың–
Кадыр–баркыңды чачканың.

* * *

Күнөөгө батканың–
Мээлеп өзүңдү чыкыйга атканың.

* * *

Ынтымак–бардык жакшылыктардын башаты.

* * *

Ыймандуу адашса оңолот,
Сөз укпас наадан жоголот.

* * *

Таза адамдан жакшы ой чыгат.

* * *

Жакшы ой жамандын түшүнө да кирбейт.

* * *

Бакылдык–бакыт–таалайдын душманы.

* * *

Билек түрүнүп жабыла киришмейин «Биз–таза шаар үчүн!» деген ураан–чакырыгың шоона эшпейт.

* * *

Короо–жайың таза болсо–ордолуу Ошуң таза.

* * *

Томаяк–кедейлерге кайрымдуулук кылган адам–Теңирдин сүйгөн пендеси.

* * *

Жаман болгон күндө да анын жамандыгын айтпай, өз жайына койгонуң–жакшылыгың.

* * *

Акылдуу адамдар мактаганды жактырышпайт, ал эми кимдир бирөөлөрдөн (журналисттерден) суранып, өзүн–өзү мактаткандар–акылдуу болууну самап, мүдөөсүнө жетпеген жандимилер.

* * *

Жырткыч жасабаган орунсуз, осол иштерди жасап, мулуюп жүргөн көркоолорду АЖАЛ аңдып, артынан сая түшүп, жоо куугандай кууп келатканын элес албаганы кандай кейиштүү.

* * *

Дүйнө жүзүндөгү кооздуктардын бардыгы–ЖАКШЫЛЫКТЫН шарапаты.

* * *

Мээрим төгүп, айкөл ишеним артып турат,
Бакыл байкап, «кемчилигин» сүрөткө тартып турат.

* * *

Айкөл сүрөттө да мээрим төгүп турат,
Шумдугуңду ал адам билип турат.

* * *

«Жакшылык» деген жылдыздуу, ырайы ысык сөздү оозангандар көп, бирок аны жасагандар аз.

* * *

Адамды эмгегин карап калыс баалоо–кеменгерлик.

* * *

Жакшы адам жакшылыкка жакын болот.

* * *

Элдин мончодо жуунуп–тазалануусу үчүн жагымдуу жагдайларды жараткандар–соопко баткандар.

Элге руханий азык берип, дилин тазарткандар–бейиштин төрүнө барчу Кудайдын сүйгөн момундары.

* * *

Өзү таза, руханий бай адамдар Мухаммед (с. а. в.) пайгамбарыбыздын жакын жардамчылары.

* * *

Ыймандуулук–тазалыкка көз каранды.

* * *

Тазалык–ден соолуктун эне—атасы, жото–жетеси.

* * *

Тазалыгың–адамдыгың,
Адамдыгың–адалдыгың.

* * *

Таза адамдар–бейишти кургандар,
Арамдары (булгангандар)–тозокту кургандар.

* * *

Тазалык–денеге кубат болчу тоонун касиеттүү мөлтүр булагындай ыйык да, кымбат да.

* * *

Наздуу кыздын жагымдуу жыты болот,
Ынтымактуу үй–бүлөнүн береке–куту болот.

* * *

Жакшылыкты жашырба,
Өзүңө күнөө ашырба.

* * *

Ыйык кыргыз жеримди,
Жоонун буту басканча,
Туулбай туна чөгөйүн.
Тирүү жүрбөй өлөйүн!.

* * *

Адам ашка тоёт, акчага тойбойт.

* * *

Адамдын жаманы–чочконун каманы.

* * *

Тазалык–бул бакыт. Тазалык–бул жашоо. Тазалык–жашоонун жыргалы. Тазалык–бул келечектен үмүттөндүргөн өмүрдүн өчпөс шам чырагы.

* * *

Таза болсоң–тамагың даамдуу, өзүң баамдуу.

* * *

Тазалык–бул өмүрдүн гүлү. Ал жашоону шөкөттөйт, аны таттуу кылып, көркүнө чыгарып, кулпундурганы кулпундурган. Пенде затынын жашоого тойбогону ошондон улам.

* * *

Менин бакыт–таалайым да, байлыгым да элге жасаган ЖАКШЫЛЫГЫМ.

* * *

Тазалык–бул Теңир берген береке–кут, менин ден соолугум.

* * *

Өмүрүм, ыйман–нысабым, бактылуу балалыгым, сүйүүм, анан калса келечек–үмүтүм.

* * *

Тазалык–адамдын өзүн жараткан.

* * *

Тазалык–бул өмүр, ден соолук. Ден соолук–бул тазалык, жашоо.

* * *

Жалаакор жалаа жабат,
Анан ит сымал кабат.

* * *

Баланын ыймандуусу–
Боорукер.
Ыймансызы–
Жоожон качкан анткор.

* * *

Пейил – адамдын күзгүсү.

* * *

Пейилиң акактай ак, таза болсо–максат–мүдөөңө жеткениң.

* * *

Тазалык–өмүргө өбөлгө.

* * *

Алган параң таман акы, маңдай териң менен тапкан акчаңа окшогону менен, жесең–уйкуңду качырып, жаныңды жай алдырбай кыйнаганы–кыйнаган. Ай айланбай ашкереленип, абийириңди кетирип, тешип чыгат.

Тазалык адамзатка абадай зарыл болгону менен, ага кайдыгерлдик кылгандардын жүрөгү сокурлугу анык; көп өтпөй көзү да азиз болоорун керек!

* * *

Жакшылыкты адамдарга гана жасабай, ит–куштарга да жасаган адамдар–ыймандуу да, бактылуу да.

* * *

Арамга аралашкан адам–ыймансыздардын кооптуусу.

* * *

Арабызда адамга жакшылык кылуудан жалтанган пенделер да жок эмес. Алар адамгерчиликтин чегинен чыккан абийирсиздер.

* * *

Рух дүйнөсү таза адамдар–бейиштин сыйлуу коноктору.

* * *

Таза болмоюн, ыймандуу болуш мүшкүл.

* * *

Тазалык–жашоонун келечеги, үмүт–тилеги.

* * *

Акча берсең албаган адам болбойт.

* * *

Акча бардыгын жасайт; жоктон бар да кылат, ыйлаганды сооротот, кубангандын бүйүрүн кызытып бүлдүрөт, сүйбөгөндү сүйдүрөт, а түгүл акмакты депутат да, хан да кылат.

* * *

Адам ооруп, өлүм төшөгүндө онтоп жатса да, акчадан баш тартпайт, алып тынат.

* * *

Душмандарым да сыркоолобосун.

* * *

Кечирим деген сөз–ыйык сөз.

* * *

Мечит– тазалыктын ордосу.

* * *

Куран оку, маркумдун үчү болот,
Азык берип бакпасаң–
Жаңгагың бүчү болот.

* * *

Адамдагы башкы баалуулук–анын уяты, АР–НАМЫСЫ!

* * *

Көпкөн көркоонун тили бузук,
Былжыган бакылдын дили бузук.

* * *

Жакшы басса–турса ойлойт,
Жаман түнү түлкүдөй жойлойт.

* * *

Жакшы абийирин сактайт,
Жаман душманын жактайт.

* * *

Түркөйлүктөн качканың–
Жакшылыкка жол ачканың.

* * *

Жакшы элине суу ээрчитет,
Жман элине сөз ээрчитет.

* * *

Жакшы сөзүн акчасын аягандай аяган адамдардын саны арбыды.

* * *

# ЭМГЕК

*Чымырканган эмгек болбой талант да, гений да жаралбайт.*

***Д. Менделеев***

* * *

Акыл–эсинин жеткиликтүүлүгү жагынан да, жаратмандык эмгекчилдиги жагынан да дыйкандан өткөн устат жок.

* * *

Адамдын адамдыгын аныктаган сапаты–анын үзүрлүү эмгеги.

* * *

Маңдай тер төккөн эмгегиңдин,
Купулга толору анык.
Мээнеткеч адамдарга–
Бакыт кушу конору анык.

* * *

Адал эмгек эткениң–
Сый–урматка жеткениң.

* * *

Ишкер бекер болбойт,
Иштетпесе–
Кызылча шекер болбойт.

* * *

Жакшы иштегениң–
Жакшы жашаганың,
Жакшы жашаганың–
Жакшы иштегениң.

* * *

Семиз эт – майлуу,
Мээнеткеч адам – чайлуу.

* * *

Жаратылыштын жагымдуу жазы жакшы,
Сөз эмес, тамактын да азы жакшы.

* * *

Адам–барга–жокко көнөт,

Ылгап сепкен үрөнүң өнөт.

* * *

Адам энеден төрөлгөнү менен аны телчиктирип, АДАМ кылган курчап турган чөйрө менен ЭМГЕК экендигин белгилөө калыстык болор.

* * *

Дыйкан–өлкөсүнө өз баласы сымал кам көргөн кайрымдуу, жароокер, карапайым калк. Ал жан аябай жасаган эмгегине акы сурагандан да корунган, сөзгө чоркок, акчага чукак ИНСАН.

* * *

Айкөлдүн тилеги жакшы,
Дыйкандын билеги жакшы.

* * *

Адамдын жашоо–тиричилиги–анын кимдигин аныктоочу КҮЗГҮ.

* * *

Алтын күздө күлмүңдөгөн Күнгө, санына сан жеткис жылдыздардын жымыңдаганына ишенбе; өзүңө тың бол, кайратыңан кайтпа.

* * *

Ар кандай эмгек адамдын көзүнүн тирүүсүндө бекталып бааланбаса жаралган эмгек да, анын ээси да бактысыз.

* * *

Адамдын акыл эстүүлүгү анын элине жасаган эмгеги менен өлчөнөт.

* * *

Элиме кылган эмгегим жарамдуу болсо, мен өзүмдү дүйнөдөгү эң бактылуу адамдардын катарына кошмокмун.

* * *

А–бу деп, ай айланбай күз болду.

Ак эмгектен дыйкандардын пландары жүз болду.

* * *

Алда–кандай жумуштар менен алектенип: «Иш чачтан көп, кол тийбейт» деген адамдар–келечегинен үмүттөнүп, жашоого умтулган адамдар.

* * *

Акыл–эси да, дене–башы да соо адам эч качан жакыр болууга тийиш эмес.

* * *

Адал иштеп жасаган ак эмгегимди, эч ким баалабайт деп бүтүм чыгарганга ашыкпа; элиңе жасаган эмгектериңдин акыбети кайтып, эртеби–кечпи, башыңа бак конорун унутпаганың утук.

* * *

Ак эмгектин даамы таттуу болот,
Таза адамга койгон талап катуу болот.

* * *

Адамды жылыткан да, күлдүргөн да, баккан да–ЭМГЕК.

* * *

Айла–амал иштетип канчалык актансаң да, жумушту аткарбаганың үчүн кожоюндан алкыш албайсың.

* * *

Жакшы тойсоң–жакшы иште.
Тирүүлөр түйшүктү гана кеп кылышат.

* * *

Жан бүткөндүн бардыгынын үмүтү дыйкандын эмгегинде.

* * *

Жасалган ар кандай иш жемишин бергенде гана жакшы болот.

* * *

Жумушум–бул менин АДАМ болсун деп, адептүүлүккө, сабырдуулукка, тайманбастыкка, элин–жерин сүйгөн МЕКЕНЧИЛДИККЕ тарбиялаган АТАМ. Жумушум–бул менин МЭЭРИМИН күн нурундай төгүп, кучак жайып тосуп алган сүйүктүү ЭНЕКЕМ, азык берип балдарымдай бапестеп ичирип–кийиндирген БАЙБИЧЕМ. Жумушум–бул менин тоонун аселиндей, биринен–бири ширин, жаз гүлүндөй бажырайып ачылган уул–кыздарым, небере–чөбүрөлөрүм, БАКЫТ–ТААЛАЙЫМ, СҮЙҮҮМ, ӨМҮРҮМ, КЕЛЕЧЕГИМ, ҮМҮТ–ТИЛЕГИМ, АР–НАМЫСЫМ.

* * *

Адамды ар жактуу сыпаттап, атак–данкын чыгарууда ак эмгектин ролу эбегейсиз.

* * *

Ак дилимден эмгек кылып,
Белек кылып эмгегимди элиме
Алкышын алып элимдин
Акым бар–
Адам болуп түбөлүккө калганга.

* * *

Чүнчүбө, баары болот,
Бул чөптөрдү оруп–жыйсаң–
Оңдурбас ооруларга дары болот.

* * *

Ийгиликтин энеси–ЭМГЕК, атасы–темирдей ТАРТИП.

* * *

Корkконунан эмес, чын пейилинен жасаган иш пайдалуу да, жемиштүү да.

* * *

Адамдарды жакшы кылуучу бирден бир мыкты курал–ЭМГЕК.

* * *

Колуңа иш куралын алып, тер төккөнүң–жаныңды ырахатка бөлөгөнүң.

* * *

Иш менен сөз–кудум эгиз улактай.

* * *

Жасаган эмгектеримди элим билбей калабы деп сарсанаага батпа; сенин эмгектериң «сүйлөп» турса элиң кантип унутсун?

* * *

Жашоонун негизги мыйзамы–тазалык, эмгек, чындык.

* * *

Эрди шерденттип эр кылган –ЭМГЕК.

* * *

Камылга–жагымдуу жакшы нерсе,
Баарыбызды өгөйлөбөй бийлеп турган.

* * *

Чамда, дыйкан, чамдагын,
Азыгыңды мол камдагын!

* * *

Элетте иш кызуу жүрүп жатат,
Шондуктан айыл эли доорун сүрүп жатат.

* * *

Адамдын бүт кыймыл–аракети–ЭМГЕК.

* * *

Бакыт менен эмгек–эгиз:
Эмгек десе–

Түшүнөмүн балакайдай БАКЫТты.
Бакыт десе–
Түшүнөмүн ЖЕР–ЭНЕни
Багып келген ЭМГЕКти.

* * *

Жазуучунун акыл–эси, билим көрөңгөсү анын эмгеги менен өлчөнөт.

* * *

Акчаны таман акы, маңдай тер менен иштеп тапкандар гана анын баркына жетип, үнөмдүү сарпташка тырышат.

* * *

Адамдын адамдыгы анын акылында; эркине кулдай моюн сунуп, жасаган эпкиндүү эмгегинде.

* * *

Адам эмгектенүүдөн качпоого тийиш, анткени Жараткандын өзү адамдын маңдайына эмгекти энчилеп койгондугун Адам пендеси эстей жүргөнү эп.

* * *

Адамдын өлбөстүгү анын элине калтырган көө–нөрбөс эмгеги менен өлчөнөт.

* * *

Адамды Адам кылчу бирден бир курал –ЭМГЕК.

* * *

Азаптанып, жазып–тайып сарсаанага батып, ишинен майнап чыгарган, сүйүктүү эли эстеп жүргөндөй пайдалуу эмгегин калтырган жазуучу–Кудайдын сүйгөн кулу.

* * *

Бакыт–таалайдын түбү – ЭМГЕК.

* * *

Бөбөктүн тиши чыгат,
Баланын да иши чыгат.

* * *

Бакыт кушу сараң эмес; эмгекчил болуп Кудайга ибадат тилават кылсаң, анын жолунан тайбай пакиза жүрсөң, сен ким болуп каерде иштебегин, ал сени табууга ынтызар.

* * *

Баланы тарбиялоодо ЭМГЕК гана негизги окуу куралы болуп кала берет.

* * *

Бизди курчап турган айланадагы коолдук–адам ЭМГЕГИНИН жемиши экенин эстей жүрөлү.

* * *

Ишиңдин кайнаганы –
Дасторконуңдун жайнаганы.

* * *

Дүйнөдөгү бардык жыргалчылыктын түбү–эмгек.

* * *

Дүйнө жүзүнө сапаты жагынан да, көлөмү жагынан да дыйканчалык көп шедеврлерди жараткандар боло элек.

* * *

Дыйкандын жакшысы, жерсиз калбайт,
Кыздын жакшысы, эрсиз калбайт.

* * *

Дыйкан эгин багат,
Эгини элин багат.

* * *

Жакшы экен иштегендин баарысы,
Ишке дилгир жашы менен карысы.

* * *

Жаңы жер өздөштүргөнүң–элиңе ырыскы–кешик тартуулаганың. Мындан өткөн улуу иш жок.

* * *

Жашоо–бул тынымсыз күрөш. Бул күрөштө жеңип да, жеңилип да отуруп, «Адам» деген атактуу атка конуу–бул эрдикке тете эбегейсиз зор эмгек.

* * *

Жакырчылык жонго минип жанды кашайтты; элчилеп эптеп эмгектенгенди эрөөн–терөөн алгандар маңдай тер төгүп иштегенди кумурска менен бал аарыдан үйрөнсө болчудай.

* * *

Жармач дедиртпей жалкоолуктан качканың–үй–бүлөөңө нур чачканың.

* * *

Жакырлыгың–бакырлыгың.

* * *

Жалкоолуктан качканың–балдай бала бакканың.

* * *

Ийгилик иштен жаралат,
Кур сөздөн не жаралат?

* * *

Ийгиликти мол жаратсаң –
Майрам болот.
Сонуркап атаандашың–
Айран болот.

* * *

Ишиңдин жүрүшкөнү – кубанганың,
Барына топук кылганың –жубанганың.

* * *

Оорукчан адам–алсыз,
Жалкоо адам–малсыз.

* * *

Иштесең–чөнтөктө тыйын,
Иштебесең–өзүңө кыйын.

* * *

Жаңы муун туура жолдон бaратат,
Адашпаса–залкар эмгек жаратат.

* * *

Чыгармада ЖАЛГАН болбойт,
Муну унутуп калган болбойт.

* * *

Күбөлүксүз, эстелик да тургузулбаган бир гана генийди билем. Ал–ДЫЙКАН.

* * *

Келечегиң–бул сенин бактың. Учурда жасап жаткан аракетиң–КЕЛЕЧЕГИҢДИ түптөөгө далаалаттанганың экендигин унутпаганың утук.

* * *

Ооматты колдон чыгарган–оңбойт.
Дени соо–суукка тоңбойт.

* * *

Кыбыраганың–
Максат тилегиңе карай жылганың,
Эринчээктигиң–
Өзүңө–өзүң жамандык кылганың.

* * *

Кашыктап топтогонго жеткен акылың чөмүчтөп, а түгүл, чакалап чачканга кандайча барганын түшүнө албайм.

* * *

Мээнеткеч адам изденет, табат,

Шашма адам бакырат, кабат.

* * *

Маңдай тер менен мээнет кылбаганың–бир жерди таптап ордуңан жылбаганың.

* * *

Маңдай тер төгүп тапкан наның эмгектенбей жеген ар кандай даамдуу тамактардан өйдө турат.

* * *

Мыйзам бузган –
Азап берген абакта,
Мээнет кылган–
Даам жайнаган тамакта.

* * *

Мээнеттен карыбаганың–
Дене–боюңду чыңдоодон арыбаганың.

* * *

Мээнеткеч адам иштемейин туралбайт,
Билими тайкы эл көңүлүн буралбайт.

* * *

Тер төксөң– жайнаган жемиш,
Сезимиң күчтүү болсо –жеңиш.

* * *

Мээнет кылсаң –акча болот,
Иштебеген ачка болот.

* * *

Отуз жылдык өмүрүндө короонун кожоюну бир да чырпык сайбаптыр, айлана жайдак, көзгө комсоо. Ал акылына келип, короону тегерете жайнатып теректин көчөтүн тигиптир; кишинин балтырындай теректер келечегинен үмүттөндүрүп жалбырактарын шуудуратса, кулак угуп, көз кубанат. ЭМГЕКтин, АКЫЛ–ЭСТИН кудуреттүү күчү мына ушунда.

* * *

Октон, оңдурбас оорудан, кырсыктан кайтыш болгон адамды билемин, а бирок ак ЭМГЕКтен мертинген адамды көрмөк түгүл уга элекмин.

* * *

Өмүр жолуңа саресеп салсаң, аткарган иштериңдин жарык жактары да, көмүскө жактары да акыл таразаңан өтөт. Эгер элиңе жасаган пайдалуу иштериң арбыныраак болсо, өмүрүңдүн өтөлгөлүү өткөнү. Эгер караңгы иштериң басымдуулук кылса, бул жарыкта сен шапар тээп сандырактап жүргөн бир келесоосуң.

* * *

Иштеп чарчап–чаалыкканын билбей, каабагым–кашым дебеген адам гана максат–мүдөөсүнө жетет.

* * *

Өмүр өлчөнүү,  ошондуктан жыл жаңырган сайын келечегиңе ишенимдүү карап, аруу тилек менен улам илгерилеп катуу иштесең, максат–тилегиңе батыл жетесиң.

* * *

Өз эли, анын бак–таалайы үчүн жанын тиштеп чын дилден эмгектенген адамдар –эң бактылуу адамдар.

* * *

Өнгөн чигит жетилип пахта болот,<br>Багын карап, багбан дайым бакта болот.

* * *

Перзентиңиз кичинекейинен гүл өстүрүп үйрөнсө,–ал ак көңүл, сылык, кичипейил, мээримдүү болуп эрезеге жетет.

* * *

Сен пир туткан генийлик да, сахна жылдыздары да, атак–даңк да ЭМГЕКТЕН жаралгандыгын унутууга болбос.

* * *

Сен кызды (жигитти) сүйүп калдым дегениңе ишенсе болот, бирок сенин кызга (жигитке) сүйкүмдүү болуп сүйүлүшүң–аябагандай чоң ЭМГЕК. Ошондуктан мунуңа шегим бар.

* * *

Тоодой эмгек жаратса да, эмгегине сыйлык үмүт этпеген карапайым калк–дыйкандар.

* * *

Тоодой тоскоолду жеңсе–эркек,
Эртелеп туруп эмгектенген– сергек.

* * *

Турмуштагы бардык жыргалчылыктардын: байлыктын да, ырыскы–кешиктин да, бакыт–таалайдын да түбү–чымырканган эмгек.

* * *

Умтулуп аракеттенгениң–алга кеткениң,
Аз–аздап көздөгөн максатыңа жеткениң.

* * *

Уйкуңдун качканы–чарчап–чаалыкпаганың. Тыным билбей эмгектенгениңде уйкуң качмак түгүл, аялың (күйөөң) алдейлегенсип көшүлүп уктамаксың.

* * *

Үзүлгөндү улап, жыртылганды жамаган жакыр болбойт.

* * *

Эгиниң –суусуз болбойт,
Тарткан тамекиң –уусуз болбойт.

* * *

Эмгектенген жакыр болбойт,
Ичкен ашы такыр болбойт.

* * *

Эмгек–бакыттын ЭНЕСИ.

* * *

Эсиң барда элиңе эмгегиң менен жак,
Уятка калганың–жууса кеткис так.

* * *

Эмгегиң–ырыс кешигиң,
Үй жайың–куттуу бешигиң.

* * *

Элиң жалкоо болсо – жакыр болот,
Алган жериң – такыр болот.

* * *

Эмгек этүүдөн эрингендер бекерликке
берилгендер.

* * *

Эмгектен эрингендерди, жакырчылык жансоогалап күтүп алат.

* * *

Эмгектен эринбеген адам гана жашоодон тажабайт.

* * *

Эмгектенген күлүк аттай арыбайт.
Жүзүн бырыш басса да карыбайт.

* * *

Эмгекчил–карыбайт,
Жалганчы–жарыбайт.

* * *

Эмгектенсе –алкыш алат, зор болот,

Жалкоолонсо–жакырланып кор болот.

* * *

Эмгекчил, берешен–адал,
Сугалак, кара өзгөй–арам.

* * *

Ыкшоолонуп карабаса–малы–кою ылаңдайт,
Ирденип малсаактын мал–торпогу тыраңдайт.

* * *

Көп иштеген төп тиштейт.

* * *

Оозу менен орок оруп, эгин бастырганга караганда колу менен чөп башын сындырган артык.

* * *

Мээнеткеч адам тыным билбейт, анткени анын ден соолугу чың. Анын иштен тажабаганынын себеби ошондон улам.

* * *

Мээнеткеч адам байлык менен тер жыттанат,
Бекерпоз каңырсыган сасык тер жыттанат.

* * *

Адам деген барга–жокко көнөт,
Ылгап сепкениң көз кубантып өнөт.

* * *

Маңдай тер төк күзгө чейин,
Түшүмүң мол болот жүзгө чейин.

* * *

Жер–Эненин алтын топурагы берешен–март; ар кимдин эмгегине жараша берет деген сөзгө ишенбегендер жерди иштете билбеген байкуштар.

* * *

Тер төккөндүн тапканы таттуу,
Шапар тепкендин күнү катуу.

* * *

Биримдик менен эмгек эгиз бир тууган. Аларды бири–биринен бөлүп кароо деги эле мүмкүн эмес.

* * *

Ар кандай ишти: мейли, майдабы, мейли, мамлекеттик деңгээлдеги маанилүүбү, ишке алакадар адамдар менен чогуу–чаран кеңешип жасаса, майнаптуу болору туурулуу иш.

* * *

Жалкоо бала көп уктайт,
Алаңгазар сөз укпайт.

* * *

Элге жасалган эмгек–
Элдин байлыгы.
Өз кызыкчылыгын көздөгөн эмгек –
Бир кишинин айлыгы.

* * *

Белди бууп ишке катуу кириш, бирок бүтпөйт,
Бүтпөйт деп бүшүркөбө–бакыт күтпөйт.

* * *

Дарман–күчтү адамзат нандан алат,
Иштебесе күчтү ал кайдан алат?

* * *

Жалаакордун арызы көп,
Жалкоонун карызы көп.

* * *

Карыптарга кайрыл–
Түшүмүңдү жыйнаса пайдаланат.
Чакырбасаң–ал байкуштар,
Кыштыгын кайдан алат?

* * *

Чийки мөмө эзилбейт,
Көңүлсүз иш сезилбейт.

* * *

Кайдыгерлигиң–шоруңдун кайнаганы,
Сактыгың–май –куйрукту чайнаганың.

* * *

Эр–азамат шейит кетсе, топурагы торко
болот,
Элге арнаган эмгектери колко болот.

* * *

Ким болсо да «Мен бул дүйнөгө келип, элим эстегендей эмне жасадым?» деп өзүнө өзү суроо салганда, ал кишинин өмүрү өтөлгөлүү болмок.

* * *

Арык казса суу агат,
Элим деп тер төккөн–
Элине жагат.

* * *

Бу жарыкта АДАМ кийип, жеп–ичип өмүр түгөнгөндө каза болсо, мындай жашоонун зарылдыгы канчалык.

* * *

Курбатага байлык барбайт; барса – эмгегиңди гана ээрчип барат.

* * *

Эгер сен өмүрүңдө элиң эскерип суктагандай бир гана эмгек жарата алсаң–бактылуусуң.

* * *

Оор эмгек–оозуңду майлайт,
Жеңил иш – тилиңди байлайт.

* * *

Шапар тепкен уятка калат,
Сабыр кылган – энчисин алат.

* * *

Эмгекчил–карыбайт,
Жалганчы–жарыбайт.

* * *

Өлүш оңой, артынан атын калтыруу–тозок.

* * *

Жалкоолук–жакырчылыктын атасы. Аны менен аёосуз күрөш жүргүзүү–акыл–эстүү элдин ыйык милдети.

* * *

Мээнет кылсаң акча болот,
Иштебеген ачка болот.

* * *

Ата болгондордун санына сан жеткис,
Бирок ыйык бул атты барктагандар саналуу гана.

* * *

Сен – ЭНЕСИҢ калоосун таап КАР күйгүзүп,
Очокко КАЗАН аскан...
Кетпейт эстен ошондогу сенин СҮЙКҮМ эяесиц.
Сен – жаратман ДЫЙКАНСЫҢ
Маржан төгүп, маңдайынан молчулукту жаратып,
Жайнаткан дасторконду түркүн даамга.
Сен–сатуучу коммерсанттай
САБЫР кылып, соодалашкан базардагы
ТИРИЛИК деп жедеп көнгөн...

Кыргыздын сөзү деңиздей терең, тоодой бакубат, мааниси жашоонун бардык кырдаалдарын күн нурундай ачып бере ала турганына кадиксиз ишендим.

*Автор*

# ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

**айбарлуу**–сүрдүү, айбаттуу
**акчыланып**–өзүн таза, күнөөсүз көрсөтүүгө аракет кылуу
**алпейим**–нымдуу, жибектей созулма, желдей дирилдеме дегенди түшүндүрөт
**алаша**–сулуу, татынакай
**алакчы**–жалган, алдамчы
**арампөш**–кытмыр ойлуу, сасык ойлуу
**алжаке**–дайыны жок сүйлөгөн киши
**амалда**–иш жүзүндө
**аруу**–таза, дат баспаган изги
**бачики**–түлкүнүн баласы
**буталуу**–бадалдуу, караган буталуу жер бейтакаат–топуксуз, сабырсыз, деген мааниде
**берен**–баатыр, каарман, кайраттуу акылман, даанышман
**бойбоздоо**–озоңдоп бакыруу, улуу
**бапа**–боорукер, күйүмдүү деген мааниде эрктүүлүк, бордош–чыдам
**жал сөз**–жалак деген сөздүн кыскартылган түрү, желки;
**быштайт**–саргаюу, күйүп бышкан эжигейдей сары
**жакыл**–билимсиз, сабатсыз, түркөй
**жамбы**–өтө кымбат баалуу, илгерки заманда акча ордуна жүргөн күмүш
**жайпаңдайт**–бирөөнүн көңүлүн алуу үчүн жакшы мамиледе болуу, жагынуу
**жапа**–азап, көңүл чөгөргөн кордук, түйшүк
**жапакеч**–адамга мээримдүү, жүрөккө жакын сүйлөгөн адам
**жөнтөк**–токтоо, бейбаш эмес.
**желмаян**–төөнүн күлүгү
**жалтактап**–коркуп, ийменип
**жандимилер**–көрүп–билип турса да көргөн жокмун, билген жокмун деп жанын жеп танган киши
**жырылдайт**–кызаңдоо, чычалоо, бүйүрү кызуу
**зияли**–айылдын интеллигенциясы, жогорку билимдүү, белдүү кишилери
**каңгырап** – эмне кылаары билинбей, башы катып калуу
**каргашалуу**–кырсыктуу, тоскоолдуу
**камыгат**–коогаланып кайгыруу, камалуу
**кедери**–иши өйдөлөбөй, илгерилебей калуу, оңолбой, кетенчиктөө
**күлтүгү жок**–уяты жок, уятсыз

**куучуйган**–зыкымдык, сараңдык кылган
**куу такым**–абдан куу, митайым
**куурал–**азап–тозогу, кыйынчылыгы
**камыгат**–кайгыруу, капаланып
**кунарсыз**–берекеси жок, эссиз, каниетсиз
**көөдөк**–көтөрүлмө, жел өпкө, оолукма
**көкүткөн**–эдегиштирүү, тукуруу, кайраштыруу
**көөсөр** – алаңгазар
**көркоо**–зулум, пейили бузук, жегич, эзүүчү
**көөдөктөнүп**–мактанып, көтөрүлмө, алаңгазар
**лидер**–жетекчи, мелдеште эң алдыңкы орунда келаткан киши же команда
**майин**–(диал) жагымдуу, жумшак, назик
**маалкатпа** –күттүрбөй, убакытты бошко кеттирбей
**мадам** – аял, асылзат, катын
**марыйт**–жыргайт
**мурча**–чоло, убакыт, чолосу жок
**мунайым**–сылык–сыпаа, назик, жагымдуу
**меңи**–кишинин денесиндеги бүртүюп турган кал, кичинекей каратак
**майпар**–чабал, мажес, бутунда майыбы бар деген мааниде
**Ош**–Кыргызстандын түштүк борбору, байыркы шаар
**ордо**–улуттук оюн, айланта сызылган сызыктын борборуна үч чүкөдөн бир оюн кылып, чүкө салып, эки жаат болуп абалак же томпой менен атып, чертип ойноочу оюн
**обочо**–оолак, окчун, четирээк
**огожо**–тирек, жөлөк болуу, таяныч, сүйөнүч
**ойсеке**–түрдүүчө кубулуп–кулпуруп, жароокерленип, эркекке жагынууга далбас урган аял.
**өрөскөөл**–копол, маданиятсыз, орой
**памил чай**–кара чай.
**петик**–китеп (тамгалардын ордун алмаштырып китеп деген мааниде колдонулушу) ой токтотуп акыл калчасаң, пештесең
**путур**–өтө зыяндуу, залал
**тамам**–өлтүрөт, түгөтөт.
**тежик**–тил албаган, кепке–сөзгө келбеген. Мүнөзү терс, өз билгенин бербеген деген мааниде.
**топук кылуу**–каниет кылуу, топукчул, барга–жокко каниет кылуучу, сабыр кылуучу.
**тагина**–астына (тилдин)
**такыр**–супсак, жайдак

**тайин**–анык, бегимдики белгилүү, ар качандан бир качан бар болуп туруучу
**тамам**–түгөтөт, өлтүрөт деген мааниде пайдаланылат
**итабар**–таң калып, кубанып
**чыргыйчыл**–чатакчыл, тез уруша кетүүчү киши
**чыйтайбайт**–кекирейип өйдөөсүнүү, өзүн–өзү жогору көтөрүү
**чалчык**–токтоп калган ылайлуу суу, чыла
**чалагайымдык–**ишти аягына чыгарбаган, чала иш жасаган
**чулу–**чымыр, уюлгуган чың, москоол, олбурлуу, чымыр
**чогоол–**ачуусу чукул, орой мүнөздүү
**шалактап**–олдоксон жүрүш–туруштагы адам, обу–сыны жок
**шоркелтей** - өзүнүн пайдасын билбеген, маңыроо
**ылаа–**жайында жылкыны ылаалатып, тынчын кетирген чымын
**ымалы**–ырк, таттуулук, ынтымагы бар ылым саңоо, жакын тутуу, жан тартуу
**элкин**–түгөйү жок, бойдок
**эбедейи эзилген**–элжиреп, үстүнөүзүлө түшүп, жакшы көрүү
**эргежээл**–нормалдуу өспөгөн, кодоо адам.